*Аскаралы Ражабалиев*


# Көпөлөк өрөөн



Аскаралы Ражабалиев

# Көпөлөк өрөөн

*Повесттер, аңгеме-новеллалар*



Баткенская ЦБС
инв. № 15155 ЦБ

«Бийиктик»
Бишкек – 2012

УДК 656.12
ББК 84 Ки 7-4
Р 18

Р-18 Ражабалиев Аскаралы
Көпөлөк ороон – Б.: Бийиктик, 2012. – 264 б.

ISBN 978-9967-123-65-1

Р 4700200300-12

УДК 656.12
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-123-65-1

© Ражабалиев А., 2012.

# КӨКДАЙРАМ МЕНИН КӨКДАЙРАМ

*(Баш сөз ордуна)*

Мезгил, тарых дайым эле акыйкат боло бербейт. Антпесе убакыт өтүп бир элдин аты өчүп, жаңы ат менен жашап калып, бир жер башка аталышта аталып калбас эле да. Ошондой адилетсиздик тээ илгертен эле кыргыздар Көкдайра деп атап келген дайранын акыркы кезде «Сох» деп аталып, ушул ат менен картага түшүп калышы болгон. Алиге чейин дайранын өйдөңкү тарабында жашаган даралык туугандар бул суусу мол дайраны «Сох» эмес, Көкдайра дешет. А, дайранын ылдыйкы агымындагылар өздөрү атаган эски аталышын эстен чыгарышып, ээрчиме өнөкөт менен «Сох» деп атап калышты.

Улуттун өлбөс-өчпөстүгүнүн бир кепили – өзү күн кечирген жер-суунун ата-бабалардан мураска калган тарыхый аталышын сактап калууда-го?!

«Көкдайра деген чоң дайрам,
Куралат мөңгү, сай-сайдан.
Өтө албай наргы өйүзүнө,
Куруган менин көп айлам».

Мен туулуп өскөн Зарташ айылы Көкдайранын жээгинде. Эндүү жери 200 метр, узуну 2 чакырым. Айылым ушунчалык дайрага такалган дейсиз, жайында суу кирген чакта жээгин жемирсе ошол 200 метр жер кемейе берет. Айылымдын кай бир жерлери дарыя суусунун ден-

гээлинен пас. Шонтсе да, жердештерим бу дайраны жандарынан артык көрүшөт. Кантип сүйбөсүн, кан-жанына сиңген бир тууган дайрасын, күн-түн дебей шау-шуусу кулагыңа жаңырып турса!

Менин бүтүндөй балалык чагым, өспүрүм кезим дарыя жээгинде өттү. Крымда, Кавказда, Россиянын көп аймактарында же казак талааларында болгон кездеримде да Кокдайранын кайсар толкундары, жүлүндөй жубалып аккан элеси көз алдымдан кетпей, шау-шуусу жаңырып турганы турган. Алыстан айылымды сагынып келгенимде биринчи ата-энемдин дидарына тоюп алып, анан дарыя жээгине шашам. Мол суунун жагым ыргактагы шарылдагы кан-жаныма сиңип, миң тамырым бошошуп, эс алып түшөм. «Саламатсыңбы дайрам, эсен-аман агып жатасыңбы?!» деймин жээгине барганда, эки колумду көкүрөгүмө коё жүгүнүп, ошол көз ирмемде дарыям түйлөп агып, жээгине бой уруп, майда толкундары мени кучактагысы келгендей туюп кетем. Кудум өзүмдү сагынган эрке күчүгүмчө бут алдымда жыгылгысы келип кеткендей сезем дайрамды. Шашпай жээктеги ташка отуруп, күбүрөнө билген дубамды окуймун. Оболу көк кашка суунун кочуштап суусунум канганча ичем, анан жүзүмдү чайкаймын. Сергий түшүп, жан дүйнөм эргип кетет!

О, ыйык дайрам, Көксуум! Сен мага ушунчалык улук, сыйкырсың. Жашым элүүдөн ашып кетсе да сенин жээгиңе жетип, чечине сала толкундарыңа көкүрөгүмдү тоссом жашарып кетем. Сенин жээгиңде өткөн кумарлуу, жомоктой сырдуу балалыгым көз алдыма чубуруп келе берет. Мына, бүгүн таң эртеңден бери да сенин жээгиңде отурам. Сенин жээктеги кумарыңа түшкөн балалык жылаң аяк издерим, толкундарыңа жашынган сыйкырдуу күндөрүм көз алдыма тартылды.

Эмесе өмүр – жомогумду тыңша, азиз окурманым. Ыр-жомок айтуу менден, кулак төшөө сенден. Кеттик!.

Келин кезде апакем,
Сууга барган Көкдайрам.
Балалыктын жомогун,
Баштап берген Көкдайрам.

– Тур, Акпарали! – деди апам. Үнүнөн назиктик менен эркелеткендикти туюп жан-этим эрип кетти. Төшөктөн тез тура калдым,– Энди сен ка-т-та-а-а жигит болдуң. Бүгүн мектепке барасың,– сөзүн улантты апам, көйнөгүмдү кийгизип жатып. Кийинип бүткөндөн кийин: – Жүр Акпарали, дайра боюга барып келейик! – деди колумдан жетелеп.

Бакандын эки учуна эки челекти илип алды. Апам кыпкызыл чыт көйнөк кийип алыптыр (чыт экенин кийин билип жүрөм да!). Арык жээгиндеги кашатты кадый басып дайрага бардык. Апам жоолугун чече, чачын суулап, жүзүн чайкады. Көкүрөктөрүн жууп, суу кочуштап ичти. Буттарын тизесине чейин дайра суусуна малып отурду. Анан бирдемелерди шыбырады. Акыркы сөзүн гана угуза айтты: «– О дайрам, уулума өзүңдөй узун өмүр бер. Өзүңдөй тунуктук менен тазалык бер! Оомиин!» – алакандарын жүзүнө жайды,– Кел уулум, өң-башыңды тазартып коеюн,– апам баш кийимимди таштын үстүнө кое бетимди жууду, чачтарымды сылады, буту-колумду сууга малып, кош алаканы менен суу ичирди. – О дайрам, уулум өзүңдөй жоомарт, агып бүтпөгөн ырыскылуу, өзүңдөй көпкө пайдасы тийген азамат болсун. Оомиин! – деди да ордунан туруп кочушундагы сууну башыма үч айландырды.

Кыйла отурдук экөөбүз дайра жээгинде. Апам көйнөгүнүн этегин, жоолугунун учтарын сууга малып алды. Анан мага карап: – Акпарали, дайрага эч качан сийбегин. Кирингениңде «отуруп» булгабагын. Бул ыйык дайра. Ата-бабаларыңды баккан, өмүрү жээгинде өткөн суу. «Суу барктаган зор болот, суу булгаган кор болот» деген аталарыбыз. Уктуңбу?

– Уктум апа...

Анан эки челекке дайрадан суу сузуп алып, бакандын эки учуна илди да, үйгө кайттык. Балалык жан-дүйнөм ээлигип, ичимден туйлап келаттым. Артыма кылчайып, шау-шуу агып жатканына караймын. Агып жатат бир калыпта. Чыгыш тараптан Күн чыгып, кыпкызыл нурлары апамдын кыпкызыл көйнөгүнө чагылышып, апам алоологон кыпкызыл отту кийип алгандай көрүндү.

Балалык жомогум ушинтип башталган.

***Устаттарым Кыргыз Эл жазуучусу Мурза Гапаров менен Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси, таланттуу акын Жолон Мамытовдун жаркын элестерине.***

# СТУДЕНТТИК КҮН-ТҮНДӨР

*(Поэтикалык повест эссе)*

***«Таасирленүү да гармония менен ритм сыяктуу эле адамзатка башынан тиешелүү касиет»***

*(Аристотель )*

***«Поэтика – көркөм өнөрдүн кансөлү»***

*(Мурза Гапаров)*

***«Алоолонгон отту көрсөм,***
***Алоолонуп кетет жүрөгүм!»***

*(Жолон Мамытов)*

***«Кыл калемдин ээлери,***
***тарткылачы сүйүүнү.***
***Убакыттын отуна***
***Эрип кетер күйүүнү.***
***Ансыз жүрөк картайып,***
***Калат уктап бир күнү.»***

*(Габриела Мистраль)*

## УСТАТЫМ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

*(Баш сөз ордуна)*

Устатым, таланттуу жазуучу ыраматылык Мурза Гапаров кирди түшүмө, ушул повест-эссеме акыркы чекитти койгон түнү. Таңга жуук Бишкектин түштүк тарабында, экөөбүз бир кезде жазуучу дача курам деген ниетте алган жер тилкесинин этегинде, Ала-Арча суусунун жээгинде отурабыз. Кайран Мурзакем дале тирүү кезиндегидей жумшак мүнөз, мулайым, сүйкүмдүү. Тек оронгону ак кепин. Чачтары кардай апапак, бирда бири бузулбаган тиштерин кашкайта сүйлөп отурду:

– *...Дачамды курууга үлгүрбөдүм... – бир аз жашыйт түшүп, – көкүрөгүмдө уюган ойлорумдун көбүн кагазга түшүрүүгө жетише албадым...*

– Сиздин поэтикага, анан ширин кыялдарга толгон чыгармаларыңызды элиңиз сүйүп окушат. Өзгөчө кара сөз менен ыр жазган чоң акын дешет окурмандарыңыз.

– *Ооба, мен поэзияны кара сөздөн артык көрчүмүн. «Поэтика, балдай таттуу сезим сиңдирилбесе жазган чыгармаң даамсыз, беймаза алма мисал.* ***«Поэтика – чыгарманын кан-сөлү»*** *деген сөзүмдү мен тирүү кезимде көп жолу кайталап айткамын. Чыгармаларымды поэтикалык ыргакка салып, эргип жазганды жактыраар элем. Ажайып кооз Ала-Тоо койнун минтип жазбасаң, чырайын ача албайсың...*

Устатымдын купкуу жүзү нурдана, көздөрү жайнап кетти. Бир азга өзү менен өзү боло, кыялга батты, ак көбүк болуп агып аткан дарыя суусуна тигилген абалда.

*– Карагын, мынобу суунун агып жатканын. Өмүрүм билинбей ушинтип агып өтүп кеткен экен, бараар жерине эрте жетип...* – бир азга үн катпай туруп, *– О ой, башым тегеренип кетти, суу агымын карап тура берип!*

Суу агымынан көздөрүн ала качты, кайран акем. Батыш тараптагы кең талааны, андан ары күмүштөй жаркырап турган ак карлуу тоолорду кыдырата карап чыкты.

*– Аскар, эсиңдеби, экөөбүз Жолон менен учурашып келгени «Арашанга» барганыбыз?*

– Эсимде. Ошондо Жолон аке эми эле аягына чыккан «Даңгырга мактал» поэмасын жана көп жаңы ырларын түн бир маалга чейин ээлигип-жээлигип, кара терге түшө окуп бербедиби.

*– О о, Жолон кыйын акын эле! Ал экөөбүз көп нерсеге үлгүрбөй калдык...*

Көздөрүн жүлжүйтө, ойго чөмүлдү Устатым.

*– Тирүү дүйнө поэтикага жык толгон. Бирок, адамдардын баары эле Жолонго окшоп пегас-күлүк жалына мине алышпайт. Азыркы жаштар поэзиянын шербет даамын татышпай калбаса, аттиң. Теңир тартуу эткен ширин кыял, эргүү кереметинен айрылып калуу оор жоготуу болуп калбаса экен жаштарыбызга. Кыргыздын ыр жандуу касиетинен ажырашып...*

Көздөрүнө үмүт оту жана түшкөн Устатым ишенимдүү минтти:

*– Андай болбос, поэзия адамзат жараткан көркөм, рух өнөрлөрүнүн эң байыркыларынан жана асылдын асылынан. Элибиз андан жүзүн үйүрбөйт. Өзгө элдерди билбейм, кыргыз ырга кыргыз болуп жаралганынан жакын!*

Кыйлага сүйлөшүп отурдук экөөбүз, дүйнөлүк жана кыргыз поэзия жаатында.

*– Эх Аскар, тирүүлөргө кандай жыргал, ыр-күүгө толгон жарык дүйнөнүн ырахатын көрүп...*

Көкүрөктү аймалайт таңкы салкын жел. Желбиреп турат Устатым кийген кепиндин этеги. Жылдыздар бириндей суюлуп, короз чакырды ылдый жакта.

*– Мен кетейин, Аскар. Таң атып келатат.*

Кайран жазуучунун кепин жамынган сөлөкөтү көз алдымда каалгый учуп, дарыянын аркы жээгинен ары кайып болуп баратты. Ак кепини ак куу канатындай желпине... Дарыя бир калыпта шаркырап, чыгыш тараптагы тоолордун чокусунан Күндүн шаңгалаты ааламды жарытып келатты... Өзүм калдым берки жээкте. Дене-боюм ысый демигип, Устатым кайып болуп кеткен тарапка көздөрүмдү талыта карап тура бердим кыйлага.

Мурзакемдин арбагы бул эссемди Жолон аке экөөнө арнаганыма сүйүнүп, жаткан жеринде бир козголгонсуп алганына канааттанып калдым... Көптөн бери жүзөгө ашыра албай жүргөн карызымдан кутулгандай жеңилдеп. Ошол таңдан бери ыр жазгым эле келет, ыр жазгым эле келет!

*Баткен, 2010-жыл, 25-октябрь.*

## АЙЫЛЫМ – АРЧА БЕШИГИМ!

Жаңырганы-жаңырган күнү-түнү,
Көкдайраңдын шау-шуусу кулагыма.
Гүлдөгөнү ак деңиз өрүкзардын,
Нөшөр болуп куюлат ырларыма

Өзөнүңдүн толкунун минип алып,
Секелек бир кызыңды сүйүп алып.
Эреркигем ыпысык коюнуңда,
Жомок сымал дүйнөңө кирип алып.

Ак таңыңдын кырмызы нурун жутуп,
Толгон Айдын жарыгын көзгө сүртүп...
«Уулум!» деген шыбырың жан жибитип,
Эркелетип бойго жеткирдиң,
Арча бешик болуп терметип.

Айылым Зарташ алакандын отундай кипкичине. Үлкөн суу Көкдайранын кырында. Жээктен жүз кадамдай эле аралыкта үйүбүз. Аалам жарыгын көрүп, дабышын уккан саатымдан бери кулак түбүмдө жаңырганы-жаңырган дарыя шоокуму. Тоо суусунун күн-түнү опурулуп-сапырылган дабышы кулактан боюма таркап, кан-жаныма сиңип кеткенине алтымыш эки жыл болду. Узун түндөрдүн жомогуна окшоп, көңүлүмө кыттай отуруп калган күн-түндөр көз алдымдан кеткидей эмес асти. Жомокко айланып бараткан балалык, жаштык кезимдеги кызыл таңдар менен ак түндөрдү кагазга түшүрбөй, жүрөгүмө түнөтүп жүрө берсем, уйкум түбөлүккө кача бергидей...

* * *

Атам бош убактысында дарыяга кайырмак коюп, себет салчу, үйүбүздөн маринка балыгы үзүлчү эмес жай-кышы. Атамды ээрчип, дарыя боюна баргам алты-жети жашымдан. Кайырмакка түшкөн балыктарды айкулагынан жипке тизүүнү үйрөнүп алгам. Адатта таң алды балык кайырмакка жакшы илингендиктен, уйкубуз жазыла элек жетип барчубуз, күү-шаасы басылбаган жээкке. Мени ойготпой кайырмакка кетип калган күндөрү чоң жаңжал баштап, ыйлачумун узакка.

– Саар менен саңа имне бар дайрада, маза кылып уктабайсыңбы ысык төшөгүңдө,– деп сүйлөнүп калат апам.

Үрүң-бараңда дарыя сүрдүү, купуя сыр катып, шоокуму бүлүк салат көңүлгө. Ылдый, Фергана өрөөнү тараптан жүрүп турган жылуу жел таңкы салкын абаны жумшартып, денең лазаттанат. Бара-бара толкун шарына арбала берем. Суудан жаңы чыккан күмүш жондуу балыктардын жаңы чыккан Күндүн кызыл нуруна жалт-жулт эте чагылышы, бултактап колдон тайышы, кипкичине көздөрү жылтырап, денелерин майда калтырак басышы кызыктыра берет.

Айылымдын өйдө жагы да, ылдый жагы да дарыя бой-лой созулган корук. Жылгын, чычырканак, тал, суу тал, тороңгу, сары карагат, гүлсөөгар, зырк, чий, чекенде, коко-чеңгел аралаш өскөн токой. Жер бети түркүн-түс майда гүл аралаш өскөн майса чөп.Токой туташ эмес, ар-ар же-рин дарыянын эски, жаңы нуктары жарып өткөн. Дарыя ташкындаган жылдары токойду каптап өтүп, көп дарак-бадалдарды агызып кетет. Агымы кыска, эсепсиз кара суулардын балыгы жыш. Өспүрүм балдар корукта эрте жаздан кеч күзгө дейре уй кайтарабыз.

Эки чакырымча ылдыйда, өзөндүн эки жээгин кыса заңкайган бийик жалама зоолуу коо бар. Дарыя шоокуму коону башына кийип, эки беттеги зоо тереңинен жаңырат күн-түнү. Түн ичи бул жер жомоктуу дүйнөнүн дал өзү. Дарыя толкундарынын арасынан суу перилери мына азыр чыга кала тургандай. Зоолор түбүндөгү үңкүрлөрдөн ча-чын сапсайтып албарстылар көрүнө калчудай... Түн жа-мына ары-бери «шуу-шуу» учкан жарканаттар шыпыр-гысын мине учкан желмогуз кемпирлердей туюла берет мага.

Атам кайырмагын айылдын балдары тийбесин деп, ушул зоолордун түбүндө айланчыктап аккан ийримдерге жашы-рып койчу. Эл аз, тынч жерде кайырмакка балык да көп илинет. Түнкү жыбырап аккан дарыя, эки жээкти кыса заңкайган бийик зоолор, кууш коону көмкөрүлгөн казан-дай жаап турган көгүш асман, түн ичи зоо чокусунан кы-лак эткен Ай... Жомок дүйнө мени арбап, жетелейт каяка-дыр. Ошол түнкү жомоктуу, табышмактуу элестер өмүр бою көз алдымдан кетпей, ээрчип жүрөт көлөкөдөй.

Бир үңкүр бар тоолордун арасында,
Жомоктогу сулуулар жолугушат.
Бир суу агат зоолордун ичи менен,
Жез кемпирлер жээгинде чач тарашат...

*(Жолон Мамытов)*

Мекенди балалык баёо сезим менен сүйүүм, ошол не бир ажайып, жомок дүйнөлүү жерден башталган. Көкдайра жомоктогу дарыяга айланып, анда теңкурларым Абдырасул, Керим, Сайдимар, Сайыткан, Гыламидин, Малик, Өмүрбек, Камчыбек, Мамат, Исамидин, Нуридин, Казыбек болуп чөмүлүп, ойноп жүргөн күндөрүм көз алдымда. Кийин соң чоң Мекенимди арзуум, терең сүйүүмдө кичик Мекененимдин үлүшү айтып бүткүс.

Колхозчу эле атам. (Мусулмандын ыйык Ражап айында төрөлгөнү үчүн молдо атын Ражабали деп койгон экен) Айылыбыздагы эң тажрыйбалуу, устат дыйкан. Согуш маалында ишке жарамдуу эркектердин баары майданга кетип, жарым айылдын дыйканчылык түйшүгү мойнуна түшкөн.

Ал күндөрүн атам кез-кез минтип эстеп алчу:

– Атам Токсон колхоздун раиси болгону менен, жеген тамак-ашыбыз элден ашыкча эмес. Чарбанын тубар эчкилерин элге бөлүп берген, сүтүн саап ичип, өзүн, баласын сактап бересиңер деп. Өз үлүшүбүзгө тийген эчкилердин гана сүтүн ичебиз. Курсак чала тоют. Он төрт-он беш жаштагы оспүрүм убагым. Менин көзүмдү карашкан жеңелеримдин, эжелеримдин, тестиерлери жок аялдардын жерлерин айдап, эгинин сээп, кырманын көтөрүп, кызылын үй-үйлөргө киргизип да берчүмүн. Жумуштарын бүтүрүп берсем, баары алкашып, айланып-тегеренип: «Жакшылыгыңды эч качан унутпайбыз!» дешет аялдар. Бирок, пендечилик да. Кийин согуш аяктап, эл курсагы тоюнганда кай бир жеңелерим менен эжелерим «зөөрүк», «сүйлөбөс» деп көз алдымча да, артымча да мыскылдамайга өтүштү»,– деген атам мостое күлөт, эже, жеңелерине капалыгын билдире.

Апам тил жагынан көп аялдардан кем калбаган, чапчаң аял. Бою атамдын ийинине тең. Антсе да, зарптуу, айылдын кыз-келиндери тап тарткан өжөр, анан иш билги. Төлгөчүлүк, чала-була көз ачыктык да жагы бар. Анча-

мынча бөбөктөрдүн козголуп калган жүрөктөрүн ордуна келтирип, киннелеп, жаш келиндердин алкышын алат. Эч кимге жемин жедирбейт. Атам жеңелеринен нааразы болуп сүйлөп калса:

– Анан, зөөрүк десе унчукпай туруп бердиңизби? Сөкпөйсүзбү эркек болсоңуз.

– Э-э катын, мен эми жеңеге теңелейинби. Согуштан кайтпай калган акемдердин урматы дейм да.

Анда апам:

– Ит таласа да, пит таласа да ушинтип унчукпай жүрө берип, кечээ келген жаңы келиндер көз алдыңызча жекире турган болуп алышыптыр. Кары жаштын эрмеги болуп!..

– Тек! Минтпе! Адепсизге, үйүндө тарбия көрбөгөндөргө теңелсин дейсиңби, мени!

Өзүнүн осолдугун көрсөткөн келин кемпир болсо да, шол пейлинен кутулбайт. Муну өз өмүрүмдө көп көрдүм. Жаманга теңелип, жаман болуу оңой эле «Адепсизден адеп үйрөн» дейт ко.

– Ы-ы, шонтуп катта-кичикке күлкү, эрмек болуп жүрө бериң!

Колун шилтеп тим болот атам андайда. Атам узун бой, далылуу, сөөктүү, буудай ыраң, коюу каш, кырдач мурун, чап жаактан келген келишимдүү киши. Бир атка арткыдай отунду Чоң-Кемер коосунан бир дем албай көтөрүп келет. Оор басырык, аз сүйлөгөн, ыйман-нысаптуу. Кыңыр-кыйшык сүйлөгөндү асти билбеген, бир сырдуу, түз мүнөз. Ушак-айың, жаңжал-мушташка түк аралашпайт. Колхоздун ошо кездеги актив сөрөйлөрүнүн көбүнөн сабаттуу эле. Орусчаны да айылдагылардын көбүнөн дурус сүйлөчү.

Күн бою пахтага суу коюп, чарчаганына карабастан, кечки тамакты ичкенден соң, асма чырактын бүл-бүл жарыгында Токтогулдун ырларын тажабай окуу күнүмдүк адаты. Акындын ошол китеби али да эсимде. Мукабасы

күрөң түс, эндүү, чоң китеп. Ырдын ар бир сөзүнө маани берип, маашырлана окуйт. Бөтөнчө Токтогулдун «Дүнүйө», «Өмүр», «Санат», «Кербез» аттуу ырларын окуудан тажачу эмес. Күндө окуса, күндө жыргап, апама:

– Мынобу саптарды көңүлүңө түйүп ал! – дей берчү.

Келериңде, дүнүйө,
Түнкүсүн жарык Айдайсың,
Адамдын көөнүн сергиткен
Жашыл гүлдүү жайдайсың.
Кетериңде, дүнүйө,
Кайрылып карап койбогон
Кайыры жок байдайсың.

Апам башын ийкеп:

– А-а, ар пендеге кел-кели келсин. Эч бир пендеге бу дүйнөнүн кет-кети келбесин, ылайым.

– Тилибиздин тереңдигин, шириндигин Токтогулга окшогон чоң акындардын ырларынан улам билет экенсиң, байбиче.

– Шондой чал, тил, сөз кудурети ырчылар менен чечендерде.

– Энди, бул ырына кулак сал:

Кайран өмүр барында
Балалыктын чагында,
Гүлкайырдай гүлдөп ал
Күлгүн жашың барында.
Карылык кууп жеткен соң,
Кара чым басып денеңди,
Каларсың жердин астында...

Атам китепти жаздык астына коюп, мени карады да:

– Кечээ эле экөөбүз тең Аскардай бала элек. Биздин жаштыгыбыз согуш күндөрүнө туш келип, көрбөгөн шор-

ду көрдүк. Оор иштен башыбыз өйдө болбой, күлгүн чагыбыз өтүп кетиптир. Энди балдарыбыз жакшы, токчулук күндө жашашсын.

– Кудайым балдарыбыздын пешенесин ачсын, чал, – деген апам башымдан сылап, карындашым Ибадаттын жүзүнөн сүйүп койчу.

– Өмүр өтөт, өтпөй койбойт. Төрт күндүк дүйнөнүн жыргалын көрүп жашасаң не жакшы, зайып.

– Заман тынчыды, эл турмушу оңолуп келатат, – апам ушинтет чай куюлган пияланы атама сунуп жатып.

Өткөн кылымдын элүүнчү жылдарынын экинчи жарымы. Али айыга элек эл жүрөгүнө баткан согуш жарасы. Таң азанда кыштак ортосундагы тегирмен тараптан темирдин ачуу үнү заңылдап угулуп, экөө төшөктөрүнөн атып туруп, ишке жөнөшөт. Эрте жаздан кеч күзгө чейин созулат, ушундай катуу тартип. Карындашым экөөбүз таңкы таттуу уйкуга көөшүлүп, билбей калабыз алардын туруп кетишкенин. Мени кыйнаганы карындашым эртерээк ойгонуп калган күндөрү, апамды издеп чаңыра ыйлаганы эле. Эч нерсеге көнчү эмес мындайда.

Иш канчалык оор болбосун, экөө талаадан канчалык чарчап келишпесин, атам менен апамдын үлөө күтүп жашоосундагы эң бактылуу учурлары эле шол кездери. Экөө тең «боз ат минген отуз жаштан» эми өтүп, пенденин улуу тукум улоо салты менен балдарын чоңойтуп, атасынан алган эски үйдү бузуп, ысык куш уя – жаңы күлбө тургузуп атышкан. Дубалы тикеленип, улам үйгө окшогон сайын экөөнүн ууртарына күлкү уялап, чарчагандарына карабастан (Күндүз колхоз ишинде) түндүн бир маалына чейин топурак ташып, аны-муну тизип дегендей тынбайт жандары. Уясын куруп жаткан жуп чабалекейдей ынтымак күтүп, коюндары кубанычка толгон чак. Күзгө жуук үйлөрү бүтүп, апам түнү бою уктабай жасалгалап, эски көшөгөсүн асибеттей төр дубалга илип, кийизин жерге төшөп, терезелерге ак чыт парда илип... Ка-

рындашым экөөбүз жаңы үйдө жыргап ойноп, экөөнүн жүрөктөрүн элжиреткенбиз. Тили булдурап чыккан карындашым: «Аяй, аяй!» – деп, үй ичин сөөмөйү менен айландыра көрсөтөт. «Булдураган тилиңден, садагам!» – деген апам кызынын бетинен чоп эттире өөп коюп, ишин улантат.

Балам бажыраясың, күлөт көз, күлөт уурт,
жүзүңдөн гүлдөп көрүнду,
Жүрөктөй ысык Ата Журт.

*(«Гүл Гүл», А. Дооров)*

Анан эчки союп, айыл-апаны чакырып, үй той өткөрүшкөн. Жаңы үйгө кирээрде төртөө элек, анан жетөө болдук.

Анамдын атамды «сиз» деп, атын атабай тергөөсүнөн элдик салтты гана сактаганын эмес, терең ызат, ыйман, сый менен сүйүү сезими жашынып жатканын туйчу балалык жүрөгүм. Дасторкону берекелүү, оокаты таптуу келин, дайыма атамдын жумуштан келишине таптуу тамагын даярдап коет. Экөөнүн жылуу мамилеси, бирин-бири ичтен сыйлашы менин көңүлүмө да жылуулук табын берчү. Негедир атам мени аз эркелетчү. Менден алты жаш кичүү карындашым Ибадатты сүйчү өзгөчө. «Саамайыңдан садагам!» деп чачынан сылап, жүзүнөн сүйчү. Антсе да, айылда биринчилерден болуп велосипед сатып берген. О, ошондо эки түн уктабай, велосипедимди ичкери, жаткан болмобузгө жетелеп кирип, түн бир маалга чейин аарчып чыккамын.

Китепти сүйүүгө эрте көнүктүрдү атам мени. Эки гана китеп боло турган үйүбүздө. Бири жогоруда айткан Токтогулдун ырлар жыйнагы. Экинчиси Константин Юдахиндин «Орусча-кыргызча сөздүгү». Бул сөздүктү Хабаровск шаарында аскердик кызматта жүрүп таап алганын айтканы кулагымда калыптыр. Алты жашта элем, атам аскерден кайтканда. Негедир кара түстүү чемоданын башына

ИНВ. № 151355

коюп, айылдын ылдый жагынан өңгүрөп ыйлап келген. Анда неге ыйлап келгенинин себебин билбегем. Көрсө аскерде жүргөндө, иниси Мыйзам каза болуп калган экен. Чоң агасы Шырдак согуштан кайтпай калыптыр. Экинчи агасы Мамат согуштан аман-эсен келип, колхоздо көп жыл мал чарбасында иштеп жүрдү. Оң бутун снаряд жулуп кетип, жыгач бут менен басчу. Ак жүздүү, сулуу киши эле Мамат чоң атам.

Кийинчерээк «Манастын» мукабасы көк түстүү китеби пайда болду. Үч китепти атам күндө кеч кайталап окуп жүрүп, барактары тытылып кеткен. Бирок, апам китептердин барактарын от тамызгы кылганын көрбөгөм. Атам:

– Китеп барагын отко тамызгы кылбагын, убал болот. Ал барактарда не деген тарбия-таалим, өткөн-кеткен ыйык сөздөр бар. Канча-канча сырлар катылып, адам тагдырлары жазылган,– деп калаар эле.

Көрсө мени адабияттын сыйкыр дүйнөсүнө эрте баш багышыма атамдын китепти сүйүшү, апамдын кыштын узак түндөрүндө айтып берген жомокторy жол ачкан экен. Атам «Манасты» окуп жатып:

– А-а, байбиче, кыргыз эли башынан өткөрбөгөн күн калбаптыр. Душман го учурун таап пайыңды кыйганга аракет кылат экен. Мейли, душман өз аты менен душман дечи. Манастын пайын кыркууну көксөгөн кыргыз баласы, өзүнүн тууганы Абыке менен Көбөштү айтсаң. Элдин «Өздөн чыккан жат жаман» дегени ушундай безери адамдардан улам айтылып калган экен да, аттиң десе !

– Абыке менен Көбөштөй адамдар кыргызда бүгүн деле бар, чал,– деп калат апам. Болбосо сиздин кимге зыяныңыз бар. Кой оозунан чөп албаган пендесиз. Ошондо да, артыңыздан жагымсыз сөз чыгарып жүргөн айылдаштарыңыз жокпу? Киши баласы шундай ичине жалгыз тарууу батпаган макулук келет шекилди, – башын чайкап, өкүнүчүн билдирет апам.

Кыштын узак түндөрүндө «Манасты» үн чыгара окуйт атам. Чарчамак кайда, улам ээлигиип, күчөп. Арада сүйлөй калсам апам:

– Шүк! Тынч отур, Манастын чоролорунун атын үркүтөсүң! – деп калат чын дити менен.

Чын эле үйүбүздүн тышында Манастын жоону беттей айкырганы, Сайкал кыздын шыңгыр күлкүсү, кырк чоро минген аттардын дүбүртү угулгандай сезим бийлеп алат...

Атаке, кайдан бул дүбүрттөр?
Манастан.

Кай жактан калпакчан жигиттер?
Манастан.

Ыр угуп неге ыйлайт адамдар?
Манаска.

Атаке, карачы аппак кар!
Шүк отур, кулак сал Манаска.

*(«Махабат». Эгемберди Эрматов)*

Көп жыл өткөн соң беш баласы өз-өзүнчө куш уялуу болушуп, кайрадан бул үйдө экөө калышты. Кийин-кийин атам ааламдан өткөндө, үй негедир жетимсиреп калгандай сезиле берди мага, үйдү апам гана жарытып, жылытып тургандай... Апам атамды көп эстеп, үйдү кантип курушканын миң кайталап, сөзү бүтпөйт. Үйдүн курулганына туптуура 48 жыл болгондо кичик иним аны бузуп, жаңыламак болду. Макул болдук бир туугандар. Апам эле буздургусу келбей, каршылык көрсөтүп туруп алды копко. Өмүр шериги менен бирге куруп, көп жыл жашаган, пенделик күлгүн чагы өткөн үйдүн бузулганын көрүү оор, арийне.

Атамдай бирөөгө кылчалык зыяны тийбеген, момун адамдын душманы болгондон кийин, башкасын кое берейин. Душман адам төрөлөөрү менен энчисине кошо бериле би деп да ойлоп кетем. Өмүр бою пешене тери менен жашап өттү атам. Айылдаштарына пайдасы тийсе тийди, зыяны тийбеди. Алланын буйругу менен 78 жашка жетип, өз ажалы менен о дүйнө сапар тартты. Төрт уулу колдон келишинче элдей салт-ырымы менен жерге бердик.

Апам баш болуп, бир туугандарым, аялым, келиндерим, балдарыбыз, неберелерибиз Чоң үйгө чогулуп, анын арбагына куран окуп, жакшы кылык-жоруктарын, жасаган иштерин айтып эскеребиз. Мындайда апам бечаранын түгөбөйт сөзү. Атам менен өткөргөн өмүрүн, анын кайсыл маалда кандай иш жасаганын, кимге кандай жакшылык кылганын тизмектеп, бир жакшына ирети менен баяндап отурат.

Алтынчы класста окусам керек эле. Өзүмдөн алты жаш кичүү карындашым Ибадаттан кийинки эки иним бөбөк кездеринен о дүйнө кете беришкен. Башка кошуна балдардын үчтөн-төрттөн бир тууган инилери чоңоюп жатты. Бир жолу балдардын бири менен чырдаша кетсем, ал:

– Сенин уул иниң жок. Кийин коколой жалгыз каласың! – дебеспи.

Ошо бойдон үйгө келип, оонап-оонап ыйлап:

– Апа, мен жалгыз уул бойдон каламбы? Неге уул бала төрөбөйсүң? – дегем.

Апам мага кошулуп ыйлаган. Адатта атам талаадан келсе кабагы жаркый тосуп алчу апам, шол күнү түнөрүп, кабагы ачылбай койгон.

– Ы-ы, байбиче, өңүң суз, иштен чарчагансың-го. Эки-үч күнгө бригадирден уруксат сурап, Өзбекстандагы Бахмал эжеңдикине барып кел, эс алып каласың, – деген атам.

– А, жо-ок... сөзүнүн аягына чыкпай тим болгон эрдин тиштеген бечара апам.

Оо түн бир маалда апам:

– Аскар уктап калды окшойт, – деп мен тарапка эңилди. Жүзүмө урунду ысык деми.

– Уулуңуз «иним жок, жалгыз уул болуп кааламбы!» – деп бышактап ыйласа болобу.

Төшөгүмө бекем чүмкөнүп алып, мен дагы ичимден ыйлай бергем. Атам түнү бою соороутуп чыккан байбичесин. Кудайга зарыбыз жеткенби, удаасы менен үч инилүү болуп, көкүрөгүмдү эзген жалгыздык сезим жок болгон. Азыр ойлосом, ансыз деле балдары турбай кайгыга батып жүргөн апамды кошулга-ташыл кыйнаган экем.

Айыл адамдары ачык пейил, шар мүнөз келет. Алардын ар биринин жорук-жосундары эсимде калган маңги. Ар кыл кыял-мүнөз күтүшкөн айылдаштарым менин жан дүйнөмдү байытышкан. Адам пендесинин миң кыялдуу, миң жоруктуу сапаттарын парасаттуу үйрөнүүмө түрткү берген. Бул кызыгы көп жарык дүйнөнүн түпкүрүнө үңүлүүмө таасир эткен. Менин жомоктуу дүйнөмдө алардын ар биринин өз орундары бар.

## САГЫНЫЧ КУШУ

Ошол жомоктуу дүйнөм, анан кичик Мекенимде башталган ууз сүйүүм өмүр шеригимдей жүрөгүмдүн бир четинен түбөлүк түнөк таап, жашап кала берди. Сегизинчи класста окучумун. Айылдын орто ченинде болчу менин эркек тана пенде экенимди өзүмө сездирген кыздын үйү. Бир жолу апам:

– Атасы, биякка караң.

– И, карадым?..

– Кыздуу үйдү аңдымайы эрте башталды-го, уулуңуздун, – деген апам күлүп.

– О-го, шундайбы? – деген атам да жылмая берип, кызыл жүзү нурдана..

Атамдай бирөөгө кылчалык зыяны тийбеген, момун адамдын душманы болгондон кийин, башкасын кое берейин. Душман адам төрөлөөрү менен энчисине кошо берилеби деп да ойлоп кетем. Өмүр бою пешене тери менен жашап өттү атам. Айылдаштарына пайдасы тийсе тийди, зыяны тийбеди. Алланын буйругу менен 78 жашка жетип, өз ажалы менен о дүйнө сапар тартты. Төрт уулу колдон келишинче элдей салт-ырымы менен жерге бердик.

Апам баш болуп, бир туугандарым, аялым, келиндерим, балдарыбыз, неберелерибиз Чоң үйгө чогулуп, анын арбагына куран окуп, жакшы кылык-жоруктарын, жасаган иштерин айтып эскеребиз. Мындайда апам бечаранын түгөбөйт сөзү. Атам менен өткөргөн өмүрүн, анын кайсыл маалда кандай иш жасаганын, кимге кандай жакшылык кылганын тизмектеп, бир жакшына ирети менен баяндап отурат.

Алтынчы класста окусам керек эле. Өзүмдөн алты жаш кичүү карындашым Ибадаттан кийинки эки иним бөбөк кездеринен о дүйнө кете беришкен. Башка кошуна балдардын үчтөн-төрттөн бир тууган инилери чоңоюп жатты. Бир жолу балдардын бири менен чырдаша кетсем, ал:

– Сенин уул иниң жок. Кийин коколой жалгыз каласың! – дебеспи.

Ошо бойдон үйгө келип, оонап-оонап ыйлап:

– Апа, мен жалгыз уул бойдон каламбы? Неге уул бала төрөбөйсүң? – дегем.

Апам мага кошулуп ыйлаган. Адатта атам талаадан келсе кабагы жаркый тосуп алчу апам, шол күнү түнөрүп, кабагы ачылбай койгон.

– Ы-ы, байбиче, өңүң суз, иштен чарчагансың-го. Эки-үч күнгө биргадирден уруксат сурап, Өзбекстандагы Бахмал эжеңдикине барып кел, эс алып каласың, – деген атам.

– А, жо-ок... сөзүнүн аягына чыкпай тим болгон эрдин тиштеген бечара апам.

Оо түн бир маалда апам:

– Аскар уктап калды окшойт, – деп мен тарапка эңилди. Жүзүмө урунду ысык деми.

– Уулуңуз «иним жок, жалгыз уул болуп кааламбы!» – деп бышактап ыйлаcа болобу.

Төшөгүмө бекем чүмкөнүп алып, мен дагы ичимден ыйлай бергем. Атам түнү бою сооротуп чыккан байбичесин. Кудайга зарыбыз жеткенби, удаасы менен үч инилүү болуп, көкүрөгүмдү эзген жалгыздык сезим жок болгон. Азыр ойлосом, ансыз деле балдары турбай кайгыга батып жүргөн апамды кошулга-ташыл кыйнаган экем.

Айыл адамдары ачык пейил, шар мүнөз келет. Алардын ар биринин жорук-жосундары эсимде калган маңги. Ар кыл кыял-мүнөз күтүшкөн айылдаштарым менин жан дүйнөмдү байытышкан. Адам пендесинин миң кыялдуу, миң жоруктуу сапаттарын парасаттуу үйрөнүүмө түрткү берген. Бул кызыгы көп жарык дүйнөнүн түпкүрүнө үңүлүүмө таасир эткен. Менин жомоктуу дүйнөмдө алардын ар биринин өз оруңдары бар.

## САГЫНЫЧ КУШУ

Ошол жомоктуу дүйнөм, анан кичик Мекенимде башталган ууз сүйүүм өмүр шеригимдей жүрөгүмдүн бир четинен түбөлүк түнөк таап, жашап кала берди. Сегизинчи класста окучумун. Айылдын орто ченинде болчу менин эркек тана пенде экенимди өзүмө сездирген кыздын үйү. Бир жолу апам:

– Атасы, биякка караң.

– И, карадым?..

– Кыздуу үйдү аңдымайы эрте башталды-го, уулуңуздун, – деген апам күлүп.

– О-го, шундайбы? – деген атам да жылмая берип, кызыл жүзү нурдана..

Апам менин Гүлүнү ыктап жүргөнүмдү бирөөлөрдөн укса керек. Азыр ойлосом менин эрезеге жете баштаганыма жетине албай сүйүнгөн жерлери экен экөөнүн.

Эрте жаз. Улан-кыздар мандалак казып жүргөнбүз адырда. Жер ным тартып, адыр бети борпоң маал. Мен мандалактын көп чыккан жерин издеп, жанаша сайга өттүм. Ана! Көз алдымда оттой күйө гүл ачкан жоогазын. Аярлай үзүп, кичине дөңгө чыга кыйкырдым:

– Э-э-й, бал-да-а-ар! Жоогазын тапты-ы-ым!

Жете келишти кыздардын баары заматта.

– Аскар, мага бер!

– Мага берчи!

– Мага!

Колдорун созушат баары. А, мен жоогазын кармаган оң колумду өйдө көтөрөм улам. Колдору жетпей жатты кыздардын. Арыраакта Гүлү турат, менден көздөрүн албай: «Мага берчи, Аскар, жоогазыныңды!..» Жалооруган өтүнүчтү туйдум анын көз карашынан.

– Качкыла!

Кыздар сунулган колдорун тартыша, карап калышты мени, «Жоогазынды кимибизге бересиң?» – дешкендей. Аларды жиреп өттүм да, Гүлүгө узаттым.

– Ме, Гүлү!

– Ырахмат!..

Мектебибиз кошуна Ак-Турпак айылында. Эки айылдын аралыгы жети-сегиз чакырымдай.Чынын айтуу керек, жол азабын кыйла эле тартканбыз. Бөтөнчө кыздар. Аларга боору ооруган уландар бирден минген эшектерибизге учкаштырып алар элек. Кай бир балдар минтчү эмес. Тогуз ай ушинтип жол каттап окуп, балалык өмүрүбүздүн жарымы жолдо өтчү. Дагы биздин жолубузду кыскарткан узундан узун өрүкзарлар болбособу!

О, анда кандай болорун билбеймин. Өрүкзарлар гүлдөгөндөн тартып, кеч күзгө чейин бир чети алыс жол бизге жыргал эле. Сабактан чыккандан жол катары узундан-

узун чубалган өрүкзарды аралап, желим жыйып, корону тузга малып жеп, эрте бышар өрүктөрдүн кылда учуна чыгып, сарала болгондорун жерде колдорун узатышкан кыздарга ыргытабыз. Кеч калсак өрүктүн куу шактарын чатырата жагып, алоо оттун тегерегинде ойночубуз. Өрүк отундун табы кандай ысык. Көөдөй кара түн каптаган бакисин алоо от жарытып, шатыра-шатман, ызы-чууга батканыбызды айтпа. Асман жылдызга толуп, адыр үстүнөн тептегерээк Ай кылак эткенде эшектерибизди жарыштыра Зарташка кирип келчүбүз. Жол басып чарчагандыктан, тырп этпей уктап, эртеси таң азанда дагы жолго чыгабыз...

Кийинчерээк балдар четтен велосипеддүү болдук. Эми мурдагыдай эшек минип, көп кечикпей калганбыз сабактарга. Дале кыздарды бирден учкаштырып алмай. Балдар кыздарды бирден «ээлеп» алышкан. Менин «энчиме» Гүлү тийген...

Мен сегизинчи, Гүлү жетинчи класста. Апрель. Өрүктөр ак тумандай гүлдөгөн убак. Өрүкзар – гүл деңиз. Аппак булуттар өрүкзарга бөгүп, мекендеп алгандай. Мектепке жеткенче гүл аралап, гүл кечип барабыз. Кыздар бөтөнчө сулуу болуп кетишет мындайда! Он беш велосипед гүл туманда калкгый учуп, кыздардын көйнөктөрү желектей желбиреп, күлкүлөрү жаңырат.

Бир жолу мен класска нөөмөтчү болуп, велосипедчендер «үйүрүнөн» калып кеттим. Гүлүнү кимдир бирөөгө учкашып кетип калса керек деп ойлодум. Минтип ойлогонум, мектептин короосунда көрүнбөдү ал. Гүлүнү башкалардан кызганып кеттим ошондо. Тынчтык бербеди «Кимге учкашып кетти экен?» деген түпөйүл ой.

Шашыла классты иретке келтирип, велосипедимди зымырата өрүкзарга жөнөдүм. Гүлү мени күтүп туруптур айылдан чыга бериште. Эч кимге учкашпаптыр! Учкашып алды экөөбүздүн «күлүгүбүзгө». Белимден кармап алды,

ээрден кармоонун ордуна. Мурда минтчү эмес. Үнү эркелеп чыгат.

– Аскар, секинирээк айдасаң, чарчап каласың!

– Балдар кетип калышат, ойной албай калабыз!

– Мейлиге, шашпачы, Аска-р!

Ылдамдыгын азайттым экөөбүздүн «күлүгүбүздүн». Жете келдик күндө балдар-кыздар ойноп жүргөн чоң өрүктүн түбүнө. Азыр эле кетишкендиги сезилип турат балдар-кыздардын. Алардын ызы чуулары, шаттуу күлкүлөрү бакка сиңип кетелектей. Велосипедимди өрүккө сүйөп, көк майсанга жата кеттим. Алка-шалка тер баскан бүт денемди.

– Ой и-ий, Аскар, мынчалык күйүгүп айдайсың. Карачы тердегениңди!

Унчукпай туруп калдык бир азга. Ээндей түштү өрүкзар. Ак тумандуу бак түбү Күн батаар алдында сырдуу. Негедир кечки салкында безелене сайраган куштар да бу сапар тынчып калгандай. Батып бараткан Күндүн кыпкызыл нурлары анчалык алыс эмес асканын жарымын кызыл ыраңга боеду, ылдый жагы капкара.

– Пай-пай, Аскар! Ушундай да керемет кеч болобу өрүкзарда, турсаң!

Ал мага жакындады. Уруп турду ыпысык табы. Анан башынан жоолугун алып, тер баскан жүзүмдү арчыды. Маңдайыма койду ыпысык алаканын.

– Ысып чыгыпсың. Минтип күйүгүп айдасаң, экинчи велосипедиңе минбеймин, угуп койгун! – деди наздана.

Карап турдум тигиле, мээрим чачкан көздөрүнө. Чачымды сылады секи-ин. Көкүрөгүмө басты колдорун. Күнүгө учкаштырып жүрүп, анчейин байкабаптырмын мынчалык келишимдүү болуп, чырайына чыкканын. Мен үчүн ошол кечте экинчи жолу төрөлдү, Гүлүм. Ордумдан туруп, өрүк шагын силктим. Сансыз ак гүлдөр жаады башына. Апапак көпөлөктөй каалгыйт ак гүлдөр. Гүлгө чулгана, ууртуна өрүк гүлүндөй кипкичине, напназик күлкү уялады Гүлүнүн.

Кол кармаша чуркадык эөөбүз. Күлкүсү жаңырып, бак ичине сиңип кетип атты. Гүл деңиздин арасында гүлгө айланып кетип атты Гүлүм! Кызгылтым кечтин пардасы түрүлө, коюу түн жылып келатты.

Өрүкзарга түн түшүп, асман толгон жылдыздар. Толгон Ай. Сүттөй жарык түн. Көкүрөгүмө башын жөлөп, кыймылсыз турабыз. Назик көлөкөсү да, менин көлөкөмө башын жөлөйт.

(Ошондо мен аны түбөлүк өзүмдүкү, колумдан учпас бакыт кушум деп ойлогом! Аттиң!..)

– Гүлү!

– ...

– Гүлү дейм!

– Унчукпачы... Жүрөгүңдүн сокконун тыңшап жатам. Жүрөгүң: «Гүлүм-Гүлүм! Жаным-жаным!» деп согуп атат!

Анын бакырайган көздөрүнөн секин өөп койдум. Үшүгөн бөбөгүмдөй көкүрөгүмө башын катты.

Бу кечти Гүлү экөөбүздөн эч ким талашкан жок.Бир гана өрүкзардын түнкү кожоюну сүттак муңкана сайрап кирди:

«Сүт-так! Сүттак! Сүт-так...» Деги ушундай толгон айлуу, тыптынч, бактылуу кечте да арман-муңу бүтпөгөн кандай куш десең сүтак?

– Гүлү.

– Не?

– Сүтактын сайраганы жүрөктү өйүп!

– Түнкү бакта сүтак сайраса корком.

– Азырчы, коркуп атасыңбы?

– Жок, сен барсың да.

Уясына жайлана отургусу келген балапан сыңары Гүлү көкүрөгүмө башын жайлуу жаздап алды.

«Сүт-так! Сүт-так! Сүт-так!...» Сайраны муңдуу. Кайрыгы армандуу. Мүмкүн сүтактын зарлана сайраганы, экөөбүздөн түнкү бакты кызганып атканы бекен? Күйүнгөнү бекен? Же Гүлү экөөбүздүн бири-бирибизге

жеткире албай жаткан ички кайрыктарыбызды сайрап, ааламга даңазалап жатты бекен? Жүрөк сыздатат муңдуу сайран.

«Сүт-так! Сүт-так! Сүт-так!..«

– Тим кой, сайрай берсин.

– Көрдүңбү, Аскар. Жалгыздык, айрылуу кандай азап, муңдуу.

– Айтмакчы, сүтак тууралуу эл айтып жүргөн аңызды билесиңби, Гүлү?

– Билем, бирок чала, кана айтчы.

– Сүтак илгери-илгери бир мал-дүйнөсү жер бетине батпаган байдын жалгыз уулу экен. Ал ушунчалык эрке-талтаң бала болуптур.. Жарды-жалчылардын балдар-кыздарына күн көрсөтпөптүр. Кызганчаактыгында да чен жок.

Баарынан жаман кылыгы, жалгыз уйлуу кедейлердин сүтүн илип койгон чамберектеринин жибин күн сайын кесип алып, кумараларындагы сүтүн төгө берчү экен. Ошондон безер болуп, тажаган эл «ылайым, сүткө зар болгун, куш болуп таң атканча сайрасаң, таң алдында асмандан тамагыңа бир тамчы сүт тамсын» деп каргаптыр. Элдин зары Кудайга жетип, байдын жалгыз уулу кушка айланып, ээн, түнкү бакта таң атканча ушинтип сайрап чыгат имиш. Таң алдында кургаган тамагына асмандан бир тамчы сүт тамып, чарчаган куш күнү бою шакка жармаша уктап, кеч киргенде дагы сайраганын улантат. Ушундай Гүлү, сүтактын баяны.

– Бечарага кыйын эле болгон экен. Элдин каргышы жаман да.

Түнкү айдарым жел жүрүп, экөөбүздүн үстүбүзгө жааады жамырап, апапак гүлдөр. Сүтактын тынчы кетип, бирде бактын тереңинде, бирде биздин үстүбүздө сайрап атты.

– Аскар!

– Не?

– Кеттик!

Экөөбүздүн велосипедибиз кайрадан зымырады айлуу, ак туман гүл каптаган, ак түндө каалгый... Анан өрүкзар артта калып, түнкү айылдын сансыз от күйгөн терезелери көрүндү...

Ошол бактылуу кечтен баштап мага жаңы бир дүйнө ачылды. Ал Гүлү деген дүйнө эле. Анын көз алдымда, эртел-кеч велосипедиме учкашып жүрүп бой тартканын ошол айлуу кечте, өрүкзарда билдим.

Эртеси сабактан кайтышта балдар-кыздар алиги чоң өрүктүн түбүндө кечке «Ак-терек, көк теректи» ойнодук. Өрүкзар ичин ызы-чууга толтурган балдар-кыздар шаты-ра-шатман.

– Ак терек-көктерек! Бизден силерге ким керек?!

– Гүлү керек!

– Актерек-көк терек! Бизден силерге ким керек?!

– Седеп керек!

– Майрам керек!

– Айша керек!

– Гүлү керек!

– Керек!

– Керек!

Кыздар карлыгачтай кайкып бир катар, балдар турнадай тизилип бир катар. Кыздар бир тарап, балдар бир тарап. Балдар кезек менен чуркап барып, күч менен кыздар катарын жарып өтүшсө, бирден кызды «энчиге» ээрчите келишет. Кыздар балдардын катарын жарып өтө албай калышса, «туткун» болушат. Кокус балдардын бири кыздардын катарын жарып өтө албай калышса, ошол баланы «Келин болду! Келин болду!» дешип, бакты көтөрүшө кыйкырышат. Акырында балдар-кыздар бир катар болуп калышат. Анан кайрадан башынан баштамай. Менин эки көзүм Гүлүмдө, уурдана тиктеймин аны. Сыр алдырбай, эч кимге сездирбей бири-бирибизге жакындоо аракетиндебиз.. Же оң, же сол колун кармап калам. Ысык алаканында от күйөт. Ысык деми уруп турат, ширинимдин!

Кеч кирет, он беш велосипедке он беш кыз учкашып, велосипеддер аппак гүл ааламында каалгый айылга жөнөйт. Мен ошондо ак булутту аралай, ак куу минип бараткандай сезип кетчүмүн өзүмдү.

Акыры ак куу минип, мейкиндикти сыза учкандай күндөр артта кала берди.

Өрүк гүлүн төгүп, коро байлады. Мектеп жабылып, каникулга чыктык. Ошол жайда Гүлүлөр Ысык-Көлгө, өз кичик мекендерине көчүп кетишти. Мен Баткенге келип, тогузунчу класста окуумду уланттым.

Канаты жетилип, күзүндө кандайдыр бир өлкөгө учуп кеткен ак куу сымал Көл кылаасына учуп кетти, Гүлүм! Уясын сыйпалап кала бердим, Гүлү-ак кушумдун!

Институтту бүтөөр жылы кайрадан өрүкзарга бардым. Экөөбүздүн жаштыгыбыздын өрүкзарына, Ак гүлгө чулганган өрүкзар. Бардыгы мурдагысындай туюлат. Бак аралай кеткен жол да, бак четиндеги аскалар да, чоң арыктын ар-ар жериндеги солкулдак, ийилчээк тал көпүрөчөлөр да. Биз бир кезде түбүндө ойноочу чоң өрүк ак туман болуп гүлдөгөн экен. Түбүндө окуучулар чуру-чуу түшө ойноп атышат.

– Ак Терек-көк терек! Бизден силерге ким керек?!

– Нурлан керек!

Ак терек-көк терек! Бизден силерге ким керек?

– Улук керек!

– Каныкей керек!

– Бегайым керек!

– Дилбар керек!

– ...Ким керек!

– Дастан керек!

– Эрлан керек!

– Султан керек!

– Мээрим керек!

– Керек! Керек!

Балдар-кыздар ызы-чуу, кыраан-каткырык. Эч ким менен иштери жок.Бакты түп көтөрө, баштарына кийип алышкан. Көз албай көпкө карап турдум алардын оюнун. Тунара түштү көздөрүм. Ана! Бактын тереңинен эки караан каалгый келатышты, тобунан калып кеткен көпөлөкторчо! Бири – бала, бири – кыз. Кол кармашып алышкан. Чоң чоң ачып-ачып алдым көздөрүмдү, көрүп турганыма ишене бербей. Эки караан балдар-кыздарга жакын келише, аларга кошула албай туруп калышты.Тааныдым аларды. Гүлү экөөбүздүн өрүкзарда калган жаштыгыбыз экен! Экөөбүздүн балалыгыбыз кылчакташа, ойноп аткандарга кошула албай жалтактап, четте турушту. Балдар-кыздар чуркашса чуркашып, тегеренсе тегерене беришти. Гүлүнүн апасы чыйбаркыттан күрмөп берген китеп баштыгы менин колумда. А, өзү ак жоолугун оң колуна кармап алган. Чуркаса жоолугу жер чийип, өрүк гүлүн шыпырып жүрөт. Саамайы саксайып, балдар-кыздарды жалтаңдап карайт.

Күн батып, балдар-кыздар велосипеддерине минипминип зымырай жөнөштү. Өрүкзарда үчөөбүз калдык. Экөөн балдар-кыздардын эч кимиси карашкан да, велосипеддерине учкаштырган да жок. Узап кеткендердин артынан оздорун ача, карап калышты экөөбүздүн балалыгыбыз. Анан Гүлүнүн балалыгы мени көрө койду. Тааныбады, негедир ээн бакта менин кайдан-жайдан пайда боло калганыма чоочуду окшойт, бактын тереңине чуркашты экөө кол кармашкан бойдон. Жоолугу гүл шыпырып, ак көйнөгү желпилдеп, менин балалыгым менен жанаша бактын тереңине чуркап баратты Гүлүнүн балалыгы. Бир аздан соң кечки бактын тереңине сиңип көрүнбөй калышты. Ээн калды бак. Дагы баягы экөөбүз өткөргөн түндөгүдөй өрүкзар үстүндө толгон Ай турду. Ылдам басып айылга жөнөдүм. Кез-кез артыма кылчайып коем, экөөбүздүн жаштыгыбыз артымдан карап турабы деген ой

менен. Эч ким көрүнбөйт. Дагы сайрады түнкү бактын кожоюну – сүтак.

«Сүт-так! Сүт-так! Сүт-так!..» Ээн бакта сүт-так сайраса кооптуу болот экен. Денем белгисиз нерседен үркө, сүттактын муңдуу сайраны сиңип аткан бактын туш тарабын чочуркай карап барам.

«Сүт-так! Сүт-так! Сүт-так!»

Сүтактын сайраны мынчалык муңдуу, армандуу экенин ошондо бир сездим. Бечара сүт-так жалгыздыктын кушу экен.Анан баягы окуп жүргөн күндөрүбүздөгү чоң өрүктүн түбүндө менин көкүрөгүмө башын жөлөп турган Гүлүмө сүтак жөнүндөгү аңызды айтып бергеним түштү эсиме: «Ошентип байдын эрке баласы элдин чамбереке илип койгон сүтүн күн сайын төгө берген... Анан эл каргап...» Түнкү айлуу, жымжырт бакта сүтак муңкана, зарыга сайрап атты, сайрап атты...

«Сүт-так! Сүт-так! Сүт-так!..«

Бечара таң заарга чейин, оозуна асмандан бир тамчы сүт тамганга дейре сайраганы сайраган! Элдин каргышына калуунун кандай азап экенин ошондо бир билгем.

...Кийин-кийин өрүкзардын ээси бар экен деп эл сөз чыгарышты. Өрүк гүлдөгөн маалда, сүтак муңкана сайраган кезде бак ичинде бир бала менен бир кыз кол кармаша чапкылап ойнойт имиш. Кыз жоолугу өрүк гүлүн шыпырып, чачтары саксайып, баланы ээрчип жүрөт экен. Адамдарга жакын келбей качат имиш. Ага ишенгендер да, ишенбегендер да болушту. А, мен имиш-имишке толук ишендим. Бак ичин түбөлүк мекен кылып алышкан Гүлү экөөбүздүн балалыгыбыз эле. Экөөбүздүн ууз сүйүүбүздөн калган элес болчу.

Азыр деле кез-кез нецендир кыжалат тартып, көңүлүмө эч нерсе сыйбай калган күндөрдө, бөтөнчө өрүк гүл ачкан кездерде өрүкзарга барып жүрөм. Сүтактын түнкү арман ырын угуудан тажабаймын. Гүлү экөөбүздүн балалыгыбыз кол кармаша, бак ичинде баягы бойдон чуркап

жүргөнсүйт. Бирок, ак гүл тумандын арасында ак көйнөгү менен, ак жоолугу көзүмө бир илээшип, бир илээшпейт. Менин балалыгым да ак көйнөк, ак ыштанчан. Ак мунарыкта каалгып, дале ойноп жүрүшөт экөө, кол кармаша.

Бакыраң көз, ак жуумал, чибек бойлуу секелек эле менин балалык көкүрөгүмдү алгач кытыгылаган кыз. Гүлү менин уктап жаткан сезимимди чымчый, ойготуп коюп, Көл тарапка кайкып учуп кеткен эле... Жүрөгүмдүн бир бурчунда ууз сүйүүмдүн ээси кичинекей уясын салууга үлгүргөн экен.Ошол уя алиге бузулбай, жылуулук берип келет жүрөгүмө. Кыздын кичинекей жүрөгүнүн бир четине мен дагы балалык кипкичине уямды салууга үлгүрүпмүн. Кез-кез түшүмө кирет Гүлү: «Мени унуттуң. Артымдан келбедиң!..» дегендей таарыныч сезимин билдирип калат, түшүмө кирген түндөрү.

Сурмасыз суктандырчу каректери,
Эндиксиз эритчү эле эриндери...
Каштары кырлуу кырды кыялаган.
Көкүрөктө кош көгүчкөн уялаган...
..................................................................
Ак кайыңсың ыргалган белестеги...
Жазгы кечтин жаш Айы эмес белең.
Тумандагы жылдызым... элестедиң...
О, каухарым, эми эстедим:
Сен – жаштыктын жаңырыгы...
Жаңырттың жан дүйнөмдү, акылым
азгырылды,
Угузуп авазыңды,
Узарттың азабымды...

*(«Ажарым», Мурза Гапаров)*

## ЫР БАШАТТЫН БУЛАК КӨЗҮ

Окуучулук күндөрүмдө эле сырдуу ыр дүйнөсү мени биротоло кызыктырып алды. Дептерим дайыма койнумда. Жашырып жазып жүрдүм классташтарымдан. Баары бир билип алышкан алар. Эсимде бир жолу танаписте тышка чыгып, кайра класска кирсем, Буркан аттуу классташым бирдемени окуп жатат, улан-кыздардын бири күлүп, бири угуп... «Бахмал эже...» деген сөзүнөн биле койдум, эмнени окуп жатканын. Чуркап бардым да, колунан дептеримди жулуп алып, эшикти тарс жаап чыгып кеттим. Ошол бойдон сабакка келбедим эки-үч күн. Уялдым недендир. Ошо күндөн балдар мени мазактап жүрүштү «Бахмал эже» деп. Чындап теригип, мушташа жаздаган күндөрүм да болгон алардын мазагына. Көздөй жалгыз перзентинен айрылып, кайгыга белчесинен батып отуруп калган апамдын бир тууган эжеси Бахмал эжемдин тагдырын жазган болчумун ошол дептериме.

Бекер эле теригип урушупмун классташтарым менен. Сыймыктансам болмок экен кайра. Кудай мени жакшы дартка, кумарга чалдыктырган экен, поэзия сулууну сүйдүрүп.

Жылдар өтө берди. Бой тартып, жүрөгүмө уясын жайлуу салып алды поэзия ашыгым. Чынын айтсам, кыз менен кошо сүйдүм аны. Жатсам-турсам көңүл-көкүрөгүмдө. Бирок, тартуу элем. Ичимде эле баары. Жан дүйнөм уйгу-туйгу. Бош убактымда чыгып кетем Баткендин сыртына. Көзүмө ыр болуп көрүнүп, ыр болуп туюлат дүйнө. Аңдабай калыпмын сабактардан начардап кеткенимди, күн-түн ыр саптарын издеп жүрүп башынан кара сөзгө ыктачумун. Ырдап жазгым келе берчү кара сөздү. Кийин-кийин билдим, сезим-туйгу сиңсе, кара сөз деле поэзия экенин.

Онунчу классты бүтөргөн жаз! Өрүктөр тегиз гүлдөп, ак деңиз. Ак деңизде жалгыз кайыкчан, калагы жок сүзгөн

мен. Баткендин түндүк этегиндеги Намазгөй эски өрүк багын керели-кечке аралап, кангыдай эмес кумарым ак деңиз болуп көлкүп, толкуп жаткан сулуулукка! Көңүлүм гүл. Өрүкзар ичи поэзия. Ыргактар толуп-ташат бак ичинде. Ыр саптары кайкып учат. Кармагым келип, колдорумду узатам, илешпейт колума сезим саптары. Гүлү келет көз алдыма. Мени акмалап, жашына карап тургандай бактын тереңинде...

Айлуу кечте керемет өрүк гүлү,
Башын жөлөп төшүмө турат Гүлү.
Экөөбүздөн кызганып түнкү бакты,
Жүрөк эзип, муңканат сүта күнү..

Убара тартам кечке, араң көңүлүмө илинет эки-үч сап. Дептериме баш-аламан түшкөн саптар... Чөп-чары аралаш буудай сымал. Билбеймин аларды кантип тазалоону. Толуп чыкты дептерим. Көкүрөгүмө басам сүйгөн кызымдай. Акездеги ыр саптарым чабал болсо да, кыл мурут жигит чагымдагы кайнак сезимим бугуп жаткан саптар деп билем.

А, студенттик күндөрүм башталганда, поэзия ааламына биротоло баш бактым.

Мектепти аяктап, Ошко, мугалимдер институтуна окууга кирдим.

Оштун таажысы – Керме-Тоо. Алыстан эле заңкаят байыркы шаардын көрк, сөөлөтүн арттырып. Ылдыйда калааны тең бөлө күү-шаа аккан Ак-Буура. Керме-Тоо боюн кере көк тиресе, Ак-Буура анын этегинде кылымдар кыйырында толкуп-таша, ак нурдай чубала агып келет, агып келет. Экөө түбөлүк жан шериги жана дөөлөтү ордо калаанын. Султан Бабурдун өзбөк тилиндеги «Бабурнаамесинен» Ош жана Керме-Тоо тууралу жазганын окуган элем. Эми аралап жүрөм эски шаардын ийри-түз көчөлөрүн.

Керме-Тоо шаардын табигый мунарасы. Калаанын кайсыл тарабына барбагын чок ортодо заңкайганы-заңкайган. Кимдер анын боорунда кыялап, чокуларына чыкпаган. Оштун ыйык Фудзиямасы. Тарыхта ысымы калган улуу инсандар, атактуу аскер башчылар, каракчылар, ууру-кескилер, молдо-шайыктар, тилемчилер менен бей-бечаралар... Изи калган баарынын. Искендер Зулкарнайын, байыркы Даван мамлекетинин төбөлдөрү, мусулман динин алып келишкен арап миссионерлери.Чыңгызхандын өрт кечкен нойондору, Амир Темирдин эр жүрөк жоокерлери, кытай-калмактардын черүүлөрү, койчу алтын өрөөн Ферганага келгендердин, Ош шаарынын босогосун аттагандардын баары Керме-Тоого чыкмайын артына кайтышпаган.

Баш-отум менен кирип кеттим студенттик турмушка. Күз, кыш өтүп, кайрадан жаз баш бакты калаа койнуна.

Дене сергиткен жагым шапатда согот тоо тараптан. Ош ак деңиз болуп гүлгө чөмүлгөн. Шаар көчөлөрүн биринен сала экинчисин кыдырып жүрө берем. Апрелдин башында биринчи бадам гүлдөп, ага удаа жамырап өрүк гүлү ачылат. Бул кезде чырайы ачылып, жашыл кийип көз уялтат Ош. Анан алча-гилас гүл ачып, ак жибек көйнөкчөн боло калат Ош калаам. Көп узабай шаптолу гүлдөп, пушту кэйнөк кийе суктантат эски шаар. Бир айча түркүн гүлдүү, түркүн түстүү көйнөк кийген жаңы келиндей кулпунат кайран Ош, бакытка чөмүлө жашарып... Май айы келип, аба ысый баштаганда көк-жашыл көйнөк киет Ош калаам.

Экзамен, зачеттор жакындап келатты. Студенттер китепканаларда, окуу залдарында, жатаканаларда баш көтөрүшпөй турган убак. А, мен эргип-ээлигип эртеликеч шаар аралап, кыял кайыгын минип...

Лекцияга бара жатып, көңүлүмдү эргүү азгырса, жарым жолдон же институттун эшик туткасын кармап туруп, артка кайткан күндөрүм көп кайталанчу. (А кезде лекцияга, семинарларга бир ай эмес, үч күн барбай кой-

соң катуу сурап, стипендиядан ажыратчу. Атүгүл окуудан айдап жиберчү). Курсташтарым тамашалай: « Аскар азыр аудиторияга кирбей кайтып кетет, карап тургула!» деп калышчу.

Жанымда группалаштарым «Ботокөз» деп ат коюп алышкан жароокер кыз отурат. Негедир кийинки күндөрү...

## АКЫН ЖОЛОНДУН САБАГЫ

Аздектеген дептерим күндүз көкүрөк чөнтөгүмдө, түнү жаздыгымдын астында. Ыр ааламына жакын экенимди институтта деле көптөр билчү эмес. А кезде Ош шаары ырдын, акындардын шаары болчу. Кыз-жигиттердин баары эле ыр жазчудай туюлчу мага. Адабий ийримге көптөгөн улан-кыздар катышчу. Ийримге деле барбай жүрдүм адегенде. Жазганымды жашыргандан жашырып, өзүм менен өзүм алек. Бир куплет ыр жазса, окуп берүүгө шашчу кай бир теңтуштарым. Институттагы гана эмес, шаардагы адабий ийримдерге катышып, өздөрүн чоң акындардын катарына кошуп корстон болгондору канча.

Ыр деңиздин жээгин таппай, көпкө же түбөлүккө адашып кала берет белем, чоң акын Жолон Мамытовго жолукпаганымда. Жолон акени сыртынан таанып, ийримдерде кез-кез жолуктурсам да, оюма келбеген жакын-арада аны менен бетме-бет жүздөшүү. Бир жолу институттун эски имаратындагы китепканада Жолон аке менен жолугушуу болуп, ага арнаган ырымды окуган да жерим бар. Ал ырымда Жолонду ат жарышта алдына эч кимди чыгарбай сызып бараткан күлүк атка теңеп, башка акындарды анын чаңында калды деп сыпаттагам. Шондо Жолон аке башын чайкап, күлүп калган болучу.

Акындын «Отту сүйөм» аттуу ырлар жыйнагы жарыкка чыгып, дүңк эттирген Ошту, жеке эле Ошту эмес, бүт Ала Тоону!

Алоолонгон отту көрсөм,
Алоолонуп кетет жөрөгүм.

Ыр жазууга ышкысын койгондор гана эмес, көпчүлүк студенттердин колунан түшпөй калды Жолондун «Отту сүйөмү». Өз группамда отузга жакын студент болсо, шолордун жыйырма чактысынын колунан көрдүм оттуу китепти. Алоо от жакты миңдеген кыргыз жаштарынын жүрөгүнө табы ыпысык «Отту сүйөм».

Али басма боегунун жыты кете элек китеп менин да жаздыгымдын астында. «Отту сүйөмдү» куруттай сактап, күндө окуп чыгам бир сыйра. Керемет саптар. Жаттап алгам китептеги көп ырларды.

Ушул татына китеп мени Жолон акенин алдына жетелеп барды. Акезде Жолон аке кыргыз радиосунун Оштогу бөлүмүнүн редактору. Кеңсеси институттун жаңы имаратынын оң жак капталындагы эки кабат бычымдуу имараттын биринчи кабатында эле. Акын отурган бөлмөгө кирип барсам, Жолон аке кагазга бирдемени чийип отурган экен. Ручкасын кое коюп, ордунан турду. Күлмүңдөп турат көздөрү. Өзгөчө жан. Жүзүнөн мээр төгүлүп, мени сүйө багып карады көздөрү. Ак жүздүү, олбурлуу, кара чач, кара каш, кара көз жигит.Кичине эңиштеп баскандай туюлчу мага. Күн-түн кагаз карап, ийиле түшкөндөй бели...

– Кел үкөм? – мени суроолуу карап, маңдайындагы орундукка отур дегендей ишарат кылды. Саламды кыска айтып, андан ары сөз таппай, ага суна бердим колумдагы дептеримди. Ак жүзүнө жагымдуу күлкү уялады да, мени бир карап коюп, үңүлдү дептериме. Шашпай барактап, баштан аяк көз жүгүртүп чыкты. Анан соң мени бир карап койду да:

– Жакшы, эки-үч күндө кел, мен жазгандарыңды толук окуп чыгайын. Анан оюмду айтам.

Ушинтип жылуу сүйлөп, көңүлүмдү көтөрүп жөнөттү.

Учуп чыктым Жолон акенин кеңсесинен. «Ырахмат, жакшы калыңыз!» деген сөзгө да жарабай. Сүйүнгөнүмдү, толкунданганымды айтпа! Кудум «Отту сүйөмдөй» жакшына китебим жарыкка чыккансып териме батпай. Куштай алып учат көңүлүм! «Жолон аке алып калды дептеримди!» деген кубаныч бийлеп алган боюмду. Кимге айтсам сүйүнүчүмдү? Айткым келбеди ыр жазып жүргөн досторума. Айныдым. Ары-бери ойлонуп отуруп, Гүлсарага токтодум. Ал биздин факультетте окуган Төлөйкөндүк кыз. Жылдызыбыз туура келет экообүздүн. Көңүлү ачык, мээрбан жан.

Негедир кийинки күндөрү көңүлүм дегдеп туруп алчу болгон Гүлсараны. Бир жолу базар күнү изине түшүп, ал түшкөн автобуска отуруп, Төлөйкөнгө чейин узатып барууга да үлгүргөм. Көп узабай жакын болуп кеттик. Ага миштин мактангым келди: «Жолон аке ушинтти» деп. Анын үстүнө Жолон аке экөө бир айылдан. Бирок, түн беймаалда кыздын жаткан бөлмөсүнө түз баруудан тартындым.

Баары бир эңсөө менен дегдөө мени Гүлсаранын терезесинин түбүнө алып барды. Чакырайын эле деймин, чыкпайт үнүм.

Негедир анын терезеси башка терезелерден кыйла жарыктай... Күйүп турат алоо оттой. Таш ыргыткым келди, даабадым. Ыр саптары агып кирди көңүлүмө:

Терезелер, кечтеги терезелер,
күйүп турса жаныма кубат берер.
Сени көксөп, зарыгып карап турам.
Көңүлүмө ыпысык ырлар келер.

Жалын-оттой алоолойт терезелер,
Арбап алаар купуя бар эмнеңер?
Же сагынган кызымдын көзү бекен?
Бүлүк салат дилиме терезелер.

Терезелер Ай чыкса сумсайышат,
Күндү тосуп таңында жылмайышат.
Терезеңе жүрөмүн карool болуп,
айланчыктап кеталбай көзүм учат.

Кире албадым ал жашаган бөлмөгө. Жүрөгүмдө ыр ташып, ыр лык толуп көкүрөккө. Бактылуу жан жок эле ошол саатта менден ашкан. Ыр саптары көзүмдө жык, ыр ыргагы жүрөктө дүк-дүк. Көзгө урунгандын баары ырга айланды ошол кечте мага. Киргим жок жатаканага.

Үч күн бою барганым жок лексия-семинарга. Аттабадым институт эшигин. Ак-Бурааны бойлодум, тыңшап түнкү толкун шоокумун. Суу толкуну, шаркырактан ыр угулат, кулагыма куюлуп. Жүргөндөймүн жээгинде алыскы Көкдарыямдын. Үч күн өтпөй туруп алды, кездим канча Керме-Тоону кыялап. Түнкү Ошум ыр деңиз. Тоолор тарап, те ылдыйкы түз жагы бир керемет, каптап түнкү мунарык. Ыр, ыр, ыр саптары ыргактар. Поэзия сезимдери толуп чыкты, көздөрүмдү жайнатып. Ырга айланган бүт аалам. Керме-Тоонун чокусунан учкум келди каалгып, бойду таштап жибере жаздап, аз жерден. Үч күн өттү күттүргөн, үч күн өттү, үч түн өттү, сыйкырдуу үч түн өттү!

Акынга барар күнүм эрте ойгонуп, муздак сууга жүз чайып, көңүлүмдөн ниет айтып чыктым жолго, алыс жолго сапар тарткан адамдай. Киреримде сүр басты, Жолон аке бөлмөсүнө. Ой келди «кирбе!» деген. Кайтарымда келген изиме, Кудай жалгап Жолон аке өзү чыгып калбаспы.

– Кел, үкам, ичкери кир! – ачып эшик, ичкериге киргизди.

– Жазгандарың дурус экен. Ырларында бар жылуулук, бар сезим. Бирок, баары аралаш. Иргеп жазгын, талдап жазгын, тандап жазгын сөздөрдү. Алардын да жаны болот, сөлү болот. Алаканга салып алып, карап көргүн эңилип, сөздөр кудум курттардай жылып жүрөт. Сөздөрдүн

да алтын менен күмүшү; асыл ташы, бермети; шогу менен бечели, топурактуу кесеги бар. Кайсынысы жандуу болсо, ошонусун тандап ал. Оодарып көр, карай билгин ар кырынан. Ордун тапсаң ар бир сөз, уз келиндин саймасындай жарашат ыр сабыңда. Анан дагы, нени жазсаң, аягына чыккын ошол оюңдун. Чала жазган ырларың, кумга сиңип кеткен булак суусу, ара туулган баладай. Андай ырдын кимдерге бар кереги, окурманды калтырса эгер арабөк. Жазсаң дурус ырлар жазгын. А, болбосо таштап кой.

Деген акын, тике карап көзүмө.

– Аскар үкөм, сага айтсам ачыгын, ырдан көрө кара сөзгө шыгың сенин көбүрөөк. Ышкың дагы өзгөчө. Кара сөзүң ырдын өзү, сезим-ойго ширелип, эркин жазат экенсиң.

Төгүп-төгүп ойлорун, тык токтоду акын жан. Не айтаарым билбей турдум, адашкандай акылдан.

– Эй жигит, көзүңдү ач! Жазасыңбы?

– Ооба аке, жазамын!

– Анда неге сүрдөйсүң? Түз карагын адамдардын көзүнө. Акын деген таза пейил, күнөөсү жок жан болот. Күнөөң жокпу, башкаларды жалдырап карабагын. Жалдырасаң, жазганың да жазганчаак, шумтүрөгөн сап болот! Эргидиңби, эртең жазам, бүрсүгүнү дебегин. Түн уйкуңду бөлгүн бир сап ыр үчүн. Бирок, иним, жазат десе, кургак сапты ычкынып, зордоп өзүң жазбагын. Чыкпас кенди кур убара казбагын. Том-том жазгын, эч бир пенде окубайт. Сыгып жазгын, эргүү менен алышып. Миңди жазба, бирди жаз, окугандар толкусун.

Кайран акын кичине ойго батып минтпеспи:

– Окудуңбу грузин акыны Бараташвилинин ырларын?

– Ы-гы....

– Билсең керек 27 ыры менен классик аталганын?

– Билем.

– Билсең ошол, аз жаз-саз жаз. Он сөздөн бир сап ыр артык. Табылды Мукановдун төмөнкү саптарын көңүлүңө дайым түйүп жүргүн акын болом десең:

Акын болуу – океандай жарылып,
Аалам чапчуу...
Жаакты жануу жылдызга...
Жок дегенде жаз күнүндөй күр-шар этип басылуу...
Абдан сезгич,
абдан курч,
абдан күлүк нур болуп
доордун сансыз тамырында
шаркыроо!
Доордун токсон толгоосуна атылуу!

Табылды айтмакчы атыла албасаң, шаркырай албасаң, мезгил добушун уга албасаң, сүйүү отуна жылына албасаң, мажирөө акынсың. Чала өлүк ырларды төрөйсүң. Андан көрө башка жакта тиричилигиңди кылгын, үкам!

Анан, оң кулагың менен да, сол кулагың менен да угуп ал. Акын-жазуучу болом деген чын ниетиң болсо, поэзия дүйнөсүнүн ичине үңүлө бил. Поэзия ойчулдар айткан он сегиз миң ааламды өзүнө сыйдырган өзүнчө чексиз, түпсүз аалам. Гректер кудайлардын кудайы Зефс дегендей, ааламдын ааламы – поэзия. Ал кең да бийик да, терең да, чексиз ааламга акынмын дегендердин баары эле баш багып кире албайт. Анын эшиги оңой менен ачылбайт. Кирип алган соң, кумарынан кутула да албайсың.

Ал ааламга кирүү үчүн дүйнөлүк поэзияны терең үйрөнгүн, үкам. Өмүр жолуңда кыйын, өтеле кыйын жолду тандап алыпсың. Чындап ушул жолду тандап алган болсоң, чындап чыдайсың. Аягына дейре чыдабасаң, анын узак, азаптуу жолунда четке чыгып кала бересиң. «Акындык түйшүк – Сзифтик мээнет» деген лакап сөз айтылат

акындар дүйнөсүндө. Сзифтин ким экенин учуру келсе өзүң билип аласың.

Жолон аке эргип айтты ойлорун, ырын окуп жаткандай. Ээликкени бир башка, толкуп алган, толкун сымал буурақандап. Кудай анын денесин акын кылып жууурган, жүрөгүнө салган дарыя ыргагын, ал ыргактар куюлат ыр өзөндөй көмөкөйдөн, жүрөктөн.

Ошол-ошол, менин көзүм ачылды. Оолукканым, акынмын деп доорукканым басылды. Оор тартып мүнөзүм, жасап ырга мамилени олуттуу. Оор жаным, андан бетер тартты оор. Эми ырга көз карашым өзгөрдү. Ыр падыша сүрү мени сүрдөтүп, ыр айлына даабай калды жүрөгүм. Ошол күндөн кара сөзгө толук оодум. Анда деле айткандары акын акемдин, мандаш токуна отуруп алды көңүлгө: «Сезими жок сапты жазып алданба. Кара сөз да,эгер билсең ыр болот. Туйгу-сезим сиңип кетсе ичине». Жазуу мага кыйын-кыйын...

## ПУШТУ КӨЙНӨКЧӨНҮМ!

Тагдырдын маңдайыма жазган буйругубу, ашыглыктын пендеге берген сыйынан кур калбадым. Сүйүү жүрөгүмө жаккан отко жакшы эле магдырап, жан эриттим. Ысыгына күйүп, суугуна тоңдум. Ушуну тартуу эткен Жаратканга таазим этип, шүгүрчүлүк кылам!

* * *

Базар күн. Кечирээк турдум төшөктөн. Чайды ичип, көчөгө чыктым да, калаанын гүлгө чөмүлгөн түштүк тарабына бет алдым. Ана! Гүлсара бaратат бет алдымда. Айылда кийчү этеги узун, шаптолу гүлдүү пушту койнөк кийип алыптыр. Алоо от бараткандай көрүндү көзүмө. Жетип бардым артынан.

– Гүлсара!..

– Жакшысыңбы? – муңайым жылмайды адаттагысындай ал.

– Каякка?

– Үйгө, Төлөйкөнгө барып келейин.

– Мен да ошоякка бараттым эле, Төлөйкөн үстүндөгү гүлдүү адырларды тамаша кылганы.

– Оо, аякта азыр кызгалдак кызыл көрпөдөй ачылган.

Гүлсара чибек бой, ак жуумалынан келген бою-башы бычымдуу жан. Көздөрү мамакаймак. Группалаштарым аны «Ботокөз» дешет. Чын эле ботонун көзүндөй жоодураган көздөрү эркек тананы тез эле багынтып алат. Алтүгүл кыздарыбыздын шүйшүнө: «Гүлсаранын көздөрү!...» дешкенин уккам. Экөөбүз калаанын Ленин көчөсүнүн түштүк учунда бараттык. Көчөнүн эки жээги жайнап ачылган алча, гилас. Гүл деңиздин чок ортосунда пушту ыраңдуу жел кайык сүзүп баратты. Ал шаптолу гүлдүү көйнөкчөн Гүлсара эле! Кайыкка жанаша мен бараттым, кыял канатына минип!

Шаардан чыгып, чоң тытзардын четиндеги кашат жолго чыктык. Тытзардын арткы четинде улуу өрт тутанып кеткендей... Кызыл-пушту шаңгалат... Ошоякка шаштым, тезирээк жетип бармакка. Кызыл алоо өрт болуп кубулган шаңгалат чаңдап гүлдөгөн шаптолузар экен!

– Пай-па-а-ай! Сен мени каякка алып келдиң, Гүлсара!? Өңүмбү же түшүмбү?

– Түшүң эле. Төлөйкөндүн шаптолу багы.

Шаптолу гүл ыраң көйнөкчөн Гүлсара чаңдап ачылган бир түп шаптолудай көрүнүп кетти көзүмө! Өрт аралап бараткандай болдук экөөбүз шаптолузарда.

– Кичине отуралычы. – Көйнөгүм булганат дедиби, Гүлсара коомай чөгөлөдү көк чөпкө.

– Шаптолузар гүлүн төккөнчө күнүгө келем биерге.

– Анда мага шерик болот экенсиң да, Аскар.

– Ооба!.. – сүйүнүп кеттим Ботокөздүн сөзүнө.

Төлөйкөн айылына кирип бардык. Кыбыла тарабы адыр этектеп, күн чыгышы Ак-Буура жээктей созок кеткен узун айыл экен Төлөйкөн. Жайлоого тигилген боз үйлөрдөй айыл тамдары анда-мында. Мен айылга кире бериштен адыр тарапка кайрылдым.

– Гүлсара, качан кайтасың?

– Күн батаарга жакын.

– Бирге кайтабыз.

– Койчу, эртерээк кайта бер. Кечке не кыласың адырда, эригип?

– Бирге кайтабыз, макулбу?

Башын ийкеди суйкая.

Жал-жал болуп созулган адырлар кызгалдак океаны. Тулку боюм, жан дүйнөм кызгалдак гүлүнө айланып, кыйлага адырдан адыр кездим. Кызгалдактуу адырлар түгөнгүдөй эмес. Тоо тараптан соккон желге ыргалып, сансыз океан толкунундай... Көзүмө бирде пушту көйнөкчөн Гүлсара, бирде пушту гүлдүү алоо оттой шаптолузар, бирде кызгалдак океаны кезек менен тартыла берди. Үр кыздар жүрөт кызглдак аралап, Гүлсара жүрөт алардын арасында, баарынын супсулуу болуп! Ана! аларга Көл тарапка кайкып учуп кетип калган ууз сүйүүм Гүлү аралашты. Гүлүнүн караанны! «Гүл-ү-ү-үм! Гүлү-ү– ү-ү-ү-м» – деген бойдон кызгалдак кечип, анын караан-элеси көрүнгөнсүгөн тарапка жүгүрдүм. Гүлүмдүн карааны жакындатпады, улам алыстап, кайра келбес туңгуюкка сиңип кете берди... Опколжуп алган жүрөгүм. Денемди кара тер басып, майда калтырак...

«Гүлү-ү-ү! Гү-лү-ү-ү-ү-ү...»

Алсыз үнүм жадаса өзүмө угулбай жатты. Бир аздан соң Гүлүнүн угулар– угулбай үнү үзүлүп-үзүлүп жаңыргандай болду:

– Аска-а-а-а-ар!.. Бул менми-и-и-ин, Гүлүңмү-ү-ү-ү-үн! Экөөбүздүн сүйүүбүз жомокко айланга-а-ан. Өрүкзарда калга-а-ан... Эми мен сени менен Гүлсара болуп жолу-

га-а-а-м. Гүлсараң мен – Гүлүңмү-ү-ү-н. Гүлүң... мүү-ү-ү-н... ү-ү-н...н... Гүлүнүн үнү эсепсиз адырладан ары ашып кетип, угулбай калды. Тараптан соккон желге ыргалган гүл толкундары чайпалган деңиз... Чарчап-чаалыга, буттарым шилтелбей, гүлдөргө чатыша жыгылдым. Көл-шал терге баттым. Жүрөгүм дүрс-дүрс! Көздөрүмдү жума, акылымды пештедим. Көзүмдү ачсам эле асман айлан-көчөк. Чалкаман жаттым кыйлага. Тунарган көздөрүм тунуп, айлан-көчөк дүйнө токтоп берди.

Чексиз асманды кечке аралап чарчаган Күн адыр үстүнө жетип жыгылганда чыкты үйүнөн Гүлсара.

– Курсагың ачкандыр, Аскар?

– ...

Баш ийкедим жылмая.

– Сага алып келдим, жеп ал.

Көк майсандын үстүнө гезит жазып, жаңы жабылып, болпулдаган нан, чынысы менен каймак май, эки даана жумшак курут койду. Жыты аңкыган буудай нанды каймак майга матыра сугунуп, ачкалыктан кызый берген курсагым илинч тапты.

– Нанды өзүм жаптым.

– Жакшы жабат экенсиң.

– Сегизинчи классымда апам үйрөтүп койгон.

Негедир жапкан наны да башка нандардан жыттуудай, бычымдуудай, жумшактай... Бото көздөрү жоодурап, алдымда отурат, Төлөйкөндүк пушту көйнөкчөн кыз. Кечки шаңгалатта огеле сулуу. Батып бараткан Күндүн кызылы менен шаптолу гүлдөрүнүн пушту ыраңы жуурулуша чырайлуу жүзүнө жаады. Ак-Бууранын шоокуму катуулай берди түн кирген сайын. Гүлсаранын бото көздөрү күйүп турду дилимди жарытып. Анан кылак эте Ай чыкты, түштүк-чыгыш тараптагы тоолор чокусунан. Саманчынын жолу. Сансыз чубала жымыңдаган жылдыздар эбегейсиз чоң шаардын эпсиз үлкөн көчөсүндө дарыядай аккан адамдарга окшоп кетет... Ошол жылдыздардын ара-

сында Гүлсара экөөбүздүн да жылдызыбыз жана баштады шекилди?..

Гүлсаранын Ай нуру жаркытып турган жамалына тигиле карап турдум. «Эми мен сага Гүлсараң болуп жолу...» – Гүлүнүн адырда жаңырган үнү угулду кайрадан кулагыма. Чын эле көздөрү, иймек каштары, өзгөчө олоң чачы, жазы маңдайы Гүлүгө окшоп кетет. Сүйкүмдүүлүгү өпөзү.

– Неге тигиле карап калдың? – күлө сүйлөгөн Гүлсара менден жооп күткөндөй.

– М-м. Жөн эле...

Сөзүбүз үзүлө түштү бир азга. Тэ-э өрүкзардагы элестерден кутула албай, өзүм менен өзүм алпурушуп аттым.

– Кечке кезип жүрдүңбү, адыр-кырларды? – деген Гүлсаранын үнү туңгуюк элестерден алыстатты.

– Көрүп турдум караанынды, бир бул адырдан, бир тигил адырдан.

– Нан жаап жатыппы?

– Короодо жүрдүм кечке, сени көз жаздымымдан кетирбей.

– Бирге кетебиз дебедикпи.

– Неге кете бербедиң эртерээк?

– Сени күттүм...

Чачтарымды секи-ин сылады жооп ордуна. Алоо от табы. Ысык табы бир жагымдуу манжаларынын. Чачтарымды сылап аткан колдоруна колдорумду бастым. Көз алдымда кош элес: Гүлү, Гүлсара...

– Кеттик!..

# АШЫГЛЫК – ЫР ДҮЙНӨГӨ БҮЛ-БҮЛ ЧЫРАК

*Сүйүү деген өбүү эмес бетиңден,*
*Сүйүү деген сүзүп өтүү деңизден.*
(А. Осмонов)

78564123211
Ыр ашыкты издеп жүрүп, сезим ыргагынын сары изине түшүп жүрүп, пегас минген саптардын артынан аңдып жүрүп, колум жууп кала жаздагам, жароокерим Гүлү – Гүлсарамдан. Гүлүмдүн Төлөйкөн адырларында жаңырган үнү: «Гүлсараң – мен – Гүлүңмүн!..» деген күнүнөн бери Төлөйкөндүк кыз биротоло бар болумушумду бийлеп, ээлеп алган.

Кеч, кеч баары, кечиктим. Башка жигит жүрөгүнө уя сала жаздаптыр, о кечигип эшиттим! Жаным күйдү, ичим өрт, баары кеч. Ырлар келди сагынычтуу, сарсанаага чөмүлткөн.

Досторумдун бири айтты:

- Кечиккениң жок али, Гүлсараң өзүңдүкү, үн катсын, дароо жооп кайтарат.

Алем менен күйүттүн дайрасына кириндим. Ашыгымды башкалардын өпкөнүнө күйүндүм.

Бөтөн жигит Гүлсарамды жетелеп, сейил куруп, Оштун буурул кечинде. А мен болсо, сырым катып, ооз ачпай эч кимге. Күйүт, сүйүү, арман менен асирет, бийлеп алган бүтүн акыл-оюмду. Күндөп-түндөп жазам арман толгон саптарды...

Ноокен жери, пахта терим маалы. Башка жигит жандайт Гүлүштү. Жерге түшүп жылдызым, кайгы мени табалайт да тепселейт. Пахта терип, а кечинде ойноп баары, кыз-жигиттер ызы-чуу. Мен кошулбай аларга, турам четте. Бир убакта курсташ кыздын бири минтип шак этти:

– Аскар эмне четте турат. Ырдап берсин же окусун өз ырын!

Таппай жүргөм мындай учур, саатты. Дароо чыктым ортого, айтып кирдим арман-муңдуу дартымды:

Билгемин, жан-курбум деп жүргөнүңдү,
Билбегем ашыгымды сүйөөрүңдү.
Билгемин дос, сырдаш деп жүргөнүңдү
Билбегем жүрөгүмдү тилериңди!

Жаалап кетти кыз-жигиттер:

– Дагы оку, ырларыңдан оку, Аскар!

Төктүм ырды, күйүт, алем саргарткан, түнү бою көз ирмебей таң аткан. Гүлүш турат күнөөлүүдөй жер карап, түн караңгы, жарып турат ал тарап. Жалдырап мени тиктейт «кечир мени...» дегендей. үмүт отум кайра жанды. Уланды билик, миң жеринен үзүлгөн. Чачыладай чачылган сезимдерим жыйналды. Бугум чыгып жеңилдеп, денебоюм чыйралды. Көңүл шагдам, көзүм жайнап, ырдагым келет, ырдагым.

Бу Гүлсаранын неси бар билбеймин. Өтө кеткен деле чырайлуу кыз эмес. Орто. Тагдыр тамашасын көра, аны Тыныбек досум экөөбүз жарыша, талаша сүйүп калдык десем, дагы бир досубуз Сайдимар да жакшы көрүп, ичинен сыздап жүрүптүр, кайран жигит! Ал бизден эки жаш күчтүүлүгүнөнбү, айтор Тыныбек экөөбүзгө ат салбай, тек ичинен күйүп-бышып, биз Гүлсараны көчөгө жетелеп чыксак, көкүрөгүндө ашыклыктын алоо оту жалындап, өз чогуна өзү куйкаланып жүргөн тура. Үч дос бир кызды сүйүп. Жаштыктын аломаты, куш сымал ободо эркин канат каккан сезимдери. О-о, студенттик-жаштыктын бизге тартуу эткен бал күндөрү, лазаттуу түндөрү. Кыз сүйүп, кыз алкымын жыттап мас болгон жылдыздуу түндөр, ай! Үчөөбүздү тең аяп, үчөөбүздү тең кыйбай, ортобузда эркелеген аруу селки десең, ай! Үч жигиттин жүрөк найзасы бир назик жүрөктү тилип, бир аруу жүрөктүн найзасы үч

жүрөктү оодара сайып! О-о, жаштыктын керемети, ашыглыктын шербетин кана-кана шимирүүнү көксөгөн!

Курсташ досум Курбаналы кубат болду:

– Эй Аскар, Гүлүш сени күтүп жатат! Баргын ага, алдакачан кечирген!

Дос айтканын жасадым. Көкүрөгүмө башын коюп, өксүп-өксүп ыйлады Гүлүш жаным. Дартын айтты бышактап:

– Балдар айтты: «Аскарыңбы? Башка кызды жүрөт жетелеп!» Ишендим мен, алар айткан жалганга. Ал анткени, келбей койдуң, карааныңды көрсөтпөй. Эмне кылам сүйбөгөнгө сүйкөнүп дебедимби.. Аскарыма не болду, менден качып жүрөбү? – деген сезим мени кыйнап. Арсар ойлор эзип жүргөн күндөрдө, курсташ Тукең пайда боло калбаспы. «Күйдүм, сүйдүм, өлдүм-талдым сени» деп, ээрчип алды артымдан. Көндүм ага, жетелештик бир азга... – деди Гүлүш көз жаштарын сызылтып.

– Кечир жаным, менде айып.

Кыналышып, бастык көпкө. Түн бир маал, пахтазардын четинде. Түн паашасы Ай толуп, сүттөй жарык кеч эле. Түнкү аалам мемиреп, жымжырт, тымтырс атарап. Жүздү сылайт маин-маин шапада. Шоокуму күч түн ичи, арык суусу шылдырап, чегирткелер тынымы жок чырылдап. Айыл жактан анда-санда уйку-соолу ит үрүп. Эки жүрөк «дүкү-дүк...» Кош колума конду кайра ак кушум! Мулайым жүз, жоодур көз, көкүрөгүмө башын жаздап ашыгым...

«Тергенибиз ак пахта. Жүрөбүз кечке шак-шакта» – деп ырдаган ошондо, курсташ курбум Кошмат. Жанаша жөөккө түшөбүз, этектер толот бир паста. Гүлсара пахталуу райондун кызы болгондуктан, көп терет. Толгон этекти чиркегичке жеткирүү, таразага тарттырып, төгүү менин мойнумда. Сыймык менен, ичим жылып өтөймүн бул ишимди. Гүлүшүм жанашып жүргөнүнө кайылмын.

Күздүн асем түнүндө, арык бойлой коюу өскөн тыт дарактар түбүндө отуруп, ашыгымдын кош санына баш жаздап... Жароокерим уйпалай сылап чачымды:

– Аскар, карасаң, Ай жаңырыптыр!..

– Келиндердин терилген кашындай ипичке экен Ай!

– Койчу Аскар, салыштырганың укмуш сенин!

– Сен да мага колукту болгондон алдыңкы күнү кашыңды жеңелериңе ушинтип тердиресиң, Гүлүш!

– О-о, анда каштарымды бир келиштирип тердирем дейсиң!

– Анан экөөбүз бир жаздыкка баш койгон түнү ошол ипичке кашыңдан, жоодураган көздөрүңдөн өбөм.

– Мына көздөрүм, азыр эле өп!

Ал эңилип, эрдиме тийгизди көздөрүн. Эки көзүн ушунчалык секин, жумшак өптүм. Алыша кеттик. Кыткылыктаган ширин, жылаажын көлкүсү сиңип кетип атты түн койнуна. Колума урунат төмпөйгөн көкүрөгү... Колумду өз колу менен басат. Эрдине эрдимди жакындатам.

– Оозумдан азыр өппөчү, кийин...

Ысык эрдин алып качат. Ашыгым экөөбүздүн кумардуу кечибизге жаңы көрүнгөн Ай менен жыбыраган жылдыздар күбө. Арыкта жылт-жылт агып жаткан суу күбө. Түнкү маин шападага шактары ыргалган тыт дарактары күбө.

– Аскар!

– А-а ?

– Айтып берчи ырларыңдан.

Жолондун «Сүйүү сонеттеринен» көңүлдө калган саптарын айта баштадым:

Кош махабат жашайт менде,
Поэзия бири анын,
Бири чымкый кызгалдагым
жүрөгүмө сактаган.

Мен ошолор бардыгы үчүн
Тирүү жашап турамын,
Мен ошолор болгон үчүн
Тагдырыма мактанам.

Гүлсара чачымды назик сылап, эңкейе маңдайымдан өөп койду.

– Кандай сонун ырлар, айтсаң дагы...

– Куп болот, жылдызым!

Гүлсаранын ысык колун алаканыма баса, акындын махабат саптарын айтууну уланттым:

Көкүрөктө өңдү эгиз кызыл гүл,
Суктандырып, жыпар жытын аңкытып.
Тирүүлүктү ээрчий келген бул тагдыр
Тирүүлүгүм чырак болуп жарытып.

Ошол гүлдүн бири сен да асылым,
Бири менин жүрөк өртүм, ырларым...

– Эмнеге токтоп калдың, улантчы!..

..............................................
..............................................
Мекенимде өтүп өрттүү жылдарым,
Сени сүйүп, ырдап келем, аппагым.

– Ырларың жакшы экен.Экөөбүздү жазгансың го?

– Жолон акенин ырлары.

– Анда Жолон аке экөөбүздү ырдаган окшойт?

– Ооба, экөөбүзгө арнап ыр жазып бериң дегем Жолон акеге...

– Ошондой, баса! – тамашалай күлдү.

Не сырдуу, не назик күмүш жылаажындай шыңгыр күлкү.

– Гүлүш, тизең талыбадыбы,баятадан бери башымды көтөрбөй...

– Жо-ок, ашыгым, түн бою тиземде жатсаң деле мейли. – Ал менин жүзүмө тигиле,чачтарымды сылап атты секи-ин. – Дагы айтсаң. өзүң сүйгөн акыныңдын ырларынан.

Сезимге эргүү толуп кайнап ташкан
Кезинде көкүрөктө оргуп дастан,
От болуп күйүп кетээр убагымда
Ал сүйүү өрттөн мени ала качкан!

Башка ырынан:
Сейилдеп эгер Айга кетип калсаң
Тапшырам космонавттар мектебине,
Сен үчүн бир солк этпей барып кайтам
Ааламдын бардык сырдуу чектерине!..
Башка ырынан:
Сени сүйгөн сүйүүм десем түбөлүк,
Турат десем жүрөгүмдө гүл өнүп,
Убактылуу экен ал да үбөлөк...

– Аска-ар!.

Сөзү үзүлдү. Ысык алаканын көкүрөгүмө басты, анан менин алаканымды өз көкүрөгүнө койду акырын. Жүрөгү «дүк-дүк». Бир тамчы жылуу көз жашы маңдайыма тамды.

– Не болду, Гүлсара?

– Ажырабайлычы эми...

– Кайдагыны айтпачы!

Отура калып бетине бетимди бастым. Бетине чайылган көз жашы.

– Койчу, жаным! Ажырашпайбыз эми, ырдын артынан гезере түшүп алып, сага барбай койгонума, кечир мени.

– Экөөбүздө тең айып бар... Айтмакчы, жанагы балдар-кыздарга окуп берген ырыңды кайталап айтып берсең.

– Сага жактыбы?

– Жакпагандачы, чындап күйүп жазган экенсиң.

Тыптынч түн. Батыш тараптан сого баштады маин жел. Пахтазар жай ыргалып, билинер-билинбес шуудурайт. Салкын жел жанды сергитип, дене-бой көөшүлөт.

– Аскар!

– Ы-гы?

– Кайталыбы?

Жаткан жерге келсек баары уйкуда. Ашпоз кыз менен жигит гана эртеңки тамактын камын көрүп түйшөлүп жүрүшөт. Гүлсара жаткан жерине кирип баратып көкүрөгүмө башын коюп, колумду кысып койду. Үлгүрбөдүм өзүн кайра кучактаганга, шып кирип кетти ичкериге. Кызуу уйку кучагында экен балдар. Шыбырт чыгарбай жаттым ордума. Көзүм ирмелбеди бир маалга чейин. Кийинип алып кайра чыктым тышка. Түнкү аалам терең уйкуда. Таңкы жел кыйла салкын, чыйрыктырат. Жылдыздар бириндеп суйдаң тартып, көрүнбөйт жаңырган Ай. Түн сүрүлүп, чыгыш тараптагы булуттарга Күндүн алгачкы шаңгалаты тийди. «Ку-ку, ку-у-ук!» Таңкы жымжырттыкты бузду короз чакырыгы... Анан короз чакырыктары басып кетти таңкы айылды. Таңкы ыр башталды, поэзия ыргактары мелт-калт толуп чыкты таңкы айыл койнуна... Желге ыргалган көчөнүн эки жээгиндеги теректер «шуу-шуу...»

Шуудураба теректер, теректерим,
Шуудурасаң ыйлагым келет менин...

*(Салижан Жигитов)*

Арык суулары чулдур-чулдур... Негедир бул айылды «16-биригада» деп коюшчу. Өз аты барбы же болгон аты ушулбу, эсимде жок. Пахтазардын как ортосундагы чакан айыл. Көңүлүмө ырлар келет тизмек-тизмек. Аттиң, таңкы кереметти көргөндө Гүлүшүм! Эртең көрсөтөм ага.

Курсташым Курбаналы анык ыр жиндиси. Колунан эртели-кеч түшпөйт акындардын ыр китеби. Жаңы чыккан китептерди дүкөндөн биринчилерден болуп сатып алып, сүйүнчүлөйт.

– Аскар, Тургунбай Эргешовдун ырлар жыйнагы чыгыптыр, тез барып сатып ал, түгөп калат, – деген Курбаналы басмадан жаңы эле чыккан китепти барактай берип, – боңгунун жыты кургай элек.

Анын адаты жаңы чыккан китептерди барактап, боңк жытын жыттай берчү. Экөөбүз биринчи курска келген күндөн жакын, сырдаш болуп кеттик. Группабызда окуган Кадамжайлык Патма аттуу кызды жактырчу. Жигиттерден Курбаналы, кыздардан Патмага жетпейт болчу сулуулук жагынан. Курбаналынын атынан Патмага жуучу түшкөнүм алиге эсимде. Негедир Курбаналы ага алгач өзү сөз айталбай жүргөн. Патма экөөн айлуу кечте жүздөштүргөм. Күндө ашыгына арнап жазган ырларын окуп берчү, сүйүүгө мас болгон досум. Патма орто бойлуу, уйгур кыздарына окшош. Өңү ак-кызылдуу келип, каштары капкара, жоодур көз, булаңдаган тармал чачы балтырына жеткен сүйкүмдүү ургаачы. Ага сугун артып, кол сунгусу келчү жигиттердин көбү. Патманы кызганып, түн ичи пахтазардын четинде башка жигиттер менен түрткүлөшкөн сааттарыбыз да болгон. Кыз өзү чекит койгон талашка. Бир сүйүндү дейсиң ошондо досум кургур, кайра-кайра колумду кысып, Патмасын кучактай эркелеп. Мен, Гүлсара, Патма, Курбаналы – төртөөбүз жанаша басып, көп

жүрдүк, жылдыздуу түндөрдө, пахтазар четиндеги жол менен. Бир башкача жылдыздуу, жароокер, эрке кыз эле досумдун жүрөк теңи. Эгиздердей жарашкан экөө ынак, бири-бирисиз ...

Жылга жетпеди экөөнүн ширин махабаты. Узакка созулбады оттой ыпысык сүйүүлөрү. Буга экөөнүн келише албагандары эмес, Патманын институттан кетип калышы себеп болгондой. Кыз кайтып кетти өз айылы Охнага. Арман-асиретке баткан досум алемин ырдан чыгарып туруп алды. Бирок, артынан барбады. Кыз өзү издеп келмек беле. Бир жылга жетпей башка жигитке турмушка чыкканын уктук... Балалуу болууга үлгүрбөй каза болуптур. Аттиң, жакшы кыз эле! Досум ага арнап жазган ырларын алиге сактап жүргөндүр... Куйруктуу жылдыздай жарк деп жарык күйгөн алардын махабаты түбөлүк эсимде кала берди, жаштыгымда үлпүлдөп күйгөн шам чырак сымал...

Отуз чакты курсташтарым ак этектерди тагына, пахтазардын бир шагына түшкүдөй болсо, ошол жерде күн бою күлкү жаңырып, ыр созолонуп, шаттык өкүм сүрөт.

Көпчүлүк жигит-кыздар эки-экиден ыкташып, жанаша жөөктөргө түшүп, бири-бирине ылым санай пахта теришет. Мындайларды «эгиз козулар» деп коюшат. Шондой эгиз козулардын бир жубу Кадамжайлык жигит Камил менен Лейлектин чүрөгү Зуура. Качан көрсөң, күндүзбү, кечпи, таңдабы эгиз козудай жетелешип жүргөнү-жүргөн экөө. Бою-баштары да бирдей, токтоо, жылдыздуу жуп. Көздөрү күйчү баарынын экөөнүн ынтымагына, бири-бирине жасаган мээр, махабаттарына. Кечинде төшөккө жатышканда гана бири-биринен алыстабаса, калган убакта бирге. Лекция-семинарларда, күзүндө пахтада, жайында чөптө да жетелешип, бир жа-

рашыктуу. Нике кыйышып, баш кошуша элек болсо да, экөө эрди-жубайлардан алда канча ынак, жакын бирибирине. Терең сүйүү, назик мамиле, бирин экинчиси кыйбастык.

Эсимде экинчи курста бекен Зуура он күндөй ооруп калган. Камил он күн бою шаардык оорукананын короосунан кетпей, ашыгын жоонтуп, эрекелетип, көңүлүн көтөрүп...Он күн бою лекция-семинарларга келген эмес. Экөөнүн бири-бирисиз жүрө албастыгын куратторубуз Мырза Гапаров да жакшы билчү. Зуура ооруканадан чыгып, адаттагыдай экөө жетелешип аудиторияга кирип келишкенде, баарыбыз кол чаап, жылуу кабыл алганбыз. Мырза агай да унчукпай күлүп: «Жакшы болуп калдыңбы, Зуура?» деп көңүл сураган. Экөө жанаша отурган жерде жашы улуу студенттер деле алардан орун талашпайт. Урматташчу экөөн бүт факультет. Төрт жыл бою бирге жүрүштү биз үчүн сүйүүнүн идеалы болгон эки ашык. Кайран десе, бардык нерсенин акыры болот белем! Дипломдорун алышып, экөө өз-өз айылдарына кетишкенде гана кайра жолугушпады. Бири-бирине эч качан кошулбаган Исфайрам менен Козубаглан дайраларындай эки жерде агып калды өмүр дайралары. Сүйүү шаани болушкан биздин Лайли-Мажнундарыбыздын махабат дастандары ушинтип аягына чыккан.

Кыйын экен буюрбаса. Эскилер айтмакчы тагдырга тан бербеске болбойт тура. Мүмкүн экөө мурдараак баш кошуп алышканда кандай болоор эле? Көп жыл бирге жүрүп, махабат оту басаңдай түшкөнбү, ким билсин! Биягы экөөнүн гана көкүрөктөрүндөгү сыр бойдон кала берди. Мүмкүн ошонусу туура болгондур. Баш кошпой, биринбири өмүр бою көксөп, эңсеп жашоо да кызыктыр. Мындай тагдыр өз башымда деле бар-го!.. Бирок, башканын

тагдыры баары бир оңойдой, табышмактай туюла берет эмеспи. Анткени, башкалар башка дүйнө менен жашайт да! Ар бир пенденин жан дүйнөсү башкаларга кол жеткис терендик, океандын түбүндөй.

Забыть ли старую любовь
И не грустить о ней?
Забыть ли старую любовь
И дружбу прежних дней?

* * *

Ты меня оставил Джеми,
Ты меня оставил,
Навсегда оставил Джеми,
Навсегда оставил.
Ты шутил со мною, милый,
Ты со мной лукавил –
Клялся помнит до могилы,
А потом оставил, Джеми,
А потом оставил!

*(Роберт Бернс, шотланд акыны)*

Группабызда отуз студент болсо, отузунун мүнөз-пейили отуз кыл. Отузуна отуз түр сүйлөп, көңүлүн таап, мамиле жасайсың. Бири кең пейил, сабырдуу. Бири акылдуу бирок, ынжык. Үчүнчүсү шар мүнөз бирок, туруксуз. Дагы биринин кишиге мамилеси суук. Дагы бири кишиге кош көңүл. Башкасынын ич дүйнөсү шыйракка жетпес саяз. Антсе да, ар бирине курсташтык ыкласым бар. Менин алдымдагы блокто бир курсташ кызым үч жыл отурду. Ак сарынын сулуусу. Көздөрү бакырайган, каштары эки күндүк айдай керилип, келишкен бой, узун чач. Бирок, ачыган айрандай чыртылдап турат. Көп курсташ жигиттеримден анын колдору оттой ысык деген сөздү уктум. А, мен ар сапар кол кармаша көрүшсөм, алаканы муп-

муздак. Таң?.. «Көңүл сүйбөгөн адамыңдын денеси муздак» дегени ушу-го?

Бир группада беш жыл бирге окусак деле, бири-биризбиздин жан-дүйнөбүздү билүүгө кызыкпай, окууну бүтүрүп кеткен группалаштарым да болду. Же жакшы жагын, же осол мүнөзүн билбей, ачылбаган китептей сыр-дүйнөсүн ачпай, дипломун алып кайра айылына кеткен группалаштарым да болбой койгон жок. Негедир алардын жүздөрү көз алдымда элес-булас. Андай группалаштарың эсиңе сейрек келип, көз алдыңа чочугандай чанда бир тартылат.

Көңүлдөш жигит-кыздарыңды көп эстейсиң, сагынасың, жолугуп дидарлашууну көксөйсүң... Кай бир себеп менен чокулаша түшсөң да, тез эле жарашып, жакындашып кетесиң. Каракулжалык Тамара аттуу группалаш кызым жумшак мүнөз, жароокер ургаачы эле. Ачык кабак, саламы түз, жүзүнөн жылдызы жанып турчу. Бир жолу шаардын «Араван» көчөсүндөгү имаратта окуп жатканбыз. Тыныгуу учурунда недендир чырдаша түшкөнбүз экөөбүз. Тамара көпчүлүктүн көзүнчө мени жаак талаштыра чаап калбаспы. Группалаштарым күлүп жиберишти тегиз. Ыңгайсыз абалда калып, жаак талаштыра чаап жибердим мен дагы Тамараны.Чалкасынан кулады бечара кыз. Көгөрүп чыкты көздөрү. Лекцияга келалбады бир жумача. Жаш бекем же парасатым жетпегенби, же кур чирендикпи кечирим сурабадым. Дарыланып жүрүп, семинарга келди бир жумадан соң. Группалаштарымдын баары менен кудум эчтеме болбогондой жадырап-жайнай көрүштү. Уялганымдан ордумдан жылалбай отурдум мен. Мага түз келип, күлө апакай, эттүү колун узатты. Колумду узаттым, шап ордумдан тура калып.

– Тамара, мени кечирип кой! Кечигип сурадым кечиримди. Бирок, жеңил сезип калдым өзүмдү ошол замат.

– Эч нерсе эмес, айып менде да бар эле, – деди Тамара айыптуу таризде.

Мамилебиз мурдагыдан да жакшы болуп кеткен ошондон соң. Кийин билсем кечирим суроо улук иш экен. Жоомарт адамдар гана кечирим суроого барат окшобойбу!

Тамара экөөбүздүн ортобузда болгондой окуя үчүнчү курста Токтосун жана Орунбүбү аттуу группалаштарымдын ортосунда болгон эле. Институттун эски имаратында окуп жатканбыз. Танаписте экөө чырдаша түшүштү. Токтосун Орунбүбүнү жаак талаштыра уруп жиберди. Катуу урган экен, ошол замат көзү көгөрүп чыкты. Орунбүбү көзүн таңып жүрүп, он күндөн соң келди лекцияга. Кайра кыжылдашты экөө. Анан Орунбүбү дарыгерден денесине жаракат алганы тууралу справканы алды да, тапшырып койду деканатка. Декан группабыз менен жолугуп, көп сөз жүрдү ортодо. Жыйынтыгында Токтосун институттан айдалды. Кайран досум үчүнчү курсту аяктаарда кулагын кармаган бойдон ыйлап-ыйлап кете берген. Неге? Жасаган күнөөсү үчүн кыз баладан бир ооз кечирим сурай албагандыктын, эркектик кур чирендиктен чыга албагандыктын айынан! Кийин Орунбүбү айтып жүрдү: «Бир ооз эле кечирим сураганда, кечирет элем...» Кечирим суроо улук касиет. Кечиримдүүлүк адам жан-дүйнөсүн утуру тазалап турган пенделик улук нарк экен.

Группалашым Артыктын сүйүүсүн эстесем кээде ууртуман жылмаям. Орус тили бөлүмүндө окуган Жанара аттуу кызды жактырып жүргөн. Эртели-кеч жетелешип, жанаша басып калышчу эгиз козулардай. Жигит узун бойлуу, Кин-Коктой. Кыз анын көкүрөгүнө жетпейт. Экөөнүн ортосунда сүйүү жок экенин сезчү жүрөгүм. Болбосо узак ээрчишип, Оштун түнкү көчөлөрүн далай кезишип, кинотеатрбы, театрбы, саябан бакпы, чөптөбү, пахтадабы узун-кыска болуп жетелешип жүрүшкөн. Баары бир сүйүүлөрү жалгандай сезиле берчү мага. Акыры үчүнчү курсту бүтөөрдө бүдөмүк оюм чыкты чынга. Бир күн эле Жанара такымына куюлуп турган упузун чачын кырктырып келбеспи. Жигиттер эмес, кыздар капа болушкан анын

жоругуна. Кайран кундуздай жылтылдаган упузун чач! Өзгөчө катуу кабыл алды муну Артык. Экөөнүн жетелешип басканын көрбөй калдык көп узабай. (Акезде кыздардын чач кыркуусу жүздүн бири, жигиттерге эмес, кыздарга деле өөн көрүнчү.)

Учуру келип калды эле минтип сурадым:

– Артык, Жанараңды жетелебей калдың да?

– Мага бир ооз айтпастан, чачын кырктырып салыптыр.

– Кырктырса эмне экен, сүйөсүң да.

– Уят-ко, институт боюнча эч бир кыз чачын кырктыра элек. Жанара баштап отурат.

– Баштаса эми башкалар да кыркышат да...

– Кыскасы мага бу жоругу жакпады, – бир аз ойлонуп туруп, – Чынын айтсам, Аскар, мен Жанараны сүйчү эмесмин.

– Анан неге үч жылга жакын жетелеп жүрдүң, сүйдүм-күйдүм менен?

– Эл кыз жетелесе, мен дагы жетеледим да, жалгыз сороюп жүрбөйүн деп. Ажырашуунун айласын таппай жүргөм. Чачы шылтоо болбодубу, Кудай бере салып! Ха-ха-ха!

Ушундай да сүйүүлөр болот.

А бечара Жанара болгонунча болуп, күйгөнүнчө күйдү. Артыктан ыйлап-ыйлап кечирим сурап:

– Кечир, Артыш, чачымды дагы өстүрөм, мурдагыдан да узун өстүрөм !

Артык бир ооз жооп айтпастан басып кете берген. Жанара институтту аяктаганча башка жигит менен табышпай, кайтып кетти туулган жерине.

Өткөн кылымдын аяк ченинде кыздардын чач кыркуусу Ошто бириндеп башталган учур. Кайсыл кыз чачын биринчи кырктырса, азабын тарткан. Үчүнчү курста досум, ыраматылык Эгемберди Садиров экөөбүз Ак-Бууранын боюндагы Мажрүмтал көчөсүндөгү уйгур кемпирдин

үйүндө төрт-беш ай турдук. Онунчу класста окуган татына кызы бар эле. Күндөрдүн бир күнүндө ошол сулуу кыз селкилдеп турган олоң кара чачын кырктырып, короосуна кирип келди. Уйгур кемпир кызынын кыска чачын шап кармап алып, жаалы чыга уулуна кыйкырды:

– Шухрат!

Уулу «не болуп кетти?» дегендей чочулап жете келди.

– Карма!

Баласы эки бутун басып, кемпир колдорун кайыра: «Чачты минтип кырктырат, канчык!», – деп айкырып, кызынын чачын кайчы менен түбүнөн тасырайта кыркып таштаган эле.

Бечара кыз ошондон кийин башына жоолук ороп жүрдү. Ыймандуу, жылдыздуу кыз эле. Энеси үйдө жок кезде өзүндөй супсулуу өзбек жигит келчү ага.

– Аскарали ака!

– Ов.

– Бу йигит тогрисида таги бувимга айтип койманглар!

Эгемберди экөөбүз күлүп, убада бергенбиз апасына айтпаска. Сүйгөн жан башка белем, өзбек жигит кызынын чачы тасырайта кыркылып салынса деле, жанындай көрчү. Көрсө бардык жаңы нерсе адегенде элге өөн учурайт экен. Бирок, кыз-жигиттин ортосунда чын сүйүү болсо, чач кыркуу жолтоо боло албайт тура. А бүгүн чач кырктырган кыздар эмес, чачын узун таштап жүргөн кыздар көздөрүнө башкача көрүнөт экен жигиттердин. Заман өтмөкетме болот окшобойбу. Өз башымда мындайга көп жолуктум. Учур келет, аялзаадалар кайра чачтарын такымга жеткире өстүрүшөт. Айлампа дүйнө, айланып жүрө берет шекилди. Пенделердин жүрүм-турум адаты, салткаадасы менен мода, моралы улам өзгөрүп..

Такымга жеткен чачыңдан,
Айдай иймек кашыңдан.
Сүйгүздүң да, күйгүздүң,
Жүгүрүп жүрөм артыңдан! –

деген ыр саптарын жазышкан илгерээктеги акындар. Бүгүнкү акындар кыздар жөнүндө минтип жазышат:

Кыркылган кыска чачыңды,
көздөн өткөн такымды,
көрүп алып өлдүм оо,
Аясаң боло акынды!

Француз жазуучусу Ги де Мопассан айтмакчы: «Аялзаада бакыт, сүйүү, үй-бүлө үчүн жаралган». Кандай кийинсе, кандай кубулса да акындардын эргүүсүнө, ыр арноосуна себепкер боло беришет. Аялзаададай сулуу, жароокер, сеймөнчүктүү периште жан ааламда жок! Алардын шыңгыр күлкүсү, чыңырганы, ыйлаганы, бышактаганы, долуланганы, ачууланганы баары кайталангыс, тирүүлүктүн шааниси. Сайдын ташындай шагыраган эркектер дүйнөсүндө да жүргөнбүз аскер кызматында. Кандай орой дүйнө – эркектер дүйнөсү! Теңир аялзаада наздыгы менен жароокерлигин эркектер оройлугун жумшартсын үчүн жаратканы чын окшойт!.

«Аял жакшы сөздүн кулу» дешет. Бирок, биз, эркектер ушуну билип туруп, аялзаадага көп учурда жакшы сөздү айтууга марттык кыла албайбыз. Алардын ачылып турган кабагына жаман сөз менен суу себебиз.

## МАХАБАТСЫЗ ӨТКӨН КҮНДӨН ИЗ КАЛБАЙТ

Беш жылга созулган студенттик күндөрүмдү кыз группалаштарымсыз элестете албаймын. Элестетким да келбейт! Мына, институтту бүткөнүмө отуз жети жыл болду. Группамдагы аймандай кыздардын көбүнүн жылдыздуу жүздөрү көз алдымда. Жапжаш бойдон жашап жүрүшөт көз карегимде. Горький айтмакчы алар: «Жердин жандуу

гүлдөрү» Ал жандуу гүлдөрдү эркек тананын орой сөзү, чоркоктугу, аруулугуна шек келтирген жоругу соолутат. Ал кезде кыздар күндөлүк жашоомдо каранып жүргөн күзгүм болгон экен. Аларга карап бой-башымды түзөп, ойлонуп, этияттап, жагымдуу сүйлөөгө үйрөнгөн экем. О-о менин студенттик бактылуу жаштыгымды гүлдөткөн, көркүнө чыгарган группалаш кыздарым! Кайдасыңар?! Сагындым силерди. Силер менин оттуу жаштыгымдын досу, күбөсүсүңөр. О-о менин жүрөгүмө сүйүү отун тутанткан селкилер! Кайдасыңар?! Баарыңа тизе бүгө таазим этем! Менин Адам болуп жетилүүмө ар бириңдин күкүмдөй болсо да үлүшүңөр бар. Менин мерез, орой болбой калышыма силер себепкерсиңер. Силердин назик турпатыңар, айчырай жүзүңөр, жароокер пейлиңер менин эркектик олдоксон пейилимди жондоп-түзөп, адамгерчиликтин улуу чыйырына салган.

Махабатсыз жашоо кандай бактысыздык, пенде үчүн. Менин студенттик күндөрүмдү шөкүлөлөп турган аялзаадаларга миң мертебе башымды жерге тийгизе ийилем. Колумдан келсе, ар бириңди көкөлөтө көтөрүп, досчо сүйгүм келет, ушул азыр да. Кайда жүрсөңөр да бактылуу, аман болгула, менин жүрөгүмдүн тумарлары!

Адамдар менен мамиле жасоо деле чоң өнөр. Окуп жүргөндө жан отум менен сездим муну. Үчүнчү курска келгенибизде бардык группалаштарым кымбат боло баштаган мен үчүн. Бир туугандык сезим денени аралап, ортобузда жылуулук. Мени группалаштарымдын баары эле өзүнө жакындаткысы, дил эшигин ачкысы келбесе да, кыйгач ачып калууга уруна баштадым ар биринин жан дүйнө эшиктерин. Кызык эле мен үчүн группалаштарымдын ар биринин жан-дүйнөсүнө баш багуу. Кулк-мүнөздөрүн, пейил-куйларын сырттан билгендей болгонум менен, кызыктырып туруп алды ич дүйнөлөрү. Мадина аттуу жашы өзүмө теңдеш кыздын ич дүйнөсүн билип алганыма толкундана сүйүнгөнүм эсимде. Пахтада

жүргөнбүз Ноокен районунун Сакалды кыштагында. Окуп жүргөн күндөргө караганда пахтада же чөптө жүргөн күн-түндүрдө группалаштарың менен убактыңдын көбү бирге өтүп, жакын болосуң. Пахтада достошуп кеттик Мадина экөөбүз. Кол бошогондо, көбүнчө кечинде бирге басып, сырдаш боло түштүк. Достук жылуу мамиле өнүп чыкты ортобузда. Бир жолу кечинде экөөбүз пахта терген жерибизден беш-алты чакырым аралыктагы колхоз ортолук кыштагына жөө жөнөдүк, кечки тамактан соң.

– Аскар,– деди Мадина, жай басып келатсак,– Мен бир жигит менен сүйлөшүп жүрөм. Сен дагы бир сүйлөшүп көрсөң аны менен.

– Мейли дечи, бирок өзүңө жакса болду да, үчүнчү адамдын арага киргени болбостур, Мадина?

– Тек дос катары гана сүйлөшөсүң да. Мен тууралу ооз ачпайсың.

– Жакшы болот.

Жанаша басып келатабыз. Ойлуу, жай сүйлөп келаткан Мадина минтти:

– Менин минткеним, ичимде кичине санаркоо бар. Бири-бирин жакшы көрүп, сүйүшүп жүргөн кезинде кыз да, жигит да терс мүнөздөрүн, осол жактарын, кызганчаак пейилдерин бири-биринен жашырат... Жан сырларын бири-бирине толук ачышпайт. Көбүнчө жигиттер, силер куу келесиңер. Бир жолку кумар отуңарды жазып алууга жетишкенден соң, кыздын ыйман-ызатына түкүрүп коюп басып кетесиңер. Мындайды мен көрүп калдым, Жалалабадда училищада окуп жүрүп. Эртеңин ойлобой таң-күн жигиттин эркине көнүп, акыры талаада калган кыздар болгон...

– Мейли Мадина, жигитиң менен сөйлөшүп көрөйүн. Бирок, менин байкаганым, айтаар сөзүм сага акыркы чечим болбосун...

– Албетте, Аскар, жаш эмесмин да.

Мадинанын жигити физматта окучу. Атбашылык эле.

Көрсө Мадина мени жигитин сынатканы ээрчитип чыккан экен. Мунусу анын мага ишеним көрсөткөнү эле.

– Бирок, Мадина, түн ичи экөөбүз барсак, кандай ой калат жигитиңде?

– Дал ушул керек мага, Аскар! Кандай ойдо калганы керек! Ха-ха-ха-а-а! – каткыра күлгөн Мадина алдыга жүгүрдү. Менден озо.

Колхоздун ортолук кыштагына жетип бардык. Тышта ойноп жатышыптыр студенттер.

– Ой! Кел, Мадина! Кел, Аскар! – деген жигити экөөбүздү тең кучактай тосуп алды.

Мадина курбу кыздарым менен учурашып чыгайын деп ичкериге кирип кетти. Эки жигит эки бөтөлкө винону, эки баш пиязды колубузга кармап, тышта, арык боюнда отурдук.

– Мадинанын сени менен келгени жакшы болуптур. Түн ичи кыздары менен келалбайт. Сен эркек эмесссиңби, дос.

– Сага келээрин билсем, көнмөк эмесмин.

– Неге?

– Ичиңде кандай ой калат...

– Койчу, дос. Мен Мадинага азыртадан ишенбесем, анда ага келечекте баш кошуу тууралу ойлоонун зарылчылыгы жок. Группалашың андай кыздардан эмес. Сени деле жакшы билем. Көңүлүң түз жигитсиң. Кимден кызганышты билебиз, досу-у-ум! – дей берип, аржактап күлүп, далымды сол колу менен каккылады.

Оң кашынын үстүндө кичине тырыгы бар, жазы маңдай, жапалдаш бойлуу жигит. Бир сааттай убакыт отуруп, анын жан дүйнөсүнүн үч-төрт барагын окуп алууга үлгүрдүм окшойт. Анын үстүнө ачык китептей шар мүнөзү, адамваздыгы куп жакты мага.

Винону ичип, бой жибип, кыйла ары-берини сүйлөшүп отурдук. Сөз жок, жакшы жигит.

Мадина экөөбүз өз конушубузга кайтып келатабыз. Жарым түн. Түнкү салкын жел жан сергитет. Мадина жыргап күлүп, мени колтуктап алган.

– Аскар, жигит кандай экен?

– Өзүң менден жакшы билесиң жигитиңди. Сөз жок, мындайды башка таба албайсың. Кызгануу не экенин билбеген кеңдигин кара жигитиңдин. Колдон чыгарбай, бекем карма.

– Мунусу, мүмкүн мага болгон кайдыгерлиги болуп?..

– Койчу, түк андай эмес! Анан, бая айтканымдай менин жигитиң тууралу жакшы оюм, сенин келечектеги чечимиңе таасир этпесин, уктуңбу, Мадина?

– Ал жагы тагдыр-насипте, Аскар. «Сүйүүнүн көзү сокур» деген сөз бар. Бирок, сүйүүгө сокур мамиле, сокур сезимде болсоң, андай сүйүүнүн акыры өкүнүчтүү...

Мадина эстүү жан. Жаңылышкан эмес экен ал. Жигити экөө жарашкан жуп, бир жакшына эрди-зайып болушту. Көптөн бери байланышыбыз жок. Балдарын үйлөп, кыздарын турмушка чыгарышып, неберелеринин ширин күлкүлөрүнө мас боло жүрүшкүндүр байбиче, аксакал болушуп. Үй-бөлө бактысы мындан артык болбос!

Курсташтарым Кулубек менен Күлүсүндүн сүйүүлөрү дагы башкача өңүттө эле. Экөө махабат лазатын көргөн жок. Анткени, жактырган кызынын эч болбосо колун бир жолу кысууга батына албады Кулубек. Сыртынан өлө сүйүп, өзү жаккан махабат жалынына өзү күйүп, сүйүүнүн жөргөмүш желесине өзү гана оролушуп жүрдү Кулубек.

... Күлүсүн эстүү, группабыздагы башка кыздардан жашы улууraak, Жалал-Абад педучилищасын Тамара, Тотулар менен бирге бүткөн. Күлүсүн деле Кулубекке кайдыгер мамиледе эмес болчу. Бирок, экөө таптакыр эки башка дүйнө. Экөөнүн оттору эки башка күйүп, мунун азабын Кулубек досум гана тартып жүрдү. Кыздын кылы кыйшайбады шекилди. Арийне, Күлүсүндүн ичине кирип чыкканым жок. Анын үстүнө ал кичине боюн көтөргөндөй

сезилчү мага. Ошентип, досум Кулубектин махабаты түтөп жүрүп күл болгон. Экөө окууну бүтүргөн соң, эки тарапка учуп кетишти. Бир уяга конушпады кайра. Мүмкүн, ичтеринде сыздашып, кичине болсо да армандары калгандыр артта калган из сымал. Кантсе да, алардын сыр-туйгулары чечилбей кала берсе керек . Чындап жылдыздары туура келбегендир бири-бирине. Мага табышмак бойдон кала берди экөөнүн түпкү сыры. Бир гана нерсени билем, андай сүйүүүнүн артында калган из тез эле өчүп калат. Мезгил сынагына туруштук бербей.

Дагы бир Сабыр аттуу группалашым эрте үйлөнүп, эрте ажырашты. Тагдырлар, миң түркүн тагдырлар... Кудай-таала канча пендесин жаратса, ошончо тагдырды кошо жаратканын. Ал досум алганы менен бир жыл жашап-жашабай кайра жалгыз бой жүрүп калды. Көрсө келинчеги кош бойлуу болгондон тартып күйөөсүн өзүнө жолотпой коюптур. Атүгүл төшөктө бирге жатпай. Мунусу ал кызга буюрулган тагдыр экен. Кош бойлуу болгон күнүнөн эркекти жек көрүп, төрөгөнчө эркектен качкан пейили бар экен. Группалашым өз башынан өткөнүн айтып отурса ишенбегем. Бирок, кийин мындай пейил күткөн келиндерди дагы көрүп, уккан соң ишенгем. Жашоодо баары керек. Жалгыз сүйүү менен эле жашоо уланбайт. Эркектик, аялдык парз да аткарылышы лаазым. Кудай-таала экөөн бири-бирин толуктап, жашоо кумарына батып өмүр сүрсүн деп ....

Сүйүү эмне экенин өмүрү билбеген, сезбеген Жармат аттуу курсташым бар болчу. Ошол жигиттин бир кызды жактырганын же сүйгөнүн көрбөдүм да укпадым.

– Э, сүйүү, сүйүү дейсиңер. Баары жалган, – деген бир жолу кесе сүйлөп ал.

– Эй, Жармат, Кудай буюрса бир күнү сүйүүгө жолугасың, шашпай тур! – деген экинчи курсташым чалгы чаап чаалыгып, дем алып отурганыбызда.

– Мен сүйүүгө ишенбейм. Ал жок нерсе, эч кимге сөз бербей туруп алган Жармат.

– Мектепте окуп жүргөндө да бирди-жарым кызга көзү-көңүлүң түшкөн эмеспи, Жармат? – таң кала сураган курсташым Эгемберди,– үч жыл студент болуп жүрүп дагыбы?

– Жок.

– А шордуу, досум! – деген башын чайкап Эгемберди.

– Сүйүүсүз жашоо жан-дүйнөнүн жалгыздыгы,– деген шондо Курбаналы. – Жалгыздыктын азабын тартасың го... Бирин-бири сүйбөй жашаган жубайлар өмүр бою жалгыздыктын казанында кайнашат.

Көрбөй калсак биз силерди жоктойбуз
Жалгыздыкта жатасыңар күнү-түн...
Адамзаты эч көнө албайт окшойбуз
Жалгыздык бул – өлүм окшойт тирүү үчүн.

*(Омор Султанов)*

Омордун бир куплет ырын айтты Жусуп.

– Жалгыздык адамдын шору. Ылайым, Жармат досум, сүйүүңө жолук. Жалгыз экениңди кийин билсең, кеч болот. Сүйүүсүз жашоодон өткөн жалгыздык болбостур! – Курбаналы жашый сүйлөдү, алиге унута албай жүргөн Патмасын эстеп.

Жармат институтту бүтпөй айылына кетип калган. Билбейм, кийин сүйүүгө жолуктубу, жокпу. Же бир кызга сүйүүсүз баш кошуп, бала-бакыралуу болуп жашап аткандыр, көр тириликтин шары менен. Махабат жалгыздыктын душманы. Көрүстөндө жалгыз жатканы деле жетишет пендесине.

Жайкы экзамендерди тапшырып бүтүп, чөп жыйноого жөнөп кеттик, Өзгөндүн Куршабына. Алмазар четине, балык көлмөлөрүнүн жээгине чатыр тиктик. Көлмө жээктеринде алмасын көтөрө албай ийилген шактар. Мажүрүм тал сымал шактары салаа-салаа ийилип, малынып турат

көл бетине. Алманы каалаганыбызча жеп, көңүлүбүз калды акыры, үч-төрт күн нөшөрлөп жамгыр жаагандан кийин, чайыттай ачылды күн.

Өйдө жактагы адыр-жондордо кечке чөп чаап, кечке жуук көлмөгө бой урабыз, жигит-кыздар аралаш. Кыздар ич көйнөктөрү менен сууга боюн ташташып, кыраан-кыткырык. О, садагам курсташ кыздарым! Силердин сымбатыңар, сулуулугуңар тунуп бүткөн көздөрүмө! Бирок, бирок... Ушунча бирге жүрүп сууга чөмүлгөндөрүн көрбөпмүн бирда бир жолу. Ич көйнөктөрү суу бетине калкып чыгып, не бир касиеттүү көрүнөт апапак денелери. Тал-талга бөлүнгөн чачтарынын бир бөлөгү көкүрөктөрүнө жайылып, бир бөлөгү жумуру ийиндерине артыла, көчүк тушунан ылдый төгүлөт. Ак денелеринен мончоктой тамчылар балтырларын карай сызып... Суу тамчысы болуп калсам кана, кыздардын апапак балтырларын өөп. Көйнөктөрү денелерине чып жабышып, төрсөйөт көгүчкөн тумшук төштөрү. Суу үстүндө калкыган перилердин ипичке белдери буралат. Колдору кең жайыла, аккуу канат. Бирибирине суу чапчып, огеле бакытка чөмүлүшөт, чыңыра, кыйкыра. Шок жигиттер араларына кирип барса ызы-чуу, чаң-тополоң суу бетинде. Эркелеген үндөр, назданган күлкүлөр, иймене бойлорун жигиттерден ала качкан... Судан чыкканда денелери титиреп, майда тамчылар көкүрөк туштарынан буттарын карай шорголойт. Судан чыккан ак куулардай тизилише, суу болгон чачтарын сыгышып, тунук көздөрү жоодурайт, жигиттер тарапты кыя тиктешип: « Биз ушундайбыз, билбесеңер билип алгыла, көрбөсөңөр көрүп алгыла!..» дешкендей.

Дагы бир группалашым Жаныш мыкты студент. Эң жакшы окуган жигит. Философия, психология сыяктуу татаал предметтерди семичкедей чакчу. Андан жардам сурачу көптөр. Бирок, майып эле. Студенттик турмуштун эң лазаттуу күндөрү болгон пахта терим жана чөп жыйымга баралчу эмес. Ушуну көп айтчу өзү да.

– Ка-ап, силерчесинен айыл чарба жумуштарына баралбасам!

Анткен менен, өтө зирек, адамваз. Колунда барын аяшты билбейт. Ошол кемтигин китептен чыгарат. Группабыздагы Сагын аттуу кызды жакшы көрүп жүрдү. Бирок, анысын эч кимге айта албады.

– Эх, Аска-ар! – деп түйүлө сүйлөп калчу кез-кез.

Бирок, оозун канча тырмасам да, ооз ачпады жакшы көргөн кызы тууралу. Жаныштын өзүн сүйүп жүргөнүн ныпым билген жок курсташ кызыбыз. Жүрөктөн сыртка чыкпаган сүйүү туулбай өлгөн наристедей экен-ов! Мүмкүн кыз муну билгенде, жооп кайтарар беле. Ортого түшүүгө даабадым мен. Анткен менен, кийин соң Жаныш жакшы жубайын тапты.

А кезде студенттер күн-түн китеп кучактап, китеп менен кошо уктап жүрчү. Китепканалар, окуу залдарында отурарга жай жок болчу. Эс алуу парктары, көздөн далдаа бак-шак түптөрүндө топ же жалгыздап китепке үңүлүп отурган студентти көрүү адаттагы көрүнүш. Студенттин пара берип баа алганын көрбөдүк да, билбедик. Ар бир студент бир нерсени билип калууга, өздөштүрүүгө, өз айылына «жүктүү» кайтууга тырышчу. Мугалимге пара берип баа алуу уят иш, жек көрүмчүл окуя. Андай студенттер бирин-экин боло калса, башкалар аны жек көрүп, бир чети бечара деп боорлору ооручу. Кокус сабагынан жетише албай калганы болсо, түн уйкусун бөлүп окушчу.

Студенттердин арасында « түнкү көпөлөктөр» чанда бир жолукчу. Ырас, анча-мынча «түнкү көпөлөк» кыздарыбыз да боло турган, бир күн бир жигит менен, экинчи күнү экинчи жигит менен жетелешкен. Минтип «студенттиктин доорун сүрүп калыш керек» дегендер жүздүн бири эле. Химия факультетинде окуган бир кыздын уят болгонун жакшы билем. Көрүнгөн жигит менен күкүкчөсүнөн бир түнөп жүрүп, кош бойлуу болгонун өзү билбей калат ал кыз. «Ушуну менен жүргөмүн» деп Өзгөндүк жигитке

жабышып, деканатка арызданат. Жигит мойнуна албай, текшерүү үчүн дарыгерлерге чейин кайрылышкан. Соңунда ак болуп чыккан тиги жигит. Уяты чыккан кыз институтту таштап, боюндагы атасы белгисиз чүрпөсүн көтөргөн бойдон айылына кайтып кеткен. Окусун деп жөнөткөн кызы үйүнө төрөлө элек чүрпөсүн көтөрүп кайтып барса, бечара ата-энеси кандай абалда калды экен? Анча-мынча ушундайлар да болчу студенттик турмушта.

А жакшы жүргөн жигит-кыздар төрт-беш жыл бою ынак болуп, студенттик күндөрүндө баш кошуп, үй-бүлө жатаканасында эрктүүлүк менен жашап, эл-жерлерине (экөө, баласы, эки диплом-бешөө) бакытка маарып кайтышат. Арийне, бакыт адамды издебейт. Адам бакытты артынан сая түшүп издөө керек. Бакыт туруктуулукту, берилгендикти, токтоолукту, сабыр-канааттуулукту, сүйүүнү, куш мамилени жактырат. Бакыт өзүн акылы, жүрөгү менен издегендерге келет. Бакыт алабармандыкты, туруксуздукту, ойсокеликти, кер ооздукту сүйбөйт.

Студенттик күн-түндөрдө парасаттуу пенде ушулардын баарына күбө болот. Көргөнүңдү, укканыңды акыл тизмегинен, көңүл чыгырыгынан өткөрүп, жүрөк каныңа чылап, өөнө-боюңа сиңирсең гана турмуштан бирдемени калкып ала аласың. Алакөөдөндүк жашоо баарынан куржалак калтырат.

## ОШ – АКЫНДАР КАЛААСЫ

О-о, акезде Ошто акын көп болчу. Канча-канча жигиттер ыр ааламга баш багып, канча-канча селкилер ыр дүйнөнү аралап. Ош акындардын шаары эле.

Оттуу акын Мамыт уулу Жолон дөө акындардын саркери, алдына эч ким чыкпаган. От табынан ысык эле ырлары, төгүп-төгүп ырлар окуса, тең келчү эмес көп акын.

Курбаналы Сабыр уулу, Лейлек жерде, Козубаглан жээгинен. Жаштайынан ыр бешикке бөлөнгөн. Ош калаа-

да акындардын эркеси, тапка келип, таасын чыгат жазганы.

Кармышак Ташбай уулу, Каракулжалык азамат. «Сагынуусун» канча жаштар, кумар канбай ырдады, Рысбайдын обонунда керемет.

Курманбайдын Калдыбай, колунан окуп калдык -ай! Түйүлүп ырлар окуса, канча бир сабак алдык-ай. Каракулжа жигити.

Тургунбайдын Эргеши, Каракулжа кулуну. Ыр дербиши, ашыгы да, арманы да– ыр, ыр, ыр! Ырдан башка лазат көрбөй жашады, кыска сүргөн өмүрдө.

Алыбайдын Турдалы, Жалалабат жигити. Ыр артынан сая түшүп, ырлар анын наар-азыгы. Жазганы бир татына, сукгандырын бүт баарын, эми гана алакандын отундай чыгарганда китебин, кете берген о дүйнө. Канча -канча ырлар калды жазылбай...

Эгемберди Эрмат уулу, Кадамжайдын уланы. Ырлары окшош Исфайрамдын толкун-шабырт агымына. Ырдын түшүп сары изине, ырга арнап өмүрүн, жүрөт Ошто ээлигип.

Бап уулу Касымбай, куш ысымдуу Лейлек баласы. Ээрчигени Эгемберди, күнү-түн. Ырларына сезим түнөп, окурманды дүргүткөн.

Нууман Саади, Лейлек жери Катырандын перзенти. Чарчабастык, чаалыкпастык үлүшүн Козубаглан дайрасынан алганбы, арбын жазып, алдыда.

Жоро уулу Турабай, ал да Лейлек эрени, Козубаглан наар берген, тандап алган жашынан ыры толо кемени.

Мурзапар Үсөн, Карабулагынан Баткендин. Бир чоң сайды гүүлдөткөн Суубашынын суусундай, үнү угулчу Ош жакка. Ыр, кара сөз, драмага берилип, сүрөт тартып, айкел жасап, өзүнчө бир дүнүйө...

Атакул Жакып уулу, бу да Лейлек баатыры, кулун кезден таскактап, Актеректен эрте учуп, эрте келген поэзия айылына.

Курбаналы Жубасубалы тукуму, Карасуулук жаш акын. Жазгандары не бир терең. Досум менин, сырдашкан, күн-түнү.

Жусуп акын Баймурзанын мурасы. А да окшош Кыштут аттуу дайрага. Ташкындаса ээ-жаа бербей, жээк уруп, бир соолуса көпкө бугуп нугунда.

Эгемберди Садир уулу жан досум, жакшы ырларды жазчу эле. Негедир канча айтсам да, ыр кечелерине, ийримдерге барчу эмес. Бөтөндөрдөн жашырчу жазгандарын. Кез-кез мага гана окуп берип, суроолу карай турган жүзүмө.

– Эгемберди, сенден жакшы акын чыгат, акындар үйүрүнө кошулсаң. Койчу дос, мендей эки сап ырды токуй салуу ар бир кыргыздын колунан келет. Эриккенде гана анча-мынча жаза коем, – дей турган. Жакшы акын чыгаар беле, аттиң, эрте кетти арабыздан.

Жумабайдын Тургунбай, «сакадай бою сары алтын». Токтоо мүнөз, жылжып аккан дайрадай. Ырлары да өзүн тартып жай ыргак, түбү терең өзөндөй. Махабаттын деңизинде сүзүп жүрөт түбөлүк.

Доордун Абдилахаты, а да Лейлек эрени, ыр найзасын бийик-бийик көтөргөн, поэзия берени. Бир сабында ат көтөргүс маани бар.

Уриниса Мамат кызы, Каракулжа селкиси. Ырлар жазат не бир назик, мимозанын гүлүндөй. Ырлар жазат не бир жашыл, тал чыбыктын бүрүндөй.

Машырап кызы Сабира, ыр жагынан өтмүштөгү акын Надирага окшотчубуз. Бирге окуп, бирге бүттүк, татынакай кыз болчу.

Дагы-дагы санаалаштар, ыр жазган. Ийримдерде ийри отуруп, ырлар окуп, куштар менен жарышып, куш канатын талыткан.

О-о, ал чакта бактылуу эле Ош калаам, ырканага айланган.

О-о, ал учур, акындардын заманы!

Бүт жаштардын жүрөгүнө ыр түнөп, ырдын даамын татышчу. Жазбаса да, жазгандардын окуп ырларын, ырахатка батышчу. Кайсыл жерде ыр окулса, ошол жакка шашышчу. Колдорунан китеп түшпөй, окуп таңды атырчу. Романтика, кыял-ойго берилип, максат менен жашап жүрчү уландар да, кыздар да. Кайсы акындын чыкса ырлар жыйнагы, калбайт эле дүкөндө. Бардыгынын колдорунда ыр китеп, окуп-окуп, өз ойлорун айтышчу.

Акындардын кербен башы, көч башы Оштогу – Жолон акын болучу. Баары сүйчү Жокени. Оштун эрке уулу эле. Сүйбөгөн да ырларына жыгылчу. Эл чогулса, ыр төрүнө ал биринчи өтүүчү. Опурулуп, жапырылып, Ак-Буурасындай сапырылып жазгандарын жатка окуса, баары жымжырт, шырп этпей, кулак түрчү. Жолон аке акындардын күлүгү да, дулдулу, сызып учса куш сулуусу, ак куусу, көк жиреген бүркүтү, сайрап кирсе булбулу. Баары ээрчип, чоң акынды, баары ага жүгүнчү. Көчө-гөйбү, баксаябан же аудиториябы же, жатакана-ашкана, чайканабы – кайсыл жерде болсо да, ал тууралу сөз жүрчү.

О, ал маалда кыргыз жери ырдын жери, акындардын дооpу, акындардын араандары ачылып, бардык жерде ыр жентеги чачылып... Бишкек менен Ошто өтүп ыр үлпөт, баары келчү ырканага агылып да чубалып.

Баш калаабыз Бишкекте акындадын чоң үйүрү:

Акезеңде көч алдында Сүйүнбайдын «Ак Мөөр», Байдылданын «Аялдар» да Соронбайдын «Түрмөк булуттар». Көч улаган «Көлчүктөгү Айы» Турардын, «Сен жөнүндө поэмасы» Омордун ,Табылдынын « Каректеги жер» ак ыры да, Сүйөркулдун «Ресторандын жаштары», Анатайдын таттуу Мургап саптары колдон түшпөй, окулганы окулган. Не бир улуу ыр саптары, агымы мол дайрадай күнтүн акчу шарылдап. Рамис акын өзүнчө бир өстөндө шарылдап агып турчу. Канча жаштар анын ырдуу дайрасына киринип, салкын тартчу жандары.

Биз аларды пир тутуп, этегине сыйынып, жата калып окуп ырларын. Рахат алып, кумар жазып, лазат балын шимирип, өткөрчүбүз дүйнө сырын, акындардан үйрөнүп. Басканына суктанып, жүргөнүнө көз куйүп. Арзып дайым ошолордой болууну.

Дүйнөнүн табышмагы – поэзия,
Ааламдын кенендиги – поэзия,
Жан дүйнө тереңдиги – поэзия,
Сезимдин үлпүлдөгү – поэзия,
Кыялдын учкулдугу – поэзия,
Кудайдан ыйык белек – поэзия!

Эсимде, Рамис акын Ошко келген. Ыр жандуулар ээрчип анын артынан, ырын уксак, сөзүн уксак дегенбиз. Жатакана фоэсинде улан-кыздар жык-жыйма. Окуп жатты Рамис акын ырларын, төгүп-төгүп. Угуп жатты улан-кыздар, жымжырттык, чымын учса угулат. Ыр дайрасы баарын агызып, толкунуна минип угарман. Ыр дарыясы Рамистин күр-шар агып, улам күчөп, өзү айтмакчы «күркүрөп, да шаркырап...«

Машинада дарбыздар
Бара жатат олтуруп.
Дарбыз баш балдар да
Түшүп барат ичинде.
Ашкабактар даңкаят үй түбүндө.
Берекесин чачып талаага
Күз чаттайт, жыртык капчан.
Кабы кетти жарылып
Төгүлүп калды алма, алмурут.
Жол таманы бүт саман.
Чыдай албай токчулукка
Ак төө карды жарылган
Тарс этип.

Рамистин ыр окуу ыгы жаңыча, ыр саптарынын ыргагы жаңыча, сөз тандоо, тизмектөөсү өзгөчө. Сөздөрү жаңыча кыналып, башка планетанын акыны келип шаңшып ырдап жаткандай туюлат. Баары тымтырс. Ыр толкуну гана шаркырап атты... өз айлыбыздын берекелүү күзү тартылып көзүбүзгө, эңсеп аткандайбыз. А, төгүп атты ырларын Рамис дервиш, күзгү алма шамалга патыр-патыр төгүлгөндөй. Жаңшып атты ыр «чудагы». Дале чурк этпейт эч ким. Ал анткени, баары күр-шар аккан ыр шарында. Бир токтотсо ал агымды, Рамис өзү токтотот. Аны билип, дербиш акын минтип кесе айтпаспы:

– Мени уккула, ырга кумар жиндилер!

Кулак түрүп калды баары Рамиске.

Анда айтканы:

– Акын кыздар – акын жигиттердин аялы!

Баары күлгөн, шатырап. Таарынган жок эч бир жан. Баары ыраазы, эркеги да ургаачы. Кайра дагы ыр оку деп, чоң акындан суранып. Жыргап уккан, ыйлап уккан бүт баары.

О, ал чакта окурман, жыргап укчу, ыйлап укчу ырдап жатса акындар!

Институттун эски имарат, алигече эсимде Жолон аке ыр окуган Ак-Буурадай көбүрүп. Отурарга эмес, турганга жай жок. Төгөрөк зал толо жаштар. Төгүп жатты ырларын Жолон аке, төгүп жатты нөшөрдөй да мөндүрдөй. Ээлигүүнү, жээлигүүнү, жээгине батпай толкуп агууну Жолон аке Буурасынан алгандай. Бир токтобой, бир демикпей ырдаса, чарчоочу эмес. Өз ырларын жатка айтканга эч ким ага тең келчу эмес. Белин ийип, мойнун буруп, башын өйдө-ылдыйына түшүрүп, Оң кол-сол кол дирижердун таякчасы, тынбаган. Опурулуп, жапырылып ырдаса, уккан жандар тан берчү. Бийик тондуу, сыры терең ырлары, алып кетчү окурманды капкаякка жетелеп.

Жылкымын мен турмуштан үркүп калган,
Белгисиз багыттарга сапар алган.

Башка ырынан:

Күзгүмүн, сыйын мага,
Мен күндүн сыныгымын.
Мен күндүн сыныгымын,
күзгүмүн, сыйын мага.
Сен болуп көрүнөм мен,
сансызга бөлүнөм мен
Анда да сансыз ирет
Сен болуп көрүнөм мен.
Мен күндүн сыныгымын,
Канакей, карма, мени.
Сансызга бөлүнөм мен,
Сен болуп көрүнөм мен...

Бул ырын айтып жатканда, Жокем бүтүндөй башкача көрүндү мага. Өз ырынын маани-маңызы менен табиятына жараша миң өзгөрүлүп, бүтүндөй тулку бою аракетке келип, жүзү жайнап, колдору көктө учкан бүркүттүн канаттары... Угуп тургандардын баары ушул чакта өз жүздөрүн күзгүдөн карап тургандай, акындын ар бир кыймылын, мимикасын ээрчип алышкан. Акын оосо оң жакка, баары оот оң жакка. Акын оосо сол тарап, баары оот сол тарап. Эңиштесе алдына, эңиштешет алдыга.... «Мына, ыр окуу чеберчилиги! Атаңызга ырахмат, акын ага!» – ичимден тан бердим. Зал ичи тымтырс. Төгөрөк залдагы беш жүздөй көздөр бир чекитке, акынга найза учундай кадалган.

Канча адам отурса үлкөн залда, көздөрү өтүп акындан, бойлор ээрчип акын кыймылын. А, кулактар акындын албууттанган үнүн карай тосулган. Канча адам залда отурса, сезимдерин бийлеп алган Жолон дөө. Залдын ичин каптап кеткен ыр-толкун. Толкун минип, угармандар чайпалат. Ыр дүйнөсү, ыр деңизи баарын-баарын коргошундай эритип, ааламына сезимдердин алпарат. Алакандар

жарылганча чабылып, дуу-дуу үндөр коштойт акын эргүүсүн...

О-о, ал мезгил – поэзия заманы. Оомат келип, акындарга, ыр сүйгөндөр колдоруна көтөрчү!

Институттун жаңы имарат залында, Сооранбайдын ыр үлпөтү-кечеси, не бир улуу толкундоону жараткан. Ыраматылык агайыбыз улукман Жээналы Шериев алкап акынды. Илип алып көз айнегин, как мурундун үстүнө, шашпай окуп ырларын, Сокем жатты аста-аста күчөнүп. Оюу тунук, саптар мончок тизилген. А, уйкаштар бир калыпта аккан дайра. Сөздөр болсо кирпичтердей кыналган, куплеттер кербен сымал чубалган... Угармандан үн угулбайт шырп эткен. Ойдун баары акынды ээрчип, акын менен бир кеткен. Сокем ырдап жымжырт аккан өзөндөй, канча окуса ыр көлмөсү бөксөрбөй.

*«Ак кайыңдан»*

Көрүнүп көзгө дапдайын,
Көчөдө жалгыз ак кайың.
Калтырап турат сумсайып,
Кар басып бутак-шактарын.
Ал эстейт жайдын кечтерин,
Атырды гүлдөр сепкенин.
Кыз-жигит келип түбүндө,
Кыналып турган кездерин.

*«Кымбатымдан»*

Жаркын гүлдөр жасалгалап кыр башын,
Жай чыгарып табийгаттын сымбатын.
Жер жапжашыл, менин өңүм керсары,
Жайда неге келбей койдуң, кымбатым?

*«Адаммын»*

Адаммын, төбөм тоңгон сеңир эмес,
Жүрөгүм жыгач эмес, темир эмес.
Адаммын, таш эмесмин катып турган,
Пейлим бар тарылып же ташып турган.

Түздүктөгү тынч аккан дайрадай шашпай окуй берди ырларын, окуй берди Сокем. Тынч, секин аккан дайранын түбү терең дешет. Сокемдин ырлары терең, ою терең. Шондуктан, зал ичи кудум бир жан жоктой жымжырт. «Кыйч», «тырык» эткен үн угулбайт. Отургандардын баары ойлуу тартып, жел кайыктай калкып акын ырлары. Жел кайыкта отурат ыр уккандар, ыр саптары желпип салкын шапада... Ар бир ырдын аягында зал жарылып кетчүдөй дуу-дуу үндөр, коштоп жатты акынды.

«Омор акын Ошко келди!» деген кабар дуу тарады калаага. Студенттер, шаар жаштары толду залга. Сөөлөттүү жигит турду зал сахнасында. Колунда ыр толгон барактар. Акындын «Сен жөнүндө поэмасы» менен «Отузунчу станция» аттуу китептери жаштар арасында бестселлерге айланып, колдон колго өтүп тытылган маал эле. Шондонбу, залдагылар тура калды дуу эте, көрүнгөндө акын караан. Сөөлөттүү, бычымдуу жигит экен жазы маңдай. Колунда ыр жазылган толгон барак. Омоке чыдамсыз күтүп турушкан ыр ышкыбоздоруна салам айта, бир айланта карап чыкты зал ичин. Анан кетти шумгуп, сүңгүп ааламына ыр кенчтин.

Заман ыргагы сиңирилген ырлар тез эле жаштар боюн бийлеп, сезимдерин арбап алды. Өздөрү күндө уккан, жүрөктөргө уюп калган үн-добуштар, ыргак-дүбүрт ырларында акындын, бир башкача жаңырып, ыр ааламга сүңгүп кетти көпчүлүк.

Омор акын, уулам күүсү артып жаткан паравоздой күпүлдөп, эл отурган вагонду сүйрөп барат, чексиз-учсуз мейкиндерге алпарат. Угарманды махабаттын деңизине киринтип, анан кетет космос-аалам мейкинине үңүлтүп. «Отузунчу бекетинде» токтотуп, сансыз-чексиз жылдыздарды көрсөтөт. Аалам кезип, чаалыгып, «Чарчоонун жүзүнчү ырын» угузат. Ырдын күчү, ыр кумары оттуу жаштык көздөрдө бир чекитке кадалткан.

Анда жаштар ой-кыялы жете элек чексиздерге, поэзия канатына минип жетишкен. Алыс-жакын, акыл жетпес туңгуюктан, ыр-көпүрө жолу аркылуу өтүшкөн. Кыялкечтик, фантазия, максат-мүдөө, сезимталдык, эли-жерди сүйүү сабагын поэзия мектебинен алышкан.

Ооба, ал учурда кыргыз жаштары поэзия, ыр десе жантыгынан жата калышчу. Түгөлбай Казаков айтмакчы, биз, ыр ышкыбоздору «Омордун, Турардын, Жолондун шинелдеринен чыкканбыз». Бул үч акын биздин кумирибиз, арманыбыз менен көздөгөн жылдыз конгон бийик чокуларыбыз эле. Ошол үч чокуга чыксак экен деп эңсээр элек күн-түнү... О-о, акезде, ырдын дөөлөтү, кадыр-баркы бийик болчу, аттиң-ай!!

Ушундай бир таттуу күндөр бийлеп, биздин жаштыкты, ырдын деми азык болгон жаныма. Гүлсара экөөбүз ынак болуп кеткенбиз. Көп саптарды ага арнап, окуп берип жүргөмүн. Ырым окуп, эсесине ак жүзүнөн өпкөмүн! Чиркин десе, сүйгөн кызым ырдай таттуу жан экенин билгемин! Уккум келчү ар убакта, Гүлүшүмдүн чулдур булак шылдырындай жан эриткен күлкүсүн. Көп ырымдын тунуктугун Гүлсаранын сүйүү толо көлчүгүнөн сүзгөмүн.

## МУРЗАКЕМДИН СЫРДУУ ДҮЙНӨСҮ

Табиятыңа жакын адамды али жүздөшүүгө үлгүрбөсөң деле, тааныш болбосоң да жан-дүйнөңө жакын тутат экенсиң. Таланттуу жазуучу, драматург Мурза Гапаровдун чыгармаларын өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынан суктана окуп жүргөм. Жүзүн көрүп, сөзүн уга элек болсом да, акишини дилимде өз Устатым катары кабыл алгам. Ар бир жаңыдан жазган чыгармасын жаза кетирбей кайра-кайра окуп, кумарым канчу. Мурзакемдин аңгеме-повесттери, драмаларынын тили жатык, жөпжөнөкөй,

поэтикага жык толуп турганы менен арбап алчу. «Кара көлдүн каздары» аттуу аңгемесин окуп алып, Памирди көрүүнү эңсеп калганым да бар. «Дарыялардын шоокуму» повестин окугандан кийин соолуп, нугу какшып калган дарыянын анык мүшкүлүнө түшүнгөм. Арстанбапка канча мертебе барганым менен, Устатымдын повестин окугандан кийин гана ажайып токойдун чыныгы кереметин көрө, туя билгемин.

Ашкере таланттуу жазуучунун аңгеме-повесттери кара сөз эмес, ыр. Башынан аягына чейин поэзия ыргактарына шыкалган. Мурзакемдин жаратылышты назик сүрөттөө касиетин мен орустун улуу сүрөтчүсү Шишкинге, адамдын жан дүйнөсүн жумшак юмор менен жеберине жеткире ача билгенин Антон Чеховго жакын деп айта алам.Киши баласынын кулк-мүзөсүн көлөмү өтө кыска аңгеме-повестеринде канжар мизиндей курч ача билгенин француз классиги Проспер Меримеге окоштураар элем. Дүйнөлүк дөө-шаа жазуучулардан сабак алып, анан эч бир талант ээсиникине окшобогон кайталангыс өз чыгармачылык устаканасын жаратып, кыргыз пейили менен мүнөзүн терең ача билүү үлүшүнө ээ болгон. Мен жаратылыш менен адамдын жаны биргелигин, жуурулушуп жатканын, киши баласы жаратылыштын перзенти экендигин, жаратылыштын кунун учурган адамдын өзүнүн куну учуп кетээрин шунчалык ишенимдүү айтып берген, тасын сүрөттөгөн бирин-экин гана кыргыз жазуучуларын билем. Булардын бирден-бири Мрзакем!

Жаралганы акын болуп төрөлгөн Мурзакемдин кара сөз менен жазылган чыгармалары ыр жыттанып, ыргактар жыш. Поэтикалык тереңдик, көркөм өнөрдүн бардык түрүнө мүнөздүү айкалыштыруунун (гармония) кайталангыс чебери болгон. Анын чыгармаларын окусаң Есениндин, Анна Ахматованын, Чили акыны Габриэла Мистралдын, француз акыны Пол Эльюардын, Шотлан акындары Роберт Бернс менен Эдгар Алан Понун, кыргыз акыны

Сагын Акматбекованын жан дүйнөңдү жибиткен лиркаларын окугандай сезимге батып, кыялга чөгөсүң. Дээрлик бардык чыгармаларынын каармандары адамдарга жакшылык каалаган кең пейил, жоомарт, көңүл-ниеттери тунук адамдар. Көңүлдөрүндө кирлери жоктугунан башкалардан жапа чегип калган учурлары көп. Биздин жаштык куракта көп жазуучулардын чыгармаларынын каармандары мүнөзү, дүйнө көз карашы, коомго жасаган мамилеси жагынан бири-биринен кескин ажыратылып сүрөттөлчү. А, Теңир тарабынан бир эле адамга оң да, терс да мүнөз берилгенин унутуп коюшкандай эле. Тарыхый шарт же чөйрө менен зарылдык гана адамдын оң же терс мүнөзүнүн күчтүү өнүгүп кетишине себепкер болоору эске алынчу эмес. Мурзакем өз каармандарынын терс да, оң да кулк-мүнөздөрүн, кылык-жоруктарын жумшак мыскылдуулук, таза жүрөктүү апенди чалыш (чудак) пейилде ачып, сарказмды (жумшак какшык) мол колдончу. Мындай ык анын чыгармаларын табигый нукка буруп, ар бир окуган адамды арбап алаар эле. Көрсө ар бир пендеде апенди чалыштык мүнөз болот экен.Ошондон улам анын каармандарынын арасында адамга жек көрүндү каармандар анчейин жолукпайт. Пенденин жашырынып жаткан мындай касиеттерин Мурзакемдей көрөгөч жазуучу гана илгиртпей илип алып, чыгармасына пайдалана алат окшобойбу. Мурзакем кичинеби, чоңбу өз каармандарынын жана алар баштарынан өткөргөн окуялардын трагедиялык колго киргизе көз ирмемдерин да укмуштай устаттык менен кармап алчу. Бул жагынан ага жазучу Нууман Сайдуллаевдин стилин окшоштура берем. Экөөнүн тең каармандары өмүр бою көз алдында тирүү бойдон калып, колу-бутуңа аралашып жүргөндөй туюла берет...

Жазуучу өмүрүнүн аягын чейин адамдардын жумшак, сылык болушун эңсеп, асылдыктын артынан сая түшө изденип келди. Мурзакемдин чыгармасын окугандан кийин гана адамдар Ноокат-Ош кан жолунун жээгинде өскөн

бадам токоюнун ажайып гүлдөгөнүнө суктана башташты. 1984-жылдын жазы болсо керек эле. Мурзакем Баткенге келип, редакцияга баш бакты. Шап ордумдан туруп, каршы алдым кубана. Жылдызы туура келет деген ушул болсо керек, ошол күндөн өмүрүнүн аягына чейин жаны бирге болуп жүрдүк. Ошондо Мурзакем атайын Баткендин айгүлүн көргөнү келген экен жарыктык! Айгүл тоого үч күн катары менен зыярат кылдык экөөбүз. Биздин минтип айлуу кечте түн күзөтүп, таңды тосуп алганыбызды эч ким билген да, көргөн да эмес. Мен дагы эч кимге айтпадым. Эми ушул эссемде жазып отурам. Устатым: «Аскар, мындай элден жашырынып зыярат кылганыбызды эч бир жан билбеш керек. Антпесек, биз жолуккан сыр ачылып калат да, кийин чыгарма жазсак кызыгы кетип калат» деген чын дилинен. Бактыбызга айгүл ачылган тушта Айдын он эки-он үчү болуп, толуп-ташып, аалам түнүн кереметке бөлөп, жарытып турган. Таңкы шүүдүрүм гана түшкөнү болбосо, жаратылыш күлө-жайнап...Таңкы шүүдүрүм айгүлдү огеле назик кубултат. Тоо кырында моюн созо Айга жүзүн бурган гүл не керемет. Гүлдүн мойну неге мынчалык узун болот десе, түнкү толгон Айга умтулат тура. Неге мынчалык сулуу, чырайлуу болот десе, Айдын апапак нурун шимирет тура! Ай нуруна гүл талдары жазылып, жайнап ачылып, огеле сулуу. «Пай-па-а-ай!... – деген ошондо Мурзакем шыбырай,– Не деген ажайып гүлүңөр бар! Жылда апрелде келем, Айгүл менен учурашканы».

Таңкы салкын желдин денебизди чыйрыктырганына карабастан, ошол түнү Күндүн чыгышын Айгүлтоодо тосуп алганбыз. Наркы адыр чокуларынан көрүнгөн Күндүн кызыл-кочкул нурларынан ийменгендей Айгүлдүн көккө умтулган баштары шылкыя баштады. «Бул Айдан азык алган гүл турбайбы.

Шондон улам Айгүл атыккан тура!», деди Мурзакем өзү үчүн ачылыш жасагандай сүйүнө. «О-о Эне-Жараты-

лыш сага жүгүнөм! Сенден кубат алам! Ыр-күүгө толгон касиетинди кагаз бетине түшүрүүгө урунам!!» – деди күбүрөнө. Кыйлага отурду таш үстүндө, кимдир бирөө менен сүйлөшүп жаткан тариздe эриндерин кыбыратып Устатым ушул ажайып көз ирмемдерде Эне – Жаратылыштын сулуулук, асылдык перилери менен сүйлөшүп жаткандай сезгем. Чыгармачылыкка мынчалык сырдуу, аруу, бар болумушу менен берилгендикти, мен ушу Мурзакемден көргөм. Сулуулуктун кадырына жетүү гана эмес, андан лазат ала билүү керектигин үйрөнгөм. Мурзакемдин чыгармалары не сулуу, көркөм, жанга жакын экенин ошондо боолгогом.

Көп узабай Устатымдын «Ала-Тоо» журналына «Айгүл тоо» аттуу көлөмдүү аңгемеси басылган. Окурман журт элең эте түшүп, «Айгүл Тоону» кыргыз адабиятындагы жаңы кубулуш катары кабыл алышып, шүйшүнө окушкан. А, жазуучу өзү «Айгүл тоо» аңгемем менин жазуучулук өнөрүмдөгү кредом (жеткен бийик чоку), эми мындай чыгарма жаратаарымды бир Кудай билет» дегенин көп ирет өз оозунан уккам. Бул аңгемесинде жазуучу кыргыз адабиятына эки жаңылык алып келген. Биринчиси, баш каарманы Али акенин өмүрүнүн жалаң адамдарга жакшылык каалаган соопчулук изги ишин ийине жеткире сүрөттөп, бүтүндөй жаңыча каармандын бейнесин түзгөн. Экинчиси, дүйнөдө сейрек өскөн айгүл гүлүнүн кайталангыс кооздук, сулуулугунун поэтикалык бейнесин эң чеберчилик менен жаратккан. Поэтикалык эргүүгө лык толгон аңгеменин тили да элпек, өтө жеңил окулат. Бул кара сөз менен жазылган поэма эле. Мурзакемдин «Айгүлтоосун» окугандардын ичинен оболу Бишкекти байырлашкан өнөр адамдары Баткенге атайын Айгүл гүлүн көргөнү эңсеп, дегдеп келе башташкан. Бүгүн, тиягы Түп, биягы Талас, оягы Алай, Чаткалдан бери айгүлгө зыярат кылганы келгендердин аягы үзүлбөйт. Мурзакемдин аңгемесинин сыйкыры ушунчалык болуптур, карылыгы жеткен

чоң жазуучу Төлөгөн Касымбеков да атайын Айгүл тоого зыяратка келип, жигиттер тоо бооруна көтөрүп чыгышып, өз көзү менен ажайып гүлдү көрүп кеткен.

Ал кара сөз менен ыр жазып, прозалык ырдын шедеврин жаратып жүргөн. Өмүрүндө Жапонияга барбаса деле, барып келген көп жазуучуларга караганда жапан эл-жеринин касиетин, өзгөчөлүү өнөр беренелерин дилинде мыкты өздөштүргөн. Буга анын «Киотого кеткен жол» аттуу драмасы айныгыс күбө. Чеңгелдин тикенек гүлүнөн да аруулукту, асылдыкты көрө билген Устатымдын кайталангыс өнөр сырын менчелик эч ким билбейт деп ачык айта алам. Жазуучу өз жан дүйнөсү тууралу анча-мынча пендеге ооз ачпай, анын чеберчилик устаканасы менен көптөр тааныша алышкан эмес. А, мага көп жолу өзүнүн чыгармачылык сырларын ачыла айтып бергенине сыймыктана, алиге канаат алып келем.

Кайран акын агам гүлдөрдүн да гүлдөрүн сүйчү. Айрыкча, Күндүн таңкы кызыл нурунан бүткөндөй кулпурган шаптолунун пушту гүлүн артыкча сүйчү. Кыялында дайыма өз колдору менен шаптолу багын жараткысы келчү. Байтик айылынан эки жүз метрдей өйдөрөөктө, Ала-Арча суусунун жээгинен дача курам деп алган жерине барып калсак: «Мынобу Күнгө бет жанбоорго толтура шаптолу көчөттөрүн отургузам, Күн чыга бергенде шаптолу гүлүн кумарлана тамаша кылганга жакшы. Буюрса сен дагы келип көрөсүң«,– деп ниет кылчу Устатым! Анан экөөбүз мен атайын ага арнап алып барган Баткен шарабын дарыя жээгине отуруп алып иччүбүз. «Баткен шарабы күн жыттанат, карасаң күн боегун!» – дечү. «Өмүр бою Арстанбаптын токою түшүмө кирет, Аскар.

Мен шул дачамды кнпкичине, ажайып бакка айлантып алсам э-э...»,– деген ошондо ал кыялдана.

Аттиң, пенденин ойлогон максатынын баары эле жүзөгө аша бербейт тура. Жазуучунун дача курам деген жери көпкө аңгырап бош жатты. Кез-кез Бишкекке барып кал-

сам, атайын аерге барып, Мурзакемдин элесин издеймин. Ала-Арча суусунун жээгине отуруп, Устатымдын арбайына куран окуп кайтам. Мурзакем менин жанымда жүргөндөй туяла берет мындай көз ирмемдерде. Бир жолу Бишкекке барганымда атайын Батке шарабын ала барып, эки пиялага куюп, бирин өзүм ичип, экинчисин өмүрү узак Ала-Арча суусуна куйдум да, минтип ниет кылдым: «Ылайым Мурзакемдин руху ушул суудай адамдардын кан-жанына сиңсин.»

Жарыктык акем Баткендеги асман тиреген тоолордун койнундагы айтылуу Зардалы айылы тууралу да көп айтчу. Ошондон алган таасиринен улам «Нойгуттун кызын издеп» деген ажайып повестин жазган. Кийин ошол повесттин сюжети менен «Өрүктүү өрөөн» кинофильмин тартууга даярдык учурунда жер тандап, режиссер Кадыржан Кыдыралиев болуп Баткен жеринин кыйла жерин кыдыра көрүп чыкканбыз. Ошол кыдырууда үчөөбүз Зардалынын үстүндө, кууш капчыгайдын ичиндеги жапжашыл, ат чабым аралыктай чакан түздүктү көргөнбүз. Июнь айы. Өрөөнчө миң түркүн гүлгө толуп кулпурат. Мындай кооз көрүнүш кыргыз жеринин бардык жеринде жолугат дечи. Бул өрөөнчөнүн өзгөчөлүгү: эсепсиз көпөлөк жер бетин бербей учуп жүргөнүндө эле. Түркүн түстөгү көпөлөктөрдүн ойкуп-кайкып учкан оюндарына тойбой көпкө карап отуруп: Мен «Көпөлөк өрөөн» аттуу повест жазам!»,– деген Мурзакем толкундана. «Мен ата-бабаларымдын изи калган Көпөлөк өрөөн жөнүндө эртеби-кечпи чыгарма жазам!»,– деп жүрүп о дүйнө сапар тарта берген кайран киши. «Устатымдын ушул изги максаты жерде калбаса экен» деген ой мени көпкө кыжаалат тарттырып жүрдү. Жакында ошол карыз максатымдан кутулдум. «Көпөлөк өрөөн» аттуу повест жаздым. Муну менен оор жүктөн арылгандай, жан дүйнөм кыйла жеңилдей түштү. Повестимди Мурзакемдин ыгына салып, поэтикалык боек менен сугарууга тырыштым. Мындай далалатым канчалык ишке

ашканын бир окурманым билбесе… Албетте, жазуучу өзү жазганда дагы бир кайталангыс жаңылык киргизмек адабиятыбызга.

Устатымдын бир элеси өмүр бою көз алдымдан кетпейт. Айгүл тоонун боорун кадып жүрүп, чоң сары таштын бетиндеги көлмөчөдөгү как сууну көргөнбүз. «Ой! Бул неси!? – ал суугa манжаларын аярлай малып, эрдине тийгизди,– Таптаза экен!». Анан кочуштап ичти. Мен да ичтим. Мупмуздак, сапсалкын. Жамгыр, кар суулары таш көлмөгө агып келген нукту тазалап, шыпырып, чөп-чардан арылтып, көпкө убараланды кайран киши. Жасап жаткан жумушуна сүйүнүп, толкуп, көздөрү күлүп алган. Как суугa жасаган аяр мамилесин карап туруп, жазуучунун Эне-Жаратылыштын өз баласы экенин,– биз «гөй баласы экенибизди туйгам. Эне – Жаратылыштын өз баласы гана «Дарыялардын шоокуму», «Айгүлтоо», «Кара көлдүн каздары», «Жаңгак токоюнун жомогу», «Кызыл беде», «Өрүктүү өрөөн» сыяктуу жаратылыштын гимни болгон прозалык-поэмаларды жаза алат.

Өмүрүнүн акыркы жылдарында Мырза Гапаров «Жаңгак токоюнун жомогу» аттуу көлөмдүү китебин басмага даярдап жүрдү. Тек каражат табылбай кечигип атты. Ошол жылдары жазуучу туталанып, күйүп-бышып, өз денесине өзү батпай жүргөн болчу. Минткени чыгармачылыгы гүлдөп, чыгарма артынан чыгарма жазуу учуру келгени менен, аны басып чыгаруу эмес, күндөлүк жашоонун өзү түйшүк болуп турган кез болучу өткөн кылымдын токсонунчу жылдары. Жазуучу үчүн мындан өткөн мүшкүл күн жок. Өмүр бою окуп, изденип, үйрөнүп, турмушту иги-жигинен казып, адам кулк-мүнөз, кыялын өздөштүрүп, көкүрөгүндө жыйган-тергендерин ийлеп жазууга келгенде, минтип туңгуюкка кептелүү не азап! Ошондон улам жазуучу «Спонсор керек, өлгүм келет!» аттуу драмасын жазган. Аталган драма жазуучунун ыймандай сыры, арманы эле. Жазуучунун арабыздан эрте кетүүсүнө чал-

дыккан оорусу эле эмес, чыгармаларын жазууга, басып чыгарууга шарттын жоктугу да себепкер болгон.

«Э-э Аскар, – деген бир жолу үйүндө отурсак, – Мен үчүн мындан ары жашоонун кызыкчылыгы калбады...»

Ошондо Галя жеңем:

«Көрдүңүзбү, акеңиз эми мен өлүшүм керек дей турган болуп алды» – деген бышактаган бойдон ашканага кирип баражатып..

«– Мурзаке, неге антесиз. Сиз али көп жашайсыз. Элиңизге көп нерселерди бересиз«,– дегем мен.

– Э-э, абалыңды сурап койбогон Өкмөт менен элиң!..»

Аттиң десең! Сейрек талант ээлеринин көкүрөктөрүнө жыйган көркөм беренелерин кагазга түшүрүп калуусуна неге учурунда Өкмөт кам көрбөйт?.. Асыл рухий байлыктар өзү менен кошо жер астында кала бербедиби!

Дагы бир жолу үйүндө отурсак минткен Устатым:

– Аскар, мен өлсөм, гөрүмө эстелик тургузбагыла дедим жеңеңе. Жөн эле мындай сопол таш коюшсун.

Ал кагазга түшүрүлгөн чиймени көрсөткөн мага. Анда соку таш сымал таш сөлөкөтү түшүрүлгөн, өйдөрөөгүндө оюлган көзөнөгү бар экен.

– Бул көзөнөккө мени эскергени барышкан санаалаштарым шам коюшат. Ал эми, сопол таштын астындагы гранит ташка «Кыргыз Эл жазуучусу Мурза Гапаров» деп жазып коюшсун. Башка артыкча нерсенин кереги жок.

Али сопсоо кишинин өз көрүстөнүнө кандай эстелик коюу керек экендиги жөнүндө керээздегенине мен биринчи жолу ушу Мурзакемден көрдүм, тобо!

Дүйнөдө өздөрүн жаштайында, эрте өлүмгө кыйган улуу таланттарды билебиз. Пушкин, Эдгар Алан По, Лермантов, Гоголь, Эрнест Хемингуэй карылыктын үзүрүн көрүшпөгөн. Өздөрүнүн жан-дүйнөсүндө болгонун жазууга үлгүрүп-үлгүрүшпөй, кандайдыр бир рухий туңгуюкка туш келишип, же болбосо кай бирөөлөр тарабынан кысымга алынышып, башка жол таппай, тигил дүйнөнүн

чыйырына түшүшкөн шекилди. Улуу жазуучулардын ичинен Лев Толстой, Михаил Шолохов, Чыңгыз Айтматов, Төлөгөн Касымбеков өз чыгармаларынын үзүрүн көрүштү десе болот. Кантсе да, Мурза Гапаров элибиздин маданий казынасын кыйла байыта турган көп мыкты чыгармаларын жазууга үлгүрбөй калган. Мага алдыдагы айрым чоң максаттары тууралу учкай айткан да. Өзгөчө ал али Кыргыз адабиятында жолуга элек аңгеме менен повесттин аралыгындагы кыска повесттерди жаратууну көксөчү, «Мындан ары романдын гана эмес эпопеянын жүгүн көтөргөн кыска повесттерди жазуу керек. Бүгүнкү окурман чубалган романдарды окубайт»,– дечү. Мурзакемдин ушул мүдөөлөрү тууралу көп ойлоном Айрымдапын жазууну ойлоп да коем. Бирок, ал үчүн Мурза Гапаров болуп төрөлүш керек. А, мен Аскар Ражабалиев – болуп жарык дүйнөгө келгем.

## САГЫНДЫН «АЙЛУУ ДӨҢДӨРҮ»

Кийинки жылы Каракулжага чөпкө бардык. Каракоччкор айылынын желкесиндеги Жон-Булак жайыты бийик тоолордун этегиндеги адырлуу жайыт экен... Балык жон, көк-жашыл адыр-түздөр. Жашыл аалам. Түркүн гүлдөр ачылып, жайыт чырайына келип турган кези. Он бештей жигит кырка тизиле кечке чалгы чаап, чөп ормой. Кыздарыбыз кууранган чөптөрдү чөмөлөлөө менен алек.

Биерде кашыктай суу сызып чыккан жалгыз булак бар экен. Гүлсара экөөбүз айлуу кечтерде боюна келебиз. Ботонун көзүндөй кипкичине булак. Шонтсе да, көктөгү толгон Ай менен жайнаган жылдыздарды батырып алган өзүнө. Гүлүштүн апакай жүзү чагылат булак бетинде. Кыналыша отурабыз булак боюнда. Өзүбүздү өзүбүз булак жүзүнөн көрүп маашырланабыз. Айдан алда канча апапак, сулуу экен Гүлсарам!

Булак жүзүнөн өзүн, анан мени көргөн ашыгым бакытка чексиз балкып, жүзүндө күлкү мелт-калт. Эки бутун узатасынан жаза:

– Аскар, тиземе башыңды койчу... – деди эркелей,– Пахта талаасынын чок ортосундагы «16-бригададагы» түндөр эсиме келди. – Сен Жолон акенин ырларын айтып берсең, мен ыйлап. Жинди эле экем, а Аскар? Шондо неге ыйладым десең!?

– Сүйүнгөнүңдөн, арзуу бактысына чөмүлгөнүңдөн ыйлагансың.

– Бүгүн да ошондой түн. Карасаң, булакты. Бечара жапжалгыз. Жыл бою жалгыз...

– Түн ичи толгон Ай өз жүзүн булактан көрүп, аны эриктирбейт. Бүгүн жээгине экөөбүз келип, кулпуруп турган чагы булактын.

– Баары бир жалгыз, бечара. Жанынан дагы бир булак сызып чыкса кана, шерик болот эле бири-бирине. – Гүлсара чын дилинен булакка ичи ачышып, баш чайкап атты.

Булакты Ай энчисине калтырып, чөбү белге жете эшилген дөбөгө чыктык. Белден келген чөптү аралап басуу кыйын. Чөп арасынан чочуган парандалар «пыр-р-р-р!» эте учуп чыгып, түнгө сиңе көрүнбөй калат. Апапак Ай ааламды тегиз гүл ачкан өрүкзардай кереметке бөлөп, ак түн көөшүлөт. Айлуу дөң. Те ылдыйда таланттуу сынчы, адабиятчы Салижан Жигитов агайдын Көлдүк айылынын чырактары жылт-жылт этип, анда-санда үргөн иттердин үнү араң-араң кулака илинет. Биз чыккан дөбөнүн этегинде, чатыр алдына тургузулган узун жыгач учуна илинген лампочканын жарыгында кыз-жигиттер «Анюта» оюнун ойношуп, күлкүлөрү түн жарат. Белес-белес балык жон адырлар улам бийиктеп отуруп, те мунарык баскан бийик тоолорго чейин жетип барып жыгылат. Экөөбүз отурабыз түнкү жашыл, айлуу дөңдө.

– Гүлүш, уксаң, Сагындын ырларын.

– Угайын...

Кээ бир түндө
Айдын келбей уктагысы,
Дөңдөн ылдый түшүп келип
Айткысы бар болгон сырын
Жапыс өскөн чөптөргө.

Жымжырт тартып бардык тарап
Мындай түндөр
Ар кыл санаа, ойго салат,
Сен да досум, мени издеп
Айлуу түндө көп келбе.

– Пай-пай, Сагындын ырлары ажайып! Мүмкүн Сагын деле ушул ырларын сүйгөн жигити менен экөөбүзгө окшоп минтип айлуу дөңдө отуруп алып жазгандыр, э-э Аскар?

– Ананчы, экөөбүз да айлуу дөң тууралу ыр жазабызго. Ушундай керемет түндө жазылбаган ыр качан жазылат!

– Эртең ушу дөңгө дагы чыгабыз, шондо ырыңды окуп бересиң...

– Макул, окуп берем!

Жолду кыскартуу үчүн тик кашаттан абайлап түшүп келаттык, колтукташа. Гүлсара оролгон чөпкө чатышып, экөөбүз барабар куладык. Бекем кучакташкан бойдон боолангaн чөптөй ылдыйга оонадык.

– Ха-ха-ха-а-а-аа-а-а!...

– У-ху-ху-ху-у-у-у-у!...

Түн жарган кош каткырыктан чочуган парандалар туш тарапка «пыр-р– р-р!», «пыр-р-р-р!» эте учуп жатты. Биздин күлкүбүздү ылдыйдагылар укту окшойт:

– Э-эй, Аска-а-а-р!.. – деген үн угулду.

– Кыйкырган Курбаналы! – ал тарапка үңүлдү Гүлүш.

– О-ой, Курбаналы-ы-ы! – коштой кыйкырдым.

– Э-й, дербиште-е-е-ер! Бери келгиле-е-е! – Жооп үн катты Курбаналы түндү жара. Бизди утурлап келатты ал. Патмасынан айрылгандан бери өзүн кай жерге коерун билбей жүргөн досум ушул азыр да ойноп жатышкан кыз-жигиттерге кошула албай, жалгыздап жүргөн...

– Кыйдылар десе, түнката жалгыздап жүргөнүн булардын! – деген досум жете келди.

– Сен деле чыкпайсыңбы, бир кыз менен, чатырда сасып жата бербей! – деген Гүлсара мени акырын нукуп койду.

– Эртең бирге чыгабыз, досум капа болбой тур, э!

Досум суз башын ийкеп, күлгөнгө аракет жасады. Бирок, күлгөнү муңдуу эле. Андан ары сөз уланбай чатырга жетип бардык. Аралашып кеттик жигит-кыздардын оюнуна.

Эртеси түнү Курбаналы, мен, Гүлсара, акын курсташыбыз Сабира төртөөбүз болуп айлуу дөңгө дагы чыктык. Сагындын «Айлуу дөң» китебиндеги ырларын кезек менен кайталап аттык.

Курбаналы:

Көп жыл кийин айылда жолугуштук.
А түн кире эки адам дөңгө чыктык.

Мен:

Кылчайдык – артыбыздан кокту уюлгуйт.
Желпинтип чачыбызды шамал ойнойт.
Курбаналы:
Кечээки өспүрүмбүз. Турмуш бөлгөн,
Бизди эми бириктирди шамалдуу дөң.

Сабира:

Желпинтет сөзүбүздү ырдай – шамал,
Арман жок мындай түндөн, айрылуу бар.

– Эх, Атажуртум! Сөз жок сенин сулуулугуңду даңктаганга. Сагынга ырахмат, минтип сенин ажайып түнүңө,

ажайып ыр саптарын арнаган! – колдорун көккө көтөрө ушинтти Курбаналы.

– Кандай керемет айлуу дөң! Карасаңар, тээ чокулардан кылайып чыгып келаткан ак булуттарды! – акырын бирок, терең эргүү менен унчукту Сабира. Үнү те жүрөгүнүн түбүнөн чыкты. Кара көздөрү жайнап, жүзү албырып алган. Ай нуру чагылып, ак кебездей бери жылып келаткан булуттарды суктана карадык баарыбыз.

– Мындай айлуу дөңдө ким ыр жазбасын! – шыбырай унчуктум мен, ар кимиси өз-өзүнчө ойго чөмүлө калган досторумдун ой-сезимдерине бүлүк салбайын деген тариздe.

– Акындарга Кудай берди таза, – тамашалай тийишти Сабираны түртө сүйлөгөн Гүлсара.

– Сыныктан башканын баары жугат дешет. Биз менен ушундай кечтерде үч-төрт күн жүрсөң, сен деле ыр жазасың, – деген Курбаналы Сагындын ырларын кайра айтып кирди, эки колун көкүрөгүнө кое:

Айлуу түндө чөп үймөктөр,
Чөп үймөктүн далдаасында,
Олтурдук биз, көпкө дейре
Жердеш келин, жердеш улан.
Сүйлөштүк да, сүйлөшпөдүк,
Арыраакта жатты чалгы.
Ай чыга элек кезде келип,
Ай батаарда кетип калдык...

Баарыбыз ыр саптарына муюп, ич-ичибизден эзиле... Батыш тарапка кыйла ооп калыптыр толгон Ай. Баягы ак булуттар жылып отуруп, Айга жакындады. Мына, толгон Ай далдасында калды булуттардын. Бир азга сурдана түштү сүттөй жарык түнкү аалам.

– Э-ге-ге-ге-е-е-е-ей, булутта-а-ар! Тамашаңарды кой-гу-ла-а-а-а!.. Айдын айжамал жүзүн тоспогула-а-а-а-а!.. – Колдорун Ай тарапка сермеген Курбаналы түн жара үнүн

басаңдата кыйкырды. Анын үнүндө жалыныч менен сураныч бар эле көчкөн булуттарга арналган. Чын эле булуттар тез жылып, кайра жарк этти толгон Ай.

Катуу сүйлөгөн эч ким жок. Шарактап да күлүшпөдү. Мындай тыптынч, ажайып түнду бузуп алууга эч кимиси даабагандай. А, ылдыйда, чатыр тегерегинде курсташ жигит-кыздардын күлкүлөрү, шаттуу үндөрү чыгып атты...Уйгу-туйгу сезимдер арбап, төртөөбүз отурдук айлуу дөңдө. Төрт жүрөк тең кабынан чыга-чыга «дүрс-үдүрс!..»

Сабира:

– Эртең кечинде бардык курсташтарыбыз менен келип, ыр кечесинин ушул жерде өткөрсөкпү!?

– Жакшы болот!

– Сонун!

– Ошентели!

– Бир-эки бөтөлкө жүзүм суусунан...

– Ха-ха-ха-а-а-а!

– Ой, жакшы болбойбу!

## КЕРМЕ-ТООДО, СУЛТАН БАБУР ЖАНА ЭКӨӨБҮЗ

Чөптөн кайтып, Ошко келдик. Керме-Тоого чыктык акшамда Гүлүш экөөбүз. Эртеси Ал Төлөйкөнгө, мен Баткенге жол алмакпыз. Түнкү Ош алаканга салгандай көз алдыбызда. Көктө эсепсиз жылдыз, шаар ичи жымыраган электр жылдыздарына толуп чыккан. Түштүгү тээ адырлардын түбүнө жете созулуп, түндүгү аэропортко чейин чубалып, чыгышы Кыргыз-Чек айылына жалгашып, батышы Аравансайдын оозуна такалып, мунарык басат, түнкү көк жээк көзгө илешпей.... Кылымдарды карыткан ыйык тоо калдаят кечки шаардын капортосунда. Гүлсара экөөбүз түнкү шаарды кыдырата тиктеп отурабыз үч чокунун биринде. Он ийиниме башын жөлөп алган Бөто-

көзүм. Кысып отурам ысык алакандарын. Шу кечте токтоо мүнөз күтүп отурат адаттагы эрке жан.

– Ушу биз отурган жерге мындан беш жүз жыл мурда Султан Бабур үжүрө курдурган. Ошол үжүрөнү көрүп калсаң керек, мындан үч эле жыл мурда, 1965-66-жылдары бузулган.

– Билем, онунчу класста окуп жүрүп, шаарга экскурцияга келип, ушул чокуга чыгып, Бабур бабабыздын үжүрөсүнүн алдында сүрөткө түшкөнбүз,– деди Гүлүш.

– Ошондой, беш жүз жылда эч ким уратпаган ыйык үжүрөнү бир динсиз жөөт агай бир күндө ураттырып тынган. Айтмакчы Гүлүш, Бабурдун «Бабурнааме» китебин окугансыңбы?

– Жок, окуй элекмин.

– Ошондо Султан Бабур: «Ош калаасы Анжияндын чыгыш-түштүгүндө жайгашкан абасы таза, суусу тунук ажайып калаа. Калаанын чок ортосунда тоо керилип жатат. Аны Баракух дешет. Ошол тоонун тумшугуна мен айвандуу үжүрө тургуздум. Фергана өрөөнүндө Оштой кооз, салкын жер жок», – деп жазган.

Мен ичимден билген дубамды окуп, экөөбүз алакан жая бата кылдык Бабур бабабыздын арбагына. Анан Гүлсараны кош колдоп кучактамакка эңилдим.

– Кой, антпе. Улуу бабабыздын арбагы капа болбосун!.. – унчукту боюн бир аз ала качкан кыз, – жыттaшууга жер көп эмеспи... Биер ыйык ...

– Кечир... – дедим сөзүм оозуман түшө. – Туура айтасың, бул ыйык тоодо ...

– Султан Бабур ошол үжүрөнү тургузган кезде болгону он үч-он төрт эле жашта болуптур. Кандай эрте жетилген инсан.

– Ошондой, Гүлүш. Улуу инсандар эрте жетилишет. Антпесе, улуу иштерди жасоого өмүрлөрү жетпей калат.

– Аттиң, улуу адамдар башкалардан көбүрөөк жашаса не. Теңир ушуну эске албайт экен да!

– Улуулардын өмүрү бир селсаяктын өмүрүнөн аз болушу ыктымал. Бирок, алардын экинчи өмүрлөрү бар. Ал өлбөс-өчпөс эмгектери. Султан Бабур улуу кол башчы, падыша гана эмес, улуу акын, ойчул, акылман болгон. Ажайып өлкө Индостандын толук кожоюну болсо деле. Атажурту Ферганaны, Ошту сагынып жүрүп өмүрү өтүптүр. Европалыктар бөтөн журтта жүрүп Атажуртун сагынуу оорусуна чалдыгууну ностальгия деп коюшат. Бул айыкпас дарт менен барабар дарт. Султан Бабур бабабыз Индостандагы керемет хандык Ак Сарайында жашаса да, ностальгия оорусу менен ооруп жүрүп о дүйнө кеткен.

– Аскар, ылайым Атажурттан айрылууну эч бир пендени башына салбасын. Ала Тоолуу Атажуртубуздун койнунде төрөлдүк, анын койнунда эркелеп өмүр өткөрөлү. Өткөргөндө да экөөбүз бирге.

Бакытка маарып турду ушул көз ирмемдерде ашыгым. Ушул көз ирмемдердегидей мага жакын боло элек болчу ал. Кучагыма өзүн аткысы келип турду. Бирок, ыйык тоонун сүрү, касиети кармап турду аны. Гүлүшсүз мындан ары бир күнүм да өтпөстүгүн бүтүндөй адамдык болумушум менен туйдум. Гүлсара татына, жароокер гана кыз эмес, сабырдуу, эстүү, көп окуп, көптү билгиси келген кыз эле.

Мына бир кезде Султан Бабур отурган ташта экөөбүз ийин кагыштырып, ал түштүк тарапты, мен түндүк тарапты үңүлө карап отурабыз. Сүрдүү ийин. «Дүрс-дүрс!» согот жүрөгү. Ага жооп кайтара «дүрс-дүрс!» согот жүрөгүм. Сүйүнүч ысык сезими боюмду аралап кетти. «Бул эстүү, жароокер кыз меники!» дедим эрдимди кыбырата. Кыздын жан дүйнө тереңин ийининен, дене ысыгынан, жүрөк согушу менен токтоо турпатынан туйуп отурдум.

Көз алдынан те беш жүз жыл илгерки ата-бабаларынын турмушу, тагдыры тизмектеше өтүп жатса керек кыздын, былк этпей ойго чөмүлүп отурганына караганда.

«Бабурдун заманында да сүйүшкөн эки жаш түн жамына жашынып, Керме-Тоого чыгып, сыр чечишип, ошол кыз биз отурган ташта отургандыр, тагдырына ыраазы же наразы болуп....» деген ой толкутту бекен Гүлсараны?

Улуу канааттануу, сыймык сезим эле бул мен үчүн. Ийиниме ийинин жөлөп, сулуу, акыл парасаттуу, алдын көрө билген, ыйман-ызаттуу, мээрман аялзаада отурат, мага бүт болумушу менен берилип. Ал меники, өзүмдүкү болучу. Ушул көз ирмемден баштап менде «Гүлсарадан ажырап калбайын!..» деген экинчи бир шектенүү сезими пайда болду. Бул сезим бир саамга денемди муздатып, ичиркене түштүм. Силкинип алдым.

– Ы-ы, муздадыңбы, Аскар?

– Жо-жок! – шаша жооп бердим. Менин жан дүйнөмдө өзүм менен өзүмдүн күрөшүп жатканымды сезе койду окшойт, акылдуу жан. Башка кийлигишпеди, суроо да бербеди бир топко. Унчукпай, жетелеше түшүп келаттык ылдыйга. Жатаканага жетейин дегенде гана ал?

– Сага не болду, жаным? – деп, кучагыма ыктады.

– Мен бүгүн ыйык тоонун чокусунда, Бабур бабабыздын үжүрөсүнүн ордунда отуруп, сенин түбөлүк меники экениңе толук ынандым. Сен меникисиң. Эч кимге бербеймин!

– Мен дагы сенин жүрөгүмө биротоло уялап алганыңды бар болумушум менен туйдум, Аскарым!

Аны кучагыма кысып, жүзүнөн, көзүнөн сүйдүм. Экөөбүз бирге жүргөн эки жылга жакын убакыттан бери ал биринчи жолу кучагын тартынбай, ийменбей ачты. Эки жүрөк тирешип, «дүк-дүк!»

– Мен сеникимин! Сен меникисиң!

– Сен меникисиң! Мен сеникимин!

Ошол сааттан баштап «Гүлсарамды жоготуп албайын!..» деген түпөйүл сезим тынчымды алып, жүрөгүмдүн бир бурчунан түнөк тапты.

Каныша болдум, бир мусаапыр жан элем,
Коога басып турат, бирок денемди.
Тынымым жок улам сурай берем мен:
«Жанымдасың! Кетпейсиңби, сен эми?»

Күлүп-жайнап жүргүм келет ар дайым,
Ишенип да, ишендирип бүт элди.
Түшүмдө да коркуп көнүп калгамын,
Сурай берем: «Кеткен жоксуңбу, деги?»

*(Габриела Мистраль)*

## СҮЙҮҮ – КАЙЫП

Дагы чөп жыйноого кеттик кийинки жайда. Көк деңиздей мелжип жатат Кара-Кулжанын Ажыке жайлоосу. Кечке чөп ормой, жыймай, чөмөлө жасамай...

Кечинде жигиттердин шаңдуу үндөрү, кыздардын жылаажын шыңгыр күлкүлөрү бир оокумга чейин жаңырат. Гүлсара энеси ооруп, бул жолу чөпкө барбады... Аны эңсөөм улам күчөп, эч жерге батпай, көңүлүмө эчтеме сыйбай жүрдүм. Балдар-кыздарга анчейин аралаша албай, боюмду ала качып, четтеп кетким келе берет.

Кечки оюн бүтүп, кыз-жигиттер тегиз уйкуга кеткенде, чатырдан акырын чыгам тышка. Кең жайлоо терең уйкуда. Көңүлүмдү кытыгылайт салкын жел. Бото көзүмдүн кашындай иймек Ай карарган сырдуу тоонун чокусуна илинип калгандай... Кез-кез шуу-шуу учуп өтөт түнкү куштар. Аңкыйт түркүн гүл, чөптөрдүн жыты. Тоо арасында түнкү асман кадим көмкөрүлгөн казандын өзү, Эсепсиз жылдыздар. Саманчынын жолу чубалат түндүктөн түштүккө жомоктогу байдын сансыз койлоруна окшоп. Негедир ошол жылдыздардын ичинен мен аталышын билбеген бир жылдыз көз алдымда балбылдап күйүп туруп алды. «Гүлсарамдын бото көздөрү!» дедим. Сүйүнө түштүм

бул табылгама. Сырдашып үйрөнүп алдым ал жылдыз менен. Балача чын дитимден сүйлөшөм. «Кандайсың, жылдызым?,– деймин көктү карай колдорумду созуп, – Мени күтүп калдыңбы? Бүгүн күндөгүдөн да балбылдап жарыксың. А, Гүлсарам экөөңө жете албай күндөн-күнгө кусага батам». Жылдыздан жооп жок. Балбылдап турганы-турган. Ошонусу жетишет мага. Өчпөс үмүтүмдөй жанып турса болду!

Бир жолу кечке жуук балдар-кыздар чыйыр жол менен эңиштеп, чөптөн кайтып келатканбыз. Пушту көйнөкчөн кызды көрө койдум. Ал бет маңдайдагы адырды кыялап түшүп келатыптыр. Селейе туруп калдым ордумда. «Гүлсарабы?!» деген арзуу бийлеп алды боюмду.

– Аскар, баспайсыңбы! Эмне, кыз көрө элексиңби? – Артымда келаткан курсташ кызым тар жолдо мени күтүп калган экен. Тиги кыз ылдыйга түшүп келди бизге удаалаш. Башка кыз. Кызганып кеттим пушту көйнөктү андан. Гүлсара гана кийиш керек пушту көйнөктү!..

Ошол түнү көктөгү жылдызыма минтип даттандым: «Айшанын пушту көйнөгүн чоочун кыз кийип алыптыр! Ичим күйдү жаман». Жылдыздан жооп жок, балбылдап күйүп гана турат. Ошол күндөн баштап негедир түпөйүл тарта баштады жүрөгүм. Көңүлүм жай албай, тезирээк көрүүнү дегдеп туруп алдым бото көзүмдү.

Чөптөн кайтар күн да келип, Ошко бет алдык. Кеч күүгүмдө жеттик шаарга. Кийим-кечек салынган чоң сумкамды жолдош балама берип коюп, пушту көйнөкчөнүмдүн айылы Төлөйкөнгө бет алдым.

Айыл ортосундагы клуб алдында эл көп. Эңсеп келгенимди издеймин эл арасынан. Урунбайт көзүмө карааны. Обочороокто жалгыз турган бир кыздан сурадым.

«– Гүлсара эжеби? Озгурлук жигит ала качып кеткен. Бир айча болуп калды».

Ошол жерден артыма бир кайрылбай ылдам басып, баягы шаптолузарга келдим. Түнкү ээндик, көңүлүм муз,

чел баскан көкүрөгүмдү. Мындан үч-төрт ай мурда эле жомоктогудай керемет кубулган шаптолузар көңүлсүз тосуп алды мени. «Ка-а-ак!» деген түнкү куш кулак түбүмөн шуу эте учуп өттү. О жазда шаптолу чаңдап гүлдөгөн түндө экөөбүз элирип эрип отурганбыз. Ошондо да түнкү куш күтүүсүздөн ушинтип «ка-а-ак!» эте бак аралай уча бергенде, Гүлсара: «А-ай!» деп чоочуп, көкүрөгүмө башын ката коюп, анан шыңкылдай күлүп жиберген болчу. Экөөбүз көп жолу отурган чоң шаптолунун түбүндө токтодум. Эриктиргич ээн бак ичи көңүлүмдү эзет. Кайрымсыз түн. Ичтен сызылып отурган мен. Бак ичи ээн. Шунчалык ээн... Жадаса ылдыйда бир калыпта шаулдап аккан Ак-Бууранын күү-шаасы да отурбайт көңүлүмө.

Оо пушту көйнөкчөнүм! Не жорук жасап койду-у-уң? Бая Ажыке жайлоосунда Күн батарда көргөн кызга берген экенсиң да, пушту көйнөгүңдү! Эми башка жигит сүйөт ал пушту көйнөкчөн кызды...

Жо-о-ок! Сен башка жигит менен качпайт болчусуң, жүрөгүм сезип турат. Сени чоочун жигит күтүүсүз ала качкан. Сулуу эмес белең! Көп жигиттерге кыздар сулуу болсо эле болду, алып кача беришет. Кайсыл кыз сулуу болсо, сүйгөнү ошол.

Таңга жуук шаарга келип, Керме-Тоого чыктым, бир дем менен. Ош чукурана уйкусунан ойгоно баштап, көчө-көчөлөрдө автомашиналардын чырактары аккан жылдыздай...

Бабур бабам отурган, өткөн жайдын күүгүмүндө пушту көйнөкчөнүм экөөбүз отурган ташка көчүк бастым. Шаар гүүлдөгү күчөй берди акырындап. Көкүрөгүмдө боштук. Адатта таң алды ажайып көрүнчү шаар да кызыксыздай. Гүлсарам өзүн ала качкан жигиттин койнунда уктай албай чыккандыр түнү бою... Ушул көз ирмемде күйөөсү таңкы уйкунун таттуу балына батып, Гүлсарам мени ойлоп жатты бекен? Миң-миң туйлап жүрөгү! Сүйбөгөн эркектин койнунда жатуу не кыйын, не азап!

Те чыгыш тараптагы мунарык баскан тоолордун учунан шаңгалаты көрүндү Күндүн. Кызыл жошого айланды булуттар. Экөөбүз ушул чокуда Күндүн чыгышын тоскондо не керемет көрүнчү атып келаткан таң. Кызыгын сезбедим бу сапар. Көңүлүң гүл болсо, гүл дагы гүл болуп көрүнөт тура. Жүрөгүң элжиреп, көздөрүң оттой күйүп турса, аткан таң ажайып тура. Сүйгөнүң жанында кыналып, эркелеп отурса аалам миң кубулат экен да! Бул таңда баары көңүлсүз, баары зериктирме....

Баткенге кеттим эртеси. Көңүлсүз өтүп атты күндөрүм. Көз алдамда от болуп алоолоп туруп алды пушту көйнөкчөнүм. Бир туруп Ажыке жайлоосунда кырды кыялап түшүп келаткан пушту көйнөкчөн чоочун кыз тартылат көз алдыма. Бакыт кушум болуп калган пушту көйнөк куш сымал Гүлсарамдан учуп кетип, башка жигиттин сүйгөн кызынын ийинине конуптур. О, атаганат! Ошол сенин көйнөгүңдү кийген чоочун кыз өзүн сүйгөн жигиттин түн уйкусун качырып, дегдетип, сүйдүрүп жүргөндүр!

Институтка кайтып келдим. Окууга келбеди Гүлсара. Көрө албадым аны кыш бою. Жан дүйнөмө жолдош болуп алышты күтүү менен сагыныч. Арзыганыңдын келээрине ишенип күтүү алда канча жеңил экен. Келээр-келбесин билбей, үмүтсүз күтүү азабын салбасын кудай пендесине. Үмүтсүз күтүү менен өткөрдүм күз, кышты. Көз ирмемсаатка, саат – күнгө, күн – айга, ай – жылга, жыл – кылымга айланып...

Кийинки жаз келип, кайрадан гүл жамынды бак-дарак. Андан бетер ашып-ташты кусалыгым. Батпай жүрдүм шаар ичине. Бото көзүм жанымда жүргөндө гүлгө оронгон шаар башкача эле. Бул жолу гүлдөр да кусалануумду күчөттү. Шаптолу гүлдөгөндө эки-үч күн баягы бакка барып жүрдүм. Чоочун, кызыксыз баары. Шонтсе да ар сапар шаптолузарга баргым келе берет, баргым келе берет. Көз алдыма келет пушту көйнөкчөн аруу караан. Анын

элесин бактын ичинен кууп жүрүп көзүм талыйт. Менден качканы-качкан.

Кезигип жылдардын бир жылдарында,
Кайырсыз айлардын бир айларында.
Кайдадыр алып кеттиң жаштыгымды,
Жер чийген чачтарыңа байладың да.

Тирүүлүк бүтүн бойдон тушап алып,
Түшүүдө өмүр менден ушаланып.
Узун түн элесиңди унута албай,
Уйчукпас болуп кеттим кусаланып.

*(Жолон Мамытов)*

## АВТОБУСДАГЫ ЖҮЗДӨШҮҮ

Жай да келди Ош-пиримге. Бүтүрүү экзамени аяктап, жакын калды айылга кайтар күнүмө. Акыркы жолу Төлөйкөн айылын, шаптолу багын көрүп кетейин деген ой менен шаардын түштүк тарабына каттачу автобуска отурдум. Жүргүнчүлөр жык-жыйма. Эшиктен кире бериштеги орундукта отурган жылдыздуу орто жашар өзбек аял небересин алдына ала, жай бошотту мага.

Автобус экинчи аялдамага токтогондо, эл көп чыкты. Өзбек айа:

– Иним, манави келинга жойингизни бошатиб беринг, хамиладар экан (кош бойлуу), – деп өтүнүп калды. Шап тура калдым ордумдан, көз алдымда Гүлсара! Баягы узун бой, аккуу моюн, аппак жан. Дале жоодураган бото көз, такымынан ылдый суудай төгүлгөн чач. Үсөнү жүзүмдөй жумуру манжалуу апакай колдор.

– Отур, Гулсара!..

Кадалыша түштү көздөрүбүз. Этияттана отурду мен

бошоткон орундукка. Күйөөсү чебелектейт балапанын корологон эне куштай. Ичи чердейип, кең ак көйнөк кийип алыптыр Гүлсара. Өңү азыңкырай сепкил баскан, көздөрү алайыңкы. Тынчтык бербей жатса керек ичиндеги жетилип калган чүрпөсү. Жүрөгүм алеп-жалеп, дүк-дүк. «О, пушту көйнөкчөнүм! Ушундай де, теңимди таптым де!» дедим күбүрөнө. Ичим өрт-жалын. Колун кармалап, сылагым келди чачтарын. Күйөөсүнөн жашырына мени тиктөөгө аракеттенип атты.Менден кечирим сурап аткандай жалооруйт көздөрү.

– Жакшысыңбы, шыбырай сурадым сабырым түгөнө. О башын секи-ин ийкеп койду. Уланбады сөз андан ары. Акырайып тиктеп турат күйөөсү, экөөбүздүн ар бир ишааратыбызды жаздым кетирбей. «О-о шүмшүк, иттей ичиң тар неме экенсиң, э-э! Сен ала качкан турбайсыңбы менин пушту көйнөкчөнүмдө?!– дедим ичтен көбүрөнө. Күйүп кеттим. – «Ушу шүмшүктүн баласы көкүрөк астында туйлап жатабы!?» Жалооруган бото көздөрү «кечирип кой» дегендей... Чыдабадым мындан аркысына. Эрким өзүмө баш ийбей, чачтарын сылап, алаканымды маңдайына басып, эрдиме тийгиздим.

– Ай! – секи-ин чыңырды, көзүнөн чаары чыга калган күйөөсү. – Тарт колуңду! – дей берип, билегиме чып эттире чапты. Өз колум өзүмө ашыкча боло калып, кайда катарымды билбей турдум. Жооп кайтарып урууга болбойт. Гүлсара үчүн күйөөсүнүн жоругу деле жетишип турат.

– Башка жерде сүйлөшөбүз! – деди каардана ал. Мен да акырын жооп кыла башымды ийкеп койдум.

– Кечирип кой, Аскар!.. – секин унчукту пушту көйнөкчөнүм. Калган арман-асыретин, сагыныч-эңсөөсүн, кечирим суроосун жаш толгон көзү айтып турду. Бир тамчы жаш ылдый куюлуп, ээгине жетип, апакай көкүрөгүнө тамды. Жалооруган, сураныч толгон көзүн көрүп ичимден эзилип... Автобус кезектеги аялдамага токтогондо:

– Кечир, Аскар! – деген бойдон көкүрөгүнө толуп-та-

шып кеткен кусалыгын, бугун, арзуусун көзү менен дагы бир жолу кыйыта айтты да, түшүп кетти асыл жаным. Күйөөсү булкунуп, силкинип атты ага, аялдамадан узабай жатып. Автобустан секирип түшүп, мушташкым келди зөөкүр менен.

Муздак тер басты денемди. Орой эркекке туш келгенин, аттиң, пушту көйнөкчөнүмдүн! Эх, мендик болбой калбадыңбы! Акыркы демим чыкканча алоо оттой күйгөн пушту көйнөгүң көз алдымдан кетпес, менин түбөлүк арманым!

Кандай консо сүйүү кушу колума, учуп кетти дал ошондой күтүүсүз. Билбей калдым өзүм да. Аттиң, аттиң, колдон учуп, конду башка туурга. Арман менен ал жөнүндө ыр жазып, алигече жүрөм мен. Жалыны жок түтүн болуп өрттөндүм. Туңгуюктуу түпкүргө мен кептелдим. Жигит болуп эң алгачкы ыйлашым, житип кетти аткан октой кыйбасым!

Бекер мага капилеттен кезиктиң,  
Эске салып ышкы отумду уздай.  
Тагдырыма кейип алдым дагы бир,  
Арманымды айтып алдым угузбай...

*(«Махабат», Э. Эрматов)*

## ИЧИМДИК СЕЗИМГЕ КАНАТ БАЙЛАЙБЫ?

Ошол кезде ыр жазган жаштар акырындап шарап ичүүнү адатка айландыра баштап, жалган азгырыкка алданган экенбиз. «Шарап ичип алсаң, ыр жакшы жазылат, эргүү келет»,– деген ишеним азгырган көбүбүздү. Бул ишенимге азгырылуубузга аракты өкүртө ичкен Рамис, Каракулжалык мыкты акын Тургунбай Эргешов, ак ырдын устаты Табылды Мукановдун жоруктары себепкер болдубу, ал жагын айталбайм. Мыкты ырларды жазып

жүргөн агайыбыз Курманбай Калдыбаев жана бир катар тең курбуларымдын көп ичип жүрүшү да себепкер болсо керек. Ал түгүл Райкандын, Мидикемдин, Байдыкемдин көп ичкенин, бирок мыкты акындар экенин билип калган чагыбыз. Бул жолго мен дагы акырындап азгырылып кеткен экем. Кийинки кездерде Гүлсарага көп ирет мас кейпимде барып, башка курбу кыздарынын алдында акарат да кылууга үлгүрүпмүн. Ыр менен шарап акыл-эсимди жүгөндөп, Гүлсарама айлап барбай да коюптурмун. Мунумду көрүп жүргөн анын кай бир курбу кыздары мени байкатпай жамандап, көңүлүн менден калтырып, башка факультеттеги жигиттин колуна салып берүүгө үлгүрүшүптүр. Чындап кечигипмин бу сапар. Алем-күйүтүмдү шараптан чыгарып, бир учурда ырдан да алыстай түштүм.

Ишке жарап, Курбаналы жан досум, минтип мени жоонткон: – Эми болду, колдон келбейт, кой досум. Өзүңдө айып, учурдуң алакандан ак кушуң. Көп кайгырба, тагдырыңа көнөрсүң, балким башка кызыңдан, шондой сүйүү көрөрсүң! Кала бергем, короомдогу гүлзарымды, чоочун жигит аралап.

Группалашым Бараттын бир жылт эте өчкөн армандуу сүйүүсү да эсимде калды түбөлүк. Бирге окуган Алабукалык Айкан аттуу кызды бир сүйдү дейсиң, от-жалынга күйүп. Айкан өз аты айтып тургандай ай жүздүү апаппак жан эле. Таңкы шүүдүрүмдө мөлтүрөгөн жүзүмдөй таптаза кыз. Өкүнүчтүү жери Барат канчалык жалбара, зарыга сүйгөнү менен Айкандан жооп жок болчу. Барат пахталуу жердин жигити болгондуктан, көп терчү. Айкандын нормасын да бүтүрүп, анын пахта толо этегин кырманга жеткирип, таразага тарттырып, бардык түйшүктү мойнуна алган. Айкан жибибей койду, жооп катпай койду Бараттын сүйүүсүнө, жалынсыз түтүнгө айланган күйүүсүнө. Биз, достору Айканды Баратка ийилтүүнүн аракетин көп көрдүк. Баары бир жоопсуз сүйүү... Акыры Айкан экинчи курска өткөндө этегин кармап кетти башка жигиттин.

Бечара курсташымдын жүрөгүндө так калды менин жүрөгүмдө калган тактай.

Барат менден эки жаштай кичүү. Аке дечү мени. Өз группамдагы кыз-жигиттерден жашым улуу болгондуктан, баары Аскар аке дешчү. Муну билбеген башка группадагы студенттер менин атымды Аскар аке экен деп да жүрүштү кыйлага чейин.

– Аскар аке, Айкан мени күйгүзүп кетти, күйгүзүп! – дей берчү, бир сөзүн миң кайталап. Өзүмдүн айрылуу күйүтүм сарсанаага батырып жатса да, Баратты жоонтушка урунчумун. Ыр жазуу менен сары зилге салган сагынычымды жазчумун.

Күйдүрдүң мени күйдүрдүң,
Күйдүрүп жүрүп сүйгүздүң.
Сүйдүрүп алып акыры,
Жалынсыз, түтөк күл кылдың.

Күйгүздүң мени күйгүздүң,
Күйгүзүп жүрүп сүйгүздүң.
Сүйгүзүп алып терс карап,
Башыма түйшүк үйгүздүң!

Бул саптар Баратка да жагып, көп кайталап айтып жүргөн. Кийин, кийин, отуз жылдай кийин Барат менен жолугушуп, ошол махабатка мас болуп жүргөн студенттик күн-түндөрүбүздү айтып түгөтө албай ... Албетте, алдыбызга студент кездегидей шарапты коюп алып.

О, студенттик күн-түндөрүм! Жомоктой сыйкырдуу, сырдуу эле. Окуганда күн-түн окуп, ойногондо ойногондой ойноп! Группабызда 27 кыз-жигит окучу. Алтоо эң мыкты окуп, ашыкча стипендия алышчу. Алардын арасында мен дагы эки жылдай болуп, үчүнчү курска көчөрдө экзамендерди жалаң бешке тапшыра албай калгам. Анын себеби эле, жазуу кумары. Жай-кыш ыр саптарын издеп,

Оштун бактарын, көчөлөрүн кезип, эртели-кеч Керме-Тоого чыгып...

Ошондо шарапты ичип алып ыр жазам деген кумар туңгуюкка жетелеп бараткан экен мени. Бул жолдон мени эски Алай мейманканасында буфетчи болуп иштеген өзбек айа сактап калган. Кең пейил, боорукер айал эле. Аты Мехринса. Акчам жок кезде тамагын карызга берчү. Бир жолу Мехринса айадан акыркы тыйыныма бир стакан вино алып, ууртап ичип отургам, жакшыраак кызып алайын деген ниетте. Мени таң кала карап отурган айа:

– Ии, Аскарали, сизга нима болди? Дадангиз билан бувингиз сизни окип йурипти деп бар пулларини йонатип туришса. Сиз окумастан, бунака килиб вино ичиб йурсаңгиз, яшаң, э!

Буфетте менден башка эч ким жок болчу. Айанын сөзү башыма бир чапкандай эле болду. Ордумдан шап турдум да, винону ары бурчта турган чакага оодара куйуп, унчукпай тышка чыгып кеттим. Бир айча келалбай жүрдүм Мехринса айанын буфетине.

Шарап азгырыгына тумчугуп кетүүмдөн сактаган экинчи адам, деканыбыз Сүйүнтбек Ибрагимов болду. Ага кураторубуз менин жоругумду жеткирген экен.

– Аскар, атаң айылда ким болуп иштейт? – деп каптап сураган менден Сүйүнтбек агай.

– Колхозчу... – Бели ийиле кетмен чаап, тапкан акчасын сени окусун деп жөнөтүп жатса, сенин жоругуң бул. Кыскасы, жайкы экзаменди төрт-бешке тапшырбасаң, окуудан айдаймын. Бар, бара бер!

Жайкы сессиянын башталышына он беш күнчө калган. Күн-түн китепкана, окуу залдарынан чыкпай, көчөдө баспай даярданып, экзамендерди төрт-бешке тапшыргам. Ошондо институттун коридорунда жолуккан Сүйүнтбек агайым күлүп гана койгон. Бир жолу Сүйүнтбек агай лекция окуп, аралыктагы кичине тынымда минткен эле:

– Билим деген түбү жок океан. Паарың казактын улуу жазуучусу Мухтар Ауэзовду жакшы билесиңер. Кайран үлкөн талант ээси казак университетинин бешинчи курсунун студенттерине лекция окуп жатып, минткен экен:

«Балдарым, кыздарым. Билимге кану солай бир кыйын. Билим деңизинин түби жок. Мениң көзим энди ашылып жатыр» дептир. Анда бир студент ордунан тура калып:

« – Ойбай-ау, агай! Сиздиң көзиңиз энди ашылып жаткан болса, онда биздиң көзимизди тырмаса да ашылмайтын-гой!?» – дептир.

Сүйүнтбек агыймдын минтип айтканы да жадымда калды: – Бактылуу адамдын пешенесине студенттик буюрат. Бул Теңирдин силерге берген сыйы. Бир күнду да бош кетирбей, илим деңизинен өз энчиңерге көбүрөөк имерип калууга тырышкыла. Илим, өнөрду дилиңерге өздөштүрүүгө үлгүрүп калгыла. Антпесеңер төрт-беш жыл тез эле өтүп кетет. Кийин кеч болуп калат.

Сүйүнтбек агай Ленинграддагы Чыгыш Университетинен билим алган экен. Ошондонбу өтө сылык, маданияттуу, сөзду терип, орундуу, уккулуктуу, маин сүйлөөчү. Бою кооматтуу, келишимдүү, сулуу жигит. Кыздарыбыз көздөру өтө, суктанып карашканын көп байкачумун. Басканы да жарашыктуу, кадамын ыргактуу таштачу. Шарапаты улук бул адамдын көп студенттерге жакшылыгы тийгенин билем.

Экинчи студенттер кадырлаган агайыбыз ыраматылык адабиятчы, сынчы Жээналы Шериев. Билимдүү, төрт тарабы келишкен инсан. Дүйнөлүк адабияттын суусун ичкен, кыргыз адабиятына нан туурап жеген мыкты агай. Адабият таануу, адабият теориясы жагынан алдына көптөрду чыгарбаган киши. Таланттуу акындар Сооронбай Жусуев менен Байдылда Сарногоевдин чыгармачылыгын терең изилдеп жүргөн мыкты окумуштуу. Агай кыргыз адабий теориясы боюнча лекция окуганда аудито-

рияда чымындын үнү угулуп, баарыбыз муюп тыңшачубуз. Биз менен акын Соорнбай Жусуевди жолуктуруп, ырларын окутуп, моокумубузду кандырган да Жээналы агай болгон. Ага дайыма:

– Окусаңар окугандай окугула, илең-салаң болбой. Мыкты мугалим болгула, өзүңөрдү да, окуучуларды да алдаган мугалим болбогула,– дей берчү.

Үчүнчү мыкты агайыбыз Курманбай Калдыбаев экени талашсыз. Кыргыз акындар поэзиясынан лекция окуучу. Таланттуу акын, адабияттын суусун ичкен пенде. Бош убактысынын көбүн акындык өнөр, поэзия тууралу толкундана айтуу менен өткөрчү. Өзү да сонун ырларды жазып, кез-кез окуп берчү. Кайран агай, ыр жазуу менен шарап ичүү кумарын бир ала жүрөм дегенби, мыкты ырлар жазылбай көкүрөгүндө калган бойдон кете берди о дүйнөгө!

Бу ичкилик деген жез тырмак неме канча-канча таланттуу, өнөрлүү пенделерди максат-мүдөөлөрүнүн жарым жолунда калтырбады. Ичимдик кумарына берилген адам баарын унутат тура. Биз студент болуп окуган өткөн кылымдын экинчи жарымында жигиттер ичимдикке көп ыктоочу. А кыздар алыс эле ичимдиктен. Эми, XXI кылымда кыздар да эркектерден калышпай калышты, атаганат! Көптөгөн таланттуу акын кыз-жигиттердин түбүнө жеткен арак дегениң. Анын сормо сазына мен дагы бата жаздап, учурунда эсиме келип, кутулгам. Шүгүрчүлүк, жакшы адамдардын шарапаты бу дагы!

## ТАГДЫР, ТАГДЫРЛАР...

Адам тагдыры ар кыл болот аттиң. Канчалык күрөшүп, арзып, күн-түнү жетүүгө умтулганың менен, көздөгөн бийиктигиңе жете албай калышың деле ажеп эмес. Биздин факультетте окуган бир кыздын тагдыры көзүбүздү

ачкан көбүбүздүн. Узун бой, ак куу моюн, чачтары такымына жете төгүлгөн, сулуунун сулуусу эле ал кыз. Көп жигиттер аны эңсешип уйку көрбөй, өң-алеттен азып, ал түгүл окуудан да айда гандары болгон. Канча жакшы, өзүнө мунасып жигиттер сүйүүлөрүн билдиришсе да, бир карап койбой жүргөн. Мүмкүн өзү идеал тутуп, издеген жигитин таппай жүргөндүр. Бирок, ал кыздын эч кимди тоотпой, маралдай керилип жүргөн кези эки жылдан ашкан жок. Жайкы каникулдан жаңы эле кайтканбыз. Базар күнү кечке маал жатаканада сөз чыгып калды: «Майрамды биофактагы алкаш студент жигит ала качып кетиптир!» – деген. Өзгөчө күйүп-бышышты сүйүп жетпей жүргөндөр. Ичибиз ачышып, боорубуз ооруган көбүбүздүн. Бир айга жетпей маралдай керилип жүргөн кыз мышык ыйлагыдай аянычтуу абалга келди. Арыктап, ак жүзү карарып, жүдөп, сабагынан да артта калып, жаштар барган жерден четтеп, алкаш күйөө дагы бир жыл өтпөй үчтөрт жигиттер менен бирге түн ичи көчөдө бараткан кызды зордукташып, сегиз-он жылдык мөөнөткө камалып кетишти. Бечара кыз кош бойлуу абалы менен окуй албай, кетип тынды айылына. Адам, айрыкча жаш адам сергек болушу керек экен. Жаштык кезинде жаңылыпмүдүрүлбөй, өмүрүнүн бир учурунда тагдырына күлө баккан бакыт кушун учуруп жибербөөгө далбас урганы жакшы шекилди. Ушундай алабарман мүнөз күтүп, канчалаган тең курбуларыбыз алтын жаштыктарында запкы жешти.

Тагдыр жолу тайгылчаак, кууш шекилдүү. Жаштык чакта эркин, эрке, сүйүүгө мас болуп жашагысы келет пенде деген. Бирок, эркиндиктин, эркеликтин, сүйүүгө азгырылуунун деле чегин билген жаш адам бактысын табат. Дегеле бакыт, адам колуна оңойчулук менен конбогон булбул куш сымал. Ал жолуңдан чыккан түлкүдөй бураландап өзүнө кызыктырып, кумарланта чакыра берет. Жакындап барсаң арыраак качып барып токтойт. Дагы

жакындасаң, дагы качат. Дагы жакындасаң дагы... Тажабай артынан кууп жүрүп отурсаң гана кайсыл бир саатта бакыт сенин колуңа конот. Бакыт корунчаак, үркөнчөөк келет. Капазда кармоого такыр көнбөйт. Эркин учуп, эркин конуп, тынч жерде уялагысы келген ак куш мисал. Ал ынтымактын-биримдиктин кыйбас досу, адамгерчиликтин бир тууганы, жоомарттык, кеңпейилдиктин шериги, жароокердик-мээрбандыктын сиңдиси.

Институтту бүтөөр жылы чөптө жүрөбүз. Төрт-беш жигитибиз базар күнү ылдыйга түшүп кеткен маалда совхоздун деректири бизден кабар алып, бир койдун этин ошояктан бышырып келиптир. Группалаштарым ылдыйдагылар келгиче жебейбиз дешип, этке кол тийгизишпеди. Кечке келишпей, эртеси келишти алар. Алар келгенде ортого коюп жедик этти. Ошондо дасторкондун четине тегеренип, тегиз бөлүп жеген эт кандай ширин, кандай, даамдуу болгон! Чөптү тегиз оруп, тегиз жыйнап, чогуу ойноп-күлүп, жабыла ырдап... Ошондо Кошмат аттуу группалашым тамашалап минткен эле.

– Айланайын группалаштарым, беш жыл бирге окуп, бирге жүрүп бири-бирибизди жакшы билип калдык. Ар бир жигиттин группада көңүлүнө жаккан кызы, кыздарыбыздын жүрөктөрүнө жакын жигиттери бар. Айылга барсаңар деле кимдир бирөөлөргө баш кошосуңар.

– Бул ойуң дурус, Кошма. Башка кыздар эмне, булардан артыкпы – деген ай чырайлуу кызыбыз Махабат, тамаша-чыны аралаш.

– Мен элден оозуна сенин колуңду сураймын! – деген ошондо Кошмат.

– Эй-эй, – деген Курбаналы, – Махабат меники!

Күлүп калышты баары.

– Мына, биз баштайбыз бул демилгени! – деген Тыныбек Анараны тамашалай карап, – Анан Эгемберди менен Айзада, Курбаналы менен Махабат, Зыйнат менен Пирмат, Кадыралы менен Тамара, Жусуп менен Салима, Ток-

токан менен Момун, Санам менен Койчуман, Аскар менен Гүлсара, Баратбек менен Айна!

– А-ха-ха-ха-а-а!

– О-хо-хо-о-о!

Тегиз күлүшүп, баарына жаккан тамаша. Ичибиз жылып калган Кошматтын сөзүнө.

Ырас, Кошмат айткандай окуя болбоду группабызда. Бир бүлөө да куралбады жадаса. Бирок, бир туугандык сезим ар биринин жүрөгүндө уялап кийин бирин-бири сагынаар...

Арийне, анча-мынча бирин-бири жактырбагандар, көргүсү келбегендер жок эмес дечи. Бирок, бирин-экин ыркы келбегендер группабыздын ынтымагына доо кетире алчу эмес.

Бешинчи курста жакын болуп кеттик бөтөнчө. Институтту бүтүп, туулган айылдарыбызга кайтаарда бири-бирибизге ичибизде кир калбасын деген ой ойлонткон баарыбызды.

– Аскар, мени кечирип койчу, өткөндөгү жоругум үчүн, – деген Тамара, бир жолу тыныгуу учурунда аудиторияда отурсак. Анткени, ага көңүл тартып тамашалай тийишип койсом кагып берген болчу.

– Сен дагы кечир мени, Тамара, оройлук жоругум үчүн. Ошентип, ар бирибиз ар жакка кетээр саат жакындаган сайын бири-бирибизди кыйбай, күчөй берген бир тууган-дык сезимдер.

Колуңа конгон бакытты абайлап, сылап, сүйө асырабасаң учуп кетет, менин ак кушум Гүлсарам өңдөнүп! Жолондун мынобу ыр саптары дал ошондой тагдырдын гимни:

Адамдын өмүр жолу татаалдыгын,
кезинде дале тагдыр катаалдыгын ойлонуп,
бир чекиттен көзүмдү албай
кусалуу керебетте жатам бүгүн.

* * *

Коноктой күндөр өтөт алчыланып,
Күмүш сап камчы менен камчыланып.
Бой таштап тегирмендин парасына,
Кээ күнү калгым келет кайчыланып.

Теңир берер пендесине кош колдоп берет дегени ырас экен. Жолон аке ырдан гана бакыт таппастан, сүйүүдөн да тапкан бакыт-ырысты. Туулган айылы Төлөйкөн Акбууранын сол жээгинде, сүйгөн кызы Мендинин айылы Озгур Акбууранын оң жээгинде. Акбуура дайрасы куштун денеси болсо, Төлөйкөн менен Озгур куштун эки канаты, жүрөктүн эки бөлүгү. Бирин-бири сүйө багып, бетме-бет кылымдар жашап келет эки айыл. Озгур кызы Меңди эже чүрөктөрдүн чүрөгү. Меңди эже болсо эгер булак суусу, анда суунун мүрөгү Жокем аны сүйүп жүргөн элжиреп, ырлар арнап, «кучагыма келчи!» деп. Сүйүшкөндөр канча сыноо баштарына келсе да, кошулушкан, бир жаздыкка баш коюп. Сыноосун да, түйшүгүн да сүйүүнүн тең көтөрүп, тең көрүшкөн жыргалын. Көп акындар айтып калчу: «Кызды сүйсөң Жолондой сүй айныбай. Ырды жазсаң Жолондой жаз чалыкпай!» Эки ашык, эки акын ыйык жан. Тең ыр жазып, тең окушуп ырларын, ширин-ширин перзенттерин чоңойткон. Бирок, аттиң, ширин-таттуу балдардын тен көрүшпөй убайын да үзүрүн, эрте учкан туурунан, кайран Жолон – чоң акын!

Кайран Жолон, акын акем, жоомарты болчу адамдын. Аны менен сейрек болдум, сейрек болдум чынында. Бирок, бирге болгон күндөр, бирге өткөн эки-үч түн түбөлүк көңүлүмдө. Жай маалы, кечки Акбуура жээгинде. Жогор жакта Керме-Тоо, керемет тоо кеч күүгүмдө далдаят. Шаар али уктай элек, гүрү-гүү… Тептегерек, Ай кылактап Керме Тоонун боорунда. Түн ичинде шоокуму күч өзгөчө, Акбууранын суусуна бут малганбыз. Биз төртөөбүз: Жолон аке, айылдашы жаш жигит, акын акем Курбаналы,

анан мен. Шарап ичип, кызыган соң, ырга кезек берилди, Акбууранын боюнда ыр нөшөрү төгүлдү.

Жолон аке сууга түшүп сергип алган, шарап ичип эргип алган. Ушул дайра өмүрүм дейт, үмүтүмдү улаган көңүлүм дейт. Жээгинде төрөлүп, өскөмүн дейт. Толкундарын кучактап жетилген соң, ырды ээрчип шаарга кеткемин дейт. Акын досу Курбаналы акени кучагын жая кучактап, ийинин таптап:

– Сенин дайраң Козубаглан кымбат сага, эң кымбатко, жан досум! Менин дайрам Акбуурам, кымбат мага, эң кымбат. Сени акын кылган сенин дайраң. Мени акын кылган менин дайрам! Акбууранын толкун дабышын апамдын курсагында жатып угуп, кан-жаныма сиңген. Анын жээгинде чоңоюп, толкунунда ойноп, киринип эрезеге жеттим. Анын жээгинде ашыгым, тиги өйүздүк кыз, жубайым Меңдинин ак жүзүнөн өпкөмүн. Акбуура менин канымда шар агат. Мени ээликтирген, күрпүлдөтө ыр окуткан Акбууранын толкундуу, шарлуу деми. Менин океаным – Акбуурам! – деп жамактатып, куудулдана сүйлөгөн акындын жүзү албырып, дарыядан кочушуна лык суу толтуруп, жүзүн-чайкады. Чачтарынан, каштарынан, көздөрүнөн, мурунунан, ак жуумал жүзүнөн суу мончоктой тамчылап атты. Бир саамга Жолон аке Акбуура суусунун бир сузумундай көрүнүп кетти көзүмө. Суу перисиндей Акбууранын ак толкундарынын арасынан чыга калгандай көрүнүп кетти. «Ашыгы Меңди кыз Акбуура суу периси, жолон аке Акбуура суу жигити!» – деген ой келе түштү башыма.

Анда Курбаналы аке:

– Ырас дос, дайра улук, өмүрлөрдүн кербени. А, экөөбүз ыр саптардын мергени! – эки колун жаза Жокени кучактады. Жоке эрдин тийгизди сулуу досунун жүзүнө. Жигиттерчесинен кабырга кычыратып кучакташа кетишти экөө. Анан досунун кучагынан чыгып, колдорун көккө көтөрө, күүлөнө ыр окуду акын Курбаналы.

Экөө ынак, кучакташа күлүшүп, жыргап-куунап өз ырларын окушкан, ошол түндө, Акбууранын жээгинде. Көз алдымда агып жатты үч дайра. Бири анын ак көбүгүн чыгарып, агып жаткан Акбуура. Экинчиси көккө сермеп колдорун, ыр дайрасын агызган акындардын шумкары Жолон аке. Үчүнчүсү салкын желдей жанга жагым ырларын, шашпай төккөн Курбаналы чоң дайра. Кезек менен, адеп менен, бир-бирине мээрин төгүп, ыр окуп, эрип, жибип, эки дос.

– Курбаналы, жан досум! Аскар үкөң да ыр окусун угалы. Мунун дагы азоо күлүгүн акындардын үйүрүнө кошолу. Кана, жигит, бир окучу ырыңды.

Эки дос тең мени күтүп калышты. Ыр оку деп, жонума камчы салышты. Тынып калдым, туруп калдым, эки достон тартынып.

– Эй, жаш жигит, уяласың эмнеден? Ушул кечте,ушул азыр ырдабасаң, анан качан ырдайсың? Минтип жүрсөң, бир кадам да жылбайсың. Акын деген адамдагы үч касиет ээси: акыл-сезим, тайманбастык тереңдик менен кенендик да бийиктик. Жүрөксүздөр, бушуркөгөн коркоктор акын болуп жалчытпайт.

Ушул үч касиет болбосо, ыр жазам деп күймөнбө да, түйшөлбө. Тартынчаактык акындарга энчи эмес, уялчаактык ырчылардын салты эмес. Жазганды эгер көксөп турса жүрөгүң, тартынбагын кылчактап. Акын деген эр болот, өлүмдөн да коркпогон, жүрөгү тоодой шер болот. Айтчы, акын жандар кайсыл хандан, кайсыл шахтан кем болот?

1971-жылдын жайы бекен, Курбаналы акенин Пиянбазардын үстүндөгү үйүнө бардык курсташым, акын Жусуп Айдартеги экөөбүз. Кайран акын сүйүнө-сүйүнө кабыл алды бизди. Жеңебиз Гүлчөкан дасторконун жая ысык чай демдеп, тамак даярдап жиберди. Акын акебиз кубанганынан үйүнө батпай, көңүлдүү сүйлөп, поэзия, акындык өнөр тууралу айтып отурду көп нерсени. Өз ырларын

окуп, көңүл сергитти. Поэзия көркөм өнөрдүн ичинен кыйыны, адам – жан дүйнөсүн ачып берүү жагынан теңдеши жок касиетке эгедер экенин бөтөнчө баса айтты кайра-кайра.

Океан түбү терең, анын түбүнө адам жете элек. Киши жан дүйнөсү дал ошондой түбү жок. Келечекте океан түбүнө адамдар жетет. Бирок, пенде жан дүйнөсүнүн түбүнө адам асти жетпейт. Акыр түбү адамзат он сегиз миң ааламдын сырын ачар күн келет кылымдардын кыйырында. Адам өзүнүн жан дүйнө тереңдигине жетмек кайда. Ал чексиз терең туңгуюк. Азырынча поэзия гана жан дүйнө түбүнө жетпесе да, эң терең түшө алганы. Силер көшөрүп ошол тереңдикке умтулбасаңар, жазган ырыңар шыйракка жетпеген саяз бойдон кала берет. Поэзия тереңдикти да, кеңдикти да, бийиктикти да сүйгөн өнөр. Адам табияты ошондой эмеспи. Бекеринен орус жазуучусу Максим Горький акын-жазуучуларды «Адам жанынын инженери» дебеген.

Курбаналы аке Жусуп экөөбүзгө поэзия тууралу институтта окубаган, лекцияларда укпаган жаңылыктарды, сырларды ачып жатты. Акырында келип:

– Силер, үкөлөрүм, поэзияны чындап жүрөгүңөр менен сүйсөңөр, анын кыйынчылыгына чыдагыла, түйшүгүнөн тайсалдап качпагыла. Анан акын болуу ниетиңер болсо, студент кезиңерде ушул азыр поэзиядан өз чыйырыңарды таап алгыла. Институтту бүтсөм анан ыр жазышты катырам десеңер, өзүңөрдү өзүңөр алдаганыңар. Өзүңөрдүн чыйырыңарды таап албасаңар, кийин башка акындардын чыйырына түшүп алып, адаша бересиңер. Ыр жазууда ар кимдин жазганына таасирленип, кумарланып, кызыгып жүрүп күнүңөр өтөт. Ыр ааламын башка акындардын көзү менен карап, «мен акынмын!» – деп төшүңөрдү каксаңар, окурмандардын күлкүсүнө каласыңар.

Курбаналы акенин ошол айткан насаатынын маңыз-маанисине кийин турмушумда миң жолу түшүктүм. Өз

чыйырын таппаган адам башкалардын чыйырын таптап жүрүп карыйт экен. Ушул сезим уюган коргошундай жүрөгүмдү салмактантып, көз алдымда чекчейип туруп ала турган болду. Ушул ой мени ыр алдында сүрдөтө турган болду. Уялам начар ырды жазуудан. Эки-үч ыр жыйнактарын жарыкка чыгарышкан кай бир замандаштарым үчүн да уялам. Жаз, жай бою суудан калып, сөлү качкан, даамы жок алма сыяктанган ырлар менен эл алдына чыгуу, албетте, кылмыш эмес. Бирок, окурман табитин бузаары анык. Мындай мажирөө ырларды окурманга сунуш этип, бечара акын атыгуу кандай өкүнүчтүү!

Ушул эле ойду башка өңүтүнөн айткан болчу Жолон акын бир жолу, мугалимдер институтунун жаңы имаратынын маңдайындагы орундукта кыска убакытка отуруп калган учурубузда:

– Өз багытын жоготкон балыкчы чексиз океанда кандай адашса, өз чыйырын таппаган, өз стилин жаратпаган акын да поэзия океанында адашып калат. Анан ар ким өз мүмкүнчүлүгүнө жараша теманы тандап, бирок ошондо да сезим учкунунан кичине, жүрөк отунан бир үзүм, акылойдон бир күкүм кошо албаса, ырлары сөздөрдүн үйдүсүнөн турган ташканакка окшоп калат, – деп. Оштук бир акындын жаңы басмадан чыккан, али боңктун жыты кете элек китебин ачып, үч-төрт ырын окуп берип:

Мындай ырларды пакал ырлар десе болот,– деген ыр устаты Жокем.

Акын күн-түн изденсе акын. Жаңылыкты көшөрө изденген акын бирдемени табат. Батыштын акындары өз стилимди табам деп эмнелерге гана барып, кантип гана ойкуштантып жазып жатышат. Мынобу ырларды уккула, окуп берейин деп,– сумкасынан калың китепти алып чыгып, (автору эсимде жок) окуп калды бир ырды:

Хочу, хочу хочу, хочу.
Еще хочу, хочу-у-у!

Как я хочу!
Ох, хочу...

«Хочу» деген сөз менен башталып аягына чейин ыр элүү саптан ашык экен.

– Маселе бул акындын бир сөздү жүз кайталаган тажатмалыгында эмес. Маселе акындын изденүү, өз чыйырын табуу далалатында. Мүмкүн ушул акын жазган ык учуру келсе калыптанып, келечекте кайсыл бир жаш акын окурманын тамшанткан ыр берметтерин жаратаар. Кыскасы, акын кумурскадай тыным билбеген изденгич жан болгону жакшы. Англис акыны Эдгар Алан По: «Мен уктап жатканда жакшы ырларды жазам», – деген экен. Чын эле анын ырларын окусаң башка бир дүйнө, керемет уйку ааламында, сыйкыр дүйнөдө жүргөндөй сезесиң өзүңдү. Анын ыр саптарында дүйнө жомоктой туюлат. Изденүүсүз поэзия карып калат. Улам кийинки доор акындары изденүү менен аны жашартып келишет, өмүрүн узартып.

Анан поэзияны бирден бир жашартуучулар – окурман журту. Поэзия окулбай, угулбай калса карып калат.

Айтор, окуган ырың сени кумарлантып, башкача бир туйгу берип, купуя дүйнөгө жетелебесе, андай ырдын өмүрү кыска. Ал үчүн акын дүйнө сырын түгөл көрө билип, башка пенделердин сезим-тюмдары жетпеген купуяларды көрүп, туюп, ыры аркылуу окурманына айтып бергенге кудурети жетүү керек. Ошондой кудурети бар акын өлбөстүккө айланат. Гомердин, Фирдавсийдин, Омар Хаямдын, Гейненин, Эдгар Алан Понун, Есениндин, Басионун, Пол Элюардын, Ду Фунун, Габриэла Мистралдын, Гарсиа Лорканын, Незвалдын, Уолт Уитмендин, Назым Хикметтин, Абайдын, Алыкулдун, Рамистин, Жолондун, Турардын, Омордун, Сүйүнбайдын, Сагындын ырлары менен Мурза Гапаровдун поэтикалык прозалары ааламдын көзгө көрүнбөгөн, жомок сымал кырларын, боекторун ачып, ыргактарын жаңыртып, жарытып бергени менен сыйкырдуу.

Жолон аке начар ыр жазган акын болумуштардан поэзияны кызганчу. «Ыр деген балдар тээп ойногон жыртык топ же бошогон консерва идиши эмес.

Поэзия бул, адамдын ыйык жаны, көз карегинин күйүп турган шамы, жүлүндөн башталып, тырмактын учуна жеткен сезим-туйгусу. Ошол касиеттер болбогон ыр куурайчалык табы жок нерсе»,– деген акын. Акындын ошондогу сөзүн эстесем төмөнкү ыры сезимимде ага берет, Ай жарыгында жылжып аккан өзөн сымал:

Менин доорум – кызыл кечтер, ак таңдар,
Чаңкай түштөр, жылдыз толо асмандар.
Менин доорум – адилеттик, жаңы ойго,
Зор байгени баштап бара жаткандар.

Жолон Мамытов акындык анык бийиктигине жеткен, адамдык парасатка акыл-туюму толгон өмүрүн ордо калабыз Фрунзеде өткөрдү. Ал Оштон Фрунзеге көчүп кеткенде жаш акындар өксүгөн, капа болушкан. Жолборс көкүрөк үнү менен өз ырларын окуганын сагынганбыз. Караанын көрүүгө зар болуп, Ошко батпай калган күндөрүбүз болгон. Биз көктөгөн акындык бийиктик убактылуу көзүбүздөн кайым болгондой сезилген. Бирок, бул капалуу сезимдер узакка созулган эмес. Өткүр акын ордо калаадан да айбаттуу чыгып, Фрунзедеги кыйын акындардын айылына сүйүнүч менен кабыл алынган. Канча ырларын, эскисинби, жаңысынбы жатка, келиштире айтканы менен акындар коомунун оозун ачкан. 1975-жыл болсо керек. Акындын чыгармачылыгы кичине дымып калдыбы же жаңы ырлары Баткенде иштеп жүргөн мага жетпей аттыбы, айтор, ырларын сагындым. Анан ага минтип кат жаздым: «Жолон аке, эмнеге дымып калдыңыз. Ырларыңызда «Отту сүйөмдөгүдөй» жалын байкалбайт. Биз сизден оттуу ырларды күтөбүз, акын аке!» Көпкө бул катыма Жолон акеден жооп алганым жок. Үмүт да кыл-

бадым. Бирок, учуру келип калбаспы. Акын о дүйнөгө аттанаарга бир ай калганда ашкере таланттуу жазуучу Мырзакем менен ага чай берип коелу деп «Арашан» жазуучулар үйүнө барганымды жогоруда жаздым. «Арашанда» отурсак, Жолон аке он-беш жыл мурда мен өзүнө жазган ошол катымды сумкасынан алып чыгып, окуп берген. Көрсө акын өзүнө алакасы бар адамдарга өзгөчө ички туйгу менен мамиле жасаарына жана сейрек жолукчу эстөө жөндөмүнө тан берген жайым бар. Ошон үчүн Жолон акын окуучулук кезинде жазган ырларын да уйкусунан ойготуп сурасаң, жатка айтып берүү касиетине ээ экен! Кыргыз акындарынын ичинен ушундай касиетке анын шакирти Өмүрбек Тиллебаев эгедер болгонун көрүп, Жолон акын өлбөптүр деп сүйүнгөмүн. Өмүрбек Жолон акенин шилекейин жутпаса да, көп жыл андан таалим алып, чоң акындын ыр окуу касиет-жөндөмүн айныбай өздөштөргөн сыягы. Арийне, ал үчүн өз өөнө боюнда деле Кудай берген тубаса шык, жөндөм болуш керек дечи. 2007-жылдын февралында Өмүрбектин ыр үлпөтүн теледен көрүп калдым. Үлкөн акын, Кыргыз Эл Баатыры Сүйүнбай Эралиев Өмүрбектин өз ырларын жатка билүү жөндөмүнө жогору баасын берген. Өмүрбектин кыргыздын Сүйүнбай, Сооронбай баш болгон, Омор дөш болгон чоң акындары катышкан теле ыр үлпөтү жогорку деңгээлде өтүп, көптөн берки ырга болгон сагынычымды аз да болсо жазган. Ошондо мен бир кичине нерсеге ичим тыз этип, өкүттө калгам. Сүйүнбай өз ырларын бүтүндөй жатка айта билген Өмүрбекти орус акыны Андрей Вознесенскийге салыштырган. Ушу көз ирмемде мен Өмүрбектин оозунан күткөнүм: «Мен өз ырын жатка билүүнү Устатым Жолон акемден үйрөнгөм» деген сөз эле. Аттиң, шакирти ошондо көзү өтүп кеткен чоң Устатын оозго алып койгондо, кайран Жокем жаткан жеринде бир козголуп алмак. Пендебиз да, пендебиз!

Феномен акын Жолон кыргыз жазма поэзиясында өзүнө таандык мектепти түзгөн бирден-бир акын бойдон кала

берет. Насип этип 1983-жылы Крымга, курортко барган элем. Крымдын эң түштүк чекити, Кара деңизге.

Сары кум тумшугу найзадай тепчилип турган жерине туш келдим. Ал жер грекче Форос-шамалдуу, Крым татарча Шамаллы деп аталат экен. XIX кылымда көп жолу болушкан орустун не бир улуу жазуучулары Лев Толстой, Антон Чехов, Иван Тургенев, Лермонтов, Пушкин, Гончаров болуп, эс алышып, көп чыгармаларын жаратышкан тура. Ошол алптар болгон китепканага киргенимде өзүмдү башка планетага киргендей сезгеним алиге эсимде. Дал ошол китепканада Фороско эс алганы келген орустун таланттуу акыны Андрей Вознесенский жана украин акыны Смирнов менен эс алуучулардын жологушуусу уюштурулган. Андрей Вознесенский жолугушууда отурган окурмандардын «баланча ырыңызды айтып бериңиз» деген өтүнүчтөрүн угат да, төр жакты бир айланып басып келип, көркүнө келтире айтып берет. Жыйырма-отуз жыл мурда жазгандары да эсинен чыкпайт экен. Ошондо акындык өнөргө таң калып, суктанган болчумун. Ушундай феномен көрүнүштү Жолон аке кыргыз профессионал поэзиясында жайылткан. Орус эли окумал калк келет. Андрей Вознесенскийди үч сааттай кое бербей, ырларын угуп маашырланышкан. Мен үчүн дагы бир акындык өнүрдүн кыры, ааламы ачылган ошондо. Андрей Вознесенскийдин мурдараак казактын таланттуу акыны Олжас Сулейменовдун акындык талантына кырс мамиле жасаган макаласын «Литературная Газета» жумалыгынан окуп калган элем. Ушул тууралу акынга суроо берсем, ал: «Талаш жок Олжас таланттуу, чоң акын. Мен анын чыгармачылыгын сыйлаймын. Бирок, ал башка өңүттөгү, башка табиттеги акын болгонунанбы, ал тууралу кырс ой айтып калууга ошондо тилим кытышып туруп алган эле» – деп тамашалай жооп берген.

Крымда эс алган жыйырма эки күнүмдө мен поэзия аралында балыктай сүзүп, куштай кайкып учуп жүргөн

туйгуда сезгем өзүмдү. Форостон анчалык алыс эмес деңиз жээгиндеги ташка жазылган Пушкиндин: «О, очарованное море» деген ыр саптарын окудум. Гидди ээрчип, «Пушкиндин изи менен» деген экскурсияга чыкканбыз отуздай эс алуучулар. Пушкин Кара деңиз жээгиндеги бутун койгон таштан баштап, бийиктиги 500 метр тоо чокусуна чыктык. Андан ары ылдыйлап отуруп, Крым хан-герейлеринин ак сарайы Бахчасарайга бардык. Сарай ичинен Пушкиндин «Бахчасарай фонтаны» аттуу сүйүү музасын жаратуусуна себепкер болгон дубал боорундагы барельеф түрүндөгү фонтанды көрдүм.

Кара сөз берметтерин жазса да, поэзия жаңырыгы угулган Чеховдун изи менен бастым. Анын атактуу Ялтадагы эки кабаттуу жыгач үй-музейине кирдим. Романтикалуу, кайталангыс кооз Крым жарым аралы орус жазуучуларынын Меккеси болгон экен кезегинде. Орустун атактуу опералык ырчысы Федор Шаляпин жээкке жакын, деңиз суусу туш тарабынан чайпап турган таш үстүнө чыгып ырдаган Гурзуфка жакын жердеги урчук ташты көрдүм. Кайсыл жерге барбагын, Крымда орус жазуучуларынын баскан изи,чыгармаларына байланышкан тоо-таш, үйлөр, жээк бою, токой-суу көз карегиндей сакталып, эстелик жайларга айланган. Керч, Феодосия, Севастополь, Симферополь, Евпатория, Гурзуф, Смеиз, Форос ж.б. шаарлар көркөм өнөр ээлеринин өмүрлөрү менен чырмалыша байланышып жатат. Ошол алп инсандарсыз Крым анчалык даңктуу да, барктуу да боло албас. Тек бир жактуу, курорттук артыкчылыгы менен гана даңкы чыкмак.

Орус эли алар менен сыймыктанат, мактанат экен. Түндүк Кавказда болсо Пятигорск, Эсентуки, Железноводск, Кисловодскиде улуу акын Лермонтовдун жүргөн жерлери, чыккан тоолору, отурган таштары, ал түгүл каармандарынын жүргөн жерлери эстелик жайларга айландырылган. Ташка түшүрүлгөн Демондун элеси. Эки жүз

жылга жакындап баратса да, Пятигорскидеги Лермонтовдун үйү күнү бүгүнкүдөй асибеттелип, сакталып турганына суктангам. Ошол ыйык издер калган, ыйык элестер сиңип кеткен жайларды суктана кароом менин адабиятты, поэзияны түбөлүк сүйүүмө дагы да чоң себепкер болгонун тана албаймын!

Анан дагы, акын-жазуучуга арналган эстелик жайларды өтеле коосдоп, заңгыратып, мизилдетип, шаан-шөкөттүү Ак Сарайга айландыруунун деле зарылдыгы жок. Акын пендеси нагыз эл арасынан тамыр атып чыккан, өмүр бою чыгармачылыгына эл рухунан наар алган жан. Анын музейи, эстелик жайлары акындын өзүндөй жупуну, табигый болсо, таасири күч, эл жүрөгүнөн сүйгөн ыйык жайга айланат. Заңгыраган музейлер менен храмдар адам сейрек барчу падышаларга арналып турула берсин.

В.И. Лениндин «Коомдо жашап туруп, коомдон четте турууга мүмкүн эмес» деген канаттуу сөзү бар. Ошол сөз акындарга да тиешелүү. Батыштын Бодюл деген ойчулу минтип айткан экен: «Замандын өзгөрүлгөнүн көрүп, өлүктөр гана оюн өзгөртпөйт». Буга мисал, өзбек элинин атактуу трибун акыны Хамза Хаким-заде өз учурунун чоң акыны. Коммунисттик доордо болсо да, өзбек жеринде, Орто Азияда болгон зор өзгөрүүлөрдү бийик үнү менен ырдаган нагыз элдик акын болгон. Ыйык Шаймерден шаарчасы илгертеден эле белгилүү жер экендиги талашсыз. А, Хамзанын абройу менен Шаймерлендин баркы дагы да көтөрүлө түшкөн болчу. Бирок, СССР таркашы менен негедир Хамзага байланышкан жайлар, эстеликтер бул ажайып жерде жоголду. Муну менен Шаймерден бир артыкчылыгынан ажырап калды. Муну мен көп адамдардан уктум, өзүмдүн жеке оюм да ошондой. Же кыргыз акындары Арстанбек менен Калыгулду алалы. Коммунисттер эки акынды тең кыргыздардын эс-көөнүнөн чыгарып таштагысы келген. Бирок, эл унутпаган. Учуру келип, эки акын тең кайтып келди элине. Саясий түзүлүш,

идеология убактылуу коомдук кубулуш. Акындын чыгармалары түбөлүктүү. Аны алдакачан далилдеп койгон адилет тарых. Анткени, акын элден алып, кайра элге сунат. Эл өзү тууралуу ачуу-таттууну жазуучу-акындардын чыгармаларынан көрөт. Таланттуу жазылган адабий беренелер эл өз жүзүн каранган күзгү. Элдик мүдөөнү чагылдырган таланттуу поэзиянын алдында убактылуу доор сүргөн саясат суу кечпейт.

Поэзия эл руху, эл сезим-туйгусу, эл жаны экенине мен Крым, Кавказдагы акын-жазуучулардын изи калган жерлердин ыйык жайларга айланганын көргөндөн кийин өзгөчө ынангам. Өзүн сыйлаган калк, өзүнүн таланттуу уул-кыздарын да сыйлап алат экен. Ошондо орус элинин таланттарды сүйүп сыйлаарына суктангам, кызгангам! Ошон үчүн орус элинин руху бийик экенине муюгам. Көрсө элдин рух кенчи биякта: көркөм өнөр ээлерин барктоодо, алардын мурас беренелерин сүйүп окууда экен, атаганат!

Акынды сыйлоо жагынан грузин эли да көз күйөөрлүк салтты сакташат тура. Тбилиси шаарындагы пантэон ыйык көрүстөнүндө грузин элинин көпчүлүк улуу акын-жазуучуларынын сөөктөрү ардакталып коюлган. Тбилиси шаарынын көптөгөн көчөлөрү, аянттары, окуу жайлары ж.б. белгилүү жайлары грузин калкынын атактуу акын-жазуучуларынын ысымдары менен аталат. Борбордук аянты Шота Руставелинин ысымында. 27 гана ыр менен атак-даңкка ээ болгон, жаштайында жайрап калган таланттуу акын Бараташвилинин эстелиги Тбилисинин чок ортосундагы дөбөчөдө заңкайып турат. Грузиянын кайсыл жерине барбагын акын-жазуучулардын эстеликтерин же аларга байланышкан ыйык жайларды учуратасың. Өзгөчө Цхинвали курорт-шаарчасындагы саябан бактан өзбек элинин таланттуу жазуучусу Абдулла Кахарга тургузулган эстеликти көрүп толкундангам. Анын айкелине бир десте гүлдү ызат-урмат менен койгом.

Мен буларга неге кененирээк токтолуп, күйүп-бышып айтканымды сезимтал окурманым туйду, албетте. Кыргызда Бараташвилидей акындар жок бекен?! Ысыккөл ырлары үчүн Алыкулдун айкелин көлдүн кире бериш жээгине (Балыкчы тарабына) заңкайта тургузуп, акындын:

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу мындай жолдош күткөн жокмун! –

деген саптары эстеликтин постаментине жазылып коюлса кандай жакшы болмок!

Жолон Мамытовдун эстелигин Ош шаарынын Ак-Буура жээгине ортнотуп, эстеликтин постаментине мыкты ырынан бир куплетин жазып койсо не жакшы!

Же Мидиндин эстелигин Долон ашуусуна орнотуп, постаментине «Ата Мекен» ырынан бир куплетин ташка оюп жазып койсо, же жол боюна жакын аскага чегип жазып түшүрсө не деген улуулук болот эле, аттиң! Райкандын, Байдылданын, Сүйүнбайдын эстеликтерин Талас токоюна тургузсачы! Же болбосо Ысык-Көлдүн Чолпон-Атасына Касымдын, Түгөлбайдын, Жусуптун, Мукайдын, Нуркамалдын, Жума Жамгырчиновдун, Омордун эстеликтер галереясын тургузса не жакшы. Талас жерине Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын кайталангыс каармандарын элестеткен айкелдерди орнотсо, Кыргыз жазма адабиятын баштоочу Молдо Нияздын эстелигин Кадамжайга тургузса Ала-Тоо аймагынын көркү ого бетер артмак. Ата журт өзүн даңктаган уул-кыздары менен касиеттүү.

Бизде да акындардын өмүрү менен байланышкан жерлерди элдик маданий жайларга айландырууга неге болбосун. Улуу, кайталангыс акын экенин эл алда качан мойнуна алган Алыкулдун үй музейи бар. Бирок, ал музей алиге жалпы кары-жаш эртели-кеч тынымсыз бара тур-

ган ыйык жайга айлана элек. Кыргыз көлү Ысык-Көлдү Алыкулчалык али эч ким ырдай элек, ага жеткирип эч ким ырдай албаса да керек. Неге көл жээгиндеги Алыкулдун өмүрү, чыгармачылыгы менен тыгыз байланышып кеткен Койсары элибиздин рухий-маданий жайына айланбайт?! Ушундай эле ойду Турар Кожомбердиев, Жолон Мамытов, Мурза Гапаровдорго байланыштыраар элем. Мурза Гапаровдун Ноокаттагы Нойгут айылына өзү курган үйү балдары менен бир туугандарынын ортосунда талашка түшкөнүн теледен көрүп жаным кайышкан. Андан көрө ал үйдү жазуучунун үй-музейине айландырып койсо, не жарашыктуу болоор эле. Төлөйкөндүк туугандар Жолон Мамытовдой сыймыктана турган чоң акын уулдарын урматтай албай жатышканы өкүнүчтүү. Андай таланттуу перзентти Кудай бардык эле айылдарга тартуулай бербейт-ов!

Жаштардын Мекенчил сезимдерин күчөтүп, кыялкечтик туйгуларын арттырып, рух дүйнөлөрүнүн байышына кызмат кылат болчу андай жерлер. Идеологиябыздын башатын алиге таппай башыбыз маң. Мына кыргыз идеологиясынын бир соолбос башат булагы.

Акын журту ар кайсыл доордо аты улук, барктуу болгон. Пайгамбарыбыз Мухаммед Алейки-Салам Закирия аттуу акын досунун өнөрүн жогору баалап, өз тонун сый катары анын ийинине жапкан экен. Ошондон тарта мусулман дүйнөсүндө акындарга тон жабуу салт катары жашап келет.

Элди тыйынча көрбөй, өзүн Кудайга теңеген тирандар, хандар, падышалар акындар менен эсептешпей кое алган эмес. Кийинки муундарга сүймөнчүктүү падыша, хан, шах, король болуп калуу үмүтү менен алар Ак Сарайларына, хан ордолоруна атактуу акындарды чакырышып, өздөрүн мээрбан башкаруучу катары даңктоого акындарга буйрук беришкен. Атактуу акын Фирдавсий Иран шах сарайында, улуу акын Алишер Навои Газнави падышасынын, арап

элинин даңктуу акыны Абу Навас Багдад халифатынын , айтылуу ойчул-акындар Конфуций менен Ду Фу Кытай хандарынын, Шота Руставели грузин падышасы Тамаранын сарайларында болушуп, өз ырларында падышалардын ысымдарын өлбөс-өчпөстүккө айландырышкан. Аксак Темирдин алаамат заманында жашаган Токтогул ырчы, Кокон хан ордосуна жакын болгон Молдо Нияз, Надирабегим эл сүйүп, урматтаган адамдар болушкан. Молдо Нияз бүгүн кыргыз жазма поэзиясынын баштоочусу катары тарыхыбызга кирди. Бардык нерсени мезгил өчүрөт. Бирок, сөздү өчүрө албайт. Бекеринен «Библияда»: «Баары сөздөн башталат» – деп кашкайта жазылып коюлбаган. А, поэзия – сөз атасы!

Дегеле поэзиянын төл башы, башаты Азия, Чыгыш элдери болгонун карт тарых кашкайта айтып турат. Буга үч миң жылдан ашык тарыхы бар Орто Чыгыш, Индия, Орто-Азия, Кытай поэзия мектептери күбө. Неге Европанын поэзия, илим, өнөр тарыхы Грециядан башталган? Анткени, Греция Азия менен босоголош жайгашкан. Бир учурларда Босфордун чыгыш жээги Греция мамлекетине карап да турган. Гректер жеңишке жетишкен Троян согушу дал кичи Азияда, бүгүнкү Түркия жээгинде өткөн. Гректер поэзия үлгүлөрүн фарс, арaптардын ата-бабаларынан, ассириялыктардан калпып алышкан. Гомердин «Иллиадасы» менен «Одиссеясынан» чыгыштык мифтердин жаңырыгы угулат. Грек улуу маданияты Вавилон, Ниневия, Шумер, Ассирия, Фарс маданияты менен аташып кеткен. Ошон үчүн Аристотелден туптуура миң жыл кийин, Х кылымда Чыгыштын улуу ойчулу Аль Фараба анын атактуу «Поэтика» трактатына түшүндүрмө берип, эски үндү жаңырткан. Аристотелдин «Поэтикасынан» Аль-Фараба Чыгыштык эски жаңырыкты уккан.

Бу дүйнө өтмө катар, оомал-төкмөл. Бирде карт Азиянын кел-кели келип, бирде Европанын кел-кели келип, бирде Азиянын кет-кети келип, бирде Европанын кет-кети

келип турган. Эки курлук маңги бирин-бири толуктап келет. Алдыдагы миң жылдыктарда деле эгиз эки курлук Азия-Европа бул улуу салтты уланта берет. Бири-бирисиз жашай албайт! Ошон үчүн бул эки улуу курлуктун пенделери бири-бирине текебердик менен мамиле жасоолору кечиримсиз. Бири жаратканды экинчиси өздөштүрүп алып, анан ичкен булагына түкүрүп, текеберликке баруусу, бери болгондо парасатсыздык. Християн дин ишенимин туткан Америкалык улуу акын Уолт Уитмен өз ырларында жер шарын өз үйү катары сүйүп, анда өмүр кечирген бардык элдерди боордошу катары сыймыктана даңктаган.

Илгертеден эле Европанын ак ниет, калыстыкты пир туткан ойчулдары менен акындары өздөрүнүн өнүгүү дайрасынын башатын Чыгыштык булак-башаттан көрүшкөн. Эски Азия жаңы Европа маданиятынын атасы эле. Кайсар бала жетилсе, атасын тааныгысы келбей калгандай, кийин Европа эрезеге жеткен соң, көп жылдар бою атасы Азияга ийинин тосуп, керсейип жүрдү. Эр жетип, эси толгон бала атасын тааныгандай бүгүн Европа Азияга кайра жүзүн буруп жатат.

Ошол улуу салт Грециядан Римге өтүп, андан ары Европанын тереңине сиңип кеткен. Оо кийин, XVII-XIX кылымдарда деле Европанын атактуу акындары Сервантес, Шиллер, Гете, Пушкин, Есенин Чыгыш поэзиясынан азык алып, суктанып, ыр саптарын арнашкан. Индиянын «Махатмасы», «Рамаянасы», кыргыздын «Манасы» Чыгыштык эпостук поэзиянын туу чокулары.

Бардык илимдердин, көркөм өнөрлөрдүн башаты болгон фалсафа илими да Чыгыштан башталган. Дүйнөдө биринчи болуп, фалсафа мектептери, академиялары мындан үч миң жыл илгери Индияда түптөлсө, үч миң жыл илгери кытайдын улуу ойчулу Конфуций дүйнөдө тунгуч «Логика мектебин» ачкан. Дүйнөдөгү эң алгачкы бай китепкана эски заманда Египеттин Александриясында бол-

со, экинчиси орто кылымдарда Орто Азиянын Отрар шаарында калыптанган. Атактуу энциклопедист, улуу ойчул Аль-Фараба Отрардын бай китепканасынан илим дүйнөсүнө баш баккан. Улуу энциклопедистер Беруний, ибн-Сина, Абу-Рошд (Аверрос) Чыгыштык илим менен өнөрдүн аталары болушкан.

Биз бул жерде дүйнөлүк поэзиянын туу чокусуна чыгышкан Европалык, Америкалык улуу акындар Гомер, Лукреций, Данте, Петрарка, Шекспир, Виктор Гюго, Роберт Бернс, Эдгар Алан По, Поль Элюар, Шиллер, Генрих Гейне, Гете, Адам Мискевич, Шефченко, Шандор Петефи, Байрон, Пушкин, Лермонтов, Есенин, Гарсия Лорка, Уолт Уитмен, Маяковский, Габриела Мистрал, Незвал, Пабло Неруданын керемет поэзия берметтерине, адамзаттын жан дүйнөсүн андан ары тереңдеткен ырларына тизе бүгүп, таазим кылабыз.

Чыгыш поэзиясы өткөн жыйырманчы кылымда андан ары бийиктеди. Бенгал Рабиндранат Тагор, казак Абай, пуштун Аббас, түрк Назым Хикмет, авар Расул Гамзатов, балкар Кайсын Кулуев, өзбек Хамид Алимжан, тажик Мирзо Турсун-заде, вьетнам Хо-ши-Мин, казак Мухтар Шаханов, кыргыз акындары Алыкул Осмонов, Турар Кожомбердиев, Сүйүнбай Эралиев, Омор Султанов, Сооронбай Жусуев, Байдылда Сарногоев, Жолон Мамытов Чыгыш акындарынын улуу салтын улашты, жылдыздар плеядасын толуктаган инсандар болушту.

Чыгыш поэзиясы адамдын учкул кыялын, поэтикалык курчтукту, Батыш поэзиясы пенденин реалдуу оюн, адам дилин терең ултарган керемет сезимдерин поэзияга алып келишти. Ал эми, Америка курлугунун акындары дүйнөлүк поэзия ааламынын бийиктеп, тереңдешине чоң салымын кошту.

Кыргыз поэзиясынын андан ары адам жан дүйнөсүнүн тереңине үңүлүп, жаратылыш менен адамдын ички катышын чебердик менен чагылдыруусуна Жапан поэзиясы

чоң түрткү бергенин акындар журту бир ооздон айтып жүрүшөт. Алгачкылардан болуп бул жаңылык Турар Кожомбердиевдин татына ырларынан көрүндү. Кыргыз поэзиясынын мүмкүнчүлүгүн кеңейтип, адамдын эң ичке сезим кылдарын чертип, жаратылыштын назик кубулуштарын ыр саптарына сыйдырууда Сагын Акматбекова алдыга кадам таштай алды.

Кара сөзү поэзия саптарындай окулган атактуу агабыз Чынгыз Айтматовдун «Жамийла», «Кызыл алма» повесттери, Мурза Гапаровдун повесть-аңгемелери прозалык ырдын, нагыз пеоэтикага тунган беренелери.

Дүйнөлүк адабият тарыхында кара сөздүн алптары болушкан айтылуу жазуучулар француздар Проспер Мериме, Ги де Мопасан; жапандардан орто кылымдагы Нидзе, бүгүнкү Ясунари Кавабата; орустардан Иван Тургенев, Антон Чехов, Юрий Казаков; америкалык О Генри, казак Сайын Муратбеков, өзбек Абдулла Кахар, украин Олес Гончар; түрк Решад Нури Гүнтекин, кыргыз Мурза Гапаров чоң тамгалар менен Акын деп жазылууга толук акылуу инсандар. Алардын чыгармалары поэтикалык терең ойлор менен поэзиялык ыргактарга сугарылган. Кыргыз прозаиктери Кеңеш Жусупов, Кубатбек Жусубалиев, Орозобек Айтымбетов да ири алды акындар. Кара сөз саптарында поэтикалык эргүү менен сезимдер уюп жатат. Алардын татына беренелери проза эмес, ыр окугандай дем менен окулат. Кыргыз адабиятында кара сөздүн ашкере чебери Мурза Гапаровдун лирикалык аңгемелери поэзиянын нагыз үлгүсү. Жакшына повесттери Алыкулдун, Сүйүнбайдын, Жолондун поэмаларынан асти кем калышпаган поэтикалык күчкө ээ.

Кийинки муун акындарыбыз Эгемберди Эрматов, Акбар Рыскулов, Атантай Акбаров, Өмүрбек Тиллебаев, Кожогелди Култегин, Кыялбек Урманбетов, Шайлообек Дүйшеев, Кемел Белеков, Карбалас Бакиров, Атакул Жакыпов, Абдилахат Дооров, Тургунбай Жумаев ата-агала-

рынын жолун жолдошуп, кыргыз поэзиясынын мейкиндигин кеңейтип, тереңдетип, бийиктетип келишет. Таланттуу прозаик Нууман Сайдуллаевдин «Жаздын он эки көз ирмеми» повести ириде лирикалык татына поэма катары көңүлүбүздө калды.

Бүгүн мектеп окуучулары компьютерди ашыкча акыя тиктеп, рух дүйнөсүнөн узап баратышкандай. Ошол бөксөлүктү акын-жазуучулардын поэзия берметтери менен толтурса кантип болбосун. Эгерде биз мекенчил жаштарды тарбиялайбыз десек, өлкөбүз гүлдөп-өссүн десек, Батыштын массалык маданиятынын сормо сазына жаштарыбыз сорулуп кетпесин десек, жаштардын поэзияга болгон ынтызарлыгын арттыралы. Мени кай бир окурмандар поэзияга ашкере баа берип жатат деши ыктымал. Ал эми, поэзиянын улук касиетинен лазат ала билгендер эгерим мындай ойго барышпайт.

Ошонуң үчүн таланттуу акындарыбызды сүйүп, жалпы элдик сыймыкка айландыруу салтыбызды татыктуу уланталы. Бул жагынан ыраматылык акын акебиз Курбаналы Сабыровдун ооматы бар экен. Лейлектик туугандар, айрыкча ырга жакын азаматтар айтылуу акын Курбаналы Сабыровдун ысымын көзү өтсө да тирүү кезиндегидей аздектешет. Коргон айлындагы акындын ысымына коюлган орто мектепте акындын өмүрү, чыгармачылыгына байланышкан сүрөттөр, китептери ж.б. ыйык буюмдары коюлуп, ырлары илинген. Баарынан да жыл сайын акын төрөлгөн 17-апрель күнү Лейлекте поэзия күнү катары жыйырма жылдан бери жыл сайын майрамдалып келет. Мунун башкы себеби эмнеде? Илгертеден калган жакшы салт бар, ким шакиртти көп чыгарса, ошол инсан өлбөйт деген. Лейлекте Курбаналы Сабыров түзүп кеткен поэзия мектеби калыптанган акын тирүү кезинде эле. Ал мектептен ондон ашык мыкты ыр жандуу уул-кыздар эрезеге жеткен. Дал ошол ыр жандуу инсандар Курбаналы акени терең урматташып, арбагына таазим этише, туулган күнүн

поэзия күнүнө айландырышкан. Өзгөчө шыктуу акын Абдилахат Дооровдун (Эпохин) мында салымы чоң. Жыл сайын 17-апрелде Курбаналы Сабыров атындагы адабий сыйлык Лейлектин жаш акындарына берилип турулат. Мындай ширин шыбага Баткендик акын Тургунбай Жумаевдин энчисине да тийди. Не жакшы!

## КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНЫН ЖЕТИ ЖЫЛДЫЗЫ

Алыкул Осмонов,
Сүйүнбай Эралиев,
Cooронбай Жусуев,
Байдылда Сарногоев,
Омор Султанов,
Турар Кожомбердиев,
Жолон Мамытов.

Жетөө тең өздөрүнө гана таандык жаңылык, стилдери, өз жүздөрү менен келип, Кыргыз поэзиясын бийик тепкичке көтөрүштү. Кыргыз рухун байытышты. Ушул Чоң Жетигендин катарына кошулуу үчүн не деген гиганттык мээнет, талант керек! Жолон аке өзү көп жолу кайталагандай чоң акын болуу үчүн Сзифтик мээнет, талыкпаган эмгек керек. Демек, Чоң Жетиген жылдыздар тобу кыргыз барда поэзия асманында баркырап күйүп тура берет. Мүмкүн башка замандаштрым Кыргыз поэзиясынын Жетиген жылдызын башкачараак көрүшөөр...

Жолон Мамытов поэзиянын эки канаты – лирика жана публицистикалык тонду бирдей сезимине сиңирген акын экендиги менен айырмаланчу. Бул жагынан ал орустун атактуу акындары, замандаштары Евгений Евтушенко менен Андрей Вознесенскийге, казактын айтылуу акыны, өзүнүн айныгыс досу Мухтар Шахановго теңталаш акын экендиги талашсыз. Таланттуулугу, көрөгөчтүгү, дүйнөлүк

поэзиянын асыл нарктарын боюна сиңирүүсү, доор жарчысы болуу жагынан Жолон Мамытов жогоруда айтылган үч чоң акындан кем калышпаган жана калышпайт да. Алардын бир артыкчылыгы – орус тилинин кулачынын кеңдиги. Алыкулдун, Сүйүнбайдын, Турардын, Жолондун, Омордун ырлары орус тилине чыпчыргасы коробой которулса, дүйнөнү чабыттап кетмек! Болбосо, Чыңгыздын улуу чыгармалары деле кыргыз топурагынан алыс чыга албай кала бермек. Бирок, Чыңгыздын артыкчылыгы өз эне тилин да мыкты билип, эне тилинде мыкты жаза алгандыгында. Асыл, үлкөн акын Байдылда Сарногоев жазгандай:

Эне тилин билбеген,
Элин сүйүп жарытпайт, – турбайбы!

Бирок, Жокем оюндагы көп максатына жетүүгө үлгүрбөдү. Чыгармаларын орус тилине сапаттуу которуусуну эми эле баштаганда... Акындын орус тилине которулган ырларынын көбү чабал которулган. Жолондун ырларын дит коюп окуган окурман кыргыз тилинин зор дарамет, мүмкүнчүлүгүн айныбай сезет. Кыргыз тили тышкы көрүнүштөрдү, кубулуштарды гана эмес, абстрактуу кубулуштарды, адам жан дүйнө туйгуларын, адам сезиминин миң-миң кырларын чыпчыргасын коротпой поэзия саптарына түшүрө алат. Тил байлыгынын, тил кереметинин жеткен чеги, мүкүнчүлүгү бул – поэзия.

Мурза Гапаров Жолон аке болуп жазуучулардын «Арашан» чыгармачылык үйүндө отурган февраль түнү эсимде. Ошондо Жолон аке Чили акыны Габриела Мистралдын төмөнкү ырын окуп: «пенденин туңгуйук сезимин акындан артык ким жерине жеткирип айта алат» – деген эле.

– Мурза аке, сиздин жазгандарыңыз поэзиянын нак үлгүсү. Бүгүн кыргыз жазуучуларынын ичинде сиздей

тилибизди көркүнө келтире тизмектеген зергери, тилибиздин бермет-каухарын тандап, сезим кылдарын черткен жазуучу сейрек учурайт – деген эле Жокем чын дилинен.

Бүгүн кыргыздын эки чоң акыны тең арабызда жок. Кыргыз поэзиясы кыйла кемий түшкөн экөөсүз. Өзгөчө менин дүйнөм кемиген эки үлкөн акын акелерим биринин артынан бири о дүйнөгө кете бергенде. Өзүмдүн кипкичине бир көздүү терезенин көзүндөй мажирөө поэзия дүйнөмдө кала бергем. Экөө тирүү болгондо бир көздүү поэзиям төрт же алты көздүү терезедей кеңийт беле!? Шүгүрчүлүк пенделик, тукум улоо бактыма каниет кылам. Бирок, жаштайымдан жете албай келаткан поэзия дүйнөмдүн төрүнө өтө албай келем. Алар менен мага жеңил эле. Ырас, Жолон аке менен агыл-төгүл сыр чечишкен учурум өтө сейрек болду. Шонтсе да, төрт-беш жолку жолугушуудагы берген таасири, улуу шыгы менен адамгерчилиги азык болгон. Бирок, руху күчтүү ырларына шыктана өсүп, Жокемди экинчи Устатым деп эсептеймин. А Мурза аке, менин наар алган булагым. Адашып жүргөн жанымды поэзия чарбагына жетелеп келген Устатым болчу. Мурзакенин жан дүйнөсү, адамдык улуу касиети, чыгармачылык кайталангыс табияты, адамдык сыпат-парасатын менчелик билген адам аздыр бу дүйнөдө. Бул киши тууралу жазуу деле мен үчүн Жолон аке тууралу жазуудан жеңил эмес. Асыл жазуучу акемдин чыгармаларын окуп, анын адамдык турпатын көз алдыма келтирип жүргөнүмө да каниет кылам. Ал асыл адам тууралу көп жолу жаздым. Бирок, бир да бир жолу жазганым жакпай, айырып таштап келатам. Устатым тууралу өзүнө тең талант ээси гана жаза алат окшойт? Буга Виктор Гюго тууралу экинчи бир улуу жазуучу Андре Моруанын өмүр баяндык романын окуп чыккандан кийин ынандым. Мүмкүн күндөрдүн бир күнүндө жазаармын. Ал кишинин пор-

третин шашылып, киргил боек менен тарткым келбейт. Андан көрө жазбай-ак койгонум артык.

Бирок, мен үчүн ыйык эки талант жөнүндө жазбай коюуну да күнөө деп эсептеймин. Чоң таланттар бирибирине магниттей тартылып турат окшойт, Мырзакем Жокемди дайыма оозуна ала берчү. Мурзакем экөөбүздүн «Арашанда» эс алып жаткан Жолонго акыркы жолу барганыбыз мындай болгон эле. Тагдыр, насипке тан бербеске болбостур. Жолон аке о дүнүйөгө сапар тартаардан бир айча мурда бекен, жолум түшүп, Фрунзеге баргамын. Мурзакемдин, отурамын төрүндө, Баткендин жүзүмүнөн ачытылган шарапты ичип. Кечке жуук минткен асыл Устатым:

– Аскар, Жолон акең «Арашанда» эс алып жатыптыр, кабар алып келели.

– Макул, аке, ойдогуну айттыңыз!

Шарап, арак, закускени сумкабызга толтуруп, «Арашанга» жетип бардык тез эле. Тыкылдаттык секи-ин эшикти. Жооп жоктой же бир жакка кетиппи? Бар, бар экен, ачылды эшик акырын.

– Оо, Мурзаке, келиңиз! Кел иним. Кириңиздер ичкери!

Кең кучагын жазып акын, Мурза акени сүйүп койду жүзүнөн. Оң ийиниме коюп сол колун, колум кысты, жылуу ыклас, ырай менен.

– Токтоңуздар, отурууга шашылбай Акын журту адегенде оозандырат ыр менен. Азыр эле поэмама акыркы чекит койгомун. Коюп алып, өзүмчө эле толгондум. Кимге окуп берсем экен биринчи? – деген акын Мурзакеме эркелеп.

Окуп кирди жаңы эле акыркы чекитин койгон «Даңгырды даңктоо» поэмасын. Баягы Жолон аке, баягы үлкөн акын окуп жатты ичине демин тартпай, күчөгөндөн күчөп улам, кудум деңиз толкунундай зарптуу, айбат эпкин менен. Көл-шал тердеп, өтмө катар суу болуп ич кийими.

Бирде күчөп, бирде жай тартып. Бирде пастап, бирде бийиктеп. А, мен болсо, ыр толкунун мингемин, поэманын сыйкырына киргемин.

«Даңгырды даңктоо» поемасын бир дем менен окуду. Анан «Ух!» деп, орундукка отурду. Бака-шака, күлкү, ха-ха башталды.

– Токтоңуздар, эң оболу бир чыныдан бозо ичип, анан шише ачалы, – деген акын бозо сунду чыныдан.

Алып жатып колунан бозо мелт-калт чыныны, «шуу!» дей түштү жүрөгүм. Билектери ипичке, тарамышы көгөргөн. Өңү да купкуу, керсары, буттары иймейиңки, акын акемдин! Ич-ичиме катып сырымды, сунган колдон алып ичтим бозону. А көңүлүм кыжаалат: «Бу, Жокеме не болгон, оорусу барбы, олуттуу?»

Бир заматта толду акын бөлмөсү, көңүл сүйгөн акын-жазуучу жандарга. Жумшак күлүп, ийиле салам айтып, назик сүйлөп Насирдин Байтемиров башбакты. «И-и Жоке!» деп, маин жигит Ашым Жакыпбеков пайда болду. Олбурлуу басып котормонун суусун ичкен кайран Олжобай Орозбаев кирип келди. Корулдап сүйлөп кыргыздын кыйын чыкмасы Бексултан Жакиев эшик ачты. Таң атканча отурдум «акулалар» арасында, кудум чабак балыктай. Толкуп алгам, толуп алгам ичимден. Баары мыкты, баары асыл пенделер. Адабият, маданият жаатында сөздөр жүрүп, Насыкем кургур башкалардан аз күлүп, ой багып отурат тар жерде да. Баамчыл Жокем, илгиртпей андап минтпеспи:

– О, Насыке, поэзия, адабият эс алсынчы кичине, өзүбүз да эс алалы азыраак, андан көрө көтөрүңүз шарапты! – деген Жокем жаңы жазган ырын окуй бергенде, көз айнегин мурдунун үстүнө илип. Баары күлүп, орундуу тамашага, Насыкемди жаалашты. Кайран Насыке өмүрүнүн аягына чейин изденип, кыялданып, кара сөз, ыр менен гана жашап жүрүп өтүп кетти, артына чоң из калтырып.

Кайран кымбат адамдар. Ошол жети берендин бири бүгүн арабызда. Ал Бексултан Жакиев. Калган алтоо ааламда жок. Өткөн өмүр мезгил үчүн аткан октун учкан убактысынчалык көрүнбөйт-ов!

Ошол-ошол кайран Жокем, биз баргандан бир айдан соң, март айында, чоң Маскөөдө, оор дарттан айыкпастан, бу дүйнөдөн, о дүйнөгө көчүптүр. Кош айтышып, достор менен, эл менен, кайтпас жолго сапар тартып кетиптир. Аңдып жүргөн ажал кургур чоң акындын жанын алып, максатына жетиптир! Асыл адам, улуу талант, улуу акын акемди, өксүп-өксүп жоктодум. Өчтү алоо оттуу көз жалп этип, кулады бир алп дарак дүп этип! Жазылбай калды канча-канча оттуу ырлар.

Башка жандар адамдар менен гана коңшу жашашса, Жолон акын өмүр бою поэзия менен коңшу жашап келгенин минтип айтыптыр:

Булчуңдай дирт сезим түйүп түйүнгө,
Маани бербей, акча, даңк, кийимге,
Поэзия коңшу болуп күн өтөт,
Кыймылдагы жанар тоонун түбүндө...

*«Өмүр»*

«Мен бу жарык дүйнөдө колумдан келгенин жасадым. Эми ашка жүк, башка жүк болгум келбейт», – деп жүрүп көп узабай Мурзакем о дүйнө ат салды.

Карыз элем Жокем менен Мурза акемден, алар тууралу жазууга парыз элем. Көпкө жүрдүм кутулалбай карызымдан. Канча аракет жасадым, жазайынчы эскерүү деп. Аягына чыкпадым. Эптеп жаздым бу сапар да, көп ойлорум кирбеди. Бирок, көңүл аз болсо да тынчыды. О-о, чоң акын Устаттарым! Бир козголуп аларсыңар кабырда. Силер жазган беренелер элдик кенчке айлнган. Жашап жатат Жан-рухуңар элдин көңүл-дитинде.

Ыр жазган жандар таазим этет, тооп кылат, табынат да Жокем менен Мурзакемдин чыккан бийик поэзия чокуларына сук артып...

## ОЙ БҮТҮМ

XXI кылым адамзаттын алдыга карай өнүп-өсүшүнө космостук тездик менен салым кошкон кылым. Бийик технология-компьютердин, жана технологиянын доору. Бирок, адамзаттын келечеги жеке эле илимий-технологиялык өсүүгө таандык эместиги белгилүү. Илим адам таануунун үч чоң салаасынын бирөө гана. Калган эки салаасы: дин менен маданиятсыз адамзатта өсүү жок. Адамды адамдык нуктан чыгарбай келаткан улуу көркөм өнөр бар.

Анан дагы адамзат буга чейин жараткан көркөм өнөрлөрдүн беренелеринен кийинки муундарды куржалак калтыруу да опурталдуу. Ошондо нак клон адамдар жаралат. Көркөм өнөр адам баласын адамдык касиетинен тайдырбай, мүдүрүлтпөй сактоодо теңдешсиз кызмат өтөп келди, өтөй да берет. Булардын ичинде поэзиянын өзүнө таандык орду бар экенин көңүлгө албоо аңкоолук. Жаш муундарды поэзияны сүйүү бактысынан куржалак калтыруу кечиримсиз. Кечээ, мындан отуз-кырк жыл мурда эле жаштар поэзия десе ичкен аштарын жерге коюшчу. Чейрек кылым ашпаган аралыкта поэзия артка сүрүлүү абалына тушукту.

Атактуу авар акыны Расул Гамзатовдун «Өткөнгө таш ыргытсаң, келечек сени замбирек менен атат» деген канаттуу сөзү биздин урааныбызга айланышы кажет. Орус элинде «Человек не с хлебом едины» («Адам нан менен гана бүтүн эмес») деген акылман сөзү бар. Байлык деп, акча деп жүрүп эртең жайрап калбайлы. Дал ушул максатта өткөн кылымдардын алдыңкы инсандары көркөм өнөр академияларын, мектептерин ачышкан. Европанын

графтары, княздары, Азиянын хандары менен падышалары, акчалуу төбөлдөрү үй-бөлөсүн маданият үлгүлөрүнө сугарышкан. Акырындап мындай салт жалпы адамзатка таандык болуп кеткен. Ошол зарылчылыктан улам Италиядагы архитектуралык эстеликтер, Москвадагы Третьяков сүрөт галереясы, Санкт-Петербургдагы Эрмитаж, Париждеги Лувр, Вашингтондогу Метрополитен, Лондондогу королдук музей, Япония, Кытайдагы, Индиядагы көөнөрбөс эстеликтер түзүлгөн. Ошол атактуу музейлерди көрүп, наар алган элдердин кийинки урпактары көркөм өнөрлөрдүн дүйнөлүк шедеврлерин жаратышкан. Дүйнөкордуктун адам пендесин биротоло соруп алуусунан улуу маданият мурастары сактап калган жана сактап келатат.

Батыш бүгүн технологиялык прогрессти дүйнөгө жайылтуу менен бирге эле, дүйнө элдеринин буга чейин жараткан көркөм беренелерин топтоп, ташып кетип, өз мамлекеттеринде сонун музейлерди түзүүнү улантып жатат. А, биздин жаштар ошол эле Батыштын массалык маданиятынын сормо сазына баткандан батып барат. Акыркы он жылдын ичинде эле АКШнын жарандары Кыргызстанга, анын ичинде Баткенге келишип, айыл-кыштактарды аралашып, элибиздин кылымдык кол өнөрчүлүк, этнографиялык асыл-баалуулуктарын: классикалык оймо-чиймелүү килем, кийиз, саймаларын акчанын көзүнө карабай сатып алып, мекендерине ала кетишти. Биз болсо, аларды жоготуп, ордуна ыймансыз, жаштарды кайрымсыздыкка тарбиялай турган кинофильмдерди сатып алып, көрсөтүп жатабыз. Азгырма дүйнөпараздыктан алда канча артыкчылыгы бар көркөм дүйнө мурас-байлыктарыбызды кийинки муундарга калтыруунун камын көрбөй жатабыз.

Бул ишти эң оболу мамлекет, мамлекеттик идеология ичине камтышы абзел. Анан эл арасындагы колунда байлыгы, дөөлөтү бар инсандар колго алуулары кажет. Муну жасабасак, аягы өз улутун таанығысы келбеген маңкурт-

тук туңгуюкка кептейт. Ошондо ООНдун жыйынтык саресебинде айтылгандай кыргыз тили 50 жылда жок болуу жолуна түшөт. А, тилди көкүрөк менен ой башкарат. Маркс айтмакчы «Тилдин куралы – ой». Оюу орусча тарбияланган кыргыз уулу Кабай Карабековго окшоп «Кыргыз тили Бишкекте эмес, Баткенде сүйлөнсүн» деп калышат. Мындай ой көпчүлүк кыргыз жаштарынын мээсине отуруп алса, анда кыргыз тилинин келечегинин бүткөнү.

Ош-пирим. 2007-жылдын жазы. Көзгө сүйкүм Ош калаам мурдагыдан да жароокер, «эркин өскөн баладай» көрүнөт көзүмө. Мурдагыдан кооматтуу да ооматтуу да, сөөлөттүү. Боюн түз, көкүрөгүн көтөрө, башын тик кармап, кериле баскан сулуудай.

Бүгүн Ошто баары бар. Аттиң, бир гана нерсе: мурдагы муундар ыйык туткан акындык салт, поэтикалык, романтикалык ынтызарлыктын изи сууп кеткендей!..

Бир кездерде акындар шаары болгон Ошту сагынам. Тиричилик, жумуш менен алек болуп, Ош калаама да сейрек барам. Поэзиялык кечелер, акындар менен жолугушуулар өтө сейрек өтүп калыптыр. Акча, базар, товар, ашкана-кафелердин шаарына айланып кетиптир кайран акындар шаары Ош!

Кай бир күндөрү эч жерге батпай, кусалык боюмду бийлеп алганда пенделик ак дили менен ызат кылып, жаманбы-жакшыбы жазгандарымды айтып же окуп бермекке көңүл сүйүнгөн калемдештеримди издеймин... Баарлашып, уккум келет көңүл көтөргөн сөздөрүн. Ушундай дос-инилеримдин бири Атакулду, Нууманды, Абдилахатты издеп, Тургунбайды көрүүгө шашылам. Студенттик бактылуу күндөрүмө күбө болуп, кыз өөп, ыр саптарын бирге издеген курсташым Жусупка жолугуп, оттуу жаштыгымды эскерип алгым келет кез-кез. Аттиң Жукем, ыр даарыган жигит элең, өткөрбөчү кымбат көз ирмемдерди. Сени акыркы саатыңа чейин Романтика кош-

топ жүрсүнчү!.. Алар керсейбей-нетпей ак дилдеринен жарылып, жаныма эш болушат. Менменсинбей, чыгармачылыгыңа кызганбай, кубат-эш берген өнөрлүү сырдаштарыңа жолугуу үчүн миң чакырым жол деле алыстык кылбайт, ов!

Абдилахат ука-досум өзүнчө дүйнө. Сыр жашырбас сырдана, достукка үзүлүп түшкөн ыбадаттуу жигит. Аз жазат-саз жазат. Узак изденип жүрүп кагазга түшүргөн ыр саптары кыргыздын көөнө макалындай, батыштын афоризминдей уюп калат көңүлдө. Кол жазма «Гүлгүл» топтомун окуп, Кыргыз поэзиясы жаңычыл багыттан кур эместигине көңүлүм тое түшкөн.

Нууман Саади кан досум! Шык даарыган чоң акын да жазуучу. Саясаттын баңги түтүнүн бир сорду да, ооп кетти ал жакка. Жо-жок, жүрөгү анын, өөнө бою поэтика акылында! «Ат казыгын тапкандай», узай албайт алыска...

«Күлүк ат кийин чабат» болуп, Кожогелди Култегин озуп кетти көбүнөн, ыр берметин жаратып. «Заман кыйын, жазмачылык болбой калды» деген сөзгө былжырак, Кожегеоди уруп жатат сокку үстүнө соккуну, жазып мыкты, ширин-ширин ырларды.

Карбалас Бакир уулу, ойлуу дагы, салмактуу жазгандары. Канат суусун, кумарың ыр саптарын окусаң.

Эй, Советбектин Кыялбек, Акимали Аликбек да Абдылданын Белеги, Тиллабайдын Өмүрбек да дагы да берендер! Уланткыла, чубалткыла таширкабай поэзия көчжолун. Акыңар жок, орто жолдо калууга. Ырдын пири, атаң Ырамандын улуу салтын жалгагыла, үзбөгүлө учугун!

Бүгүнкү Ош башкача да өзгөчө. Бирок, бирок...Ыр шаары болуудан кала жаздап... Эски акындар жүрүшөт, чайканада кездешип, мезгил бүктөмүндө калган ыр шаарын эстешип. Көчөлөрдөн көрүнгөнсүйт акын Жолон элеси. Ош жашаса, Жолон жашайт түбөлүк.

Көөнө Оштун
пайдубалын түптөгөн –
Ошпур атам.
Атак-даңкын чыгарган –
Бабур бабам.
Ыр шаарына айланткан –
Жолон абам.
Ош-пиримдин үч уулуна,
тургузулса эстелик,
ого бетер бийиктеп,
калмак калаам.
Анан дагы,
сүйүшкөндөр айкелин,
тургузушса,
тынмак санаам...

Бүгүнкү Ош – компьютердин шаары. Окуучулар, жаштар дагы, карылар, жата калып компьютерди карашат. Бир кездерде биз акындардын китептерин издеп жүрүп окугандай, азыркы балдар компьютерди талашат. Компьютер адамзат табылгасы экени талашсыз. Бирок, улуттук, адамзаттык көркөм өнөрдү биротоло сүрүп салуусуна, жаш муундун жан дүйнөсүн толук ээлеп алышына, биз, мурунку муундар жол бербешибиз керек. Улуттун улуттук уңгусу – кыргыздык рух. Улуттук рух – улуттук көркөм өнөр беренелеринен азык алат. Ошол Рух наардын бири – аты улук поэзия. Сөз падышасы – поэзия!

Эгерде адамзат поэзия беренелерин окуудан калса, Рух канатынын биринен айрылат. Бир канатчан Адам улуу келечекке уча албайт...

*Баткен-Зарташ, 2007-2010.*

*Көпөлөк өрөөн» повестин жазууну арзып жүрүп,*
*максатына жетпей калган Устатым,*
*Кыргыз Эл жазуучусу Мурза Гапаровдун*
*жаркын элесине.*
(Автор)

# КӨПӨЛӨК ӨРӨӨН

*(Повесть)*

Чокулары асман тешкен эки бет эгиз тоолор. Этегинде созок кууш капчыгай. Өйүз-бүйүзгө ооп, күпүлдөп аккан Көкдарыянын о бет-бу бет зоолордон жаңырган шоокуму кулак жейт. Жээк бойлой кеткен ийри-буйру сокмо жол ушунчалык тар, унаа-көлүк каршы-терши чыга калса барбы, жол бошотоорго ныпымдай жай жок. Кудай өзү жар болсун, кокус туягы жаза тайса эле чулп эте дарыяга түшөсүң. Жакшысы минген унааңды демитпей, өз басыгына койгонуң оң. Жол ката мени эшек эмес, кодиги кыйнады. Бирде алдыга жүгүрүп кетет. Мындайда энеси баласынын артынан жүткүнө жүгүрсө куржундун эки көзүндөгү идиш-аяк тарактап, азык-түлүк копшолот. Бапасы бирдемелерди жыттагылап артта калса, энесин «ы-хы, ыхылап!», курсагына тепкилей ургуласам дегеле ордунан жылбай туруп алат. Бу эшектен өткөн мээримдүү айбан болбос. Ушу тар жолдо баласактыгын көрсөтпөсө не!

Эсепсиз бурумдардын бирине эми жеткенимде, бет маңдайымдан салт атчан карпа-курпа чыга калды. Экөөбүздүн мингенибиз тең үркө кетенчиктеди. Буудай жүздүү, бир

караганга жылдыздуу, жыйырма төрт-жыйырма беш жаштардагы алибеттүү жигит экен жолоочу. Ысык күндө үргүлөп келатканбы, ат үстүнөн оой жаздап оңолду. Канталаган көздөрүн ушалап, акырая тиктеди мени. Ийининде кош ооз мылтык. Тоо жолунда зоругуп жүргөнүнөнбү, саман атты кара тер баскан. Анткен менен кулактары тикчийип, ыргыштап турат.

– Ассалом-алейкум! – салам бердим озуна.

– Дагы салам айтканын, кызыталактын баласы!

Ызырына бурк этти, саламымды алик алуунун ордуна. Тизе кагыша тирешип туруп калдык бир азга. Өңү бозала боло түшүп, мурдунун учуна чыкты ачуусу. Бу-р-р этти тер менен арактын жыты. «Кой, буга теңелбейин!» дедим ичимден, жол бошотмокчу болуп.

Көргөн көзүмө ишенбедим! Атына эне-бала кийикти теңдей артып алыптыр. Түгү ката элек бала кийиктин көз жашы шорголоп турат. Доңуз ок как төшүн көзөп, аерден сызып чыккан кан али ката элек. Буттары жерге жете салаңдап, башы жерге жетекаба шылкыят. Ээр кашына үч чоң, эки жөжө улар куш асылган. Мерген жигиттин көрпөлүү шымынын тизеси кан. Бул аелу көрүнүштөн улам адегенде чачымдын асты муздап, ал бүт денемди аралап өтүп, таманыма жетти. «О-о, нысапсыз! Убал дегенди билбеген неме! Атсаң да бирөө-жарымын атпайсыңбы! Баласын неге аттың экен!»

– Эй, бачагар! Неге чекчейесиң, кийик көрбөгөндөй! Бошот, жолду! Ушинтти ат үстүндө турганына кербезденген тариздe. – Баары кызганат, кийик атканыма!..

Селпейип туруп калганымды көрүп, ого бетер өчүктү ал. Жеп койгудай түрү бар.

– Өзүңдөн көр! – өңү зааркана, «чу!» деп, атына камчысын басып-басып алды.

Жиниккен аты мени омуроолой сүрүп, өтүп кетти. Ылдый, дарыяга кулап кете жаздадым аз жерден. Шап түшө калдым эшектен.

– Ха-ха-ха-а-а! Э, кызыталактын баласы! Мазаңды алдымбы?! Абалың шул экен, дагы тизе кагыша тирешесин! – артына кылчая, оозу кулагына жете ыржайды. Көзу кудум эски сүрөттөгүдөй жансыз тартып, бети арам өлгөн малдын этиндей карамтыл тартты. – О-хохо-о-о-!!. – корстон боло борс-борс күлдү да, улай берди жолун.

Кулагым тунуп, көздөрүмдү жумган бойдон былк этпей турдум жар кырында. Маңдайымдан тер шорголоп, денемди чымыраткан муздак тарабай койду кыйлага. Айбан башы менен коркунучту сезе, былк этпейт эшегим. Эртеден бери жаны жай албаган кодиги да жоошуп, энесине башын жөлөйт. А, тиги жигит ылдыйлап баратты, эчтеме болбогондой, эчтеме көрбөгөндөй. Ат өстүндө бараткан эңгезердей неменин далысы үңкүйө отурган аюудай көрүнүп кетти көзүмө. Көңүлүм чөгүп, көздөрүм караңгылаша, араң бараттым эшек үстүнөн оой-оой жаздап. Бараар жеримден айнып, кайткым келди артыма. Көпөлөк-Өрөөнгө жетсем деген арзуум гана кубат берди жаныма.

Ана! Көпөлөк-Өрөөн. Бир ат чабымдай келген түздүк. Бети көрпөдөй көк майса. Миң түркүн тоо гүлдөрү. Мындай көрүнүш кыргыз тоолорунда кадам сайын жолугат, арийне. Бул өрөөнчөнүн алардан айырмасы жер бетин бербей, ойкуп-кайкып учуп жүргөн сансыз көпөлөктөр эле. Ар кыл: кызыл, ак, көк, сары, пушту, жашыл, сыя ыраң, мала-кызыл, көк-кызыл, ала-кызыл, мала-кызыл... Айтор, миң түс көпөлөктөр көз жоосун алат.

Эшектен түшүп, көчүк бастым жол боюндагы ташка. Баарын унутуп, сан миң көпөлөктөрдүн оюнуна карай бердим шүйшүнө. Каалгый жарышып, шумгуп, канаттарын жайып. гүлдөргө конуп ойноктогон напназик жандар. «Баары бирдей асманга учса, Күн көзүн тосуп калса керек?» деген ой кылт этти көңүлүмө. Мындан үч жыл мурда келген элем биерге. Ошондо да кудум бүгүнкүдөй жер жайнаган көпөлөктөр ойноктоп учуп, конуп жүргөн.

Ажайып көрүнүшкө ушунчалык берилип кеткенимеби, тээ балалык кезим тартылды көз алдыма. Акезде айылыбыздын капортосунда эски бедепая боло турган. Бедесинен гүлү көп. Каакым гүлү жайнайт. Апапак каакымдарды үйлөсөң, алар асманга көтөрүлүп, көпөлөктөр менен жарыша учат. Өспүрүм балдар-кыздар жайнаган көпөлөктөр менен учкан каакымдарды кубалап, өскөн беденин майканын чыгара ойночубуз. Уруштан бир бутунан ажырап келген биргадир аке: «О жубарымбектер! Силердиби, силерди!» – деп, камчысын кезеп кууп калчу. Мындайда биз туш-тушка ызылдай качып, биргат кеткенден кийин кайреле көпөлөк куумай кызыгына батчубуз. Эски бедепая менен көз алдымдагы көпөлөктүү өрөөн камыр-жумур аралашып... Кайсынысы өтмүшүм, кайсынысы бүгүнкүм экенин ажырата албай...

– Эшегиңиз кетип калды!

Жалт карадым күтүүсүз чыккан үн тарапка. Менден он беш кадамча нарыда, таш далдасында эки кыз отурганын баамдабаптырмын. Эжели-сиңдилер окшойт экөө опокшош.

– А-а... Мейли...– Көз алдымдагы ажайып көрүнүштү жоготуп ала тургандай, анчейин жооп каттым.

– Хи-хи-и!..-Шыңк эте күлүп жиберди кыздардын бири. – Бизди көрбөптүр!

«Күлбө!» дегендей нукуду аны эжеси.

Аңгыча чоң, кыпкызыл көпөлөк экөөнө жакын учуп келди.

– Эже! Карасаңыз, кыпкызыл экен! Кармап алайынбы?

– О, жо-ок, кармаба! Канаты жараланып калбасын!

Секелек кыз эжесин укпай, кыпкызыл көпөлөктү кууп, дарыя тарапка жүгүрдү. Кыпкызыл көпөлөк учуп барып, гүл же чөпкө конот. Кыз аны кармамакчы болуп, шыбырт чыгарбай, колун созо жакындайт. Сак неме уча качат да, тигиндей барып дагы конот. Кыз дагы этияттана

жакындайт. Дагы уча качат кыпкызыл көпөлөк. Сиңдисинин ар бир кыймылын жаза кетирбей, ээрчий карап отурган эжеси жыргап отурат, алакан чаба күлүп. Сыйда кызыл, кең көйнөгү боюна куюп койгондой жарашык берет. Башында чоң, гүлдүү жапан жоолук. Эки өрүм узун чачынын тең жарымы ташка жайылган. Карлыгачтын канатындай кайкатак кашы ипичке терилген. «А-а, келин турбайбы!» дедим ичимден. Адатта айыл кыздары күйөөгө чыгардын алдында каштарын теришет эмеспи. А сиңдиси кызыл көпөлөктү кармай албай, алка-шалка терге бата кайтып келди.

– Карматпады!

– Тим кой, жыргап учуп жүрө берсин,– эжеси сиңдисинин тер баскан маңдайын өз жоолугунун учу менен аарчыды. Сиңдиси башын жаздады эжесинин көкүрөгүнө. Шоктоно тийишип отурду секелек кыз эжесине.

– Койчу, Айкыз! – деген келин уяла мен тарапты карап коет.

Тоо аркасынан токумдай кара булут булаң эте чыга калып, улам чоңойо берип, өрөөнчөгө ала көлөкө түштү.

– Кеттик. Күн бузулганы калды,– ордунан турду эжеси. Чампайып турат ичи. «Боюнда барбы?» Тигиле карадым аны. Мунумду көрө койгон келин уяла тескери бурулду. Ыңгайсыздана түштүм адепсиз жоругума. Узай беришти эжели-сиңдилер. Келиндин кыпкызыл көйнөгүнүн этеги желге ыргалып барат. Сиңдиси эжесинин бирде алдына, бирде артына өтө калып, шоктоно басат кууш жолдо, чачтары сеңселе.

* * *

Күн батаарда жеттим Ысык-Сууга. Батып бараткан күндүн кыпкызыл нурлары канчыгай ичинде дарыядай агат. Асманды туташ каптап бараткан кара-кочкул булуттар жарыкты улам кысмакка алып барат. Жамгыр алдындагы ызгырык шамал биерге тигилген төрт чатырдын

этегин желпилдетип, эшигин жулкулап, очоктогу алоо отту очүрмөк аракетинде. Буусу көккө атырыла кайнап чыгып аткан ысык суу кыпкызыл нурларга киринип, шамалга сапырыла, алоо оттой соймоңдойт. Анан шамал аралаш өткүн жүрүп, заматта түнөрө түштү капчыгай ичи.

– Ай! Өлгүр десе, отубуз өчүп калат окшойт! – азыр эле Көпөлөк-Өрөөндө көргөн секелек кыз чатыр ичинен жүгүрүп чыкты.

– Айкыз! Казандын бетин жап! – дей берген эжеси мени көрө калып, – И-и, келдиңизби! Ичкери кире туруңуз, биз оокат-азыкты ичкери алып кире коелу.

Мен ичкери кирүүгө шашылбадым. Оболу эшегимди тушоолоп, токумун сыйырдым. Анан куржунду ийиниме илип, кирдим чатыр ичине.

– Келиңиз, өтүңүз биякка, – деген келин көлдөлөң салды чатыр төрүнө. Экөө чатыр оозунда же отураарын, же тураарын билбей түйшөлүп калышты бир азга.

– Отура бергиле, кыздар. Мен, мен азыр жамгыр токтосо өз чатырымды тигем.

– Жо,отура бериңиз беймарал! – деген келин мындайыраак коомай отура калды, сиңдисин да отур дегендей этегинен тартып.

Борошо аралаш жааган жамгыр чатырдын туш тарабын сабалап, кулак тунат. Шамал сапырган ысык суунун ташка чып-чып урунганы угулуп турду. Келин шам чыракты тутантты. Узун кирпик, жоодур көздөр шам чырак жарыгында бир башкача! Маңдайынан ылдый ага жүзүн чайган жамгыр суусун жеңи менен аарчыды. Нымдалган көйнөгү жумуру денесине жабышып, шамдын үлбүрөгөн жарыгы жараткан көлөкөсү да сүйкүмдүү. Супсулуу ургаачы жан! Көп узабай тып басылды тентектене жааган жамгыр. Тышка чыктым. Үзүк-үзүк булуттар качкан жоодой туш тарапка сыза Эгиз чокуда али төнө элек күндүн акыркы кыпкызыл шаңгалаты асманга ар-ар жеринен жыра тилип, анысы да өчүп барат. Жер ылай-суу. Эки

адамдык чакан чатырымды тигүүгө урундум. Мунумду көргөн келин:

– Кеч кирип калды, бүгүнчө биздикинде түнөңүз, эртең тигесиз чатырыңызды.

– Силер менен бир чатырда түнөсөм...

– Азыр күйөөм келип калат!

«Күйөөсү менен экен, түнөсөм түнөйүн бүгүнчө» деген бүтүмгө келип, чатырга кирдим кайра.

– Айкыз, бар атамды айта келчи.

– Макул, эже! – ылдыйга жүгүрдү сиңдиси.

– Атам ушерде жашайт, ылдыйдагы таш тамда.

– Тагай мергенби?

– Ы-гы.

– Акиши Шудуман-Сайдын ээси. Жакшы адам.

– Биерден элдин түзгө көчүп түшкөнүнө кырк жылдан ашыптыр. Бир атам көчпөдү.

Келин дасторкон жазып, эки казанда бышырылган нан, бир кесим эт, сары май койду. Термостон ысык чай куюп, пияланы мага суна бергенде, жеңи чыканагына түрүлүп, апапак билеги жарк этти. Үсөнү жүзүмдөй сүйрү манжалары упузун, ипичке. Пияланы аларда манжам манжаларына урунду. Ыпысык... Жылуулук жүгүрдү өөнө боюма. «Күйөөсү бактылуу-го, мындай жандын...» Мулайым, ийилчээк, жумшак сүйлөгөн бу келинди өмүрүмдө биринчи жолу көрүп отурсам да, негедир күйөөсүнөн кызгана түшкөндөй күлүк ой арбады акыл-сезимимди...

– Мындан үч жыл мурда келип, Тагай аке менен он күнчө бирге болгом. Сен жок болчусуң анда.

– Биерде мектеп болбосо...

– А-а, ырас эле, муну ойлобогонумду!

Жылуу ырай менен жылмайды келин. Чукурунан келген эки ууртуна күлкүсү мелт-калт толуп, жүзү Ай тийген көл бетиндей нурдуу жаркып турду. Көздөрү да бир жакшы, күлмүңдөп.

– Күйөөм көнсө биз да ушерде атамдарга кошуна жашамакпыз. – Өкүнгөн таризде унчукту.

– Айттыңбы ушейерде жашайлы деп?

– Көп айттым. Аркан бою качат биерде жашаштан.

– Мен болсом жан деп жашамакмын... – Көздөрүнө тигиле ушинттим. Ала качты көздөрүн.

Ал аңгыча сиңдиси атасын ээрчите жетип келди.

– Ассалоому-Алейкум!

– Алейкум-салам!

– Ой кел! Султансыңбы!

– Менмин, мерген ава. Сиздерди сагынып келип калдык!

– Келсең жүда жакшы боптур! Ысык сууга түшүп, тоонун таза абасы, суусуна канып кетесиң! – деген эски мерген эки ийиниме эки колун коюп, таптап койду.

Өткөн-кеткенди, ал-акыбалды сурашып кыйла отурдук. Кабак-кашы ачык, жылдызы жанган ымандуу адам. Кишини өзүнө ийилте сүйлөгөн ак пейилдүү. Анткен менен, мерген карый түшүптүр кыйла. Узун бою эңиш тартып, олбурлуу чың денеси бошошкондой. Кулагы чалагайым угат. – Чатырың барбы, уулум? – Бар.

– Аныңды эртең тигебиз. Бүгүнчө бизде түнө. А-бу дегиче күйөө балам да келип калат.

– Ава, биерде түнөсөм болоор бекен?..

– Болбогондо не. Тартынба, өзүбүздүкү экенсиң. Айтмакчы, Мадина, күйөө балам көрүнбөйт.

– Азыр келип калаар,– жер карап жооп берди келин.

– Ушу күйөө балам бир шойкомду баштабаса болду! Ийининен мылтыгы түшпөйт... – тынчсызданган таризде сүйлөдү карыя.

Узата чыктым карыяны. Кол таягына сүйөнө минтти:

– А-а, уулум. – Энди карыдык. Жаш жетимиш бештен ашты. Токтоттум тоо-тоону кезмейди. Мурункудай кубатым болгондо тоо жандыктарын туш келди атып – кыргындарга жол бермек эмесмин. Тиги заставадагы офицер-

лердин ичинде да бирин -экин бейбаштары бар экен. Снайперлери менен тоо жандыктарын кырып эле атышат, кырып эле атышат. Же алардын артынан кууп жете алсам. Атайын заставага барып, ызы-чуу да көтөрдүм. Уккудай эмес, кары чалды эч кимиси. – Карт мерген үшкүрүнүп алды. – Бу тоо дегениң кийик менен улар бовосо жетимсиреп калбайбы...

Тоолордун Ай нуру тийген бети күмүштөй жаркырап, тескейи карамтыл тарта калдаят.

– Өткөн жылы ысык сууга түшкөнү келген бир жигит улардын тукумун бир калта кылып көтөрүп келиптир. Ашата сөктүм дейсиң, качарга жер таппай калды. Эртеси таң эртеңде жумурткаларды алган жерине койдуруп келдим. Улар тукумун жесең эле мүйүз чыгабы? Же тоюмдук болобу? Жөжө ачып көбөйсүн андан көрө. Эртең эле тоо жаңырта шаңшыйт! – Карыянын үнү шаттана чыгып, көңүлү ачыла түштү...

– Ананчы, Тагай ава!. «Улар үнүн уккан барбы, улуу того чыккан барбы» дешет ко.

– Мейлиге, бүгүнчө эртерээк жатып демиңди ал. Мен кетейин.

Узатып койдум карыяны. Капчыгай ичи тыптынч. Ылдыйда Көкдарыянын шоокум-шабырты сүрдүү жаңырат. Атырыла чыгып жаткан ысык суунун буусу бышылдап, көккө бурала көтөрүлөт. Те аркы өйүздөн кайсыл бир куштун «Кы-ы-ыйк.. кы-ы-ыйк!» эте тынчсызданган үнү угулар-угулбас... Ичкериден эжели-сиңдилердин күлкүлөрү жылаажын коңгуроочодой шыңгырайт. Арыда жатып алган эшегим бышкырып, кодиги анын мойнуна мойнун артып уктап атат.

«Ат үстү пахта, эшек үстү такта» деп илгеркилер бекеринен айтышпаптыр. Таң азандан бери эшек үстүндө жол жүрүп, белим катып, буттарым талыкшыйт. Катуу чарчаганымдан, жаздыкка баш коеорум менен уктап кетипмин.

– ...Бул ким?!

Ачуу чыккан үндөн улам ойгонуп кеттим. Баягы жолдо жолукка неме! Тар жолдо тизе кагышкан каардуу айбаты, лөкүйгөн турпаты чатыр ичине сыя бербегендей. Төшөк ичине башымды катып, уктап калгандай түр көрсөтүп, былк этпедим.

– Бул ким деп атам?!

– Секин! Ойготосуз! Алыстан жол басып келген кишини! – унчукту келин.

– Кандай киши? Энесинин төрүндө жаткандай чубалып жатканын кызыталактын! Ким киргизди муну силердин үстүңөргө?

– Чүш-ш, уят!

– Өзүң киргиздиңби?

– Ал жигит биерге келген чакта жамгыр төгүп, жарыкта чатырын тикkенге үлгүрбөй калды. Муну көргөн атама бүгүнчө силердин чатырыңарда түнөсүн деген – шыбырай сүйлөдү келин.

– Анчалык боорукер экен, өз үйүнө ээрчитип кетпейби!

Келин унчуккан жок. Жигит мага жакындап келип, төшөгүмдү сыйыра, жүзүмө үңүлдү. Баягы тер аралаш арак жыт бур-р этти.

– Жаңа Кууш-Сайда жолуккан неме-го. Иттин баласы! Сүйрөп чыгарайынбы, тышка!

– Коюң, атам капа болот! – келин чыйпычыктап кетти.

– Сволуч! – сөгүнгөн бойдон төшөгүнө кирип кетти окшойт, ыржалактап колуктусуна орой тийише баштады.

– Тынч жатыңчы-ы. Уят, мейман жигитке! – Шыбырады келин.

– Урдум аныңды! – бурк этти күйөөсү.

– И-ий, секин! – кыңкыстады келин.

Кичине чырым этип алганымабы, кыйлага уктай албай жаттым. Акыры көзүм илешип кеткен экен.

– Секин, белимди! – келиндин онтогон үнүн уктум.

– Хи-хи-хи!..

– Койуң дейм, уят!..

– Бол тез! – өкүм унчукту күйөөсү.

– Жиндисизби, тар жерде!

– Бол деп атам!

– Тиги жигит уктай элек!

– Аныңдын жумушу эмне, бол!

Күйөөсү айтканынан кайтпады шекилди, күшүлдөп-бышылдап... Бечара келин не кылсын, эңгезердей немеге алы жетчүбү. Эрдин тиштеп, уяты ичинде...

* * *

– Мадина, тур! Жээриме бирдемелерди сал, бүгүн кеч кайтам!

– Дагы каякка барасыз, эртелеп?

– Улар-Сайга. Заставадагы досторум улар атып кел деп буюртма кылышты.

– Коюң. Бечара улар куштары шу күндө тукумдап жаткан маалы.

– Ким айтты шону?

– Атам сизди азырынча кийикке да, уларга да тийбесин, али эрте деп эскертип кетти.

– Не, мен адам атып жатыпмынбы! Улар атаңдын атасынан калыппы, менден кызгангыдай! – Рюкзагын асынып, кош ооз мылтыгын ийинине илди да, тышка жөнөдү. Күйөөсүнүн артынан чыккан келин.

– Атам улар атканыңызды көрсө, өзү да капа болуп, сизди да капа кылаар бекен!

– Болду, какшана бербе. Анавы солойуп жаткан эркек сөрөйдү бүгүн көрбөйүн чатыр ичинде! – кекээрдене бакылдады ал.

Терең үшкүрүнүп алды ичкери кирген келин. «Дагы улар атат экен да!..» – дедим ичимден. Жатаар маалда Ай нуру чатырдын сол айнегинен тийип турган. Таңга жуук оң жагына ооп, туптунук нурлары чатыр айнегинен агып кирип, ичкери жапжарык.Төшөгүнө кирип кетүүгө ша-

шылбады келин. Ак чыт ич көйнөгү ак мармар сыңар жумуру денесине чып жабышып, Ай нуру апаппак денесин сугалактык менен өөп жатты. Шыңга бой, узун моюн, жайык төшү мамыктай, балыктай ак балтыры.... Көздөрү күйүп турат. Упузун, напназик манжалары менен чампайган курсагын сылагылап, эрини кыбырайт. «Атаң тилимди албады!» – деген мааниде туйдум келиндин мунусун. Кош бойлуу келинди мындай абалда биринчи көргөнүмөбү, эңсем катты да калды. Анан оң колу менен жер таяна, секин жатты төшөгүнө. Үстүн жапкан жок. Эки эмчеги төрсөйүп, эки үрпү ракетадай көккө атырылат... Эки колу менен эмчектерин укалап атты... Чатыр ичине агып кирип ай нуру анын апаппак денесин сугалактык менен өөп атты... Төшөк сүйүнткөн керемет жан шу көз ирмемдер эмнени ойлонуп, толгонуп атты десең! А, мен төшөк жылчыгынан бул ажайып көрүнүштөн көзүмдү алалбай...

* * *

Эрте башталды «жапайы эс алуучулардын» тиричиликтери. Бири отун терип, экинчилери очокко от жагып, дагы бири дасторкон жазып дегендей. А-бу дебей ар кан бою көтөрүлгөн күн кызый берди. Эл ысык сууга түшүүгө камынды. Ысык суунун көзүнө үч-төрт адам баткыдай таш там курулган. Адегенде аялдар кезек менен кирип чыгышат таш үйчөгө. Анан кезек эркектерге. Тамдан чыккан соң, ысык булак көзүнөн агып чыккан эки көлмөгө түшмөй. Суу ысык, жумуртка салсаң коюлуп калгыдай. Жарым сааттай сууга түшкөндөн соң, чатырга кирип, бар төшөнчүңдү үстүңө жаап, шыргый-шыргый тердесең, денеңе жабышкан дарт тер менен кошо сүрүлүп чыгат.

Жубардай тунук асманда токумдай булут көрүнбөйт. Элдин баары терлери каткан соң, чатырларынан чыгышты тышка. Ушу кезде улар шаңшыгы угулду капчыгай ичин жаңырта.

– Кы-ы-ык-к-у-ук!
– Кы-ы-ык-ку-у-ук!
Чоң-кичик дебей көккө көздөрүн тикти
– Кы-ы-ык-ку-у-ук!
– Кы-ы-ык-ку-у-ук!

Орто жаштардагы аял төрт уларды көрүп:

– О касиетиңден айланайын ыйык куш. Сенин сайраныңды уктум, энди жаныма азап берген дартымдан арылам! – деди кубана.

– Шондой болот, кемпир, улар үнү жанга даба! – коштоду жубайын күйөөсү.

Назарымда баятадан бери чыйк-чуйк этип сайрамыш этип жаткан башка куштардын сайраны тып басылгандай. Дарыя шоокуму да кулагыма кирбей, улар сайраны дене-боюма таркап, эрип угуп аттым.

– Кы-ы-ы к-ку-у-у к!
– Кы-ы-ык!-ку-у-ук!

Мындан эки жыл мурда келгенимде да бир эле жолу улар шаңшыгын мырыга, жаным эрий уккам. «Уларлар Көпөлөк-Өрөөндө узакка сайрабайт. Биерге келген адамдар апарды үркүтүп койгон» деген шондо Тагай мерген. Чын эле улар тез эле тиги бөксөнүн артына ооп учуп, шаңшыгы угулбай калды. Бирок, ажайып сайран жаңырыгы кыйлага кулагыма жаңырып турду... «Улардын шаңшыганын кана угам десең, эки бурум өйдөдөгү Улар-Сайга барышың керек» – деген карт мерген.

Керемет куш шаңшыгы кулак түбүмдөн кетпей, Көпөлөк-Өрөөнгө бет алдым. Эжели-сиңдилер менден мурун келишиптир. Мадина кудум кечээ өзү отурган таш үстүндө жүрөт. Ойкуп, кайкып, каалгып, шумгуп, чимирилип, ойноктоп учуп, конуп, көккө атырылып жүргөн сан-миң көпөлөктөр. Көк майса түздүк бетиндеги түркүн түс гүлдөргө конуп, анан дүрүлдөк чымчыктардай жапырт асманга шумгуп, арча шактарына жабыша калып ойноктошот. Наркы өйүздөгү караган-черлердин шактарында

да жамырайт. Үйүргө кошулбай өз-өзүнчө каалгый ойногондору канча. Мадина кечээкидей эмес. Көңүлү чөгүңкү. Мени карап: «Келдиңби?..» дегендей баш ийкеп койду. Тике карай албады жүзүмө. «Күйөөсүнүн түндөгү бейбаш жоругуна уялып жатабы?» суроо каттым өзүмө өзүм.

– ...Келдиңби?

– Ы-гы. Силер мурда келипсиңер да.

– Сени биякка келбейт деп ойлогом.

– Атайы Көпөлөк-Өрөөндү көргөнү келип, анан келбей коймок белем.

– А-а, шондойбу,– келин мени жылуу ырай менен карады. – Келгенибизге бир аптадай болду. Күйөөм бир жолу да келген жок биерге. Эси-дарты мергенчилик. Атам экөө катуу кер-мур айтышып калабы деп коркуп атам.

– Эже! Мына эки көпөлөк кармадым! – деген кыз демиге чуркап жетип келди. – Карасаңыз, сулуу көпөлөктөр бекен!

– Антпей коюп жибер, өлүп калат! – күйпөлөктөгөн Мадина сиңдисин утурлай басты. – Көрдүңбү, канаттары карарып калыптыр. Экинчи кармабагын!

Кое берилген көпөлөктөр дарыя тарапка шумгуду. Кыз жамыраган көпөлөктөрдүн арасына жүгүрө аралашып кетти.

– Али жаш, өзү да көпөлөктөй чагы да... – дедим Айкыздан көзүмдү албай.

– Шок кыз.

Ушул арада башкалардан кыйла чоң көпөлөккө көзүм түштү. Ал өрөөнчөнү бир айланып, дарыя боюна жетип, кайра бери кайтып, кай жерге барса карааны көздөн тайбады. Мына! Ал түптүз биз тарапка учуп келатат! Бизге эки кадамдай жакындап келип, артына кайтты.

– Пай-па-ай, мынча сулуу көпөлөк!

– Үч күндөн бери көрөм. Аны Каныша-көпөлөк деп атап алгам. Көрөсүң-го, дагы келет айланып.

Кабагы жаркып сүйлөдү келин. Жүзүндөгү сейрек сепкили да сулуу өңүнө куп жарашык берет экен.

Мадина айткандай эле Каныша-көпөлөк өрөөнчөнү бир айланып, түз учту биз тарапка. Беш кадамдай арыда тык токтоп, канаттарын пылдырата бир орунда турду да, шумгуй ылдыйлаган бойдон Мадинанын ийинине жумшак конду. Келин чочутуп албайын деген таризде былк этпейт. Анын ич-ичинен толкуй сүйүнгөнү ушунчалык, жүзү балкып... Ийинин ийилте кармап, көпөлөккө жумшак болсун деген ички сезим-туйгусун аңдадым. Эки назик жандар бири-бирине төп келип, суктанып турдум, көңүлүм алып учуп. О-о, ушу көз ирмемдерде келиндин сезими алоолоп, көпөлөк менен кошо бийик-бийикке учкусу келип аткандыр! Ана! Келиндин аеолу ийинине лып конгон Каныша-көпөлөк лып эте көккө шумгуп, сансыз назик жандардын арасына кирип кетти. Жүзү Айдай жаркып, толкуп алган келин анын учуп кеткен жагынан көзүн албай тура берди кыйлага.

– Мадина, ийиниңе бакыт конду!

– Шондой болсунчу! – Албырган апапак жүзүндө не бир бактылуу күлкү. Көздөрүнөн да бакыт учкуну жылтырайт. – Каныша-көпөлөктүн ийиниме коноорун жүрөгүм сезген...

Дарыя жээгине келдик. Суунун өркөчтүү толкундарынан сансыз майда суу бүртүкчөлөрү чачырап, кудум ак булуттун үзүктөрү өңдөнөт. Алар Күн нуруна чагылышып, Асан-Үсөндөй кубулат. Суунун чаңдуу чачырандысы менен Күндүн нуру жалгашып, суу бетинде миң түс боектор ойноп атты.

– Мадина, суу бетиндеги Асан-Үсөндү көрдүңбү?

– О-о! Бу неси?!

Экөөбүз суу чаңы менен кошо кыймылдап турган жашыл, сары, көк, кызыл, ак, кара болуп кубулган түстөргө тынбай учуп келип, киринип, ойноктоп жаткан көпөлөктөрдөн көз албай, суктана карап тура бердик. Мадинанын

уурунда мелт-калт күлкү, жүзү нурдана, көздөрүндө сүйүнүч учкундары. Кайдан-жайдан Каныша-көпөлөк нөкөрлөрүн ээрчите учуп келди да, миң түстүү суу чаңына шумгуп-шумгуп оюн курду. Анан Мадинанын ийинине лып конду. Ийненин көзүндөй көздөрү туптунук, таптаза. Канаттарында майда тамчылар.

– Каныша-көпөлөгүм менин! – келин аны өтө абайлай кармап, өз эрдин көздөрүнө, ак-кызылдуу канаттарына этият тийгизди. Кайра кое берди эле, дарыя бетиндеги суу чаңы менен Күн нурларына эки-үч жолу чөмүп-чөмүп алып, сан миң көпөлөктөргө аралашып кетти.

– Мадина, бу көпөлөктөр неге миң түстүү, кооз, сулуу десе, Күн нуруна чагылып, миң түс болуп кубулган суу чаңына кирингенинен шекилди!

– Туура, жандырмагын таптың бул сыйкырдуу сырдын. Көпөлөк-Өрөөндүн көпөлөктөрү ошого назик да, миң түс болуп кубулган сулуу турбайбы!

Мадина мени агынан жарыла сүйө бакты. «Ырахмат сага, көптөн бери өзүм таба албаган табышмакты жандырып бергениңе, ыймандуу жигит!..» деген жазууну окудум көздөрүнөн. Жанымда перишет аял отурганын туйган жүрөгүм «дүк!-дүк!..»

– Күйөөмө кош ооз мылтыгы болсо болду. Өзүң көрдүңго, таң ата элек кайда кеткенин... – Сөзү аягына чыкпай жер карады. Жаркып турган кабагы түнөрүп, каргылдана түштү үнү. Дилинде өкүнүч бар. Ордунан туруп, сиңдисин чакырды.

– Айкы-ыз, кетти-ик!

Эжели-сиңдини көзүм менен узата карап турдум. Жана эле чабыттап турган көңүлүм ордунда эмес. Келин көкүрөк тереңинде катылып жаткан сырдуу өкүнүчүнүн четин кылайта чыгарганын сезип калдым. «Күйөөмө кош ооз мылтыгы болсо...» деген армандуу үнү кулагыман кирип, көкүрөгүмдү аралады... Анан эле ич-ичимди үшүткөн шол муздак секин жибип жок болуп, ордуна жылуу сезим агып

кирди. Ненидир дегдей баштадым. Кимдидир көргүм келет. Ысык-Суу тарапка боюм оп тартылат...

Мынобу эгиз-эгиз тоолор, арчалуу, караган-черлүү капчыгай, Көпөлөк-Өрөөн баары көзүмө огеле ыпысык көрүнөт. Жүрөгүм бир нерсени сезгендей кабында тыбырчылайт.

– О, Султан! Бери ке-е-ел!

Ылдыйда, таш тамынын алдында турган Тагай мерген мени чакырып атты. – Бери ке-ел!

Көңүлүмө тынчтык бербей аткан элес-ойлордон арылганыма сүйүнүп, мерген тарапка бет алдым.

– Ассаллому-Алейкум, Тагай ава!

– Алейкум-Ассалам! Үйгө кирип, даам ооз тийип кет.

Ичкиге кирдим мергенди ээрчип. Таш тамы эки бөлмөлүү. Ички бөлмөсү кенен, жарык.

– А-а, Султан кайним! Кел, биздин шаарга! – деген байбиче жан-алы калбай сүйүнө, төргө көлдөлөң жазды. Өөп койду жүзүмдөн.

– Жакшысызбы, эже?

– Эже дебей, жеңе дегин. Жеңенди көрдүңбү, жапжаш, кыз бойдон – шакаба чекти карыя мыйыгынан күлүп.

– Койсоңузчу чал, ушинтесиз да! – деген байбиче жүзү нурдана күлдү.

– Жеңең бар карыбай жүрөм. Кабагыма карап, тамагымды камдап турган алтын токолум. Бу токол деген жакшы нерсе экен, Султанбай!

– Шунтет да аваң, тантырап. Көз көргөн өмүр шеригин токолум дегенин кара! – какшык эмес, тамашалай сүйлөдү байбиче.

– Ырас айтат, көз ачып көргөн ургаачым ушу жеңең – карт мерген кичине ойлоно калды, көздөрүн жүлжүйтө. Анан башын көтөрүп, – Э-э, Султанбай! Убагында биз да сендей жаш болгонбуз.Келишкен жигит эдем. Бу тоо арасындагы үч айылдын кыздары «Тагайга колукту болсом..» деп арзыгандары канча болгон. Мен кургур сулуу-сулуу

кыздрдын бирин карап койбой, жандарын күйгүзчүмүн. Жеңең секелек маалында эле супсулуу болчу. Мынобу Көпөлөк-Өрөөндө кечке ойноп, көпөлөк кармап берип, бетинен кыйла өпкөм. Хи-хи-хи-и-и!

– Аваң бүгүн күнжүт жеп алганбы жөөлүп калыптыр – деген байбиче жүзүндөгү күлкүсүн жыя албай, каткыра күлдү.

– А, жеңең шол кыздардын баарынан кыйын чыгып, мени ээлеп алган! Шондойбу, кемпир?

– Шондой. Сизди маңа кудай буюрган экен! – бырыш баскан ымандуу жүзү күлкүгө толуп, чалын сүйө бакты байбиче.

– Эки жарты, бир бүтүн болуп, тоо арасында, ата-бабалардын жерин ээнсиретпей жашап келатабыз. Элдин ылдыйга көчүп кеткенине кырк жылдай болду.

– Зардалыга эл кайра көчүп келип, үй салып жатышпайбы. Бул жакка да көчүп келишээр, ава.

– Азырынча келише элек. Анын үстүнө сакалчандар келгенден бери эл чоочуп калгандай. Зардалы заставанын ары жагында эмеспи.

– Баары көчүп кетсе да, аваң кетпей койду.

– Э, токолум, жан шеригим сен барсың-го. Күн ысыган үч айда Ысык-Сууга келгендер кошуна болушат. Калган тогуз айда экөөбүз калабыз. Жеңеңдин койну тегеле суугудай эмес. Өзү бир эл, бир дүйнө. Ха-ха-а!

– Уй чал, сизге бир нерсе болду бүгүн! Шарактап-тарактап!

– Э кемпир, эркелетем да. Сенден башка ким жыргап уксун, карыган чалдын азилин!

– Аныңыз да ырас. – абышкасын коштоп койду байбиче.

Байбиче жыгач табак толо эт алып кирди. Эт ээиле бышып, тилиме жетпей эрип атты. Чүйгүн чөптүн даамы келет. Кийик оттун буркураган жагым жыты этти, шорпону оголе кушкер кылып, шүйшүнө тамактандык.

– Биздин токол оокаттын устасы. Жеңеңдин жасаган оокатын сагынып, эмдиги жылы дагы келерсиң Ысык-Суугa?

– Келбегендечи, жеңемдин шорпосунун даамы эки жылдан бери оозумда!

– Биз жаман катын менен жашабайбыз! – карыя көкүрөгүн кагып койду.

Эски мергендин сыймыктанаар жөнү бар. Байбичеси жылдыздуу, ыймандуу келип, жумшак мүнөз, анык «Ак көрпө жайыл» катын. Күйөөсүн коштоп-колдоп сүйлөп, сөзүн толуктап, эркелеп отурат. Элсиз ээн тоо арасында элүү жыл бирге жашап, ысык-суугу бирге узак өмүр сүргөндөн эрди-катындын мүнөздөрү эгиздердей ок шошуп калат шекилди.

– Жеңеңе ырыхмат. Тагдыр шерик деген шул экен, ука. Айтмакчы, колуктуң барбы?

– Үйлөнө элекмин.

– Үйлөнүүгө ашыкпа. Өңү жылтырагына да кызыкпа. Алганың да, тийгениң да жеңил-желпи, кыска ойлуу чыкса, кунап болуп карыйсың. Кара, тиги чатырдагы кызымды, күйөө балам осол чыгып!.. – карыя бошошо түштү.

– Жаш да,– унчукту байбичеси. Бирок, анын үнүнөн да тынчсыздангандыкты туйдум.

– А, билбейм... – Карыя умсуна, башын чайкады. – Кыз бала бактысы жакшы эркек. – Байбичесин ызаат менен күлө карап, – шон үчүн токол жеңеңди алиге сүйөм!.

– Аваң карыганда айнып баратат! – жагымдуу ырай менен күлө унчукту байбичеси.

Экөөнүн түс-түрпөттөрү опокшош. Үндөрү, кыймыл-аракеттери, баскан-турганы – баары окшош. Биринин сөзүн бири коштоп, бышыктап тургандарычы. Аксакал өзү чай куюп, байбичесине ызаат менен сунуп отурат. Экөөнүн ысык мамилесин көрүп, ыраматылык апамдын айткан сөзүн эстедим: «Ылайым уулум, алганың менен тең кары». Экөө бирин-бири мынчалык сүйбөсө, кадырлабаса ээн,

алыскы тоо арасында, элден окчун өмүр өткөрүүгө чыдашмак эмес. Анан эки ыйык жандардын супсулуу, жылдыздуу, сабыр-канаттуу кызы Мадина көз алдыма тартылды. Көөнүмдү айнытты күйөө сөрөйдүн түндөгү айбандык жоругу. Анан Көпөлөк-Өрөөндөгү Мадина нын ийинине конгон көпөлөктү эстеп, сүйүнүп алдым ичимен. «Пай-па-а-ай! Күйөөсүнүн ушу көпөлөкчө мээри жоктугун!..» деген ой ичимди эңшерип жиберди. Менин бир саамга өзүм менен өзүм болгон абалымды көрүп турушкан парасаттуу жубайлар оюмду бузууга батынбай отурушат. Маңдайларына жылдыз конуп, көздөрү күлүп, үй ичин жарытып отурушат ыйык жандар.

– Бу ата-бабаларыбыз жердин бейишин тандап конушкан экен.Башкасын коюп, улар кушун эле айтайын. Жаныбар улар куш сарасы экен. Олорсуз тоолорубуздун көркү кетмек. Шаңшыган үнүн бир угуп алсаң, эгерим капачылык сага жолобойт.

– Тагай ава, улар үнүн да сагындым. Бүгүн таңда бир-эки кый-куулуктаганын угуп, кумарым канбай калды.

– Анда эртең салкында тиги Улар -Сайга чыгып бар. Төрт улар калган аерде. Эки ургаачысы тукум басып, эки эркеги аларга азык ташып, эртели-кеч тоо жаңырта шаңшып сайрап турушат.

– Неге үч-төрт эле улар?..

– Көрүнгөн атып кетип жатпайбы. Бейбаш мерген сөрөйлөрдү кубалоого мурдагыдай алым жок. Бир уулум болгондо, ушу жаман күйөө баламдын көзүн карабайт эдем.

Ийиндери чөгө түштү эски мергендин. Байбиче көздөрүн мергендин көздөрүнөн ала качып, жер карайт. Байбиченин ушу көз ирмемдердеги абалына боорум ооруп кетти. А бечарада не айып, Кудай уул перзент бербесе. Анын үстүнө мерген деле шу тапта өмүр шеригин уул төрөбөдүң деп айыптаган жери жок.

– Мына, келгенден бери күйөө баламдын желкесинен кош ооз мылтыгы түшпөйт. Ата салтыбызда мерген кал-

кы тоодогу жапайы айбанаттар тукумдап аткан маалда уучулук кылбаган.

– Э-э, абышка аман эле болушсунчу. Бир күн оңолушаар да, – деди байбиче.

– Мен аны шуерге көчүрүп келсем, Көпөлөк-Өрөөндө да Зардалыдагыдай эл көбөйсө деп үмүт кылым жүргөм...

Мостойгон эски мерген бүрүшүп, кипкичине болуп отурду. Адамдын ийинин өйдө көтөргөн алгы үмүтү менен канынан бүткөн тукум улаар уул перзент белем.

– Тагай ава, көп тынчсыздана бербең. Жериңиздер ажайып. Күйөө бала көчүп келбесе, мен көчүп келем!

Мерген жалт карады жүзүмө.Үмүт учкуну пайда болду эски, оту өчө баштаган көздөрүндө. Бырыш баскан пешенесине кан жүгүрүп, ууртуна билинер-билимбес күлкүнүн изи түштү. «Бу балаң түшкүр азилдеп атабы?» деген суроону да окудум кыраакы көздөрүнөн.

– Ооба, көчүп келем. быйыл эле көчүп келем.

– Саңа ишенем, уулум! – «Уулум» деген сөз жүрөгүнүн түпкүрүнөн чыгып жүрөгүмдү туйлатты. Бырыштуу, кансөлү кача баштаган колун секин кысып койдум. Карыя элжирей түшүп, манжаларымды эрдине тийгизди.

– Мен атадан жалгызмын. Атам бешикте экенимде өтүп кеткен экен. Энем да каза тапкан. Эми сиздерди атам, энем десем болобу?

Үнү каргылданып чыккан эски мерген:

– Анан не демек элең, уулум! Атаң, энеңбиз да! – Экөө тең мулуңдай сүйүнүп ал ышкан. Эки карт адамдын баладай эркигендерин көрүп, аталуу, энелүү болгонума мен дагы ишенип, ишенбей-үчөөбүз тең үйгө батпай отурдук.

– Байбиче, Кудайым көптөн тилегенибизди берип отурат. Уулдуу болдук.

– Садагаң кетейин Султаным! – жашып кеткен байбиче пешенемди, беттеримди шилекейлеп өбө берди. – Мени эне дегин, мейлиби?

Карт жубайлар алиге менин көчүп келем дегениме бир ишенип, бир ишенбей, көзүмө үмүттүү карап отурушат.

– Кадырыңыздар жам болсун. Ушерде калам, сиздер менен чогуу жашаймын.

– Оо куватым, уулум! – Эски мерген ордунан тура калып:

– Байбиче! Баягы тонду куру менен кошо алып чык сандыгыңдан! Тез! – Жүзү албырып, оту өчкөн көздөрүнөн жаш сызылып, бырыштуу беттерине жайылды. Колдору калтырап, байбичеси сандыктан алып чыккан аардуу тонду ийиниме жабууга колуна алды. Колдору эпке келбей атты. Муну көрүп турган байбиче тонду өз колуна алып,мага кийгизмекке урунду. – Тек! Өзүм! – Акыры ийиниме тонду илештире жаап, кучагына тартты мени. – Эми өлсөм арманым жок. Көпөлөк-Өрөөн ээсин тапты!

* * *

Күйөө бала түн бир маалда келди. Кышылдап-бышылдап, атынан араң түшүп, чатырдын эшигин сыйра:

– Эй катын! Атымды тушап кой! – деп чаңырды.

– Чүш-ш! Секин, элди ойготосуз!

Мен төшөгүмдөн шап туруп, анын атын тушамакка тышка жүгүрдүм.

– Элиңди урганым барбы! – дей берип, боюн төшөккө урган эргул. – Энеңди урайын, бу улар куш дегениң оңойлук менен аттырбайт экен. Кечке тоомо-тоо кезип, бирин ата албадым. Анын үстүнө мылтыгым жарабады, улар атканга. Мына, заставадан снайперлүү автомат ала келдим. Эртең кырам шол менден качкан айбандарды!

– Болду, уктаңыз.

– Неңди урайын, канчык! Сен тиги кызыталак менен соо эмессиң!

– А-ай! Уят укканга! Өз чатырына чыгып кетпедиби ал. – А силер, катындар амалдуу келесиңер. Таң атсын, мен аныңды ылдыйга кууп түшпөсөмбү!

Келин ыйлап атат окшойт, бышактап-буулукканын уктум.

– Кууланба, кызыталактын кызы! Сага ишенбеймин! Неге аны менен кечке Көпөлөк-Өрөөндө болдуң?!

– Өзү барды. Мен чакырган да, ээрчиткен да жокмун.

– Соо эмессиңер!..

– Антпеңиз, жакында балалуу болосуз. Кесир болот!

– Кесир-месириңди урдум сенин!

– Уккан кулакка уят! – шолоктоп ыйлап кирди келин. – Төрөлө турган уулуңуздун урматы үчүн деле мени кичине аяп койбойсузбу!

– Шегим бар менин, шегим бар!

– Болду дейм, балага кесири тийбесин!..

* * *

Эртеси таң алды менен күйөө бала автоматты ийинине илип, атына минди да, тоо өрдөп кетти. Мадина таңкы чайга турбады. Ысык-Ссуга да түшпөдү. Чатырдан чыкпай, төшөгүндө жатты кыйла убакка чейин. Тынчым кетти менин. Ысык сууга түшүүгө көңүлүм чалай, шам-шум эткен болдум да, Тагай мерген айткан Улар-Сайга жөнөдүм. Күн кызый электе жетип барып, улар сайранын уккум келди. Анын үстүнө күйөө бала снайперлүү автомат менен кетпедиби, кырылгандан калган уларларды тукум курут кылмакка. Ага жол беришим керек эмес. Күн чашкеде жетип бардым Улар-Сайдын күнгөйүнө.

– Кы-ык! Ку-ук!

– Кы-ы-ык! Ку-у-ук!

Тескей беттен чыккан ажайып шаңшык күнгөй беттеги зоолордон жаңырды...

– Кы-ы-ык! Ку-у-ук!

– Кы-ы-ык! Куу-у-ук!

Адегенде жалгыз улар шаңшып, анан экинчиси коштоду.

– Кы-ы-ык! Ку-у-ук!

– Кы-ы-ык! Ку-у-ук!
– Кы-ы-ык! Ку-у-ук!
– Кы-ы-ык! Ку-у-ук!

Улар шаңшып илгери-илгери ушу улуу толордо өмүр кечирген бабаларымдын шаттуу күлкүлөрүнүн жаңырыгында.

– Кы-ы-ык! Ку-у-ук!
– Кы-ы-ык! Ку-у-ук!
– Кы-ы-ык» Ку-у-ук!
– Кы-ы-ык! Ку-у-ук!

Кыр төрү – улуу сахна. Кылымдык арчалар, караган-чер, кайың-талдар угарман кейиптенип, улар шаңшыгына ыргалат...

– Кы-ык! Ку-ук!
– Кы-ык! Ку-ук!
– Кы-ы-ык!...Ку...
– Тарс! Тарс!
– Кы-к К-к...!

Октун ачуу, айбаттуу добушу капчыгай ичин зуулдай аралап, зоолордон жарака кеткенсиди. Эки улар көккө жарыша көтөрүлүп, бири канаттары каалгый жерге жалп этти. Дагы тытырады автомат айбаттуу:

– Тарс!
– Тарс!

Экинчи улар асманга бир көтөрүлө жалп!...

Эки улар тең жалп!..

Автоматтын тоо жаңырткан ызылдагынан чочуган дагы бир жуп улар асманга учуп чыкты.

– Тарс!
– Тарс!

Кийинки эки улар тең жалп! Окко учкан төрт улар тең жалп! Оттой алоолоп турган көңүлүм да жалп! Үлгүрбөдүм оозу аңырайган автомат көтөргөн күйөө баланын алдын тосууга. Булар кечээ Тагай мерген айткан төрт улардын өзү! Улар атылган бетке жөнөдүм ызырына. Жол жок, урчуктуу таштар. Жана эле шаңшып сайраган уларлар

күмжам. Сай ичи көрүстөндөй ээн боло түштү. Көзүмө көрүнгөндүн баары суз. Тоолор томсорот. Арчалар ыйламсырап тургандай. «Эми бул сайда улар шаңшыбайт. Каап, Тагай атам бул мүшкүлдү кантип көтөрөөр экен? Ээнсиреген тоолор кулап кетишпейт бекен? Жашыл арчалар куурап калбайбы? Мындан ары улары менен даңктанган тоого адамдар келеби? Түркүн ой менен кыжаалаттык кыйнап атты мени. Жана эле сайраган улар шаңшыгы кулагыма сиңип калганбы, каяктандыр угулар-угулбас жаңырат... Ата, энелеринен айрылып, уяларында жетим калган жөжө уларлардын кейиштүү абалы көз алдымдан кетпей койду. Дене-боюм бошошуп, көздөрүмдөн жаш дирт этти. Күйөө балага жетсем эле мыжып кое тургандай алдыга жүткүнөм. Жолсуз капталда, аны издеймин. Ал каякка житип кетти?! Көрүнбөйт карааны. Маңдайымдан шорголоп аккан тер көздөрүмө куюлуп ачышат. Буттарым шилтенбей, баскан кадамымдын берекеси жок.

Мына, ал. Эски арчанын шактарын жиреп чыга келди. Карарып кеткен өңү. Жонунан тери шордоп, көйнөгү көлшал. Тер куюлат ээгинен. Эки колунда экиден төрт атылган уларлар. Баштары шылкыя жерге тиет. Таңдана, кызыга тиктеди мени.

– Ы-ы, дос? – какшык атты. Мыскылдуу жүлжүйөт көздөрү. – Салам-алигиң кана?

– Неге аттың буларды?

– Аттым, улар гөшүн жегим келди. Билесиңби, улар гөшүн жеген адамдын түшү оңолорун? – көзүндөгү мыскыл жанымды жеди. Жүзү муздак, сенек.

– Атсаң да жөжөлөрүн учургандан кийин атпайсыңбы?

– Жөжөлөрү менен ишим канча!

Ылдый жөнөй берди ал. Муштумум өзүнөн өзү түйүлүп, болгонумча болгум келди аны менен. Араң бастым өзүмдү. Анын үстүнө эңгезердей немеге күчүм жетмек эмес. Баары кеч. Атылар уларлар атылган. Мушташкандан пайда жок. Ушу көз ирмемде экөөбүздүн ортобуздагы таш үстүндө жаткан автоматка көзүм түштү. Экөөбүз бирге автоматка

бой урдук. Мен мурдараак жетип, автоматты шап ала койдум. Ал автоматты колумдан тартып алмакка жулуна айкырды:

– Бер, бер дейм!

– Кач нары, атып салам!

Ал мени ата албайт дедиби өжөрлүк менен жулкуна жакындады:

– Бер деймин! Ал заставаныкы! Соттолосуң!

– Сен соттолбойсуңбу?

– Мен сурап алгам! Сөздү көбөйтпөй бер деймин! – деген ал колуна муштумдай ташты алды, мени урмакчы болуп.

– Ташта колуңдагыны! Болбосо... – автоматты кезедим. Өңүмдүн бузулганын, өзүмдү араң кармап турганымды көргөн эргул колундагы ташты алыска ыргытты кыжырына.

– Ме, рюкзагыңды! Бери ташта аткан уларларыңды. Эмесе ушу уларлардай атып салам!

Ал төрт уларды тең бут алдыма таштады.

– Ме, акмак! Бышырып же! Бирөө маңдай тери менен аткан улар сага сиңбес! Тескери бурула, ылдый жөнөдү.

– Сен экөөбүз башкача кийин сүйлөшөбүз!

Унчукпадым. Аз болсо да бу сапар аны жеңгениме кубанып турдум. Бул жолку жеңишим эртеңки утугум эле... Ал өлөр-тирилээрине карабай ылдам басып, көздөн кайым болду.

Күүгүм талаш келдим Ысык-Суугa. Туптуура мергендин таш тамына бардым. Окуянын чоо-жайына түшүнө койгон мерген эңсеси катты да калды. Алаканы менен санын кайра-кайра чапкылап, башын мыжып, баса берди ары-бери. Не дээрге сөз таппай атты көрүнөт. Акыры:

– Жүрөгүм сезген бул акмак бир балээни баштайт деп! Мен ага көрсөтөм, улар атыш эмне экенин! Өзү кайда кетти?

– Билбейм, менден мурда баса берген.

– Ачууңузду мага бериңиз, чал! Кызыбызды аяңыз!

Күйөө бала чатырда уктап атыптыр.

– Иттин баласы, жогол бул жерден. Азыр жогол! – эски мергендин көздөрү жык жаш. Чачтары саксайып, колдору калтырайт. Кайын атасынын таягынан башын коргологон күйөө бала тилин тыяр эмес:

– Сизге эмне, тоонун кушун менден кызганып. Мен атпасам, башкасы атмак аларыңызды!

– Айбан, өзүң бир уларга татыгыс жигит экенсиң! Жогол!

Наркы чатырдагылар да жетип келишти, не болуп кетти дешкендей.

– Ой, бул иттин баласын карабайсыңарбы! Сендей күйөө балам жок менин. Жогол!

Ал ордунан туруп, аты тарапка басты.

– Кетсем, кетем эле! Уларыңды өзүң же! Кызыңды өзүңө таштадым!

– Антпе, күйөө балам, айланайын! – күйпөлөктөгөн байбиче анын артынан басты.

– Аралашпа, тоспо жолун! Кетсин биерден! – Мерген байбичесин кагып берди. Мадина жер карап ыйлап турат. Айкыз шолоктойт.

– Ал аки-чүкүлөрүңдү! Автоматты өзүм алып барам заставага! Афисериң менен өзүм сүйлөшөм! Кана, жөнөп калчы! Караанынды көрбөйүн экинчи! Кызымдын артынан да келчү болбогун!

Карынын алеми басылгыдай эмес. Күйөө баласынын кош бойлуу кызына жасаган мамилеси, кош, ансыз да тукум курут болуп бараткан жакын ортодогу төрт улардын аёосуз атылганы мергендин чыдамын түгөткөн эле.

– Күчүм жетсе жаткырып алып эзе урмакмын, айбан немени! Ка-ап, улар шаңшыгын укпай каламбы? Уларсыз тоолорум томсоруп калат энди! Башка тоолордон уларлар учуп келип, конуштаар бекен?

Карыя көпкө арман-асыретин өзүнө өзү айтып, жоону албай койду. Биз да унчукпадык, ич бугун чыгарып алсын дегендей. Күйөө бала жолуна түштү. Акыркы ирет Мадинага бурула карап, айткан сөзү бул болду:

– Кетесиңби?

– Жок!

Мадинанын «Жок!» деген сөзүнөн чечкиндүүлүк, жек көрүү, ал түгүл сүйүнүчтү да уккандай болдум. Күйөө бала экинчи ирет артына кылчайбай, ат үстүндө үңкүйгөн бойдон түнгө сиңип кетти.

Эртеси таң атпай ойготту мерген атам.

– Уулум! О, Султан – чочутпайын дегендей секин унчукту. – Тур, уулум. Атылган улардардын жөжөлөрүн таап келели. Антпесек ачкадан өлүп калат. Келерки жылы алар тукумдап, көбөйүшү керек.

* * *

Эки-үч күн бою Ысык-Сууда суздук өкүм сүрдү. Кимисин жоонторду билбей мен жүрөм. Ушу чакта мерген атама да, энеме да, Мадинага да бир сөз кем, эки сөз ашык учур. Ысык суугa да түшпөстөн Көпөлөк-Өрөөнгө жөнөдүм. Ажайып өрөөнчө эч нерседен бейкапар. Түркүн майда гүлдөр бүгүн бөтөнчө көп ачылыптыр. Сансыз көпөлөктөр жыргап-куунап ойноп, учуп, дарыя бетиндеги Күн нурларына кубулган миң түс суу чаңына шумгуй киринип...

Мадина келин кетпей туруп алды көз алдымдан. Жүрөгүм «дүк-дүк!..» Көптөн бери аны көрбөй сагынып калгандай сезим бийлей баштады боюмду. «Ал меники!» Күбүрөндүм. Айланамда эч ким жок. «Ал меники!» – үн чыгара ушинттим. Мадинага жөнөдүм. Канчалык ылдам баспайын, кадамым жылбагандай ордунан. Кирип бардым келиндин чатырына. Ал чалкасынан жатат жыйылбаган төшөгүндө. Кабагы түнөрүңкү. Антсе да, көз жашы жууган өңү огеле супсулуу!

– Кел...

– Сен меникисиң! Сени ага бербеймин! – дедим шашыла сүйлөп, кудум бул сөздү кимдир-бирөө менден мурда ага айтып кое тургандай.

Келин мени таңдана карады. Бирок, көздөрүндө мээрим, ишеним учкундары жылтырады. Бозоргон өңүнө кичине кан жүгүрүп, нурдана түшкөндөй.

– Султан, не дедиң?

– Сен меникисиң! Эч кимге бербеймин сени!

Күлкү уялады ууртуна.

– Күйөөм... Баласы?..

– Өзүң да, балаң да меники! Экөөң тең меникисиңер!

Тизелей калып, чачын сыладым. Бетине бастым бетимди. Суз тарткан өңүнө кан жүгүрүп, кабагы ачылды. Үмүттүү ишеним жылтыраган көздөрүнөн жаш сызылды. Колун койду колума. Ысып чыгыптыр алаканы.

– Буга чейин каякта жүрдүң? – ушинтти колумду кысып.

– Сени издеп жүрдүм.

Түнөргөн жүзү албырып, башын көтөрдү.

– Мен да сени күтүп жүргөм. Келээриңди билгем акыры, Султан!

Ал мага сүйөнө турду ордунан. Ийиниме башын жөлөдү.

– Каныша-көпөлөк мага бакыт алып келди. Ал мага сени алып келди! – Мени колтуктап, чатырдан тышка жетеледи.

– Жүр Султан, тышка чыгып, элге көрүнөлү.

Жетелеше чыктык чатырдан. Наркы чатырдагылар сүйө багып караштьы экөөбүздү.

– Ырас кылыпсыңар! – деди ысык суугa дарыланып жүргөн орто жашар аял.

– Эми табыштыңар! – коштоду аны күйөөсү. – Жезде! – деген Айкыз чуркап келип, кучагын жаза, боюн таштады мага.

Биздин бул жоругубузду элдин айып көрбөгөнүнө ого бетер көңүлүбүз көтөрүлдү экөөбүздүн. Ылдыйдан мерген атам менен энем келатты, жүздөрү жаркып. Басыктары

шагдам, көңүлдүү. Мадина экөөбүз жолун утурлай бастык.

Уулум! – колумду кысты атам.

– Садага болоюндарым! – жүзүмдөн өптү энем.

Таң таза атты. Чокуларга төнгөн ак булуттар туптунук. Күн менен жарыша Көпөлөк-Өрөөнгө келдим Мадина менен. Кыпкызыл, жаңы көйнөгүн кийди Мадина бүгүн. Сан миң көпөлөктөр жамырап, экөөбүздү айлана учуп жүрөт. Баягы Каныша-көпөлөк учуп келип, Мадинанын ийинине дагы конду. Аны этияттап кармаган келин чегим канаттарын өптү.

– Султан, сен дагы өп!

Эрдимди тийгиздим Каныша-көпөлөктүн кызылдуу канаттарына. Кое берилген Каныша-көпөлөк бизди эки айлана учуп, өрөөнчөнү айлана чимирилди. Ийин кагыштыра отурабыз экөөбүз, сансыз көпөлөктөр оюнунун кызыгына батып.

– Атам менен апам жаштыктарында биерге күндө келишчү экен.

– Биз дагы күнүгө келебиз эми, Мадиш!

– Ылдыйга кетебиз да?..

– Жок, ушерде жашайбыз, атамдарга кошуна болуп.

– Анан мен сага он бала төрөп берем. Он балабыз жүз балалуу болушат.

– Биздин тукумубуз көбөйүп, Көпөлөк-Өрөөнгө эл толот.

– Анан мектеп ачылат.

– Ооба, Мадиш. Чөбөрөлөрүбүздү мектепке жетелеп келебиз!

Биздин биерде жашаарыбызды билсе, атам таза сүйүнөт! – деди Мадина.

– Мен аларга ушерде калам деп айткам.

– Качан айтууга үлгүрдүң?

– Кечээ.

Мадина эркелеп, көкүрөгүмө башын жөлөдү.

# КУРУ КАЙТКАН ЖУУЧУ

*(Аңгеме)*

«Тойото» зымырык куштай учат, кууш асфальт жолдо. Бет маңдайдан келаткан автомашиналар муну көрүп, тооктой пыса жол четине чыгат, ылдамдыктарын басаңдата. Ысык күндө жолдун бети эрип, дөңгөлөктөр гыж-гыж-гыж... Машина мизилдеп жапжаңы. Салону көз жоосун алып, отургучтары мамык. Алакандай телевизордо жаагын жана ырдап атат чет элдик кайсыл бир ырчы.

Жашы кырктардан аша жаздап калган айдоочу жасана кийинип кычырайт. Оң колу рулда, сол колу менен суйдаң чачын сылагылайт. Жол ката өзүнө кол көтөргөндөрдүн бирине токтобой, зуу-зуу. Жарганаттын канатындай мойлоосунун эки учу күлмүңдөп турган эки ууртун жаап, чала жумулган эрдинин жылчыгынан кашкаят алтын тиштери.

Узун айылдан кыйла узай бергенде, жол четинде колун өжөрдөнө көтөргөн кызды көрдү. «Тойотонун» дөңгөлөгү «чы-ы-йк!» тайып барып, кыздын бут алдына токтоду. Арткы эшикти кыйгач ачкан сулууча келген, жапжаш кыз коруна сурады:

– Аке, каякка барасыз?

– Айдаркенге.

– Мени Кадамжайга чейин ала кетиңизчи, кечигип кала тургандаймын.

– Отур.

Айдоочу көп учурда жолоочуларды отургузарын отургузуп алып, куйсала чыйт түкүрчү. Мунусу машинесин алардан кызганып, аяган кылыгы эле. Антпеди бу сапар «Тойотосуна» гиластай мөлтүрөгөн жапжаш кыз отурбадыбы!

Өзүнчө ичинен кымылдап, сүйүнүп алды ал. «Ай-ий! Жүзүмдөй кыз экен!..» Кашылап койду чыкыйын. Ырсая

артына кылчайды. Селкинин буттары түптүз, балтырлары балыктай. Бир тутам тоо гүлүндөй аруу! Баланыкындай туптунук көздөрү жоодурайт. Кош алма мисал көкүрөгүнүн учтуу үрпү тикчиет! Кыз ийменип, тизелерин кысып, бүрүшө түштү айдоочунун сугалак көздөрү көздөрүнө урунганда. Напси бузулду айдоочунун. Сол колу менен рулду кармап, оң колун артына узата, кыздын санын мыкчыды: «Улагым!»

– А-а-ай! Тартыңыз колуңузду!

Мындайды күтпөгөн кыздын оозуна келди жүрөгү.

– Елик-кыз! Коркпо-о! – жылмайды мыйыгынан.

– Токтотуңуз, машинаны!

– Ой! Не болуп кетти?

– Түшөм.

– Ээн талаа, эрме чөлдөбү? – ал дагы колун артына сунду. Кыз отургучтун бурчуна чегине тыгылды...

– А мейлиге, ананыраак... Өзүңө келип ал!..

Жапжаш кыздын санына тийген колун эрдине тийгизди айдоочу. «Ө-өх! Бал татыйт!» Эреркип кетти, жүрөгү элжиреп. Газды басты. Жүз сексенге жетти ышдам дыкты көрсөткүч жебенин учу. Машинанын октой учуп, чайпала калтаңдап баратканынан чочулаган кыз чылк жумуп алды көздөрүн.

– Аке, секинирээк айдаңыз!

– Бул араба эмес. Секин айдаганга болбойт, чоң кыз! Учуруш керек!

Ал мойнун артка буруп, ыржайды. Кыз бурчка тыгылды үч бүктөлө. – Апа-а-а.

«Кы-ы-ыйк!» эте асфальт бетинде балону тайылган «Тойото» жол четиндеги арыктын кырына жетип заманасы куурулуп кетти. Машинасынын алдыңкы капотунда аял жатты, тыбырчылап. Аял жерге суюлуп түшүп калды. Машинанын капоту кан. Асфальт бети кан. Аял чалкасынан сулк жатат, чачтары бетин жаап. Калчылдап, ыйлап алган кыз:

– Аке, машинаңызга тез салыңыз, дуктурга алып барайык!

– Жаны чыгып бүтүптүр. Кайдагы дуктур. – айдоочу машинасын от алдырды да, газды кескин басты. «Тойото» азоо аттай алдыга жулкунду.

– Таштап кетебизби, аке?

– Өлгөн немени каякка алып барабыз, балээсине калып. Эч ким көрбөдү, көздөн кайым болгонубуз жакшы эмеспи.

– Андай кылбаңыз шордууну, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып!

– Жөн кет! Сен да ошондой болуп жүрбө! Тим койсо! – Айдоочу жаалы келип, акырая тиктеди кызды.

Кыз ичинен ыйлап, бышактап ооз ачпады. «Тойото» зуу-зуу... Кирип келди Кадамжайга.

Чоң көпүрөөгө жете берерде кыз эрдин кыбыратты:

– Токтотуп коюңуз!

– Ушергеби?

– Көпүрөгө жетпей.

«Тойото» эки жолу булкунуп барып токтоду. Артына кылчайды айдоочу. Жүзүндө ныпымдай өзгөрүү, тынчсызданган белги жок.

– Төө көрдүңбү – жок. Бээ көрдүңбү – жок. Кокус шыбырт эле чыкса, сени жер түбүнөн издеп таап, жайлап кетем! Уктуңбу?

Машинадан тезирээк түшө качкысы келип турган кыз баш ийкеди. Көздөрүнөн аккан жаш ээгине куюлуп, денесин кара тер басып, тизелери калчылдайт.

– Мен айтканды түшүндүңбү?!

– Ы-ы... Кыйылып жооп катты кыз.

– Кана, көзүмө карачы!

Кыз акыркы ирет айдоочунун көзүнө тигилди. Канталап турган көздөрдү, заарканган бетти көргөн бечара:

– Айтпаймын, эч кимге,аке! – деп жиберди.

– Кете бер!

Буттарынын калчылдаганы токтобой койгон кыз түшүптүшпөй, машина «гау-у!» эте ордунан учуп жөнөдү.

* * *

Кыз ооруканага түштү эртеси. Ысытмасы түшпөй, денеси от менен жалын. Көз алдынан капот үстүндө сулк жаткан аял кетпей койду. Ысытмасы ансайын жогорулап, ата-энесинин эси кетти. Уйку-соодо кыңкыстап, тили күрмөөгө келбей былдыруктайт. Кез-кез «Тойото» ээси анын санын мыжыгат уйку-соо арасында.

«– А-а! Кое бериңиз!»

Үч күн дегенде өзүнө келди ал. Көзүн ачса сүйлөшүп жүргөн жигити отурат кроват кырында.

– Жаным!...

Ашыгынын колун кармады жигит. Жооп кыла секин кысты кыз. – Не болду сага? – Билбейм. Ооруп калдым...

Төрт күн мурда жолдо болгон окуяны айтып берди жигитине.

– Сволоч, ыймансыз экен! Өзү түртүп алып, ооруканага жеткирбей качтыбы? Жүзү кара! Сага тийишкен айбанды!.. Мен... Башын жарам! – муштумун түйдү жигит. – Ооруканадан чыккын, ал шумшукту издеп табабыз!

* * *

Айдоочу короо-жайын тазалап, дубалдарды актап, эшик, терезелерди сырдай баштады. Усталарга баарын шашпай бүтүрттү. Аялы экөө мулуюшуп, корстон.

– А-а, чалым, буюрса келин жумшайт экемин да, колум узарып!

– Шондой, байбиче, кыркка жетпей кайын эне болуп, келин жумшоо бардык аялдардын бактысына туш келбейт.

– Ушуга шүгүр кылам. Эми уулум өзү каалап жүргөн кыздын башын байлап, кудаалашып келсеңиздер эле, тойду тездетебиз!

– Ал жагынан кам санаба, байбиче. Бурсүгүнү эки авам менен кыздын үйүнө жуучу түшүп барабыз.

– О-о, жакшы болот! – аял сүйүнгөнүнөн күйөөсүнүн жарганаттын канатындай мойлоосунун учуна эрдин тийгизе сүйүп койду.

– О, көгүчкөнүм ушу кылыгың жанды эритет! Айдоочу аялын мойнунан кучактап, төшүн жалагылады. – Сендей ширин аял жок ааламда!

– Уулубуз ушу күнгө чейин сүйлөшкөн кызынын каяктан, кимдин кызы экенин айтпай жүрүп, эми гана четин чыгарыптыр да.

– Манавы эле Көк-Талаа айылынан экен. Жакындыгын айтсаңыз!

Үч күндөн кийин айдоочу эки аксакал агалары менен кыздын үйүнө жуучулукка келишти. Кыздын ата-энеси келечектеги кудаларын чоң даярдык менен, ынтызарлана тосуп алышты. Багылган кой союлуп, дасторкон жыкжыйма, чычкандын мурду батаар жай табылбайт. Дүйүм тамак, жашылча-жемиш желип, чай ичилип, «беркиден» да дене кызыгыдай серп этишти.

– Э-э тууган! Айып этпейсиз. Кызы бар үйгө жуучу келиши салт экен. Ушинтип кызыңыздын колун сурап келип калдык! – бак этти «беркинин» күчүнөн шердене түшкөн айдоочу. – Эки бала табышып калышканынан...

– Энди буюрганы шол. Болуп келген, боло берет жакшылык иш. – Сөзгө кошулду айдоочунун чоң авасы.

Кыздын атасы адеп сактап, башын гана ийкеп отурат азырынча.

– Кызыңыздар быйыл окууну бүтөбү?

– Бүтүп келди.

– Анделе жакшы болуптур, тойду тездетебиз куда каалаоа! – деди үчүнчү эркек.

Эт тартылардын алдында коноктор шамалдап, жегеничкендерин кичине ылдыйга түшүрүп, кийинкисине орун бошотмокко короого чыгышты.

Кыз тыным албай ары-бери жүгүрүп, апасынын оң да, сол да колу болуп, жүгүрүп кызмат кылып жүрдү. Эки

жылдан бери сүйлөшүп жүргөн жигити менен бир жаздыкка баш коер күндүн жакындан келатканын ойлоп, ичинен сүйүнүп алган. Ушу көз ирмемде кызды «Жигитимдин атасы кандай адам экен?» деген кызыгуу арбады. Ал секи-ин веренданын терезе пардасын кыя ачты. Көзүң жамандыкты көрбөсүн! Ал жарганаттын канатындай мойлоосу бар айдоочуга көзү түшкөндө, селт эте түштү . «Ошолбу?!». Сигаретин чычайта кармап алган эркек кудум айдоочунун өзү экенин жазбай тааныды. Көргөн көзүнө ишенип-ишенбей, парда жылчыгынан дагы карады. Өпөзү айдоочунун! Жарганаттын канатындай мойлоосу эки ууртун жаап, оозу жык алтын тиштери кашкаят. Жүрөгү түрсүлдөп чыккан кыз ашканада түйшөлүп жүргөн апасына жетип барды:

– Апа! Бул кишиге келин болбоймун!

Чочуй түшкөн апасы:

– Не болду сага? Өзүң айтпадың беле сүйлөшүп жүрөм, тийсем ошого тием, башкага убара болбогула деп?

– Эми болбойт! Убара болбогула!

– Ушундайсың да, бизди уят кылып!

– Болбойт дедимби, болбойт!

Чый-пыйы чыгып, бышактап жиберди кыз.

– Анда атаңды чакырайын.

Атасы кирди ашканага, эчтемеден бейкапар.

– Кулагым сенде, байбиче.

– Кызыңыз бул кишиге келин болбоймун деп ыйлап атат.

Эч нерсеге түшүнө бербеген атасы:

– Кызым анын уулу менен көптөн бери сүйлөшүп жүрөт дебедиңби? Силер аялдар, акмак кыласыңар эркектерди!

Эрди-катын адегенде кер-мур айтышып, акыры бир бүтүмгө келгенче ашканада көпкө кармалышты. Жуучулар кыйла убакыт өздөрү отурушту чоң бөлмөдө. Акыры алардын алдына кирди кыздын атасы. Эт тартылып бешбармак желди. Сүт эмген бөбөктөй беттери кызарып чык-

кан, жуучу эркектер огеле мантайышат.

– Эми эки жаш бактылуу болсун. Дуба кылалы, – деди үч жуучунун улуусу.

– Токтоңуздар! Дубага шашылбаңыздар! Кызыбыз көнбөй атат! – деди үй ээси.

Жүздөрү мостое, көздөрү чекчейе түштү үчөөнүн.

– Куда, не деп атасыз? – суроо катты мойлоосу чычая түшкөн айдоочу.

– Билбеймин. Кызым эле... – үй ээси ыңгайсыздана жер карады.

– Ошондой, сизге келин болбоймун! – деди коноктордун үстүнө шып эте кирип келген кыз, айдоочуну качыра тиктеп. – Уктуңузбу? Сизге келин болбоймун!

Айдоочунун чачтарынын астына чейин чымырап, кирерге тешик таппай калды. Башы шылкыйып, сынып отурду. Өмүрүндө эч кимден ушу жапжаш кыздан сынганчалык сынбаган. Башын ийкеди айдоочу тигилерге, «Турдук!»

Буту-бутуна тийбей, тезирээк «Тойотосуна» жетүүгө шашылды куда түшкөнү жуучулукка келген ата. Короздон качкан мекияндай пыса короого чыкты айдоочу. Буттары чатышып, эки-үч жолу мүдүрүлүп алды. «Тойотосуна» чейинки аралык кылымдык узак жолдой туюлду ушу чакта айдоочу үчүн. Үй ээсине сүйлөөгө чамасы жетпей, көздөрү тунарып, жыгылып кала жаздап, араң жетти машинеге. «Тойото» огородунан октой атырылып, заматта айыл ичинен суурула чыгып, Айдаркенге сызды.

Кыз өз бөлмөсүнө кирип алып, ичи-ичинен эзилип узак ыйлады. Анан суз гана жигитине телефон какты.

– Экөөбүздүн ырыбыз бүттү. Мени түбөлүк унут! – соткасын өчүрүп койду.

Жигит кайра-кайра чалды: чыр-р...чыр-р-р... чыр-р-р-р...

# ЖЫЛАНДЫН КӨЗ ЖАШЫ

*(Новелла)*

*«Оргуштап келген бакыттан,*
*учурунда чегингенге үлгүр...»*

(Л.Н. Толстой)

Жаш жылан эрте ойгонду. Секин бошонду токочтой түйүлүп, көөшүлө уктап жаткан энесинин койнунан. Башы өрүк сөөгүндөй сүйрү. Упузун, назик денеси сыйда ак булуттай. Капкараңгы чээнде жылтырайт ийненин көзүндөй кичкичине көздөрү. Өзүнөн башка кыжылдаган эсепсиз жыландардын бири да ойгоно элегин көрүп, бушайман тартты: «Буларды аралап кантип тышка чыгам?» Кокус бирди-жарымынын беймаал уйкусун бузса, чоң немелер үлбүрөк этин үзө тиштеп же чагып алышы турган сөз. Алардын ойгонушун күтүүдөн башка ылаажым жок. Баласынын тыбырчылаганынан уйкусу бузула түшкөн эне жылан «Тынч уктабайсыңбы?» дегенчелик кылып, куйругу менен кысып койду. Бир чети таңкы ширин уйкунун кумары...

Дегинкиси аны уйкудан да таттуу, ышкылуу сезим ээлеп алган болчу. Ургаачылык туйгусун алгач ойготуп, сезимине бүлүк салган окуя кечээ Күн жаңы чыккан маалда жүз берген, өөнө боюн жибиткен ошол кумардуу көз ирмемдердин дагы кайталанышын түнү бою эңсеп, чала уйку менен атырды таңды. Арийне, чыдамы түгөндү. Тобокелге салып, пышылдап уктап аткан жыландардын үстүнөн этияттана сойлоп отуруп, араң чыкты тышка. Күндө үстүнө чыгып Күнгө кактанчу, бети тегиз чоң таштын үстүнө чыкты. Таңкы ызгырык шамалга денеси чыйрыгып, каттамадай оролуп, башын өз бооруна катты. Кечээ күнкү лазаттуу окуя тартылды көз алдына. Кудум ушул таштын үстүндө сунала жаткан. Жаңы эле чыккан Күндүн

табына жаш денеси жибип, көздөрүн чала жумуп алган. Ушул чакта башка чээнден чыккан ак денелүү, кызыл темгилдүү, супсулуу эркек жылан акырын сойлоп келип, ага оролгон. Анын жат ордодон келгенин сезип, денесин жыйыра каршылык көрсөткөн. Мунусу көпкө созулбай, эрип берген чоочун жыланга. Өзүнө окшоп жаш, ыпысык, жан эриткен жагымдуу жыты бар экен. Экөө токочтой түйүлүп, аркан сымал эшилип, узун денелерин жанаша жаза, мойюндаша ойношкон кыйлага. Бир маалда эркек жыландын боюнан анын денесине кандайдыр бир жылуу нерсе сызыла агып өткөн. Ушул чакта экөө тең көлкүй эрип, упузун, ипичке бойлорун суналта, магдырап жатышкан. Ийненин көздөрүндөй кипкичине көздөрүнөн нурдуу учкун жарк эткен. Анан таңкы Күндүн жылуу табына жапжаш денелерин какташып, моюндарын бири-бирине артып, көлкүп-эрип укташкан таш үстүндө...

Ана! Ал «шырт!» эткен дабышты укту. Кечээки кызыл темгилдүү, супсулуу эркек жылан таш үстүнө сойлоп чыгып, ага сөйкөндү. Ийненин көзүндөй кипкичине көздөрүнөн жыландык мээрим нуру жанат. Аркан болуп эшилишти, бири-бирине моюндарын арта, жылан бийин бийлешти. Анан бойлорун жанаша суналта укташты, Күн табына балкый. Ошол бактылуу таңдан баштап экөө тең өз чээндеринде түн ичи гана уктап, бирге болушат кечке.

Жылуу көрпөдөй дене балкыткан жаздын жанга жагым күн-түндөрү тез өттү. Очоктогу оттой жай күнүнүн ысыгы кирип келди сай ичине. Түркүн куш-чымчыктар безелене сайрайт. Оймоктой бото көз булактан сызып чыккан суу чулдурайт. Өздөрүн бак-таалайлуу өлкөнүн падышасы менен канышасындай сезген эки жаш жылан убакыт менен иши жок, жылмакай таш бетинде күнүгө оюн курушат...

Салкын таңдардын биринде экөө күтпөгөн, мүшкүл окуя... Экөөнүн күнүгө таш үстүндө уктап жүргөнүн тоо кыргыйы байкап, оңтойлуу учурду күтүп жүргөн. Өңүтү

келди тез эле. Али этияттык деген эмне экенин билбеген, ышкы отуна мас эки жапжаш жылан күндөгүдөн жанаша суналып, балкып-көлкүп, Күн табына кактана уктап атышты. Көктө өздөрүн көздөрү тешиле аңдып турган кыргыйдан бейкапар. Куш октой шумгуй ылдыйлап, ышкы менен уйку боюн балкыткан ак булуттай ургаачы жыланды шап илип кетти. Куштун канат эпкининен ойгоно калган эркек жылан калдайган немени тырмагына мыкчылган көңүлдөшүн көрө койду. Бир саамга не болуп кеткенине түшүнө бербей, көктөн көзүн албай карап турду. Качан гана кыргый тырмагынан бошонгусу келип, тыбырчылап аткан бечара көңүлдөшүнүн абалын түшүнө койгондо, өзүн коерго жер таппай, ыргый берди көккө. Шалк этип ташка урунат денеси. Кыргый тоодон ары учуп өтүп, көрүнбөй калды. Эркек жыландын кипкичине көздөрүнөн жаш сызылып, таш бетине тамды. Мындай ысык жаш эгерим анын көзүнөн сызылып чыга эле болчу.

Кыргый олжосун көтөргөн бойдон аска боорундагы уясына конду. Жаш этти майдалап, үзүп-үзүп бере баштады оздорун ачып турган балапандарына. Жапжаш эне жыландын эти жупжумшак. Ичинен кудум сөөлжандай кыпкызыл баласы чыкты. Эне кыргый кызыл эт жандыкты үч бөлө майдалап, үч балапанынын оозуна салды. Жашымал этке тоюшкан үч балапан сүт эмген баладай маңкайып, уйкуга кирди. Балапандарынын мемиреп уктап атканын карап турган эне кыргый куштук сезими менен жетине албай сүйүнүп, каккылап-каккылап алды канаттарын.

Ошол мүшкүлдүү таңдан баштап уйкусу качты, жалгыз калган эркек жыландын. Эртели-кеч көз алдында ак булуттай апапак, напназик, ипичке, упузун, ийненин көзүндөй кипкичине көздөрүнөн ышкы оту жанган ургаачы жылан турганы-турган. Кусалыгы денесине сыйбай, алеми жүрөгүнө батпай, кайгысы жанын кемирип, оозуна наар албады көп күн. Жыландык бакыт, жыландык

жашоо ырахаты келип да койбоду оюна. Башка жыландардын миң кубулуп оролуша, моюндаша, суналыша, кубалаша ойношкону ныпым кызыктырбады. Таңкы Күндүн кызыл ыраңдуу, аруу нуру ал үчүн ургаачы жыландын бир жолку жылт эткен көз учкунундай сезилбеди. Саат сайын ысыгы кетип бараткан денесин жылыта албады Күн табы.

«Жашоо бүттү! Анын артынан барам!» – деген жыландык бүтүмгө келди акыры. Бири-бирине оролуша, кышылдаи уктап жаткан жыландарды кыдырата тиктеп, жаш алды көздөрүнө: «Кош, боорлорум!» – деди жыландык туйгусу менен. Чээнден тышка чыкты да, сунала жатты баякы жылма таштын үстүнө. Кыргыйга жем болгон көңүлдөшү барган түпсүз караңгылыкка тезирээк жетүүнү эңсеп алган. Кипкичине көздөрү жумулуу. Апапак, кызыл темгилдүү денеси эски чүпүрөктөй өңү өчкөн. Жаш эти шылынып, оркоет омурткасы.

Көктө айланчыктап учкан кыргыйдын айбаттуу карааны. Жылан аны көргөн жок. Көргүсү да келбеди. Тек сезди өзүн жүткүнө илип кетмекке камынып атканын. Ага баары бир. Көңүлдөшү барган түпсүздүккө жетсе болду тезирээк. Жумуп алды көздөрүн. Өзүнө жакындап калган куштун шабыртын укту. Куш кайкып учкан бойдон, таш бетине конбой эле жыланды мыкчый көтөрүлдү көккө. Ач тырмактар ушунчалык катуу мыкчыды дейсиң, омурткасы кычырап кетти. «Ы-ых!...» Онтоп жиберди жаны көзүнө көрүнгөн алсыз бечара. Тунарган көздөрүнөн дирт-дирт ыргыды жаш.

Ач арбактай арыктаган жыландан тишке илешерлик эт чыкпады. Оoздорун ача, акактап туруп калды балапандар. Кайра жем издегени көккө көтөрүлдү эне кыргый, курч көздөрүн жерге матап...

# ӨЛҮМТҮК

*(Аңгеме)*

Саламатсыңбы, жан досум! Мага тез-тез кат жазып, көңүлүмө даба болор жылуу сөздөрүңдү арнап жүргөнүңө ырахмат! Менин сыр чечишээр эң жакын курбум сенсиң. Мына, интернетке кирип, сенин акыркы катыңды окуп отурам. Адегенде эле минтип жазыпсың: «Салкынай, сен бактылуусуң. Көзүңө караган, көңүлүңдү тапкан, акын-эстүү, башкысы сени жаны менен сүйгөн жигитке турмушка чыктың. Конгон уяң жылуу-жумшак, кең. Эми аны бузбай, асибеттеп сактап алуу өзүңдөн. Күйөөңө татына уул-кыздарды төрөп, кайын энеңди баладай бапестесең эле бак-таалай сеники. Көптөр суктанышат. Бирок, мен келин болуп келген үй-бүлө бардар болгону менен, мээрим, жылуулукка тойбодум. Ата-энелери-го мейли, күйөөм экөөбүздүн мамилебиз салкын, жүрөгүм жылыбай койду. Айсалкын, сүйкүмдүү келин болуу бактысын мен көрбөдүм!.. А, сен шүгүр десең болот.»

Ооба, досум! Сен айткандай мен бактылуу келин элем. Жараткан пендесине мага бергенчелик берээр бак-таалай дегенди. Мен пенделик кылып, ошону көтөрө албадым. Эми баарын сага башынан айтып бербесем жеңилдегидей эмесмин. Көкүрөгүмө муштумдай коргошун уюган. Сага жан сырымды айтсам, өзүм да жеңилдеп алам.

Күйөөмө боюма бүткөнүн, ал уул экенин айтсам бир сүйүндү дейсиң! Кош колдой көтөрүп алып, курсагыма кулагын тосо: «Ура-а-а! Уулдуу болобу-у-уз!» – деп, көзүмдү, эрдимди, жүзүмдү өпкүлөп кирген. А, мен болсо дүйнөдө жалгыз өзүм төрөй тургансып, анын мойнуна асыла эркелеп эле жатып калгам. «Салкынай, этият бол. Бирдемеге урунуп-беринип алба! Балабызга зыяны тийип жүрбөсүн!» – деп, эртели-кеч мени акмалайт. Кайра-кайра курсагыма кулагын төшөп: «Уулубуз кыймылдап атат.

Тебинип атат. Шок окшойт. Эй, бала. Апаңды теппе!» – деп жыргап-куунап күлүп алат.

Кайын энемде сөз жок, алтындай кемпир. Чанда бир жолугат келинин мынчалык сүйүп, ызааттаган кайын энелер. Адеп астанасын аттаган саатымдан маңдайымдан өөп: «О, садагаң кетейин келиним! Уулум экөөңөр бактылуу болгула. Жалгыз уулумдун тукумун көбөйт!» дебеспи. Бекитип өлтүргөн кымбат баалуу көйнөктүк лазматтарынын бирин өзүнө алып калбай, чокчолой алдыма таштаган. Сүйсө ушунчалык сүйөт болчу өз энем деле.

Досум, сага ыймандай сырым жазып жатам. Ошентип, күйөөмдүн сүйгөн жары, кайын энемдин арзыган келини болуп, коргошундай көлкүп, бакытка маарып жатып калгам. Энесиз өскөнүм эсимден чыгып, бул үйгө келин эмес, кыз болуп киргем. Ашыгымдын койнунда балкып, ичимдеги балам улам жетилип, курсагым чампайган сайын корстонмун. Декреттик өргүүгө чыгып, эне-баланын эркеси болуп, үйдө отура баштадым. Колумду сууга малдырышпайт.

Ушул бактылуу күндөрдүн биринде, кайын энемдин табы качып калбаспы. (Күйөөм ишине байланыштуу Ошко командировкага кеткен болчу). Жашы сексенге жетип калса да, басканы тетик, кыймыл-аракети шагдам бечара кайын энем бир күндө эле шалдырап, күчүнөн тая түштү.

– Мындай отур садагам, келиним. Айткандарымды көңүлүңө түйүп ал – деген кайын энем мени сынаакы көзү менен карады. Илгери-кийин минтип көзүмө тигиле арачу эмес. – Бүгүн сага сырымды ачам. Менин кийинки абийир-кадырым сенин колуңда. Дегеним, жалгыз уулумдун жалгыз келинисиң. Менде эже да, сиңди да жок. Ишенгеним эле сен.

Кайын энем бир аз бошоо түшүп, сөзү үзүлдү. Алда немелерди ойлоп, эрди кыбырайт. Өзүмдүн энесиз чоңойгонумду эстеп, кайын энемди аяп кеттим. Көзүмө мурдагыдан да ысык көрүнүп, жүзүнөн сүйдүм...

– Апа, көңүлүңүз чөкпөсүн. Мен сизге келин да, кыз да, эже да, сиңди да болуп берем!

– Айланып кетейиним! Бактым бар экен, сендей кыз эшигиме келин болуп келди, – жүзүмө эрдин тийгизди. Анан кемзелинин ички чөнтөгүнөн ачкыч алып чыгып, – Мынобу сандыкты ач – деди.

Сандык ичи жыпжык дүр-дүйнө. Нелер гана жок.

– Булар менин өлүмтүгүм. Чымындай жаным барында сага көрсөтүп коёюн, келиним. Карыган адамдын жаны аманат. Кокус көзүм жумулуп, жаным көккө учуп кетсе, үлгүрбөй калбайын.

«Өлүмтүк» дегенди буга чейин укпагам. Антсе да, сыр билгизбей аз сүйлөп, башымды ийкей бердим. Мунумду сезе койгон зирек кемпир минтти:

– Келиним, «Өлүмтүк» дегенди билесиңби?

– Жок, апа.

«Өлүмтүк» деген карыган кемпирлердин өлөр күнүнө топтоп жүргөн дүр-дүйнөсү. Сага түшүндүрүп койбосом болбойт. Мен өлсөм сөөгүмдү жууган кемпирлерге, жаназамды түшүргөн молдолорго, айылдын кемпирлерине, келин-кыздарга бөлүп бериле турган кийимдик лазмат, кездемелер, дагы-дагы көп нерселер. Азыр баарын сага көрсөтүп, эмнени кимге берүү керектигин айтып берем.

Кайын энем маашырлана сүйлөп, көңүлү көтөрүңкү, өзүнө өзү ыраазы. Сандыктагы ар бир нерсесин аярлай колуна алып, шашпай, бирден көрсөтүп атты.

– Мынобу кызыл баркыт көйнөктүктөрдү сөөгүмдү жууган кеипирлерге беришсин. А, мынобу селде менен тондор жаназамды түшүрүп, кепинимди бычкан молдолорго. Бул көк гүлдүү көйнөктүк лазматтар мага аза күтүшө турган эже-сиңдилериме. Бул кездемелер болсо жыртыш үчүн.

Сандык ичинде нелер гана жок. Төркүнүндөгү эркек туугандарына бирден тон, курлары менен өзү бир чоң покчого оролгон. Шал жоолук, жапан жоолук, жүн жоолук-

тан бир канча. Тарак, арак самындардын түрүнөн тартып, арзан-кымбат мончок, шакек, шуру, билериктерге чейин бар экен. Толгон-токой өлүмтүк дүйнөсүнүн ар биринин кимге берилерин кагазга так жазып коюптур.

– Садагам келиним, мен атадан жалгызмын. Алысыраак эжели-сиңдилерге көп жылдан бери арзымалдап топтоп жүргөн өлүмтүгүмдү кармата берүүнү ыраа көрбөймүн.

Мени дале сынаакы карайт кыраакы көздөрү менен. Бырыш баскан сулуу жүзүнө кан жүгүрүп, ыймандуу.

– Манавы алтын шакек апамдан калган. Эми сен тагып жүр,– Шакекти сол колумдун аты жок манжасына кийгизип койду.

– Ырахмат, апа!

– Манавы шуруну жакшылык күндөрүңдө тагып жүр. Ылдый бол, өзүм мойнуңа тагып коёюн. Бисмилла, ылайым жалгызымдын өйдө болсо өбөгү, ылдый болсо жөлөгү, жан шериги болуп, узак бирге өмүр сүр. Алдыңды бала, артыңды мал бассын, оомиин!

Анан сандык ичине башын эңкейте, кипкичине кутучаны алып чыкты. Кутучаны кипкичине ачкыч менен ачып, бир шакек менен бир шуруну алаканына койду. Кайын энемдин алаканында жанып турган керемет тагынчактарды көрүп турган көзүм алайып, денем ысып чыкканын өзүм байкабай калдым.

Шакек ушунчалык көркөм жана бычымдуу да сүйкүмдүү экен. Көл толкунундай түгөнбөс шоола чыгып турат. Көзүнө өрүк чогундай кыпкызыл акак чөгөрүлүптүр. Керемет шакек арбап алды мени. Андан көзүм өтүп, суктана тиктеп, кайненемдин сөзү кулагымдын сыртынан кетип атты. «Ушуну мага берсе...» дедим эрдимди кыбырата.

– Не дедиң, келиним?

Жүзүнө суроолуу бактым.

– Бир нерсе дегендей болдуңбу?

– А-а... ы-гы... жок...

– Ошондой, бул тагынчактарды көргөн көп аялзаты үшүн жоготкон. Ырамаатылык күйөөм ажылык сапарынан ала келген тартуусу... – деген өлүмтүк ээси мени күлө багып, бир карап койду да минтти:

– Ушул акактуу шакекти да, бермет шуруну да Оштон келе турган курбума бердирткин. Дүйнөдөгү жалгыз сыр чечишкен курбум ошол. Ыраазы болуп, арбайыма дуба окуп жүрсүн. Кокус адашып, башкаларга кармата бербегин!

Катуурак, басым менен айтты бул сөзүн. Кулагым чуулдап, караңгылашып кетти көздөрүм. «Мага бербей неге курбусуна берет? Көздөй көргөн жалгыз келини болсом!..» – деген ички таарыныч көкүрөгүмдү эзип туруп алды. Бул жаман ойдон арылмакка, башымды эки-үч жолу силкип-силкип алдым.

– Ух, жаным! Көптөн бери көңүлүмдү өйүп, ийинимди басып жүргөн жүгүмдөн арылып, жеңилдеп алдым. Эми өлсөм боло берет! – деп жылмая, кымбат баалуу тагынчактарды кичине кутунун ичине салып, кипкичине ачкыч менен бекитип, чоң сандыгына салды.

– Жок, апа, сиз неберелериңизди жетелеп, узак жашайсыз.

– Ал жагы Жараткандан ыктыярында,– бир аз ойлоно түшүп – Тириктин эле эмес, өлүктүн да абийир-кадыры болот, балам. Мен өлгөндөн кийин жыйган өлүмтүгүмдү ээ-ээлерине адашпай тапшыргын. Натуура берилип калса, бирди-жарымы наараазы болуп, арбайым кыйналбасын.

– Апа, сиз эмне тиякка эрте эле даярданып алдыңыз? – тамашага чалып сүйлөөгө аракеттендим. Мунум ишке ашпай калды. Жүзүмдөн күлкү качып, денем бирдеме чаккандай чымырап кетти. Сөзүм тилимдин учунан чыгып, кайын энем эмес, өзүм укпай калганымды туя коюп, селт эте түштүм. Бетим албырып, ысып чыкты уялганымдан. «Кызык... Не болуп жатам өзү?» Суроо каттым өзүмөзүм. Дагы башымды силкип-силкип алдым. Баары бир ичим түрүлүп, кайын энемдин өрүк чогундай кыпкызыл

акак чөгөрүлгөн чоң шакеги көзүмө сайылып туруп алды. «Неге аны сага бербеди?» – деген үн жаңырат көкүрөгүмдүн тереңинен угулар-угулбас...

Кайын энем өлүмтүгүн көрсөткөн түндөн баштап уйку качты менден. Жатсам-турсам «Неге аны мага бербеди?» – деген суроо жанымды жеп, тынчтык бербей койду. Анчалык деле чоң эмес сандык күн өткөн сайын чоңоюп, үйдүн жүк жыйгыч текчесине батпай бараткандай туюлат. Үйдү лампочка эмес, алтын шакек жарытып тургандай... Колум бошой калса эле, ошол бөлмөгө баш багып, сандыкты көзүмдү тешилте караймын. Бир көрбөсөм, көңүлүм ордуна түшпөй, ушунча үй, короодо мага орун жоктой сезилип, көзүм тунарат.

Бир жолу кайын энемдин алдына дасторкон салганы кирсем, ал короого чыгып кеткен экен. Сандыгынын ачкычы жаздыгынын үстүндө жатыптыр. Ачкычты алдым да, калтыраган колум менен шашыла сандыкты ача салдым. Ушу тапта кайын энемдин шабырты угулду тыштан. Араң бекитүүгө үлгүрдүм сандыкты. Ачкычты жаткан ордуна кое койдум.Тескери бурулдум да, ашканага бет алдым. Ичим өрттөнүп, бетим дуулдайт. Жакшы кайын энем тигилбеди жүзүмө.

Кызык көзү-башы келишимдүү, муруну комуздай бычымдуу кемпир эми көзүмө серт көрүнө баштады. Куник, каштары ийрейип, муруну коңкоет. Мунумдан өзүм чоочуй түштүм. Көзүмдү кайра-кайра жумуп ачсам деле өңү серттей көрүнүп туруп алды. Эсиме келейин деген ойдо эрдимди каната тиштедим. Кан дирт этти...

– Не болду сага? Өңүң купкуу!?

Билбейм, эне!..

Жүгүрдүм тышка. Таягын таяна артымдан чыкты чочуй түшкөн бечара кемпир.

– Сага суук тийип жүрбөсүн, көзгө жакын жансың. – Бетиме суу чачып, башымды сылап койду. – Кош бойлуусуң да, көңүлүң айланып жаткандыр. Төрөткө жакын калганда ушундай боло берет ургаачы деген. Көп кыймылда-

бай, жаныңа тынчтык берчи, садагам! Тим кой, оор жумуштарды күйөөң өзү бүтүрөт.

– Жок эне. Кыйналгыдай оор иш деле жок үйдө.

– Мүмкүн каның аздыр? Дуктурга, анавы Айнур жеңеңе көрүнүп келсең болот беле?

– Эч нерсе эмес, чай ичсем өзүмө келип калам...

– Анда иче кой, жүр үйгө.

Кийинки күндөрү уйкум качканын күйөөм да байкап калды шекилди:

– Айсалкын, кыйналып жүргөндөйсүң?.. Балабыз чоңоюп, тынчтык бербей жатат окшойт сага.

– Шондойго. Күн-түн дебей тыбырчылайт, – ушинттим жалганды Кудай кечирсин дегендей.

Күйөөм үстүмө үйрүлүп түшүп, кайра-кайра курсагыма кулагын төшөйт:

– Э-эй бейбаш бала! Тынч жат, апаңды кыйнабай! Хи-хи-хи!

Ал башын төшөк ичине катып алып, жаны эрий күлөт жыргап. Мен өлөрүмдүн күнүнөн ырсактаймын. Күлкү да менден кача баштаган. Канчалык өзүм менен өзүм күрөшпөйүн, башымды силкип, эрдимди тиштебейин, бирдемелерге алаксууга аракет жасабайын, көкүрөгүмө балпайып отуруп алган шайтан-ойдон арыла албай койдум. Бир жагынан ички арым «Кой, уят эмеспи!» – десе, көкүрөгүмдөгү экинчи үн: «Неген аны сага бербеди?» – деп жаңырып туруп алат. Бул үн көкүрөгүмө мандаш токуна отуруп алган шайтандын үнү болсо керек.

Бу дүйнөдө өзүң менен өзүң күрөшкөндөн машакаты жок экен. Ичимде шайтан менен периште күрөшүп, ортодо мен кыйналдым. «Көзүңдү ач! Бирөөнүкү сага буюрбайт!» – дейт периште. «Ал сеники! Ээси сенсиң!» – дейт шайтан. А, көз алдымда оттой күйүп, шооласы менен караңгы жан дүйнөмдү жарыткан алтын шакек. Акыры шайтанга моюн суна баштадым. Мунумду акыл-туюмумда сезип турсам да, жетпеди эрким.

«– Мейли, кой десем болбодуң! Кийин кеч болот!» – деген периште мага таарынып калды. Кийин билсем, ошондо бак-ооматым периште менен кошо мени таштап кеткен экен. Башыма келе турган шорум шайтан болуп: «Периште таарынса кимге таң, өзүнө. Акыры алтын шакек сеники болот!» – деди капкара жүзүн ыржайтып.

Кагылайын досум, менин жазып жаткандарыма мүмкүн ишенбестирсиң. Ооба, ишенбейсиң. Бирок, баары чын. Ушундайда жанымда сен болгондо, мага жеңил болот беле.

«– Кайын энең жакында өлөт... Ошондо алтын шакек менен бермет шуру сеники болот!» – шайтан алаканын чаба, эртели-кеч мени айланып-тегеренип жүрөт. Арыктап, көздөрүм алайып кеткенин күйөөм да, кайын энем да айтышып, тынсыздана башташты. Көз жарар кезиме бир жарым айча калганда, таң алды кайын энем каза болду. (Күйөөм эки күнгө дагы Ошко кеткен)

«– Өлөөр кайын энең өлдү. Жүзүн жаап кой да, тагынчактарды тез алмаштырып ал, таң ата электе!» – деп шаштырды шайтан.

Шайтан айткандай жанагыларды алмаштырып алдым. Шашылганым ушунчалык, көйнөгүмдүн этеги сандыктын оозуна кыпчылып, кайын энемдин мүрдөсүнүн үстүнө жыгылдым. Жүрөгүм оозума келип, ордумдан турууга дарманым жок.

«– Хи-хи-хи! Тур ордуңдан! – колумдан тартты ыржайган шайтан. – Тагынчактарды бекит тезинен!»

Шайтандын сөздөрү мени эсиме келтирди. Шакек менен шуруну бекем катып, тышка чыгып үн чыгардым:

– Апам, о-о-ой! Апам, о-о-ой!..

Мүрдөнү жууп, майрам суугa алгандарга, айыл кемпирлерине, жаназасын түшүргөн молдолорго кайын энемдин аманаттарын бердирттим. Айылдын аялдары, кызкыркындарына өлүмтүктүн майда-чүйдөсүнө чейин бирин калтырбай тараттырдым. Баары ыраазы болушуп, кайын энемдин март, колу ачык аял экендигин бир оздон айты-

шып, өлүмтүгүндө кемчилиги жок, бай да, мол да экен деп баа беришти. Жаткан жери жайлуу болсун. Жараткан бейиштин төрүнөн жай берсин, оомиин! – деп дуба кылышты.

Күйөөм экөөбүз ыйлап-сыктап, урук-тууган, эл менен бирге кайын энемди жерге бердик. Кыркын өткөрдүк. Күйөөм күн-түн ыйлап, апасын эстеп кыйналды.

– Бечара, апам. Мени муштайымдан жалгыз чоңойтту. «Сага колукту алып, колунан ысык чай ичип, көбүрөөк жашасам!» дей берчү.

Күйөөмдүн көңүлүн алып, эртели-кеч жан шериктик парзымды аткарууга урундум. Тириктердин жашоосу улана берет тура. Жанагы өрүк чогундай кыпкызыл акак чөгөрүлгөн алтын шакекти колума тагып, бермет шуруну мойнума илип алдым. Өзүмчө эле канат байлап, көкөлөп учкандай сезимде эргип жүрдүм. Айылдагы келиндер тагынчактарымды көрүшүп, көздөрү күйөө, «Бечара кайын энең сени жанындай көрчү. Арбайына дуба окуп жүр» дешти.

– Айсалкын, шакек менен шуру кудум сен үчүн жасалгандай жарашып калыптыр! Мындайды дүйнөнү кыдыра издесең да таппайсың, жаным! – деген күйөөм өзү жаткан жаздыкты ары ыргытып, менин жаздыгыма башын жаздап алды. Түн бир маалга чейин аны-муну сүйлөп, өбүшүп, жытташып жаттык. Күйөөм да кичине өзүнө келип, өзүм да өткөн окуяларды унуткандай болдук. Бирок, жан дүйнөмдү эргиткен бактылуу күндөрүм узабады. Күйөөм уйкуга кирээри менен шайтан пайда болду. Мен аны байкамаксанга алып, көздөрүмдү чылк жумуп, күйөөмдүн койнуна кире качтым.

«– Айсалкын, шакек-шуруну тагынып,таза өзүңдөн кетип, менден качып калдыңбы? Жо-ок, али экөөбүздүн оюнубуз бүтө элек, чору!»

– Мени эми өз жайыма койчу! – дейм ага жалына.

– Айсалкын, мага сүйлөдүңбү? – деди уйку-соодо күйөөм.

# «ЧҮ-РҮ-ЛҮ-Ү-ҮЙ!«

*(Новелла)*

Ата-бала жер жарып-жарыбай жетип барышты адырга. Көк ирим деңиз өңдөнөт таңкы айдарым желге ыргалган шыбак талаасы, Али Күндүн мурду көрүнө элек болсо да, шаңгалаты жарытууга үлгүрдү кең өрөөндү. Тээ Козулан тоосунун этегинен башталган көк жээктен бери чалкып жаткан адырлуу түздүк мелмилдейт. Карыя өзү жулуп жаткан шыбактын буруксуган жытына магдырап, Күн аркан бою көтөрүлгөнчө тынбай иштеди.

Ана! Кайдан-жайдан кара булут жылып келди да, жамгыр дыбырады. «Ак жаан!..» күңгүрөндү карыя, көкүрөгүн ача, балача элжиреп. Кийими өтмө катар суу болду заматта. Ичинен кайсыл бир эски ырдын кайрыгын кыңылдай кайталап:

Ак жаан секин дыбырайт,
Шыбактуу талаа шыбырайт...
Өмүрдү кемтип, кемирип,
Мезгилиң ак куш зымырайт.

Ак жаан кантип күтүүсүз башталса, ошондой тып басылды.

Берирээкте небере бала өзүнчө бир дүйнө. Чоң атасы жулган шыбактарды топ-топ үйүп, көңүлү шат. Таңкы аалам кереметине мас. Бириндеп сайраган торгой таңшыгы талаа-көктү каптай берди улам. Бу ажайып көрүнүшкө муюган бала, колтугундагы шыбакты башына төшөп, чалкасынан жатып алды, безеленип жаткан торгойлорго көздөрүн кадап. Ана! Бир торгой чоң атанын алдындагы шыбак түбүнөн «пыр-р-р!» эте учуп чыгып, көккө атырылды да, бир чекитке айланып...

Чү-рү-лү-үй!
чү-рү-лү-үй!

эте таңшып кирди. Аны адегенде экинчи, анан үчүнчү, көп өтпөй сандаган торгойлор коштоп кетти.

Чү-рү-лү-ү-үй!
Чү-рү-лү-ү-үй!
Чү-рү-лү-ү-үй!

Бала былк этпейт. Эки көзү, бүтүндөй көөнү, арзуусу чекитке айлана ырдап жаткан торгойлордо. Жатат чалкасынан үн, сөз жок.

Чоң ата бузгусу келбеди небересинин ышкын. Күлүп койду ууртунан тек. Бир кездерде өзү да атасы менен биринчи жолу ушул адырга шыбак жулганы келгени кылт эте түштү эсине. Ошондо алты жашта болучу. Торгойлордун таң алды талаа жаңырткан сайранын эңсеси ката угуп, кудум небересине окшоп чалкасынан жатып алып, көздөрүн көктөн албай узак кумарлана уккан эле. « О-о андан бери алтымыш беш жыл өтүп кетиптир!» – деп койду күрсүнө ичинен. «Неберем да быйыл алты жашта». Суктана карап турду бүт дүйнө болумушту унута, көккө көздөрүн тигип, чалкасынан жаткан небересин. Анан ордунан туруп, бет маңдайдагы чоң түп шыбакты жула бергенде, «пыр-р-р!» эте көккө атырылды чоң торгой. Безелене сайрап жаткан торгойлордон обочороок учуп чыгып, ордунда канаттарын термелте туруп калды. Бирок, сайрабады башка торгойлордой. Көп узабай ылдыйга шумдугу. Чоң атадан эки метрдей бийигирээктен кайра көккө кайкыды. Ылдыйга шумгуду кайра. «Шыбак түбүндө баласы бар окшойт?» деген карыя эңкейе берди. Чын эле өзү жулмакчы болгон чоң шыбактын түбүндө акырын чыйпылдап жаткан бала торгойго көзү түштү. Жетилип эле калыптыр. Арык, кипкичине көздөрү алайыңкы. Чоң ата колуна алды бала торгойду. «Пай-пай, оң канаты кайрылып калган экен да. Ай, жаныбарым, ай!» дей берип, кичинекей башын сылады.

– Эрлан, бери кел!

***

Жооп болбоду небереден адегенде. Дале торгойлор сайранына эреркип, эч нерсени сезбегендей, укпагыдай бала.

– Эрлан – секин, мээрим менен унчукту чоң ата.

А-а-бала алаксыгысы келбедиби, анчейин жооп катты.

– Манавы балапан торгойду карасаң!

Бала бери карай берип, чоң атасынын колундагы бала торгойду көрдү да, ордунан шап туруп, жете келди.

– Маңа бериңизчи, чоң ата! – жарадар торгойду колуна алды секин. Торгой сол канатын серпип, көтөрө албады оң канатын. Жүздүктүн көзүндөй көздөрү жылтырайт. Бала аны этияттай кош алаканына отургузуп, сүйө бакты. Баланын жылуу алаканында бүрүшүп, башын канатынын астына катып алды.

– Оң канаты кайрылып калыптыр.

– Чоң ата, үйгө ала кетеличи муну. Талаада өлүп калбасын.

– Мейли, уулум.

Эрлан эми көктө сайрап аткан сансыз торгойлорго кызыкпады да, көңүл бурбады. Бүт дитин жарадар торгойго буруп, аны аяп, боору ооруп, эзилип турду. Эне торгой ушул арада көктөн дагы шумгуй түшүп келип, чыйпылыктай-чыйпылыктай кайра көтөрүлдү. Баланын көз алдында бир нече жолу кайталады бу жоругун.

– Тиги энеси, жаныбар,– деп койду чоң ата.

– Коркпо, балаңды айыктырып, кайра кое беребиз,– көңүлдүү унчукту бала, көктө тынчсыздана чыйпылдап жаткан эне торгой тарапка карап.

* * *

Капаз короодогу шактары коюу өскөн гиласка илинген. Үч күндөн бери Эрлан күндөгүдөн эрте туруп, бетин жууп-жуубай капазды ачып, торгойду абайлап колуна алат да, башынан сылап, алаканына дан салып жедирмекке урунат. Мындайда торгой денесин жыйырып, баланын

кичинекей алаканындагы данды жебейт. Кармалып келгенден бери бирда бир жолу жазылып сайрабады. Күн-түн эңсегени-эңсеген шыбактуу талааны.

* * *

Торгой капазга камала электен бир жума мурун, ишемби күнү биринчи жолу өз алдынча көккө учуп чыккан эле. Эне торгой ошондо эми жетилген баласын айлана учуп, учканынан көзүн албайт, жерге кулап түшпөсүн деген ойдо. Бала торгой сүйкүмдүү, көзгө жакын. Эми эле баш баккан таажысынын астындагы апапак тагы төтөнчө сулуу көрсөтөт аны. Ошол күнү бала торгой таң аткандан Күн кызыганга чейин асманда шумгуй учуп, безелене сайрап берген. Кечки салкында, анан күүгүм киргенче кайнып учуп, тилин жана сайрап жыргаган.

Эртеси таң сүрүлө электе ойгонду бала торгой... Чоң шыбактын түбүндөгү жылуу уясы жыпжылуу. Көшүлө уктап аткан энесинин койну ыпысык! Тезирээк учуп чыккысы келди көккө. Өчөшкөнсүп атпай туруп алды таң. Энесинин канат алдынан башын чыгарып, обону тиктейт улам-улам. «Ай, ушу таңдын атышы бир кыйын болду, бүгүн» – дейт тынчсыздана. Эне койнунун мас кылган жылуу, таңкы ширин уйку аны көөшүлтүп баратты... Дагы ачты ыксыраган көздөрүн. Эми сүрүлө баштаптыр таң. Энесинин канат астынан секин чыгып, серпип-серпип алды канаттарын... Терек бою көтөрүлдү асманга. Эгиз-эгизге, учуунy самады. Чоң торгойлордой ордунда чекит болуп сайрагысы келди. Анте албады канчалык далалат жасаса да. Ары-бери кыска кайкып уча, сайрап анан баштады:

Чү рү лү-ү-үй!

Дал ушу көз ирмемде төбө жагындагы калдайган кош канатты көрө калды. Үлгүрбөдү буйтап кетүүгө. А-бу дегенче чоң куш аны кош буттары менен чеңгелдеп алып, жыга баштады. «Кычыр!» этти канаты. Жаш торгойдун

жүрөгү оозуна келип, кипкичинекей көздөрүнөн жаш ыргып-ыргып кетти.

Көзүн ачты бир оокумда. Өз уясында, энесинин канат астында жатканын сезди. Жанагы калдайган кара куш сындырган оң канаты сыздап ооруп, жай таппай атты жаны. Өзүн койорго жер таппай, тыбырчылайт бечара энеси.

* * *

Узак убараланып, суудан берип, капаздан алыс кеталбай жүрдү бала. Бирок, торгой баланын сүйүнүчүнө орток болбоду бирда жолу. Канаттарынын астына катып алат башын. Жебейт да, ичпейт бала берген суу менен нанды. Талаадагы уясында эттүү болчу. Арыктап, канаттары тарбайып, көздөрү эле калды жылтырап. Үч күн дегенде гана оозу тийди дан-сууга.

Чоң ата менен бала торгойдун канатына даары сүртүп, тез эле жаш эт бүтүп, торгой канаттарын серпе баштады капаз ичинде.

– Чоң ата, эми торгой сайрайт ээ?

– Жок, уулум. Торгой капазда сайрагыдай бөдөнө же кекилик эмес. Ал эркин жүрсө гана сайрайт.

– Анда кое беребизби?

– Дагы беш-алты күн дарылайлы, анан кое беребиз.

Эртеси таң эртеңден бала менен чоң атасы талаага барышты, шыбак жулуп келмекке. Шыбак түбүнөн «пы-р-р, пы-р-рр!» эте асманга шумгуй учуп чыккан торгойлор безелене сайрап атышты. Шыбак жулганды унутуп, аларды мойну талыганча карап тура берди бала.

– Тойгойлойдун сайаганын, ата!

– Ооба уулум, угупатам. Сенин торгойуң да канаты айыкса ушинтип сайрайт.

Бир жумадан соң таң эрте бала капаздын эшигин ачып, колуна алды торгойду. Бүрүшүп, жыйрылып алды торгой. Бала анын башын акырын сылап, өптү да, алаканын

жайды. Эмне болгонуна түшүнбөгөн торгой адегенде кыймылдаган жок. Баланын алакандары жазылып турат, көздөрүн ачса.

– Пыр-р-рр!

Торгой көккө кыйынчылык менен көтөрүлүп баратты. Денеси оор тартып, кең жазылбай жатты канаттары. Бирок, жерге конгусу келбеди канчалык кыйналса да. Торгойлуу талаага жетип алды эптеп. Баягы өзү чоңойгон чоң шыбактын түбүндөгү уясын издеди, таппады. Кишилер ал шыбакты жулуп, уясын бузуп кетишкен эле. Акыры бир чоңураак шыбактын түбүнө далдаланды. Күн ысып чыкты жазырап. Уйкуга кетти чарчаган торгой. Аны башка торгойлордун чурк-чурк эткени, сайрагандары ойготуп жиберди. Көзүн ачса таң атып, көптөгөн торгойлор көккө октой атып чыгып, безелене сайрап атышыптыр.

Ал адегенде эле чыкмакчы болду көккө. Негедир канаттары жазыла бербеди. Көккө учуп чыгууну ушунчалык арзыды дейсиң. Денесине күч топтоп аткандагы ар бир көз ирмем ага кылымдай узак туюлду.

Пыр-р-р-ррр!

Ана! Көккө атылып чыкты октой. Терек бою, андан бийик, дагы бийикке. Ал бардык торгойлордон бийикке көтөрүлдү. Кипкичине чекитке айланды.

Чүрү-лү-үй!

Чүрү-лү-ү-үй!

Чүрү-лү-ү-ү-үй!

Чүрү-лү-ү-ү-үй!

Сайрай берди көпкө, бир чекиттен жылбай. Таң кала карап калышты берки торгойлор аны. Ал көтөрүлгөн чекитке жетмекке канчалык урунушпасын, бири да жете алган жок. Бири да андай безелене сайрай алышпады. Торгойлор сайраны кең талааны басып кетти.

Чүрү-лү-ү-үй!

Чүрү-лү-ү-ү-үй!

Чүрү-лүү-ү-ү-үй!

Баарынан бийик, баарынан кооз, баарынан мукам, баарынан безелене, баарынан узак жаңырып атты капаздан чыккан торгойдун сайраны:

Чүрү-лү-ү-ү-үй!
Чүрү-лүү-ү-ү-ү-үй!
Чүрү-лү-ү-ү-ү-үй!

Канаттарын парадай пылдыратып, бир орунда узак, бир чекитке айланып турган бул торгой ошол күндөн баштап кең талаадагы торгойлордун суктанычына айланды. Бала торгой бул жазда талаа көркү, башка торгойлор кыялданган бийиктик менен укмуш безелене сайроонун шааниси болуп берди. Эркиндик аны ушунчалык кубантып, эргитип, шердентти дейсиң! Күнүгө таң алды:

Чү-рү-л ү-ү-ү-ү-үл:
Чү-рү-лү-ү-ү-ү-үй!
Күн батаар салкында:
Чү-рү-лү-ү-ү-үй!
Чү-рү-лү-ү-ү-үй!

Эрлан торгойду кое бергенден эки күндөн кийин чоң атасы менен дагы келди шыбактуу адырга. Адырлуу талаа тыптынч. Таңкы уйкуда баары. Бир гана торгой сайрап атат көктө. «Ошол!» Тааныды өз торгоюн. Бир ылдый түшүп, бир көккө көтөрүлүп, бир чекитке айланып безеле не сайрап атат торгою.

Чү-рү-ү-ү-ү-үй! Чү-рү-ү-ү-ү-ү-й Чү-рү-ү-ү-ү-үй..

Бала эки колун көккө созо ыржайып, көзүн албайт торгоюнан. Торгой бир убакта Эрланды көрө калды. Ылдыйга шумгуп , анын жазылып турган алаканына конду. Жүздүктүн көзүндөй кипкичине көздөрү күлүп турду. Бала анын кипкичине кубаныч толгон көздөрүнөн өөп, сылады башынан. Баланын алаканына башын жөлөдү ал. Анан көккө шумгуй учуп чыкты. Бийикке, эң бийикке жетип барды. Бул бийиктикке башка торгойлордун бирда-бири жете элек болчу. Бир чекитке айланды. Канаттары гана пара...

Чү-рү-ү-ү-үй!

Чү-рү-ү-ү-ү-ү-ү-үй!

Чү-рү-ү-ү-ү-ү-ү-үй!

Талаадагы бардык торгойлор тегиз атырыла учуп чыгышты көккө.

Чү-рү-ү-ү-ү-үй

Чү-рү-ү-ү-ү-үй

Чү-рү-ү-ү-ү-й.

Жаз, жай өттү. Күзүндө жубун тапты. Эрландын торгою. Уя салып алышты экөө баягы чоң түп шыбак түбүнө.

* * *

Кийинки жазда айыл балдары келишти талаага шыбак жулушканы. Арасында Эрлан да бар. Алар уяга жакындаганда «пыр-р-ррр!», «пыр-р-р-рр!» эте көккө атырылып чыкты эки торгой. Балапандары калды «чыйп-чыйп...». Аларды көрө койгон балдардын бири :

– Торгойдун балапаны!

– Кана? – Чуркап жете келишти берки балдар.

– Тийбегиле!! – чыңырды Дастан, уяны бүт тулкусу менен калкалап, колдорун имере жайып.

Ушунчалык ачуу, талаптуу угулду анын үнү. Унчукпай ары өтө беришти шериктери. Эки балапан темир канаттарын алсыз көтөрө «чыйп-чыйп...» Жапыз учуп чыйпылыктайт эне торгой менен ата торгой, уяларынан алыстай албай. Берки балдар узап кеткен соң, өзү да алардын артынан басты Дастан. Артына кылчайды кыйла узагандан кийин: – Чү-рү-лү-ү-ү-ү-үй! -Чү-рү-л ү-ү-ү-үй!

Безелене сайрап атышты көктө эне торгой менен ата торгой. Экөө эки чекит.Теңтуштарынан кыйла артта баратты Эрлан. Көңүлү алып учуп, өз торгоюнун катарына көкөлөй көтөрүлүп, кайкып учкусу келет. Көкүрөгү толо ыр. Кыңылдап баратты, кең талаага батпай...

# КЫЗЫҢДЫ КӨРҮП, СЕНИ ЭСТЕП...

Базар кайтыш убак. Автобус элге жык толгон. Чоң-кичик, аял-эркек дебей ызылдап, отурарга орун жок. Эки бутум эптеп орун таап, эски автобус эки-үч силкинип алып, зоруга ордунан жыла бергенде, жүргүнчүлөр ары-бери чайпалып боюн түзөштү.

Ушу чакта:

– Ава, менин жайыма отуруңуз – деген жаш кыз ордунан тура берди. Үнү тааныштай, солк этип алды жүрөгүм. Кимдин үнүнө окшош бул үн?.. Оо мурда, оо мурда кулагыма сиңген тааныш үн жаңыргандай туюлду.

– Отура бер – дедим, кыздын үнүн кайра угууну көксөп.

– Жок, отуруңуз Сиз! – жылмая жооп катты кыз.

Өңү да тааныштай... Жаш кыздын жылаажын жагымдуу үнү жан сезимимди аралап, денем тамылжый ысып чыкты. Алыс-алыстан жаңыргандай жагымдуу үндүн шаңы кулак түбүмдө өчпөй тургандай. Таптым! Оо таптым, Гүлүнүн жаш кезиндеги үнү экен! Мага орун бошоткон узун бойлуу кыздын ысык ыкласына өз кызымдай ушунчалык жылуу ырай менен сүйө багып жооп кайтардым дейсиң, кыз да мунума жагымдуу күлө бакты. Жүзү, өң-түсү Гүлүнүн өп-өзү, куюп койгондой окшош. Олоң чачы да апасынын кыз кезиндегидей такымына жете суудай төгүлөт. Тек апасынын чачы тал күчүктөй майдалана өрүлчү. Мунун чачтары эки билектей өрүлүп, артына ташталган. Апасыныкындай кундуз чач. Баары жогу, бар болумушу менен окшош.

Гүлүнүн өзүн көргөндөй ич-ичимден толкуп сүйүндүм. Автобус ичинде Гүлүнүн кызы экөөбүз гана бараткандай жүргүнчүлөрдүн түркүн сөздөрү кулагыма кирбей, ички каалоомдо кыздын узун, назик манжаларын кармап көргүм бар. Апасыныкындай ыпысык болсо керек колдору да! Ачыктыгы менен күлгөндө кашкая түшкөн аппак тиштери деле кудум Гүлүнү салат эске.

Кыздын бир гана айырмасы, кийген кийиминде. Акезде Гүлү узун көйнөк, кара баркыт кемзел, багелеги жээктүү ыштан кийип, башына жоолук салынчу. Бутуна маасы менен көлөч кийчү. Өзгөчө ак жибек көйнөгүн кийип, кызыл жоолугун кептер моюн салынып алса, узун боюна күп жарашып калчу. Кызынын кийген кийимдери да боюна чак келип турат. Ийинине жете кыркылган кундуз чачы, көкүрөгүн кичине түртүп турган кызыл жемпири кыпча белин ого бетер ичке көрсөтүп, капкара шымы менен, орточо такалуу кара туфлиси боюна не жарашат. Такалуу туфли кийгениненби бою апасынын боюнан бийигирээктей көрүндү көзүмө.

Автобус кыйла жол жүрүп, кысылган жүргүнчүлөр ыңгайлаша жайланды шекилди, эми бири-биринин өңүнө карап тааныгандарына салам айтып же арыраак болсо баштарын ийкеше саламдашып атышты. Ортодо туруп баратышкан эки жигиттин Гүлүнүн кызын суктарын арта тиктеп турушкандарына көзүм түштү. Кыз да муну сезе коюп, жүзүн бери үйүрө бергенде ак саргыл жүзү кызарып чыкты. Адепсиз жигиттердин аны теше тиктеп жаткандыгына кызгана, ичим тарып кетти. Жигиттерге биротоло ийинин тосуп, мен тарапка бурулуп алды кыз.

А, мен болсо кыздын тулку боюнан, өңүнөн, кыймылкылыгынан Гүлүнүн жаштыгын издей бердим ынтызарлык менен. Гүлүнү эстеп ич-ичимден эзиле сагынып отурам. Бир кездеги балалык, окуучулук күндөрүм көз алдыма шурудай тизилип, Гүлүнүн супсулуу өң-боюн көргүм келет кыялымда.

* * *

Мектебибиз башка айылда, кыйла алыс болчу. Сабактан чыккандан кийин ойноп-күлүп, ырдап-ызылдап түнү келээр элек үйгө. Эрте жазда адырма-адыр кезип, мандалак казып, жоогазын гүлүн издечүбүз. Бир жолу үч-төрт бала жаңы ачылган жоогазын гүлүнө бирдей көзүбүз түш-

көнү эсимде. Атырыла жоогазын гүлүнө жүгүргөнбүз. Мен биринчи жетип барып, үзүп алгам жоогазын гүлүн. Алакандын отундай чо-оң сапсары болуп ачылыптыр. Ошол замат эле кыздар:

– Акпар, маңа бер!

– Маңа бер, Акпар!

– Акпар ава, маңа-а!

– Акпар! – деп жалынып жиберишкен. Гүлү гана кыздардан четирээкте турат, унчукпай, үн катпай. Ошондо жүрөгүм буйрук бердиби билбейм, жоогазын гүлүн Гүлүнүн колуна карматкам! Ошондогу анын сүйүнгөнү, ак чырайы бактылуу күлкүгө мелт-калт толуп назик үн, мээрим менен:

– Ырахмат, Акпар! – деген жүзү кызарыңкы тартып, сыймыктанганын туйгам.

Башка кыздар томсорушуп, жоогазын гүлүн кызгана түшүшкөн Гүлүдөн. Күнүгө кемселинин чөнтөгүнөн конфет үзүлбөгөн Айжаркын аттуу кыз:

– Акпар, маңа бербедиң а-а, гүлдү. Энди сага конфет бербейм, – деп жүзүн үйүргөн.

– Бир тууган карындашым «авам жоогазын гүлүн маңа бербеди!» – деп үйгө барганда апама ыйлактап айткан. Эрте жазда биз эң биринчи көргөн жоогазын гүлү эле мен Гүлүгө берген жоогазын гүлү. Башка кыздар эки-үч күн маңа таарынымыш эте сүйлөшпөй, анан эле оюн кызыгы менен унутуп калышкан. А, Гүлү экөөбүз ал учурду түбөлүк унутпай кала бердик!

* * *

Гүлүнүн кызын секи-ин карадым көз кырым менен. Оо, кол жетпейт, өзү эмес кызы! Гүлүнүн жаштыгы кырк жылдык узун жибек жиптин аркы учунда. Кырк миң чакырымдык жибек жипти түрүп, аркы учуна жетсе болот! А, Гүлүнүн кырк жыл мурдагы секелек кыздык курагына!..

«Кимдин кызысың?» – деп сурагым келди. Ушунчалык ынтызарлана сурагым келди дейсиң. Тез айныдым бул оюмдан. Бүт тулку боюмду магдырата жылыткан оттуу сезимден бир саатка жетпеген армандуу эскерүүлөрдөн (автобус бир саатта айылга жетет) айрылгым келбеди. Автобуста Гүлүнүн кызы экөөбүз эле бараткансып, башка жүргүнчүлөрдү карагым да, сүйлөгүм да жок. Кез-кез Гүлүнүн кызын уурдана карап коюп, анан көздөрүмдү чала жумуп, кырк жыл мурдагы окуучулук күндөрүм өткөн жылгын, чычырканак өскөн, эсепсиз кара суулар аккан узундан-узун корукту, ак деңиздей ааламдын өңүн агартып жиберчү аппак болуп ачылган узундан-узун өрүкзарларды, жайы-кышы шау-шуусу кулак түбүнөн кетпеген Кокдайраны көз алдыма келтире бергим келди. Токой ичинен, өрүкзар түбүнөн, адыр-кырдан, дарыя жээгинен Гүлүнүн караанын издедим кыялымда. Гүлүмдүн ак көйнөкчөн, кыпкызыл жоолукчан, кара баркыт кемзелчен карааны ак кептердей учуп жүргөнсүйт. Ошол ак кептерди колдорумду узата кармагым келет. Колума илешпейт. Жерге тиер-тийбес болуп, ак мунарык арасында калгый учуп жүргөн ак кептер сымал Гүлүмдүн карааны. Бул таттуу элести жоготуп коюудан кызганып, эми Гүлүнүн кызын деле тез-тез кароодон качып калдым.

Кудум ак мунарыктан бетер, андан кептерге айланып кеткендей сыйкырдуу караан элес жан дүйнөмдү ээлеп, каректериме толуп алды.

Эми автобус ичинде жапжалгыз бараткандай сездим өзүмдү.

– Акпар! – селт эте түштүм шак эте угулган үндөн, жалт карадым артымды. Атымды атаган айылдык теңкур жигиттеримдин бири экен. – Алдыңдагы кызды тааныбадың окшойт. Гүлүнүн кызы да! – дей берип, сыйкырдуу күлүп, көзүн кысып койду ал. «Ооба, сен билесиң, бирге өсүп, бирге окубадыкпы»,– дедим ичимден күңгүрөнө.

Жооп катканым жок, автобусту түп көтөрө сүйлөгөн тең курбума.

Гүлүнүн кызы мени жалт карап койду. «Ооба, айланайын кызым, апаңды шунчалык жакшы билем, шунчалык!...» – дедим ичимден эрдимди билинер-билинбес кыбырата.

* * *

Ана! Көз алдымда өрүкзар, экөөбүз өрүк терген күндөр. Ошондой жай чилдеси толуп турган кез эле. Өрүкзарда бышыкчылык. Эркектер шыргый кармап, шак-шактын башында өрүк кагуу менен алек. Келин-кыздар бак түбүндө, жер жайнап жаткан өрүктөрдү чакаларга терүү менен убара. Бак ортосун кесип өткөн жол да өрүк, бакты аралап өткөн арыктар да жык өрүк.

Өрүк кургатканы чарбакка көчүп келгендердин бири биз. Бизге жанаша чарбакта Гүлүлөр. Өрүк каккыдай адамга муктаж алар. Жалгыз авасы кечке чарбанын иши менен алек, айдаганы эки ат чегилген араба. Өзүбүздүн өрүктү кагып, терип, кырманга жайган соң, күнүгө жардам берем Гүлүлөргө. Апасы же Гүлү күнүгө келишет мени апамдан сураганы.

Лам дебей макул болот апам. Өзүм деле астейдилмин, өрүк кагып, өрүк терүүдөн жедеп чарчасам да. Ошентип, Гүлү менен жанаша басып алардын кепесине барам күнүгө. Энеси мени кадим чоң кишидей ызаттап тосуп алып, каада менен кепелеринин төрүнө өткөрөт да, алдыма дасторкон жазып, болкулдаган жумшак казан нан, каймак коет. Чыны толо айран сунат колума. Мен деле чоң кишиче каадага каада менен жооп берип, зыңкыя мандаш токуна отурам да, шашпай тойгузам курсагымды. Алдымда кыйын иш турганын билем. Анткени, саратандын ысык күнүндө бийик шактарды кадып өрүк кагуу жеңил иш эмес. Бүгүн өзү келди Гүлү, уялыңкырап кепеге кирбей тыштан унчукту:

– Саламат эже, Акпар бизге өрүк кагып берсинчи.

– Майлига, кызым. Барат Акпар, чайын ичип алсын.

– Апам чай даярдап отурат, эже. Биздикиден ичебиз.

Мен ордумдан лып турдум. Гүлү экөөбүз өрүкзарды аралап жете келдик алардын кепесине. Гүлү өзү чай куюп, маңдайымда күлүп отурат. Көз алдымда сулуу болуп баратат. Өзгөчө тогузунчу класска көчкөндөн бой тартып, өңү ачылып, жакшына кылыгы чыга баштагандай. Күлкүсү жылаажындай шыңгырай чыгып, моймолжуй караса, жүрөгүм тыбырчылап, туйлап кетет. Бирок, ага тийишип, бейчеки сөз айтуу оюма да келбейт.

Чай ичип бүткөндөн кийин Күн батканга чейин төртбеш түп өрүктөрүн кагып, күнөс жердеги өрүк кургатчу кырманга ташып бердим. Анан экөөбүз күндөгүдөй ылдый корукка түшүп, бүлдүркөн тергени жөнөдүк. Кыпкызыл сылап көйнөгү батып бараткан Күнгө оттой кызарып, ак-саргыл жүзү нурданып кеттн. Кара суу жээгиндеги бүлдүркөн тикен аралаш өскөндүктөн, мен гана тердим, анын жаңы сылан көйнөгү тилинбесин деп. Топума толтура терген бүлдүркөндү суу жээгине отура, тое жедик экөөбүз. Күн батып баратса да аба үп, анын үстүнө бөтөнчө ысып кетти корук. Ары-бери тыш кийимдеримди чече салып, боюмду таштадым сууга. Гүлү менин киринип жатканымды суктана карап жээкте отурат. Бирде суу астына чумуп, бирде сууну шоктоно чапчып ойноп аттым. Анан эле күтүлбөгөн жерден Гүлүнүн үстүнө чапчылап суу чачып кирдим.

– И-и Акпар, көйнөгүм таза өл болбодубу! – үнү өкүм эмес, шаңдуу чыгып, кыраан каткырыктап күлдү. Ысыкка күйүп бараткан денеси салкындай магдырап калды.

– Мен да түшөм сууга – дей берип, жоолугу менен бут кийимин чече салып, көйнөкчөн боюн сууга таштады.

Кыпкызыл сылан көйнөгү суу бетинде парашют сымал жазылып, аппак, жумуру денеси, тунук суу астында бир

керемет. Кыраан каткырык күлкүсү жаңыртып жиберди кечки корукту. Күн батып кеткен менен дале аба үп, кара суу жыпжылуу. Гүлү шоктоно каткырып, эки колу менен мен тарапка суу чачат. Мен суу чачсам бетин алакандары менен тосо кылыктана, кыраан-каткы түшөт. Бири-бирибизге суу чачып, ары-бери сүзүп кыйла ойнодук. Аңгыча батыш тараптан кылак эте Ай чыкты. Корук ичи жомоктогудай сырдуу боло түшүп, суу бети сымаптай жалтырайт. Ай жарыгында огеле сулуу болуп кетти Гүлү. Көлөкөбүз суу бетине түшүп ажайып. Баятан бери суу чачып ойногон Гүлү чарчады окшойт, мага ыктап, ийиниме жөлөй берди башын. Мен аны суу ичинде кучагыма тарттым. Көл-шал болгон көйнөгү сыйгаланып, колумдан тайгылайт жумуру денеси. Торсойгон эки төшү көкүрөгүмө урунганда «дирт» дей түштү ал, денесин суу ичинде майда калтырак басып:

– Койчу!.. Акпар, уят,– деди наз менен секи-ин.

Мен ого бетер катуураак кыстым. Көкүрөгүмө тирелип калды эки төшү. Төшүн мыжыга берсем, кыңкыстай берип, артына түсөрүлдү да:

– Койсоңчу Акпар, не кылганың! – деген бойдон жэкке качып чыкты. Менин бул жоругумду толгон Ай гана кайдыгер карап турду.

Гүлү көйнөгүн сыгып алгыча мен суудан чыкпай турдум. Анан өйдө, өрүкзар тарапка өрлөдүк. Сол колун кармап алдым, ыпысык. Унчукпады мунума.

– Акпар-ов, жаман турбайсыңбы!.. уялыңкырай жер карады Гүлү.

– Неге?

– Неге дейт дагы...

Бетине эрдимди тийгиздим. Бети албырып ысык. Кучактагым келип турса да даай албадым. Ай жарыгында көлөкөлөрүбүз да кыналышып баратты.

– Гүлү, түнгө чейин кайда жүрдүңөр? – деди кепенин тышында кызын күтүп отурган энеси.

– Булдуркөн жеп келдик, күндүз күнү өрүк териштен бошобосок эне! – унчукту Гүлү. Башка сүйлөбөдү энеси.

– Эртеси уурдана карай бердим Гүлүлөрдүн чарбагы тарапты. Али кагыла элек өрүктөрү көп, мени чакырышат баары бир. Күн оогондо энеси келди кепеге мени чакырып. Ордунан жылган поездден калып кете тургандай Гүлүлөрдүн чарбагын карай жүгүргүм келди. Өзүмдү араң басып, Гүлүнүн энесин ээрчип бараттым.

Гүлү: – Кел – деп койду секин. Үстүндө кечээки эле кыпкызыл көйнөгү оттой кызарып көрүнөт. Чай сунуп атып сырдуу күлүмсүрөдү.

* * *

Ой-чуңкуру көп таш жолдо бели үзүлгүдөй «кышылдап» жай жылып бараткан автобус тык токтоп, жерге түшө беришти ортодо туруп бараткандар.

Айдоочу жүргүнчүлөрдөн жол кире ала баштады.

– Акпар, жерге түшпөйбүзбү? – деди колтугумдан нукуй жанагы теңкурум. Мен жок дегендей башымды чайкадым. Ордумдан кыймылдасам эле Гүлүнүн элесин жоготуп коерумду билем.

* * *

Бир жолу Баткендин көчөсүнөн жолуккам Гүлүгө. Эжеси экөө келатыптыр. Өзүмчө эле толкуп, учурашканы узаткан колуңду секин кысып, кое бергим келбеген. Эжең шакылдап сүйлөп, сен болсо анча сөзгө келбедиң. Көңүлүң чөгүңкүдөй. Отуз жыл ысык турмуш курган күйөөң каза болгонун уккан элем. Ошогобу, ачылып сүйлөбөдүң, көздөрүң гана ички таарынычың бар экенин айтып турду. Ошого да сүйүндүм мен. Ошончо жыл мага болгон таарынычыңды көкүрөгүңдө аелой сактап жүрүпсүң!

Анан эжеңе карабай баса бердиң. Ичиңден кетүүнү каалабасаң да, тулку боюңду зордоп алдыга сүйрөп барат-

каныңды туйдум. Өзүң менен өзүң күрөшүп, буттарың шилтенип-шилтенбей...

– Оо, садагам!

– Оо, шириним!

– Оо, данегим!

Мага болгон таарынычың жүрөгүңдүн бир учунда жашап келатыптыр алигече. Каниет кылдым ушуга да. Мени эстеп, сагынат экенсиң деп сүйүнгөм ошол күнү. Сага болгон арзуум жаңыланып, сагынычым күчөгөн. Те бурулушка жеткениңде эжеңе байкатпай кылчая карап койгонсуң мен тарапка. А, мен аркы көчөгө бурулуп кеткичең артыңдан карап тургам...

* * *

Актурпак айылына жете келди автобус. Ушул айылдагы мектепке күнүгө 9-10 чакырымдай жол басып келип окучубуз. Биз окуган мектептин бир имаратында алиге чейин балдар окушат. Экинчиси айыл клубу болгон. Биз отуз жыл мурда отургузган өрүк көчөттөрү бүгүн кучак жетпес чоң дарак болуп, ысык көрүнөт көзүмө. Эми автобус түптүз Зарташка бет алды. Мен онунчуну бүтөр жылдагы сенин элесиң көз алдымдан кеткидей эмес...

* * *

Жийде кызуу гүлдөгөн учур эле.

– Келдиңби, Гүлү!? дегем өзүмө карай шыпылдап басып келаткан жолуңду утурлай.

– Көп күтүп калдыңбы, Акпар? – дей берип, колумду секин кысып койдуң.

Экөөбүз шалыпаянын ичке уватын кадый корук тарапка бастык. Суу толтурулган шалыпаялардын бети айдың көлдөй мелмилдеп, көктө да, суу астында да жайнаган жылдыздар. Сансыз жылдыздардын так ортосунда океандагы жалгыз кемедей Ай каалгыйт. Иттердин үргөнү угулат айыл тараптан. Алдыда Көкдайранын шау-шуусу... Коколору айрылгыча чардаган бакаларда тыным жок.

Антсе да, ныксырап жаткан тынч айылга шай келип уккулуктуу.

Түн койнунда керилип, созулуп жаткан корук сырдуу. Корукту аралап аккан суусу тунук карасуудан балык жыты келет. Суу бетине ыргып, кайра «чулп» эте сууга түшө ойногон балыктардын күмүш жондору көрүнө калат. Ай жарыгында. Кечки салкында корукту түркүн-түркүн жыт каптап кеткен. Баарынан жийде гүлүнүн баркыттай жыпар жыты!.. Корукка түшө бериш жар кашааттын кырында кыркалата өскөн жийде дарактары тегиз гүл ачкан.

– Ох, Акпар! Жийде буруктын жытын.Жүр шоякка барабыз. Эңкейе өскөн жийделердин гүлдөгөн шактары мажрүм тал сымал сала-салаа, жерге жете ийилген . Шактары коюу жийденин түбүндө отурдук Гүлү экөөбүз. Түнкү желге жийде бурак шактар ыргалат. Кудум Гүлүнүн ийинине төгүлгөн чачтарындай напназик. Мен жийде бурак шактардан тандап, гүл чамберек жасадым да кыздын башына кийгизип койдум. Чырайы оголе ачылып, жийде бурака окшоп калды Гүлү. Айдыңкөлдөй мөлтүрөгөн көздөрүнүн жээктерин кирпиктери кештелеп, чала жумулду.

– Жийде бурактын жытындай керемет жыт жоктур, э-э Акпар?!

– Андан өткөн жыттуу гүл деле бар!

– Кайсы гүлдү айтасың?

– Гүлү деген гүлдү айтам.

Гүлү эрдин маңдайыма тийгизди наздана. Бул кечте бакытка балкыганбыз, экөөбүздөн башка бакытка балкыган адам уулу менен кызы жоктой.

– Акпар, Зарташты карасаң, балача көшүлүп уктап атканын! – Гүлүнүн көздөрү, ак-саргыл жүзү, наристеникиндей ширин уурту күлкүгө мелт-калт.

– Эмки жылы мен дагы Ошко окууга барам. Жетелеше басабыз Оштун айлуу түндөрүндө!

О, ошондо мен кыздын таза ниетине толкундана, унчукпай кучактадым аны. Чоктой ысык, сымаптай сыйгалак жумуру денеси кучагымда миң туйлап атты...

Коруктагы бадалдар ыргалат түнкү желге. Корук четиндеги Көкдайранын бир калыптагы шау-шуусу...

Сырдуу түндө Гүлүнүн сырдуу дүйнөсүнө үңүлүп, жыргалына батып отурам. Адатта башка балдарга көп деле күлө бербей, бир сырдуу жүргөн, а түгүл колдорун бир кармагысы келген балдарды кагып салчу, мунусунан чочуп, эч ким тийише албаган чырайлуу кыз минтип айлуу кечте, жыты аңкыган айлуу түндө менин кучагымда!...

«Оо балдар! Эге-е-е-гей, балда-а-а-ар! Бизди көргү-лө-ө!...» – деп кыйкыргым келет түн жаңырта.

А, зарташтык балдар болсо ыссык төшөктөрүндү өздөрү жакшы көргөн кыздарын түшүндө эңсеп ширин уйкуда. Зарташтын бүгүнкү айлуу, жийде жыты буркураган улуу түнү Гүлү экөөбүздүн гана энчибизде.

– Акпар, эми Оштон Зарташка качан келесиң? – Гүлү көкүрөгүмдөн башын көтөргүсү келбей эркелеп сурады.

– Окууга тапшырып, өтөөрүм менен келем.

– Ага чейин мен сага чырайлуу дасоромол даярдап коем, мени сагынганыңда жыттап жүрөсүң.

– А, мен сага Оштон не апкелем, билесиңби?

– Не?

– Кыпкызыл оромол.

– Шаптолунун пушту гүлүндөй кыпкызылбы?

– Ы-ы.

– Мен дасоромолго жийде гүлүн түшүрөм.

– Оо, Гүлү! Ал дасоромолду мен түбөлүк сактаймын!

– Сен алып келген жоолукту да мен түбөлүк сактаймын, покчого бекитем! Гүлү ошондо бир бактылуу жылмайды дейсиң, апапак тиштери кашкая, чоң көздөрү жоодурап, ого бетер башын көкүрөгүмө катып. Түрсүйгөн эки төшү көкүрөгүмө тирелип, жүрөгү «дүк-дүк». Түнкү

жел улам салкын тартып, айлуу түн ого бетер тунуп, түн сыйкыры өзүнө оп тартат.

Ордубуздан турдук экөөбүз бири-бирибизге жөлөнө. Мен кошок-кошок шактуу жийде буракты кайрып, Гүлүгө узаттым.

– Муну кургатып, сактап жүр. Жийде бурак кургаса ого бетер жыты аңкыйт.

– Куураган гүлүнөн сага кат жазганда конвертке салып турам... Шашпай келатабыз айылга. Ай как чокуга келип, шалыпаялардын суусу мелмилдейт. Жылдыздар шамында өкүмдарлык кылган Ай падыша бүт жан-жаныбарларды ширин уйкуга көөшүлткөн.Бүгүнкү кечти Ай падыша Гүлү экөөбүзгө ыраа көргөн шекилди.Шалыпаяларда тынымсыз чардаган бакалар да тынган. Иттер да ширин уйкуда. Бакытка балкыган айылым көөшүлөт. Айыламда Гүлү экөөбүз эле ойгообуз, уйкуну оюбузга албай!...

* * *

– Мана-а, жеттик Зарташка! – деди жүргүнчүлөрдүн бири шаңкылдап сүйлөп.

– Ава, сумкамды алайынбы? – деген Гүлүнүн кызы мени күлө багып карап туруптур. Аталык мээрим менен чырайлуу жүзүнөн сүйүп койгум келип кетти. Бастым шүмдү. Көчөдө ак шам. Үй-үйлөрүнө тарай берди келгендер. Авасынын короосуна кирип кетти Гүлүнүн кызы.Өмүр бою көзүмө ысык көрүнгөн көк дарбаза «кыйч» этти. Жүрөгүм дүк-дүк...

Шашпай бараттым атамдардын үйүнө. Эки дүйнөнүн ортосунда тургандай али да өзүмө келбей.

# АЙДЫН КЫЗЫ

Акшам өтүп, аалам караңгылыкка төнгөн. Кыз жар кырына келип токтой берип, сай ичине үңүлө көз жүгүртүп чыкты бир сыдыра. Шыбырт эткен жан көрүнбөйт. Бир аз артына кетенчиктеди. Түнкү желге желбирейт узун көйнөгү. Дагы бир сыйра көз чаптырып чыкты сай ичине. Жымжырттык... «Өзүм кечигип келдим да бир саатча. Кетип калды бекен?...» Ушу кезде жакын эле жердеги эңиле өскөн суу талдын шактары жапырыла:

– Майраш!.. – деп шыбыраган үн чыкты.

– Кудаш! – кыз жаркашаттан паска түшүп келди.

Анын жолун утурлай басты жигит. Кучакташа түштү экөө. Сагыныша жытташып, тойбой атышты бири-биринин дидарына.

– Келдиңби окуудан?

– Ов.

– Үч айың бир жылдай болуп кетти-го!

– Магачы! – Кудаш кызды эркелете чачын сылап, жүзүнөн өөп атты.

– Жакшы дагы Ай жарык эмес, капкараңгы...

– Неге, Ай жарыса жакшы эмеспи?

– Сенден уялам, – кыз кылыктана жигит көкүрөгүнө башын жаздады.

Экөө жанагы шактары коюу суу талдын астына кирип кетишти. Жер бетине көөп чыгып турган суу талдын тамырына отурушту. Көкдайра шаулдап агып атты он кадамдай арыда. Кыз халатынын топчуларын чече, тамагын жыттагылады Кудаш кумары канбай. Каршылык көрсөтүмүш болуп атканы менен, Майраш да сагынычын жаза албай, жигит кучагына ыктайт. Экөө ажырык үстүнө сунала жата кетишти. Кыз денеси от жалын болуп, майда калтырак баскан. Акыры каршылык этимиш эткени да токтоп, ыңкыстай жигит ыктыярына көнүп берди ...

Жан балкыткан учур өтүп, Кудаш кыз билегине башын койгон бойдон шылкыя жатып калды...

Кудаштан үн чыкпайт. Бышактап ыйлаган кыз ордунан турду. Уйпаланган чачтарын түзөп, үстүнө желбегей жамынды халатын.

– Майраш...

Унчукпады Майраш, бышактаганы басылбаган. Кудаш тура келип, маңдайынан өөп, кыздын жаактан ылдый агып аткан көз жашын алаканы менен аарчыды.

– Неге ыйлайсың?

– Элдей болуп, салт-ырасым менен тани майрам болбодук!... Муну күтпөгөм сенден!

– Сага үйлөнөм дебедимби! – үч айдан кийин он бирди бүтөсүң, анан тоюбуз болот. Сени да Ошко окууга алып кетем... – Кудаш жалбара сүйлөдү. Кыз кичине жоошуп, башын жөлөдү Кудаштын ийинине.

Кудаштын каникулу бүтүп, Ошко окуусуна кайтып кеткенче суу тал түбүндө күн алыс жолугушту. Суу тал түбү, айсыз, айлуу түндөр гана алардын ысык алакасына күбө. Аяктап баратты август айы. Кудаштын Ошко кайтар маалы келди. Ал кетээрден алдыңкы түнү суу тал түбүндө отурушту бири-бирин кыялбай. Кыз бир эркелеп, бир бышактап Кудашын кучагынан чыгаргысы жок асти.

– Кудаш, – деди Майраш жигит мойнуна колдорун орогон тейде, – тоюбуз качан болот? Тезирээк болсо экен... тез...

– Неге мынча тынчсызданасың?

– Боюмда... – сөз аягына чыга албай бышактады Майраш.

– Не?! Чын элеви? – чочуп ордунан тура калды Кудаш. – Сактанбадыңбы?

Үн катпады кыз. «Сактанбадыңбы?» дегени неси? – деп ичинен күбүрөп, жүзүн тескери үйүрдү. Кудаштын ушул сөзү каттуу тийди көңүлүнө.

– Кантип сактанам? Мектепти бүтсөң үйлөнөбүз дебедиң беде?..

– Үйдөгүлөр даяр эмес экен, кечир мени, – үнү ишенимсиз чыгып, көздөрүн Майраштан ала качып айтты ал.

– Анда качан?

– Билбейм.

– Кудаш мунуң азилби? Чынбы? Мен атамдын үйүндө чанайып кантип отурам?

– Чыдай тур, октябрда келем.

Бышактап ыйлаган Майраш ордунан лып тура ары басты. Ичи уйгу-туйгу, денеси муздап, көз жашына берди күчүн.

– Майраш, мени кечир!.. Октябрда келем!

Майраш артына кылчая:

– Кудаш, менин кыздык намысым сенин абийиринде... – Көзүнүн жашы шорголой жар кашаттан ары, үйүнө жөнөдү заманасы куурула. – О, шордуу жаным, муну күтпөгөм Кудаштан.

Кудаш ордунан жылбады кыйлага. Кыз артынан даап баса албай турду. «Кана, Майрашты босогодон бери алып келип көрчү, шермендесин чыгарайын!» – деген апасынын каардуу сөзү эсине түшүп, нес абалда кыйлага турду.

* * *

Күздүн таңы кечирээк атып, салкын тарта баштаган кез, айылда иш кайнаган маал. Бир жагынан пахта терим кызып, экинчи жагынан шалы кырман күчөгөн. Эркектер тегиз кырманда. Кыз-кыркын келин-кесек бүт пахта теримде. Пахтазар бир карасаң түркүн түс өскөн гүл өскөн гүл талаадай көрүнөт. Ак, кызыл, көк, сары, жашыл жоолукчан, кызыл-тазыл көйнөкчөн кыз-келиндер пахтазар бетин бербейт.

Ак этек тагынышкан теримчилер канча болсо, көбүр-шыбыр, күлкү-тамаша ошончо. Баарынан берки, ылдый шактын этегине жетип калышкан селкилер менен келин-

дер баш көтөрбөй, баарынан озо пахта терип, пахтазарды түп көтөргөн күлкү-тамашалары токточудай көрүнбөйт.

– Уй кыз, жигитиңиз кат жазып турабы? – деди өзү менен жанаша жөөктө жарыша пахта терип бараткан сары келин акырын. Майраш селт эте түштү. Ансыз деле колдору шыпылдай пахта терип жаткан менен, эси-көөнү Кудашта болгон Майраштын көңүлү суз, сагыныч кучагына баткан эле.

– Жо-ок, жеңе! – Майраш келин суроосуна жооп бергениби же өзүнө-өзү сүйлөдүбү, аягына чыкпады сөзү. Майраштын Кудаш менен сүйлөшүп жүргөнүн келин-кыздар түгүл, айылдыктардын тең жарымы билген менен, эки жаштын мамилелеринин тани-майрамга чейин жеткенинен ушу сары келин гана кабардар. Ал Майраштын жакын жеңеси. Кайын сиңдисинин бетин сепкил басып, өңү азыңкы тарта баштаганын аңдап калган жеңеси бир жолу такып сурап туруп алган болчу.

– Шу, сиз – кыз, Кудаш менен кошулуп алып жүрбөңүз, өңүңүз утуру өзгөрүп бараткандай?

Майраштын өңү кызарып чыгып, жер караган. Эми андан сырын жашыра албасын сезген.

– Жеңе, шондой болуп калды... – көз жашы сызылып чыккан Майраш жеңесин аянычтуу караган. – Жеңежан, ич кимге айта көрбөңүз. Анда эле мен өлдүм.

Билип турса да, толук ишене бербеген келин Майрашты аяган түр менен:

– Энди не болот, кыз? Апаңыз билеби муну?

– Апама айткам, таза урушуп жүрүп, эми уичукпай калды. Эгин-тегин жыйылса тоюбуз болот. Андан көрө мага саймa сайышыңыз, жеңе. – Бозоргон өңүнө кичине кызыл жүргөнсүдү Майраштын.

– Ананчы, бүгүн эле үйүңүздөргө кирем.

Ошол сүйлөшүүдөн кийин сары келин Майрашка мурдагыдан да жакын сырдаш болуп, узабайт жанынан. Майраштын ичи кыйла чердейип, азган өңү кайра ачылып,

супсулуу болуп кеткен. Эртели-кеч кең халаты түшпөйт үстүнөн. Көчөгө чыкпайт, көпчүлүк арасында азыраак болуп, өзүн тартып жүргөн убагы.

– Жеңе, эки жарым ай болду, кат келбейт Кудаштан.

– Алар деле пахтада жүрүшкөндүр, студенттер пахта теримге барышат эмеспи. А Кудаштын энеси үйүңөргө келеви?

– Жок, жеңе. Башында келип жүргөн. Бир айдан ашты келе элек.

– Тойго даярданып жүргөндүр да.

– Ким билсин жеңе. Акыркы күндөрү жүрөгүм бир жамандыкты сезгендей.

– Коюңузчу!

– Апам экөөбүздө түнү уйку качты...

Этегине толгон пахтаны төккөнү шактын башына жөнөгөн Майраш тиги акжуваздын алдына, Кудаштын үйүнүн тушуна жол чаңыта келип токтогон «Волгага» көзү түштү.

– Жеңе, Кудаш экен – деген Майраш үнүмдү эч ким укпадыбы дегендей эки жакты карап койду.

– Ы-ы кыз, Кудашыңыз! – деди Майраштан бетер сүйүнгөн сары келин.

– Секин, жеңе!

Келин күлгөн бойдон оозун жаба калды.

Ушул арада Кудаштын үйүнөн апасы, карындашы менен чоң жеңеси «Волгага» карай жүгүрүп калышты. Биринчи жетип барган жеңеси машиненин ичине кирди да, тез эле чыкты. Анын артынан ак жоолук салынган узун бойлуу кыз чыга келди. Эми алар ак жоолукчан кызды ортого алыша, үйгө жөнөштү.

Бул көрүнүштү көз албай карап турган Майраштын өңү бозоруп, катты да калды.

– Уй Кыймат, Кудаш Оштон колукту апкелиптир! – деди бүт пахтазарды жаңырта нары жактагы келиндердин бири сары келинге сүйүнчүлөп.

Сары келин ага не деп жооп берээрин билбей, жер карады. Ичи от менен жалын каптаган Майраштын көздөрүнөн жаш агып, мойнуна куюлуп атты. Бүт дүйнө караңгылашып, ааламда жапжалгыз калгандай сезди өзүн.

«Тоюнун тополоңун чыгарам!» деп жинденген Майраштын апасы нечен ирет булкунду. Майраш жалынып-жалбара жолун тосуп көз жашынан чыгарды күйүтүн.

Бир жума өтпөй чоң той өткөрдү Кудаш. О, түн бир оокумга чейин кече шаңы айыл түнүн түп көтөрдү. Ыркүү жаңырып, таза тойлошту Кудаштын жакын-жааттары менен айылдыктар. Бир гана Майраш менен апасы ичтеринен кан өтүп, үйлөрүндө отурушат.

Он күндөн соң Кудаш Ошко жөнөп кетти келинчеги менен. Эл күндөлүк түйшүктөрү менен алек баягыдай. Майраш менен апасы үчүн гана кыйын болду күн өтмөгү. Жайлоодон мал кайтыш болуп, атасы келээр маал да жакын. Ансайын жүрөгү түпөйүл тартып барат Майраш шордуунун. «Баланчанын кызы үйүнөн чыкпай төрөп койду!» – деген сөздү уккан атамдын бир өмүрү күл болоор, бекен!..

Кудаш кеткенден үч күндөн кийин иниси кечке жакын Майраштын колуна үч бүктөлгөн кагаз таштап кетти. «Майраш, мени кечирээрсиң. Төрөлөөр баланын атасы менмин. Ушундай болуп калды...» – деп жазыптыр Кудаш. Ого бетер күйүп, ыйлады бул бир ооз жазууну окуган Майраш.

– Эх Кудаш! Шундай белең?! Шундай жигит экенсиң да!.. – деген суроону миң кайталап, үйдөн чыкпай отуруп калды. Пахтазар тараптан келин-кыздардын күлкүсү угулса, миң тамыры солкулдап ыйлап, ызага батат...

* * *

Түн ортосу. Толгон Ай төбөдө. Майраш түн кучагында айылдан бир чакырымдай өйдөөрөктөгү Чоңкашканын боорундагы чыйыр жолдон ылдыйга, дарыя боюна кела-

тат. Басышы жай, оор. Буту тийген таштар чыйыр жолдон ылдый кулап, жымжырттыкты бузбаса, сай ээн. Ылдыйда бир калыпта аккан дарыянын шоокуму. Түн ичинде өйдөдөн кадим жылан чубалып жаткандай көрүнөт көзгө. Кооптуу да. Жалгыз караан этият басып, дарыя жээгине жакындаган сайын кадамы секиндеп, тез-тез согот жүрөгү.

«Кайтып кетсемби аркама?..» – Майраш өзүнө-өзү суроо берди артына кылчая берип. Кашка боорунда өзү түшүп келген чыйыр жолго карады. Ай жарыгына чагыла сырдуу... Алдындагы шыбак түбүнөн «пырр-р-р!» эте парандa учту. Селт эте түшкөн кыздын боюн муздактык аралап өттү. «Торгой окшойт» – деп койду ичинен өзүн баса. Алдына кадам таштады чечкинсиз. Мындай түнкү ээн сайда коркот беле, ага ичиндеги жай, билинер-билинбес согуп аткан экинчи жүрөк дем берип аткандай. Ичиндеги баласы сегиз айдан өтүп калган. Ичи чампайып, улам шишип барат. Акыркы күндөрү короодон тышка чыкпай калган, эл көзүнөн качып. Анча-мынча чыкса да, атасынын чоң купайкесин кийип алат, сыркоолоп жүргөндөй түр көрсөтүп. Дарыя жээгиндеги эл Казанкулак деп койчу чоң көрташка жете токтоду кыз. Түңкү жел чачтарын уйпалап, ичи-койнуна кирип атты. Чыйрыга түшкөн кыз купайкени кымтылады.

Ай нуру чагылган дарыя агып атат шоокуму сай ичин жаңырта. Кыз тырмышып чыга баштады Казанкулактын үстүнө. Узун көйнөгү менен кең купайке калакат этип, бутуна оролушат. «Ой!» дей берди, тайып кетип, ташка тийген оң тизесин эки колдой кармап. Түнөрө түштү көздөрү. Бир урчукка отурду эптеп. Он метрдей төмөндө агып атты дарыя, ого бетер кооптуу боло түштү. Курсагы менен жыгылбаска аракет кылып, сол колу менен ичин кармап алган. Таш үстүндө чакан сөрүдөй тегиздик бар.

Энтиге жүрөгү оозуна келип, терең-терең дем алды. Айлана ээн. Иттердин гана анда-санда үргөнү угулат. Кыз

кабагы түнөрүп, негедир көктөгү толгон Айдан көздөрүн ала качат. Курсагымды Ай көрбөсүн дегендей, кайра-кайра купайкени кумтуланат. Алдыда болоор жамандыкты ичиндеги баласы сезип атабы, бут тээп тыбырчылаганы көбөйдү. «Кой энди көп тебине бербе, экөөбүздүн тең күнүсуубуз бүттү окшойт. Сени төрөй албайм, эл-журт не дейт?..» – деп шыбыраган кыз ичин аёолу сылады. Көздөрүнөн мончоктоп жаш агып, ээгинен ылдый тамчылап, ичи-ичинен эзилди. «Туулбай тун кетип аткан балаң менен менин убалым жөн койбос, сени Кудаш» – деген кыз ордунан турду шашпай. Ичиндеги баласы жан-алы калбай тебинип, тыбырчылап атты. Бул арада кичине өзүнө да келе түштү кыз. Купайкенин чөнтөгүнөн дептердин барагын алып караңгыда эптеп майда таштарды таап бастырып койду. Кайра турду ордунан: «Кош апа, ата! Кош толгон Ай! Кечир мени жарык дүйнө көрбөй сууга чөгө турган наристем!!» – деген кыз көздөрүн жума, боюн дарыяга таштамакка алдыга умтулду. Ушу чакта курсагынан наристенин ничке чаңырыгы угулду:

– «Апа-а-а!..«

– Кыз селт эте түштү, ылдыйга жай ооп бараткан боюн араң түзөп.

– «Апа-а-а ! Апа-а-а ! Апа-а-а -а-а ....!» – деген наристенин аяныч үнү кулак түбүндө жаңырып туруп алды.

– «Кой балам. Сенин бул жарык дүйнөгө ыңаалап төрөлүүңдү буюрбаптыр. Мени кыйнабачы өмүрүмдүн акыркы көз ирмеминде.Тынч жатчы!..» үн чыгарбай сыгылып ыйлаган кыз наристени жоошутмакчы болуп назик сылап атты курсагын.

Ордунан кыйнала турду, сол колу менен ичин басып. Ого бетер катуу тебине баштады көкүрөк астындагы наристеси.

«Ичимде оодарылып калдың окшойт, шордуум!...» – деди ыйаралаш. Карара түнөрүп, долулана агып атты дарыя төмөндө. Кызды оп тартып атканcыды өзүнө кан-

дуу дарыя. Көздөрүн катуу жумуп, дагы барды Казанкулактын кырына.

«– Кызым, Токто-о!» – үн чыкты каяктандыр. Элең этти кыз, эки жагын карап. Сай ичи тыптынч, өзүнөн башка шырп эткен жан жок.

«– Не кылганы-ы-ың?!» – дагы жаңырды алыс-алыстан угулган үн.

Кыз дагы карады атарабын. Ай жарыгы бетине чагылган жарлуу Чоңкашка, анын боорунан ылдый түшүп келген чыйыр жол. Бери ылдыйда үч-төрт түп чычырканак менен жылгын. Казанкулактан өйдөдөгү таштуу жээкте да көзгө илешпейт эч нерсе.

«– Мен, Аймы-ы-ын!..» – үндүн көктөн жаңырып атканын туйду кыз. Батыш тарапка эми эле ооп бараткан Ай мээримин төгүп турган экен.

Өзүн эки дүйнөнүн аралыгында сезип калган кыз Айдын минтип күлүп турганына ишенип, ишеңкиребей ордунда сенек.

«Оо кызым, бирөөгө өчөшүп эки бирдей жанды кыйбагын!» – деди Ай энелик сүйкүм менен.

«– Мен жер бетине батпай калдым Ай эне!»

«– Неге батпайсын? Жер Энеңдин койну ке-ең!»

«– Мага тарлык кылып атпайбы-ы».

«– Төрөлө элек балаңчы-ы?»

«– О дүйнөдө бирге жашаймын балам менен!..»

«– Антпегин, эси жогум. Андай эле Жер бетине, адамдар арасына батпасаң, менин койнума кел – деген Ай эне эзиле сүйлөдү.

Кыз Казанкулактын кырынан артка чегине, жалдырап карап турду Айды.

– Келесиңби, кызым?.. Кыздын көз алдында Ай бетинен ак булуттай бир үзүм ак мунарык бөлүнүп чыгып, ылдыйлап келатты. Жерге жакындаган сайын чоңоюп келет.

Кыз өзүнө жакындап келаткан ак мунарыкты карап тура берди. Мына, ак мунарык Казанкулактын үстүнө конуп, кыз анын ак ороосунда калды. Эми кыз секи-ин көккө көтөрүлүп баратты. Жер улам төмөндө калып, ак булуттай оролгон ак мунарык Айга жакындата берди. Кыз тик турган бойдон кыймылсыз сызып барат. Ай бетине жеткенде ак мунарык каяккадыр житип кетти, жалгыз калды кыз ээндикте. Күн тийип туруптур Ай бетине. Тирүү жан көрүнбөйт жакын ортодо. Анан каяктандыр үч-төрт пери кыздар пайда болуп, кызды арыга жетелешти. Колдору ак була, келишимдүү ак денелери ак булуттан бүткөндөй.

– Сен ушул жерде жашайсың, – деди кыздардын бири мээримин чача, аны ак булуттан бүткөн аппак үйгө киргизип. Башка эч кимиси ооз ачпай кантип күтүүсүз пайда болушса, ошондой кайым болушту көздөн. Кыз ак мунарыктан бүткөн чакан үйдө жалгыз кала берди.

Ай бети жылуу. Аккан дарыя, өскөн дарак көзгө урунбайт. Те ылдыйда Жер. Ай нуруна бети жарып, али түн кучагында. Кыз уктай албады. Колун тийгизди курсагына, баласы тынчып, жүрөгүнүн секи-ин согуп атканы гана угулат.

Жеңил төрөдү Майраш Ай бетинде. Уул экен наристе. Атасы Кудаштын өп-өзү, буудай өң. Көздөрү да бакырайып атасынын көздөрүндөй. Мурууну коңкоюп, чачы капкара. Айдын пери кыздары ак мунарыктан ак мамык төшөк салып, баланы жаткырышты. Бала ыңаалай ыйлай, Ай ааламын түн көтөрө жаңыртты. Перилер Майраштын төшөгүн жанылап, шыпылдап жүрүшөт. Бирок, перилер мээрим чачкандай болгону менен баланын төрөлгөнүнө анчалык сүйүнгөнүн көрбөдү Майраш. Мындайда Кудаш болсо ич-ичинен сүйүнөт беле?! Энесичи? «Бечара энеме не болду? Мени издеп жер бетине батпай жүргөндүр...» – Майраштын көзүнөн бир чоң тамчы жаш сызылып чыгып, мамагын соруп аткан бөбөктүн жүзүнө

тамды, – «Сенин төрөлгөнүңдү эч ким, эч кимге сүйүнчүлөбөдү уулум. Менден башка эч ким маңдайы жарып сүйүнбөдү...» Бөбөк соруп атты, дүйнө бейкапар энесинин ак мамагын. Эненин миң тамыры жибип, сүтү булак болуп оргуштап атты...

Бала күндөн -күнгө торолуп, колдорун энесине сунууга жарап калды. Майраш бөбөгүн жүзүнөн сүйүп, күнүгө Айга түн киргенде Жер бетин тамаша кылат. Жер өтө сулуу экен. Чексиз суулар, тоолор, токойлор. Алардын койнунда миң түркүн жан-жаныбарлар. Ошолордун эң акылдуусу, эң сулуусу адамдар. Жердин кайсыл бир бурчунда өзүнүн өмүр бою шоокуму кулагынан кетпеген Көкдарыясы, анын жээгиндеги алакандын отундай кипкичине айылы – Зарташ. Өз айылын жер бетинен көпкө издеди. Жер бетиндеги эпсиз шаар, айылдардын ичинен Зарташты көпкө көрө албады. Акыры тапты. Ана, Зарташы! Ак жиптей билинер-билинбей чубалып жаткан Көкдайранын жээгинде жатат кыбыла тарабындагы сары адырларга жөлөнө. Айылына жаз келип, өрүктөр тегиз гүлдөптүр. Апаппак өрүк гүлү толуп кеткен айылы бир үзүм ак булуттай сүйкүм. Жайнап ачылган өрүк түбүндөгү сөрүдө кызын жоктоп ыйлап отургандар Майраштын энеси. Муну эстегенде Майраштын заманасы куурулуп кетти. Тез жер бетине жетип баргысы келди. Ушул мүнөттөн баштап Жерди, адамдарды сагына баштады Майраш. Эртели-кеч кызматын кылган пери кыздары, ак мунарыка толгон супсулуу Ай бети. Айдагы бейпил күндөр анын көңүлүнө тийди.

Майраш эртеси түнү да уктабай Жерди, айылы Зарташты карап отуруп таң атырды. Айга түн кирип, айылга Күн тиери менен эки көзү айылда. Энеси жүрөт кыбырап, тээ ылдый Жерде. Атасы сөрүдө жатат. Экөөнүн тең жүздөрүн муң чалган. Кызы Майраштын изсиз-түссүз жоголуп кетиши экөөн тең бүкчүйтүп койгон. Ана, Кудаш жүрөт келинчеги төрөп берген наристесин көтөрө ко-

роо ичинде. Бу сапар Майраш Кудашты жек көрбөй карап турду.

Дене-бою ысып, анын сөздөрүн уккусу келди. Кудашты айыптабагандыгына өзү да таңдана түштү: «Баламдын атасы!» – деди ич-ичинен эзиле. Балаң экөөбүз, сени кечиребиз, Кудаш. Жакында айылга кайтып барабыз. Ошондо сен элден жашынып келип, уулуңду бир өөп кетүүгө жараар бекенсиң?!» – Майраш өзөн Жер бетинде тургандай сезди. Кайтып кетүүнү көксөдү адамдар арасына. Эл арасы бейиш экенин жерден алыс, адамдардан алыс-алыс Ай бетинде өткөргөн күндөрүндө билди. А түгүл Кудаштын энесин да жек көрбөй калды...

Эртеси түнү дагы Жер бетин сазарып, зарыга карап отурду Майраш. Жер бети кым-куут, түркүн-түс, жашоо кызык. А, Ай бети кай жагынды карабагын ак мунарык каптап, бир түс. Өлүү жымжырттык.

– О, Эне жерим! Мен сага кантип кайтып барам! – деди колун созуп Майраш.

Ошондо кулак түбүнөн назик үн чыкты:

– Кызым, сен эми Жерге кайтып бара албайсың. Жер бир таарындыбы, экинчи жазылбайт. Мына, мен миллион жылдардан бери Жер кучагына зармын. Ага жете албай келем. Бир ирет сага окшоп Жер-жигитимден таарынып, минтип качып кеткем андан. Эми анын ысык демине, илебине зармын.

– О, Ай Эне, Жер мени кабыл алат, – деди ордунан тура калган кыз, бөбөгүн жаткыра берип. Сен өткөндө мени өзүңө алып келгендей эле жеткирип кой.

– Анте албаймын. Жер-жигитим менден ого бетер таарынат, – деген Ай көөшүлө уктап кетти түн жамына.

Майраш Жерден көзүн албай, жалгыз жан шериги бөбөгүн көкүрөгүнө кысып отурат. Көргөн көзүнө ишенбеди Майраш. Айылдан өйдөрөөктөгү Кудаш экөө түбүндө көп түндөрүн өткөргөн чоң өрүк тамырынан жулуна Ай

тарапка сызып келатты. Шактары жайылып, апаппак болуп коюу гүл ачкан өрүк.

Айга келе берди ак булуттай каалгый. Чоң түп өрүк Ай бетине конуп, бир шагы Майраштын бут алдына ийилди. Майраш уулу экөө апапак гүлү жайнаган шакка отурушту. Өрүк жай көтөрүп, Жер тарапка булуттай каалгып жөнөдү.

– Ай-Эне, ырахмат сага, уулум экөөбүзгө өмүр бергениң үчүн, – деди кол булгалай. Түн ичинде уулум экөөбүз сени менен көп жолу сүйлөшөбүз.

– Кош бол, Майраш кызым... Ай күлүңдөп турду, напназик өңү муңдана. Аппак болуп гүл ачкан бир түп өрүк көк мейкинин жарып, Жер тарапка сызып баратты. Майраш жерге тезирээк жетүүнү эңсеп, уулу ширин уйкуда...

## АЙ ТҮШКӨ КИРЕТ

*«Юджин Витла, сен аялга үйлөнүүгө, аны менен Кудайдын эркине ылайык ак никеде жашоого, мейли оору, мейли соо кезинде кастарлоого, башкалардан баш тартып, өлүм экөөңдү ажыраткан күнгө чейин ага гана чын дилиңден бериле аласыңбы?» Убада берем».*

Теодор Драйзер

Тоо койнундагы чакан айыл өзүнчө бир колхоз болуп уюшулганына эми эле бир жыл болгон кез. Айыл этегиндеги чоң-алма бактын түшүмгө карк учуру. Жер да, суу да жык алма: Сапсары, кыпкызыл, кызыл-сары, ак боор алмаларды көтөрө албай шактары жерге майышат. Бак түбүндө томолонуп, сай ичинде жайнаган алмалар, бут койорго жер жок. Бак атарабын каптап кеткен алманын буркураган жыты. Бу чакта биердегилердин сүйлөшкөн

сөздөрү, көргөндөрү, жытташканы, жешкени, баары-алма, алма... Атүгүл түштөрүнө да алма кирет.

Бак ортолой агып аткан тоо суусунун бетинде сансыз алмалар калкыйт, иримчиктеринде айланчыктай. Баланын да, чоңдун да колунда алма. Айылдагылар керели-кечке алма теришип, суй жыгылышкан маал.

Бу айылдыктардын көздөрүнө ааламды алма басып кеткендей көрүнөт. Келген коноктордун алдына нандан кийин табак-табак алма коюлуп, айыл дасторкону береке-пайызга толуп турган убак.

Таңды-кеч адамга толо бак ичи. Сууга аккан алмаларды тутушуп, чуркашкан бөбөктөрдүн ызы-чуусу. Ар-ар жерге терилген алмалар үйүлүп, шак-шактарды кадый алма терип жүрүшкөндөр. Алма жыттанат адамдар да.

Бир кур боз уландар менен бой жеткен кыздар өздөрүнчө бир топ болушуп, алма терип жүрүшөт бактын бир жагында. Алардын арасында он жети жаштагы Кыпчак да бар. Пахта теримчилерге окшоп ак сурптан этек тагынып алышкан уландар шак-шактарга чыгышып, зыңгыраган алмаларды этият үзүшө, этектерине салып жүрүшөт. Аларга бирден кыз шерик. Уландар толтурушкан этектерди бак ортосундагы кырманга төгүп келишет.

Алма жыйым башталгандан эле Кыпчактын шериги башка айылдан таятасыныкына келген мейман кыз – Айша. Чибек бой, ай маңдай, оор-басырык, кабак-кашы ачык, жылдыздуу кыз. Көздөрү жалжылдап сүткө чайкагансып апапак, нур жүгүрүп турган жүзүнө жарашык берет. Майда өрүлгөн чачтары жумуру ийинине фонтан суусу сымал сала-салаа төгүлгөн. Чакан айылдын көкүрөктөрү ойгонгон уландары ичтеринен Айшаны бири-биринен кызгана башташкан жөндөрү да бар. Алма жыйым башталган күнү аны менен шерик болууну уландардын баары көксөштү. Бирок, мейман кыз таятасынын үйлөрүнө үйлөрү жанаша тургандыктан, мурда жакшы тааныш болгондуктанбы же жөн элеби, айтор, адегенден эле Кып-

чак шагына чыккан алманын түбүнө келип, төгүп келе баштады ал алмага толтурган этектерди. Ичтеринен тынып кала беришти берки уландар.

Узун бой, буудай ыраң, мурину куюлуп түшкөн, кой көздүү, кашы коюк улан эле Кыпчак. Башка теңкурларындай эле Айшанын өзүнө шерик болушун каалаган. Мына эми, тилеги кабыл болуп, экөө шерик болуп отурат!

Кыйла күн өттү, экөө шерик. «Ме!», «Толду!», «Этият бол!» дегенден башка узун сөздөр сүйлөнө элек экөөнүн ортосунда. Мейман кыз азырынча сөзгө жакшы келбей атты. Баази-баазиде Кыпчак шактардын арасынан уурдана тиктейт кызды. Мындай ширин кыздын өзүнө шерик болуп калганына ичинен кубана, кечке алма терип чарчаганына кайыл. Кээ-кээде чагылыша түшөт экөөнүн көздөрү, көздөрүн шарт ала качат мындайда. Айша аз күлөт, өшо аз күлгөнү ого эле сүйкүм көрсөтөт аны. Бир жарк эте жок болгон учма жылдыздай жылмаюусу ууртунан чайпала ашып, ак жүзүнө толо түшкөн чакта, Кыпчактын жүрөгү «болк!» деп алчу. Айшанын мындай керемет күлкүсүн андан башка бирда-бир улан көрө элек! Ал күнүгө ак жибек көйнөгүн кийип келет. Кара баркыт кемзели менен ак сурп жоолугу өң-боюна куп жарашып турат. Кечке ширелүү алма терсе да, көйнөгү менен үсөнү жүзүмдөй сүйрү манжалары таптаза. Башка кыздар шак-шакта калып, алма терип жүрүшкөн уландарга суу чачышып, уландар жыйрылыша чочуп калышса кыраан каткырыкка батып шоктонуп жүрүшсө, Айша алма толгон этектерди кырманга ташуу менен алек.

Баазиде тең курлары: «Бу эки жооштун издешпей табышып алгандарын карагыла!» – деп калышат. Бир саамга токтобойт алма терүү, күлкү-шаттык менен улан-кыздардын созолонгон ырлары:

– Алма бир терип жүрөвү-ү-үз,
Алышып, ойноп күлөвү-ү-үз.

Жаштыктын сыйкыр кездери, ой!
Кыздыктын кымбат күндөрү, ий!
Өткөнүн кантип билеби-и-из!
Улам бир улан-уланда-а-ар,
Шак-шакта жүргөн кыраанда-а-ар.
Шакылдап аткан кыздарга ой,
Шыңкылдап күлгөн кыздарга, ий!:
Ха-ха-ха-ха-а! У-ху-ху-у! –

деп ырынын аягына чыга албай катуу күлүп кое берди тили бадырак куурган, орто бойлуу, дыгдыйган сары кыз.

Сары кыздын күлкүсүн улаша, кыраан-каткырыкка батышты берки кыздар.

– И-и, кыраандар! Биздин ырыбызга жооп кайтарбайсыңарбы? Биз имне, кулагын бурап койсоңор кечке ырдай берген патипон белек силерге! – деди сары кыз күлкүсүн тыйбай.

– Ырдасак ырдадык эле! Эмесе уга бергиле! – Алма башынан кыйкырды сары кыздын шериги, ырга, сөзгө сары кыздан кем калбаган кара торусунан келген жигит:

Кыздар бир деген гүл кызда-а-ар,
Көктөгү сүйкүм жылдызда-а-ар.
Шаңкылдай берген кечкеле, о-ой!
Шыңкылдай берген кечке эле, а-ай!
Чарчабас деги шоксуңа-а-ар!

– Бой-боой! Балдарда деле тил, ыр деген бар экен-го! Айтмакчы, үч күндөн бери токуган ырыңар шул беле?! – күлкү аралаш шак эте берди кайра эле сары кыз. Алмазар ичин дагы каптап кетти кыздардын күлкүсү.

Бактын аркы четинде алма терип жүрүшкөн чоңдор: «Ай, жаштык деген – мастык дегени ушу да. Жаштыктын ыры да, күлкүсү да бүтпөйт тура» деше тамшанып коюшуп кез-кез улан-кыздар тарапты суктана карашып.

Күнү бою жаштардын шатыра-шатман күлкүлөрү, кый-

кырык-сүрөөндөрү кечинде, Ай жарыгында да улантылат. Ошол айлуу кечтердин бири – Кыпчак менен Айшанын бет ачар кечтери. Алмазар түбү ала көлөкө. Түштүк чокуларын ак кар баскан бийик тоолор тарап ак мунарык... Айыл тараптан иттердин үргөнү угулат...

Бактын ачык, Ай нуру тийген аянтчасына улан-кыздар тегерек тартып отурушкан. Кезек менен түн жаңырта ырдап атышат. Жаштыктын ыры бак ичин ого бетер сыйкырлап, айлуу кечте алмазар бир керемет. Улан-кыздар бирде жеке-жеке ырдашса, бирде баары ичин жаңырта чогуу обон созушат.

Күндөгүдөй эле оюн башчы сары кыз. Анын айтканы-айткан, дегени-деген. Оюндун шарты ушундай.

– Менде бир сунуш бар! Шак этти сары кыз. – Арабызда отургандарга арнап, бир шиңгил ырдаймын, кимдерге арнаганымды өзүңөр билип алгыла!

– Кана ырдачы, билишке урунуп көрөлүк! – озуна унчукту уландардын бири.

Сары кыз өңүнө жайыла түшкөн күлкүсүн тыя, ырдай баштады:

Биз миң күлсөк, бир күлбө-ө-өй,
Сүзүлөт, кимдер ырга-ла-а-ат?!
Айта албай дартын бечара-а
Кайсы улан кимди кызгана-а-ат?

Баары тынып калышты бир саамга, анан бир добуштан: – Кыпчак менен Айша! – дешти бакты баштарына кийише. – Андай болсо эки жоош деле ырдап беришсин да! Кыпчак – Күн, Айша – Ай көрүптүрбү! Баятадан бери жым отурушат! – шаңк этти кайра эле сары кыз. .. Баары колдой кетишти аны.

– Ырдаганда да, сагыныч, сүйүү ырларын ырдашсын! Башкасын тең албайбыз! – өкүм менен сүйлөдү оюн башчы.

Оюн башчынын айтканы-айткан, дегени-деген. Аткаруу керек, башка айла жок. Бети лаулдап ысып чыкты Айшанын. Кыйын талап койбодубу оюн башчы кыз. «Неге өзүңдү-өзүң буусуң?» – деди уяң Айшанын көкүрөгүнүн тереңиндеги күңгүрөгөн тартынбас Айша. – Ырдай бер, сүйүү ыры болсо не экен. Кыпчакты жактырып, а түгүл, түшүнө киргени жалганбы». Айша башын көтөрө, ырын акырын баштап, созолонто берди. Үнү улам ачылып, түнкү бактан чыга, аска бетинде жаңырды:

– Унчукпай жүрсөм ким дейси-и-иң? Айтпасам дартым билбейси-и-иң. Тиктеше калсак кокустан, ов! Кыздардан бетер сүрдөйсү-ү-уң!

– О-у-у-у! Ыр эмес бекен!

– Жооштон жоон үн чыгат деген ушуда! – ызылдап кое беришти улан-кыздар. Алардын кыйкырыгына чочуп кетишкен алма шактарындагы парандалар «пыр-пыр!» учту, түнкү ширин куш уйкулары бузулуп, Айша ырын бир калыпта созолонтуп атты:

Жаным бир жаным-жан эке-е-ен,
Жигиттен жолум бар эке-е-ен.
Сыздатпай кыздык көңүлдү,ов!
Сыр чечер чамаң бар беке-е-ен?!

деп ырын жай созо, аягын кыл кыяктын назик үнүндөй үзүлтүп-үзүлтүп басаңдата отуруп, анан токтоду.

Отургандардын бири былк этпей, ооз ачпай отуруп калышты бир азга. Айшаны тегиз алкашты анан.

Кыпчака келди ырдоо мөөнөтү. Сагыныч ырынын өзүнө арналганын сезди жүрөгү. «Ырга ыр менен жооп бериш керек. Мейман кызды мустар кылганым жарабас. Билсин менин да өзүн жактыраарымды!» – деди ичинен ал.

Кулак түрүп калышты чурк этишпей улан-кыздар. Ал Айша ырдаган ыкка салып. «Койчунун күтүү ырын» сыздата баштады:

– Ай тийген сенин сарайы-ы-ың,
Ай тийгенче карайы-ы-ын.
Ай тийгенче келбесең, ов!
Азабың тартып калайы-ы-ын.

Сагыныч, ышкы-кумар менен ичтен кутуугө толгон жаш уландын коңур үнү менен ыр ого бетер сыйкырлана, улан-кыздар муюп угуп отурушат. Ыр айлуу кечке төп келишип, отургандардын ар кимиси көңүлдөрүнө тунгуч шам чырак жаккан кыз-жигиттерин көз алдыларына келтирип атышкан таризде жүлжүйтүп алышкан көздөрүн. Кыпчак Ай нуруна бет маңдай отурган Айшаны көз кыйыгы менен карады. Чырайы ачылып, көздөрү балбылдайт, ичтен сызып чыккан ысык ышкысы жүзүн нурдантып, бериле угуп отурат ырды. Муну көрүп улан оголе муңкана сыздады:

Күн тийген сенин сарайы-ы-ың,
Күн тийгенче караймы-ы-ын.
Күн тийгенче келвесең, ов!
Күйүтүң тартып калайы-ы-ын!

Кыпчак ыр аягын койчунун коңур, жүрөк элжиреткен, кусалык толгон, сары-санаага баткан муңундай, ыйлай-ыйлай сыздаган койчунун чоорунун үнүндөй созо-созо келип бүтүрдү. Ыр сыйкырына жетеленген улан-кыздардын эч кимиси биринчи болуп ооз ачууга батынбай турушту. Бак ичи тыптынч. Кыпчак секин ордунан туруп, нары басты. Ырдоо менен ашыглык ышкы-кумары жеңилдебестен, кайра ашыктык жүгү оорлоп, ийиндери чөгүнкү, барар багыты дайынсыз, аста кадам таштайт.

– Кыпчак, каяка?! – деген сары кыздын өкүм үнү отургандарды эсине келтирди. – Шеригиңди кайтарып кел, Айша!

Оюн башчынын айтканы-айткан, дегени-деген. Айша ордунан туруп, артынан басты Кыпчактын. Беркилерге сары кыздын буйругунан улам аргасыз бараткандай түр көрсөткөнү менен ичинен сүйүнүп баратты. Жигиттин айлуу кечтеги ала көлөкөдө калдайып көрүнгөн карааны ага касиеттүү эле. Тез жетип барып, узун боюна сүйөнө, кең көкүрөгүнө башын жөлөгүсү келип кетти. Бак четинде жетти ага:

– Кыпчак... – тамагына бирдеме туруп калган сымал сөзү үзүлдү.

– Имне?

– Жүр...

Улан башын көтөрө, жүзүнө тигилди кыздын. Аруу жер карап турат, алма шактарынын арасынан Ай нуру өңүнө төгүлүп, суйкая жалооруп турду кыз. Унчукпай артына кайтты Кыпчак. Жанашып келатышты экөө.

– Кайрандар десе, келатышкандарын сүйүшкөн ашыктарга окшошуп! – шаңк этти кыздардын бири, күлүп калышты калгандары.

– Ыр жагынан бүгүнкү байге Кыпчака ыйгарылат, кандай дейсиңер? – көпчүлүккө суроо салды сары кыз, калгандар баш ийкешти тегиз.

– Эмесе кыздар! Силер байге ээсинин маңдайынан кезек менен өөп өтөсүңөр. А силер, балдар, эшек болуп, кыпчакты мойнуңарга миңгизип, жыйырма кадамдан бассыңар!

Оюн башчынын айтканы-айткан, дегени-деген. Оболу балдар Кыпчакты моюндарына миңгизише, жыйырма кадамдан басышты. Эми кыздар биринин артына, экинчилери Кыпчактын маңдайына эриндерин тийгизе өтө беришип, бырс күлүшөт. Мына, Айшанын ыпысык эриндери тийди маңдайына, көздөрүн жумду улан. Айша башкаларга караганда узагыраак эрдин тийгизип тургандай сезилди ага, күлгөн жок ал. Мейман кыздын ыпысык эриндери тийген жери көпкө ысып турду Кыпчактын.

Эртеси түн бир оокумга чейин «Ак чөлмөк» ойношту. Кыпчакка аягында келди сөөк ыргытуу мөөнөтү. Сөөктү кудум Айга жеткире тургансып, жүзүн Ай тарапка буруп, keриле атып жиберди. Бактын туш тарабына чилдей таралшты улан-кыздар, көпкө убара тартышты таба алышпай. Акыры ала көлөкөдө Айшанын карааны көрүнүп, лып жетип келди, «Айша таалтыр сөөктү!» Толкуй түштү Кыпчак. «Ак чөлмөктүн» шаани-сөөктү ким тапса, марага жакын калганда издеп жүргөндөргө жарыя кыйкырышы лаазым.

Толкунданып алган Кыпчак:

– Айша кыйкырбайсыңбы? Балдарга айтпайсыңбы?! – деди.

– Жок.

– Имнеге?!

– Анда мен кыйкырам!

Кыз жооп катпады, тек тигиле карап койду уланды. Мунусу москоол жигиттин мынчалык ээлигип алганына таңданганы болучу.

– Эге-ге-е-е-ей! Бал-да-а-а-ар! Кыз-да-а-а-а-ар! Айша тапты-ы-ы, сө-ө-ө-ө-өк-тү-ү-ү-ү!...

Түнкү бакка толуп-ташып, аска бетинде жаңырган Кыпчактын кыйкырыгы алыскы ак мунарык баскан туңгуюкка сиңип кетип атты:

– Э-ге-ей! ге-е-ей... ге-е-е-е... бал-да-а-а-а-ар! Да-а-а-ар! а-а-а... Кыз-да-а– а-ар, з-да-а-а...а-а-а-а...

Туш тараптан алакташа жетип келишти улан-кыздар.

– Айша, кантип таптың?

– Көзүңдүн курчтугун!

Алкап атышты баары аны. Айша толкундана, кубанычы жаш денесине сыйбай, сары кыздын ийинине башын жөлөдү.

Түн бир маалда үй-үйлөрүнө таралшты жаштар. Бак ээн калган чакта, толгон Ай көктөн түшүп келип, алмазар түбүндө көшүлө уктады. Ал күнүгө улан-кыздар ойноп

кеткенден кийин ушинтип уктап жүрдү бак ичинде. Түбүндө толгон Ай уктап жүргөн алмазар нурга тунуп, шак-шактардагы ширин алмалар Айдын ак нурларын шимире, Ай түспөлдөнө көз тайылта берди күн санап. Ай түнөгөн алмазардын түбүндө махабат оттору жана берди.

«Ак чөлмөк» ойногондон үч күндөн соң Кыпчак Кокон базарына алма ташыган арабакечтердин катарына кошулду. Кошуна колхоздор бирден араба жардам беришип, Коконго он араба каттай турган болду. Быйыл базарга биринчи жолу жол алуу болгондуктан, кечке даярдык көрүлдү. Кыпчак өзү айдай турган арабага кошо турган эки атты жем-суу берип, табына келтире узак жолго даярдады. Анан Коконго бара турганын ойлогондо ичи сыздап, Айшаны кыя албай турду. Бир чети алиге бу ортодогу чоң шаарга бара электигин ойлоп, Коконго барууну дегдеди.

Ары жактагы кечке басылбаган улан-кыздардын кыраан каткырыктары алагды кыла берди уланды. Бышкан алма узак жолдо айнып: зака жеп калбасын үчүн арабанын астына кийиз менен көрпө төшөлүп, анан саманга аралаштырышты алманы. Күн батарда бүттү даярдык. Кырмызы туу илинди биринчи арабага. Кызыл Кире жолго шайма-шай болгондо, айыл аксакалы болгон Айшанын таятасы алаканын жая:

– Кана эмесе, омиин! Базарчыларыбыздын ак жолу ачылсын! – деп бата кылды.

Кеттик, чу жаныбарларым! – деди Кырмызы Туу илинген арабанын арабакечи, аттарына жеңил камчы баса.

– Кеттик!

– Кеттик! – дешти калган тогуз арабакеч.

Он араба ордунан бирдей козголуп, калдыр-шулдур басып кетти сай ичин. Кыпчактын арабасы баратты кызыл киренин эң артында. Улам артына кылчактай берди улан, негедир базарчыларды узатканы чуркап келишкен улан-кыздардын арасында көрүнбөдү Айша. «Неге узат-

каны келбеди?» – деген суроону миң кайталап баратты. Дагы артына кылчайды, чоң бурумга жете бергенде, Алмазар этегиндеги чоң сары таштын үстүндө кол булгап турган ак көйнөкчөн Айшаны көрө койду. Акырын колун булгады Кыпчак, бир колу менен тизгинди кармай. Анан араба бурумдан өтүп, алмазар менен айыл көрүнбөй калды. Арабанын артынан айыл балдары менен иттер экинчи бурумга чейин соксоктой ээрчип келишти.

– Кыпчак аке-е! Маңа базардан дептер, калем уч, папке ала кели-и-иң! – деп кыйкырды арт жактан Кыпчактын үкөсү.

– Мейлиге-е! Энди үйгө кайт-кыла-а! – артына кылчая кыйкырды ал, Айша да үнүмдү уксун деген үмүт менен.

Капчыгай аралап аккан дарыя бойлой жай барат он араба. Түн кирип, көктө бириндеп суйдаң жылдыздар көрүнө баштады. Али Коконго чейин жол узак. Кечки алашабыртта дарыя суусу айбаттуу шаулдап, аттар үркөт жол дарыя жээгине чукул барган кездерде. Бири-бирине тиреле келатышты арабалар. Кыпчактын алдында кыңылдап бараткан арабакеч жигит артына кылчая карап, минтти:

– Эй Кыпчак! Алма сатып, пулуна саңа чырайлуу өзбек кызын сатып алабыз, майливи?!

Кыпчак жооп каткан жок. Ал өз ою менен өзү алек: Жол ката Айшаны ойлоп келатты. «Айшам десе, журтка көрүнбөй мени узатты, садагам...» өз сөзүнө өзү маашыр боло капчыгай жаңырта күлүп кое берди арабакеч жигит. Анан шаңкылдаган бийик үнү менен ырдай баштады:

– Кокон бир базар баравы-ы-ыз?,
Жүнай бир жоолук алавы-ы-ыз.
Жеңелерге тартуулап,ов!
Акелерге көрсөтпөй, ий!
Бетинен өөп калавы-ы-ыз?
Кокон бир базар баравы-ы-ыз?,
Атыр бир самын алавы-ы-ыз.

Кыздарга секин тартуулап, ов!
Далдага тартып, шапа-шуп, ий!
Бир кучактап калавы-ы-ыз!
– Ой, бали-и! Ыр эмес бекен!

– Азиз, дагы ырда-э! – дешти алдыдагы арабакечтер жапырт.

Көк дайра суусу улуу суу,
Мындан бир кыйын уул туу.
Уулуңдун аты Бек болсун, эй!
Курут бир майы көп бол-су-у-ун!...

– А, азамат! Ырда-э, ырда-а! – кыйкыра алкашкан арабакечтер арабаларын секин калдырата айдап баратышты.

А, ылдыйда күүлдөп көк дайра суусу агып атты. Коконго базарчылардан мурда жете барчудай шау-шуусу күчөгөндөн-күчөп.

Кептер бир моюн жоолугу-у-уң,
Күйгүзөт сенин жоругу-у-уң.
Сыр бербей койдуң тим эле, ов!
Күйүтүң тартып ооруду-у-ум!...

Арабакеч жигит кудум Кыпчактын ашыглык ышкыкумарына батып, ойлонуп баратканын билгендей бу сапар кусалуу ырдады. «Чын эле Кокондон Айшага кептер моюн жоолук сатып алсамбы? Аны сүйүнтсөмбү!» Бу ой аны кубантты. Башын көтөрө, чубалып бараткан арабаларга көз чаптырды. Ушу кезде кыр үстүнөн кылак эте гептегерек Ай көрүндү. Айшанын нурдуу жүзүндөй капчыгай ичин жаңырта берди Ай. Эми аттар дарыя шоокумунан анчалык чочуркабай, ылдам басып калышты.

Таңга жакын жетишти Коконго. Кыпчак шаар уктап атса керек деп ойлогон. А, базар алда качан толуп, соода

кызып калыптыр. Арабалар мөмө-жемиш базарына кыйынчылык менен жылып баратты. Сатармандар менен алармандар жүнүн жейт. «Ой, бу алармандарга не зарыл, ушунчалык эрте келип?» – деди Кыпчак араң алдыга жылып бараткан арабалардын жолун улам торой беришкен адамдарга наарaзы боло күңкүлдөп.

– Ий, так алмаси келди шекилли! Хидини каранглар а, буннингни авдаради! – деп тамшанышкан аламан арабалардын айланасына үйүлө беришти.

– Менга беш кила!

– Менга үч кила!

– Ха, йигитча, навкатка карамейсанми!

Эки саатка жетпей он арабадагы алма сатылып бүттү. Кезекке турушуп, алмага жетишпей калган алармандардын өкүнүп калышкандары канча.

Кокон базары ушундай. Журт «Кокон базары-дөө базар» деп бекеринен айтышпаганын Кыпчак эми көрүп отурат. Канча-канча жүк кирсе да, өтпөй кайра кайтканы болбойт бу базардан. Баасын кичине ылдыйлатсаң, таламай болот да калат. Анан «Кокон базарынан адамдын жанынан башканын баары табылат» деген сөздү да көп уккан Кыпчак. Айтса-айтпаса ошондой экен. Кыргыздын адыр-кырларындагы кызыл-ак сагыздан тартып, адырашман, зире, аркар от, ысырык чөп, арча жалбырагы – койчу балээнин баары жайнайт. Аларман да көп ошого жараша. Кокондун чеберлеринин гүл колдорунан чыккан не бир асем кумуралар, турна моюн чөөгүндөр, мис табактар көз уялтат. Узундан-узун чубала отурушкан аттарчылар алдыларына нелерди гана жайып отурушкан эмес. Кыпчак башка шериктерине көрсөтпөй апапак кептер моюн жолук сатып алып, койнуна катты.

– Хой йигитча, маргилан допписидан кийип кетинг! Хой кыргыз йигит! – деп койнундагы он чакты топусун көрсөтө берди өзбек келин Кыпчакка.

Кечке аттарды тоюндурушуп, суутушуп, өздөрү да чайханада буттарын жазыша дем алышып, көк чайга каныккан соң, Күн батарда жолго чыгышты арабакечтер, өзбек кыштактарын аралай өтүп. Капчыгай оозуна кире бергенден жол өр тартты. Түн кирип, кайра толгон Ай чыкты. Ай арабаларды ээрчип отурду. Айлуу түндө айылга тезирээк жетүүнү эңсеп бараткан Кыпчакка арабалар ордунан жылбагандай сезилет. Жол жарымдай бергенде Кыпчак тептегерек Айдын өз арабасына түшүп, термеле уктап бараткянын көрө койду. Жүрөгү болк эте, аттарына камчы басты, калдырттаган араба алдыңкы арабаларга тиреле түштү.

Бир айдын ичинде арабалар Коконго он жолу каттады. Айша суу жээгиндеги чоң сары таштын үстүндө Кыпчакты он жолу базарга узатып жүрдү.

Ай кийинки жолу да ошентти. Эми андан анчалык чочуркабай калды Кыпчак. Жол бою арабаларды ээрчий чарчаган Ай тез эле уктап калды. Аны ойготуп албайын деген ой менен арабасын жолду тере айдады. Ашыгынын өп-өзүндөй апапак, нурдуу, сүйкүмдүү эле толгон Ай! Качан гана айыл көрүнгөн бурумдан өтө бергенде, ал арабадан секин түштү да, артына бир кылчая, жылмайып койду. Тептегерек жүзү күлкүгө мелт-калт толо түшкөндө, Айшанын сейрек жылмайгандагы чырайлуу жүзүнө окшоп кетти. Анан бак ичин карай эңиштеди. Бир ай бою, Кыпчактын арабасына түшүп, Кокондон алмазарга келип жүрдү Ай. Көкүрөгүнө аруу кыздын элеси уялап алган улан бир ай тарткан жол азабын сезген жок. Ага Айша жөнүндө жолката ойлонуу, дегдөө менен ашыгынын элесиндей сезилген толгон Ай эрмеги болду.

Алма жыйым аяктап, бак ичине сапсары күз кирип келди. Салкын тартты кеч күздүн ызгырык жели. Дале бак түбүндө түн бир маалга чейин ойноону уланта беришти улан кыздар. Бир жолу оюн бүтүп, үй-үйлөрүнө тарап атышканда Айша:

– Мен бүрсүгүнү айылыбызга кетем, эмки алма жый

ымга чейин ким бар, ким жок. Ким-кимибиз каерлерде болоор экенбиз... – деди ийилчек көпүрөдөн өтө бергенде.

– Имне, эндиги жылы келбейсиңби? Күйөөгө тиесиңби? – сары кыз олуттуу боло калып суроо салды.

– Ананчы, үйлөрүнө барышы менен тою болот да! – шакаба чекти уландардын бири.

Кыпчак Айшаны жалт карай берип, жер карады. Унчукпады Айша жигиттин шакаба чеккенине. Дегинкиси, бу кечте баары өз балалыктарынын акыркы күзү экендигин сезиштиби, ойлуу...

Эртеси таңда мал кошууга чыккан Айшага Кыпчактын үкөсү куш тилиндей кат берди...

Чыйрыктырат кеч күздүн ызгырык жели. Кургак жалбырактар бут алдында жаайт. Жай бою мөмөсүн көтөрө албай жерге майышкан шактар боюн жаза, дем алып аткандай. Чыйпылыктаган чымчыктардын үнү тынып, жымжырт. Бийик шактардын уч-учунда калган биринсерин алмаларды чокулап жүргөн карганын гана «ка-а-ак! ка-а-ак!» эткени жымжырттыкты бузат. Суунун шары күчөй түшүп, сай ичине иңир жылып келатты. Ашыгын чыдамсыз күтүү менен күзгү бактын эриктиргич ээндиги Кыпчактын тынчын кетирди. «Келээр бекен?«

Иңир кирип, көз байланган чакта ак жибек көйнөкчөн кыздын караанды көрүндү, ак көпөлөк өңдөнө, көйнөгү кечки желге делбиреп чуркап келатты. Кыз:

– Келдиңби?

Уландан боюн ала качып, денеси үркүп турду элик сымал. Нурдуу жүзүнө кан тээп, көздөрү балбылдайт.

– Келдиңби, са-да-гам!» – деди толкуган улан. Дал ошо чакта кыйгач түндүк тараптан Айшанын иймек, ичке кашындай Ай көрүндү.

– Айша, карачы, Ай тууптур! Негедир саңа окшото берем Айды.

Кыздын тартыныч, сүрдөө сезиминен улам кызарып турган өңүнө адегенде ууртуна уялаган жылмаюусу тегиз кыйыла берди.

– Мен Коконго баратканда, айылга кайтканда дайыма Айды арабама түшүрүп жүрдүм. Ай дайыма арабамда уктап калчу!

– Койчу, кантип эле?!

Секин сүйлөдү кыз. Улан кыздын кыпча белин ие, кучагына тартты. Кыз денеси уркө «дирт-дирт!»

– Сен дагын менин түшүмө көп кире турган болдуң. Бир жолу түшүмдө сен маңа тиги көктөгү Айда иймек, ичке Айды берип жатып минттиң: «Айша, Айды муздатпай төшөгүңдө ала жат. Ал экөөбүздүкү, эч кимге бербейбиз!» – дедиң. Мен түшүмдө түнү бою Айды кучагыма кысып жаткам ошондо!

Экөө тең жылмайышты. Кыз денеси от-жалын. Эми азаздан денеси диртилдебей, Кыпчактын кучагына көнүгө баштады.

– Айша! – унчукту жигит шыбырай.

– Имне? – жооп катты кыз оголе шыбырай.

– Мынобу кептер моюн ак жоолук менен атырды саңа Кокондон ала келген элем. Кантип саңа берүүнүн жолун таппай жүрдүм.

Айша ак кептер моюн жоолукту башына салынды. Ак көйнөгүнө түстөш келип, чырайын ого бетер ачып жиберди.

– Рахмат, Кыпчак! Акысына саңа шайы дасормол саймалап берем! Айылыбызга барып келгенде аласың!

– Кайтып келем дечи, Айша!

– Ы-гы.

– Ошент! – деген улан кыздын саамайын жумшак сылады.

– Күзгү жалбырактар шуудур-шуудур, тоо суусу шаушау... Кандайдыр бир паранда чыйпылдайт тынчы кете...

– Айша!

– Имне?

– Айды кара!

– Кана?! – деген кыз көктү карады.

– Жо, биякта, алманын түбүндө уктап атат!

Көргөн көзүнө ишенбеди Айша, жаңы туулган чүрпөдөй напназик, таптаза, жыпжылаңач эле Ай.

– Ай муздап калбасын! – Айша башындагы жоолугун чечип, аста-секин Айдын алдына барды. Ай шыбыртты угуп, көздөрүн ачты. Бирок, чочуган жок, билинер-билинбес жылмайып койду. Кыз аны жоолугу менен этият ороду. Кыпчак кемзелин чечип, Айдын астына төшөдү. Эми экөө аны ойготуп албайлы деген ой менен шыбыраша сүйлөшүп атышты.

– Мен Айды үйгө ала кетем, төшөгүмдө жылуу ала жатам. Ал сага окшош, уктаганын көрүп, сени эстеп жатам, Кыпчак!

– Мейлиге, Айшам!

– Үйгө барып, тез эле кайтам биякка. Таятамдыкында бир жылча жүрөт окшоймун.

– Анда Айды дагы бирге уктатат экенбиз да!

– Ыгы. Мен келгенге чейин ал кыйла торолуп калса керек!

– Ананчы. Толгон Айдын жарыгында жолугушабыз эмки жолу.

– Ал толгон кезинде да бакка түшүп уктайбы!

– Ал мени тааныйт, менин арабам менен Кокондон келип, бак ичинде уктап жүрдү дебедимби! – Ырас эле!

Көпкө шыбырашты экөө бири-бирине кумарлары канбай. – Энди кетелик, таятам издеп, кошуналардыкына кирип калбасын, уят болот, – деген Айша Айды аста көкүрөгүнө кыса үйлөрүнө жөнөдү. Наристе Ай кыздын жылуу, жайлуу көкүрөгүне ыктай, көшүлө уктап баратты. – Жакшы жат, Кыпчак. Түшүңө Ай экөөбүз кирелик!

– Жакшы жаткыла, менин эгизек Айларым!

Шашпай баскан Айша ийилчек тал көпүрөдөн өтүп чыгып кетти бак ичинен.

Ошол түнү аалам Айсыз, караңгыда калды. Айды Айша төшөгүнө ороп, кучагына кыса, жатып алган эле...

# ЖАҢЫ КЕЛИН

Таң сөгүлдү, ааламга ак нур жаап. Ак нур алып кирди келин менен жигит тунгуч түн өткөрүшкөн бөлмөгө. Ак төшөктө ак ич көйнөкчөн жаткан жаңы келин аруу жан эле. Капкара сүмбүл чачы чачылып жатат жаздык бетинде. Күйөөсүнүн мойнуна оролгон оң колу. Күйөөсү башын балача келиндин көкүрөк астына катып, таңкы ширин уйкуда. Келин эрте ойгонуп, короо шыпырмакчы болсо да, жигиттин жылуу койнунан чыккысы жок. Жигит жүзү кара торусунан келип, чоң кара көздөрүнө куп жарашкан келбеттүү. Кыйылып төшөктөн тургусу келбегени да ошондон келиндин.

Келин уйкудагы жарынын кайраттуу кара чачын сол колу менен сылагылап, маңдайынан өөп койду. Анан башын көтөрө, оң колун секи-ин тартып алды да, төшөктөн турмакчы болду. Ушу чакта жигит көздөрүн чала ачып, күлүмсүрөдү. «Жатчы, Салкынай!...» – дей берип, кучагына тартты келинди. Келин эркелеп, назданып, секи-ин кыткылыктап, балыктай туйлады жигит койнунда. Экөө бирин-бири кезек менен өпкүлөп, алыша ойношту төшөктө. Жигит колуктусунун эки көзүнөн өпкүлөдү. Келиндин көздөрү бото көз булактай күлүп турат. Далысын назик колдору менен кашылаган аруу жандын кылыгы жанына жага берген жигит, келиндин көкүрөгүнө башын жаздады.

– Жытың бир жакшы! – деди келин эркелеп.

– Сенин жытыңчы, жийде бурак жытындай – деген жигит келиндин көкүрөгүн жыттагылады.

– Таң атты, Сагын. Турайын – кыйла тургусу келбей унчукту аруу жан.

– Жатчы дагы бир азга! – кучагынан чыгаргысы жок жигит аны.

– Короо шыпырайын, жаңы келиндей болуп... – жылмая башын көтөрдү келин.

Анан халатын кийип тышка чыкты. Короодогу өрүктөр тегиз гүлдөп, ак тумандай сансыз гүлдөр ак таңга жуурулушуп кеткендей. Гилас бүчүрлөрү кызара бөртүп, анамына гүл ачканы турат. Короо кыйла кең, ирээттүү, таза экен. Чоң, узун шыпыргыга көзү түштү сөрүнүн үстүндөгү, «Кайненем койсо керек...» деп койду келин ичинен. Кудум ушул короодо көп жыл жашап, анан башка жакта кыйла жүрүп келгендей жылуу көрүнөт бардык нерсе келиндин көздөрүнө. Ууртунда билинер-билинбес күлкү, ак жүзү жаркып, көңүлү шат. Шыпыргыны ынтызарлык менен эки колдой кармап, кыймылы чапчаң «Сагын төшөктөн турду бекен?» – дегендей экөө түнөгөн бөлмөнүн терезесин карап койду. Тыптынч. Үйдөгүлөрдүн эч кимиси туруша элек. «Үч күндөп той өткөрөбүз деп суй жыгылышты да» – деген келин жымыйып койду. Көздөрүнө жылуу көрүнөт баары. Атүгүл таң алды сайраган куштар да. Жаз жыты, гүл жыты, ак таңдын жыты...

Жаратылыш таң эрте күлүп турду. Түнү бою жигит кучагында балкып чыккан жаңы келиндин аруу жүзү, жан дүйнөсү күлүп турду. Короого ынтаа, ынтызарлык менен суу сээп, чакаларга толтура-толтура суу ташыды. Көңүлү чакадагы суудай толкуп, кубанычы чакадагы суудай мелт-калт толуп, жаш боюна батпай ашып-ташып атты.

Бул келечектеги Эненин улуу турмушунун алгачкы түнү менен таңы болучу...

## ЭНЕНИН ЖАҢЫ ТҮЙШҮГҮ

Буга чейин Каным эне сегиз келин алган. Уулдарынын баары очор-бачар өз үй, өз өлөң төшөктөрү бар. Айганыш тогузунчу келини. Минтип ырайы ысык, каш-кабагы ачык жан экен. Келин болуп келгенине төрт күн болду, эне деп мээрин төгүп, жароокерлене Каным энени айланчыктайт. Үй ичин зымдай кармап, таптаза. Чайы ысык,

оокаты таптуу. Жаштыгынанбы кичине эркелеп сүйлөп, каттуурак күлгөнү болбосо, кайын эненин көңүлүнө төп келди кенже келини. «Алдыңкы көч кайда барса, кийинки көч ошону ээрчийт», дегенчелик болуп, эненин бардык келиндери жакшы чыкканын айыл-ападагылар да сөз кылып калышат. Ушуларды ойлоп ичинен ыраазы болгон эне төшөктө узагыраак жатты бүгүн.

Чалы бечара жоош-момун, көңүлү ачык, бейчеки сүйлөбөгөн адам эле. Балдарымды зарыктырбай багайын деп ак иштеп, ак жүрүп, чоң-кичиктин арасында кадыр күткөн. Ааламдан өткөнүнө үч жыл болду, кокус ооруп, кокус көз жумган. Балдары ыйлап-сыктап, өлүктүн каада салтын астейдил аткарышып, атүгүл жылдыгын да шаанилүү өткөрүштү. Анан тирүүлүк экен өз-өз тириликтерине сүңгүп кетишти. Эртели -кеч чалын ойлоп убайым жеген эне бир эсе уулдарына көңүлү ооруган да болду. Атасын ушунча тез эстеринен чыгарышабы дегендей. Бөтөнчө түндөлөрү жалгыздыктын азабын тартып, уктабай чыккан күндөрү көп. Кенже уулунун колуктулуу болгонуна жетине албай жүрсө да, кийинки күндөрү чалын сагынып көңүлү беймаза. Ичи бир нерседен түпөйүл тартып, ылкак кылат.

Кенже уулу кайсар чыкты. Келишимдүү, өңдүү-түстүү жигит. Келин үй-тиричилигин астейдил бүтүрүп, кыймылы ыкчам. Ошентсе да байбиченин карт жүрөгү бир жагымсыз нерсени туйгандай беймазалана бере турган болду акыркы күндөрү... келиндин көздөрү кызара, асты шишиңкиреп кеткенине көзү түшө баштады. Көңүлү тынч албай, ичинен кыжаалат тартат байбиченин. Бир жолу таң эртеде келини өздөрү жаткан бөлмөдөн атырыла жүгүрүп чыкканына көзү түшүп калды. Артынан жүгүрүп чыккан уулу апасын көрүп, кайра кирип кетти ичкериге. Буушактап ыйлай берген келини байбиченин көкүрөгүнө башын кое минтти:

– Эне, уулуңуз экөөбүз...

– Нимине болуп атат өзү экөөңө?!

Келин унчукпады. Көзүнөн бир тоголок жаш сызылып чыгып ылдыйга жөнөдү. Тышка чыга берди үн-сөзсүз.

Уулу төшөктү чүмкөнө жамынып, сөзгө келбеди. Дартын кимге айтаарды билбей байбиче отуруп калды үйүнөн чыкпай, не суюк, не коюкту жегиси келбей. Төшөгүнө эрте эле жатып алды уйкусу келбесе да. Уза-ак чалкасынан жатып, тынчы кетти. Келини оор басырык, токтоо мүнөз. Аз сүйлөп, ысык мээр. Тула бою сүйкүмдүү, көзгө жакын жан. Секин кыймылдаганы менен ишти аягына чыгарып, манда кылат. Үй ичи тасырайып таптаза, жыйнактуу. А, өз уулучу? Тогуз уулдун ичинен жеңил чыкты ушунусу. Ачуусу тез келип, тиртеңдеп кетет. Мындайда сулуу жүзүнө каны тебе кызарып чыгат. «Атасы мындай эмес эде, кимди тартып мындай болду Сардарым?» – деген байбиче санаа тартат уулунун оор мүнөзүнө. «Келиним жакшы, бечара. Адам кылып алам аны. Өз уулумчу? «Түшүнүп кетээр бекен?»

Келинчегин өлгүдөй жакшы көрөт, бирок...». – Чалын эстеп жашыды. «А-а чалым, а! Дарт бөлүшөөр Сиз да жоксуз жанымда. Балдар деген Сиздин ордуңузду басмактары кайдан!»

Көз алдына өзү келин болуп келген кези элестеди.

Элүүнчү жылдардын башы. Өрүк бышык маал. Бир жагынан шалы отоо кызыган. Эки түйшүктүү иш бир келип, айылдагылардын баш көтөрүүгө колдору тийбеген учур. Бир жагынан Көкдайра ташкындап, жээгин жемире, элдин тыпчын алган кез Айылда иш жайнаган убакта келин болуп келген эле ал. Бүгүнкүдөй келин көчүргөнгө «Волга» кайдан. Ак фата түшүнө да кирген эмес. Кабат-кабат келин көйнөк эмес, бир чыт көйнөк кийген жаңы келин болгондо. Кошуна Актурпак кыштагынан пирган менен көчүрүп келишкен аны. Пиргандын ортосуна ак чыт көйнөк кийип, бетин кештелуу көшөгө менен чүмбөттөшүп, толтура кыз-келиндер көчүрүп келген болучу.

Негедир а кезде келин көчүргөндө чылдырмандын коштоосунда өзбекче «Яр-ярды» ырдашчу. Бул адат өзбек айылдарынын жакындыгынан болсо керек.

– Яр-яр, яр-яр келин келди!
Куйав паччам нима берди?!
Яр-яр, яр-яр келин келди.
Куйав паччам совга берди!

– деген келиндин эже-сиңдилери, жеңелери жаңыртып жиберишчү айыл түнүн. Шок жигиттер пирган жолун аркан менен тосуп алып:

– Кана, жеңелер, совгаңарды чозуп калыңыздарчы! – деп өкүм сүйлөшкөн.

– Ай уулдар, мана сиздерге келиндин дасормолу,– деп ызылдаган жеңелери бирден дасормол узатышкан жол тоскон жигиттерге.

Күйөөнүн короосуна да ырдап кирген аны коштогон кыз-келиндер. Короо ортосунда улуулата от жагылып, аны үч жолу тегеренгенин эстеди байбиче. Оттун ысык табы каш денесин ысытып, чүмбөт ичинде күлүп койгон ошондо. Кыз тарап да, жигит тарап да көңүлдүү, шаттуу бакылдашып, анан баары тынчыган жарым түн келген. «Оо чалым, ошондо Сиз мени карылуу колуңуз менен кыса кучактап...» Байбиче күлүп койду. Чалы менен өткөргөн алгачкы түнүн эстеп. Чалы экөө мурда өң тааныш болуп, бирин-бири жакшы билишпесе деле, ошол түндө эле көңүлү табышып, көңүлдүү таң атырышкан. Акезде жаңы келин шаанисин кылып, үйдө бир айлап отуруу кайда. Үч күндөн кийин эле шалы отоп, өрүк терген, пахта чапкан. Чалы экөө ынак болуп, кечке иштешсе да чарчашчу эмес. Анан бир жылдан соң тун уулу көрүндү. Чалы жетине албай кубанып, баласы үчөө бир төшөктө укташчу. Тогуз уул төрөдү. Эл эмес, кайын эне, кайын атасы экөөнүн чокулашканын көрүшпөдү да, билишпеди кошуналар. Рас,

анча-мынча оройлонгон күйөөсү, тилин тыя албай сүйлөгөн өзү, уйку качып, кер-мур айтышкан кездер боло калчу. Бирок, экөөнүн сыры эле мындай учурлар, тышка чыкпаган.

«Баары өттү, баары кетти кайтпаска...» – байбиче ичинен күбүрөндү. «Ушунча үй толгон буюм башка, көңүл башка турвайвы. Чалым экөөбүз суйлөшпөй-нетпей эле үйлөнүп, көңүл менен жашадык. Тогуз уулду эрезеге жеткирдик...»

Таң сүрүлүп, терезеден жарык кирди үйгө. «Экөө менен сүйлөшпөсөм болчудай эмес. Азырынча агаларына айтпай кое турайын. Жаш эмеспи» – деген эне оор турду төшөгүнөн.

## ЭСКИ КЫЯК МУҢКАНАТ

Кечки бир айылда кыяк авазы сыбызгыйт. Кыяк үнү муңканат бир ыргакта, эски-эски күүлөр ойнолуп. Кыргызымдын атам-замандагы машкылары жаңырат, таң атканча. Айсыз түн, сабалган ак пахтадай каалгыган ак мунарык жарытып турат айыл ичин. Тоо тараптан соккон жел дарактардын шактарын шуудуратып, кыяк үнүнө айкалыша, сыйкырдуу айыл түнү. Түнү бою айыл уктай албай чукуранып, койну сыйкыр авазга толуп кетти.

Ак мунарыкты аралай ак сөлөкөттөр жүрөт каалгып, буттары жерге тийбей. Баарынын чачтары аппак, өңдөрү керсары. Ак кийимдери түнкү желге желпилдеп, ак куу канатына окшойт. Алар илгери-кийин о дүйнөгө кетишкен ушул айылдын тургундары. Кабырларынан чыга туугап айылдарын айланчыкташат түн бою. Сулайман кыякчынын арбагы жүрөт араларында. Шол тартып атат кыягын тынбай.

Иттер бир үрүп койбой, таң сөгүлүп баратса деле короздор чакырбай, айыл тыптынч. Шул түнү айылдыктар-

дын баары түш көрүштү, түштөрүнө көзү өткөн жакындары аралашты. А, Сулайман кыякчы баарынын түшүнө кирди...

Кыяк авазы жаңырыктап чыккан айылдын өз аты өзүндө – Кыякчы айылы. Болгону элүү түтүн чакан турак. Кут жагын дарыя, Күн жүрүшүн жарлуу адыр кысмакка алып, узуну бир чакырымча. Короо-короодон арык толо суу агып, бак-дарагы калың. Эски үйлөрү бир сыдыра жаңыланды акыркы он жылда. Айыл ыманы ысык, куш уя. Өзүнө жараша улуулугу менен сулуулугу бар.

Ыраматылык кыякчынын эски тамы берки үйлөрдөн обочороок этекте. Бир караганда өөн көрүнөт көзгө, эскилиги шунчалык, жаан-чачынга дубалы сай-сай болуп кеткен. Короосунда дарагы суюк, эки-үч түп гана кары өрүктөр сороет. Бирок, эски там ээсиз эмес. Бир кемпир эшигин ачып, морусунан түтүн булата, кирип-чыгып жүрөт. Экөө бири-бирине караан, эш болуп өмүр сүрүп келатышат.

Кемпирдин бир уул, бир кызы бар. Кызы күйөөгө тийип, кошуна айылда. Уулу аскерге кеткен күзүндө, шоякта үйлөнүп, кайсыл бир казак шаарында жашайт. Бир жылдай болду келелек. Кемпир убак-убагы менен уулун, неберелерин сагына көз жаш кылып алат. Мындайда эшигин ичинен илип, үн чыгарбай ыйлайт, оромолунун учун тиштеп алып. Көз жашы сызылып чыкканынан ыйлады десең, бышактабайт. Жаны оорубай, бакубат жүрдү кемпир кечээкиге чейин. Эки жылдай болду дарманы кетип, кичине эңиштей басып калганына. Түнү буттары, белдери сыздап ооруп, уйкусу качты. Бөтөнчө кыштын узак түндөрүндө таңдын атышы кыйын. Баарынан да жалгыздык деген айыкпас дарт жакасына жабышып, мүшкүл болду карыган чагында.

Күйөөсү Сулайман кыякчы отуз жыл илгери каза тапкан. Суучул эле, мөңкүп аккан дайра толкунунда балыктай чабак уруп, төө өркөч болуп кутура аккан дарыянын

аркы өйүзүнө өтүү ал үчүн көнүмүш болчу. Шондо уулу беш жашта эле . Коконго базарга барып, ошояктан ооруп келген күнү көз жумган. «Карачач, жашаарыма ишенбей калдым, балдарыңды зарыктырбай эрезеге жеткир. Уулума калтыраар ата мурасым, өзүм ойноп жүргөн кыягым. Эсине киргенде өз колуң менен тапшырып кой, кыяк тартса ата-бабасы эсине түшүп жүрсүн.Кыяк авазы элимдин өтмүшүн жаңырткан шундай бир керемет. Ата керээзим да шул, үйрөнүп алсын уулум кыяк тартышты. Шунтсе аталарынын арбактары маңги колдоп жүрөт», – деген жан таслим болорунда кыякчы. Шо күндөн бери Карачач эне жесир. Кезинде кырк жаштагы нооча бой, буудай ыраң, ысык ыман жуванга жуучу көп түшкөн. Көнгөн эмес бирине да, өгөй атанын алдында балдарымды жер каратып коем деп уул-кызын көкүлдөрүнөн сылап жүрүп эрезеге жеткирди. Эми карыган чагында жалгыз калды, эски тамына эш болуп...

Эски там сыртынан комсоо көрүнгөнү менен, ичи көзгө ысык, жыйнактуу. Дализинин бир ныптасын морулуу очок ээлеп, көө баскан казан асылып турганы-турган. Очоктун сол ныптасындагы текчеге кыркалата кык тизилген. Оң ныптасында туз баштык, чөмүч-кашык илинген алалбакан, эки челек, онон нары ун жашык. Эки эшик тең ачылып-жабылганда кыйчылдап, шынаа. Ички үйдүн төрүндө эски кыяк илинип, адегенде урунат көзгө. Мизилдей жыйылган жаздык-төшөктөр, туш кийиз, жердеги чоң гилем эскирсе да үй ичине жарашык берет. Канткен менен, эскилигин кылат там, шыбын ыс басып, терезеси төөнүн көзүндөй кичине, күңүрт. Эне көзүнөн калганга чейин узанып жүрдү. Уздук эрмеги эле эртели-кеч, жалгыздыктын койнуна оп тартпай...

* * *

Шонтип таң атканча кыяк авазы жаңырып чыкты, бирде наристенин үнүндөй назик, бир туруп жаш келиндин күлкүсүндөй сырдуу, анан эле кары адамдын каргылданган добушундай онтоп. Шу түнү айылдагылардын баары түш көрүштү. Түштөрүнө көзү өткөн жакындары аралашты. Баарынын түшүнө кирди Сулайман кыякчы. Ыраматылык кыягын муңканта ойноп чыкты түнү менен.

Карачач эне да түш көрдү, түшүндө күйөөсү экөө көпкө сагыныша сүйлөштү. Ак кепиндүү кыякчы бөтөнчө мээрим төгө сүйлөп, тынымсыз кыягын тартат. Айыл түнү сыбызгы аванга жык толгон.

– «Сен жарык дүйнөдө жалгыздыктын азабын көрүп атыпсың. Өзүм менен апкетем!» – дейт кыякчы. Карачач энеге:

– «О, жок! Али менин жарык дүйнөдөгү ишим бүтө элек! Уулум үйгө кайтып келсин, анан өзүм келем жаныңызга!» – жооп катат кемпир.

– «Сени таштап кеткен уулуңдан көңүлүң калалекпи?» – сурайт күйөөсүнүн арбагы.

– Кантип көңүлүм калсын, өз пушту – кемеримден бинаа болгон перзентимден!» – деп жооп берет кемпир.

Дарыя жээгине келишти жетелешип экөө.

Бир кезде Сулайман кыякчы өзү отургузган талдын түбүнө көчүк басышты.

– «Тал да карыптыр, саңа окшоп. А, мен силерден жашмын! – шүнттү кыякчы. Чын эле ал каза тапкан маалындагы кырк жаш курагында калыптыр. Тек, чачы купкуу, аппак, өңүнүн кан-сөлү жок. Жылаң-аяк, жылаң-баш, жакасыз, жеңсиз ак кепини түнкү желге желбиреп…

– «Мени менен кетпейсиңби Карачач! Кыйналганыңды билип кабырымда тынч жата албай жүрөм! – дей берген күйөөсүнүн сөлөкөтү анын аппак чачтарынан сылагылады, – Карыпсың, көздөрүң гана жаш бойдон. Анан мурункудай эле чыдамдуулугуңдан кайтпапсың. Шон үчүн

жалгыз уулуңдун айынан жалгыздыктын мүшкүлүнө чыдап жүрөсүң да. Бир жагы тууру кыласың. Өз перзентинен наалып, бөтөнгө жамандаш эненин кылаар иши эмес. Абийириңе доо кетет. Эх уулум, уулум!»... – кейип атты кыякчынын арбагы. Бирок, көз жашы чыкпады.

– «Капа бовоң уулуңузга. Азыр дүйнөнүн бир каваты шундай. Бир эле сиздин уулуңуз энесин каравай койгон жери жок.Сиздин арвайыңызды сыйлап, уулумдан наалыбай жүрөм. Жакшы адам эдеңиз. Жакшынын баласы жакшы бовоптур деп эл сөз кылбасын үчүн уулумдун осол пейилин эч кимге айтпаймын. А майлига, жүрсө жүрөөр, өзүм жөнөттүм деп коем сурагандарга» – деди кемпир өзүн жайдары тутушка урунуп.

– «Айткандай, алиге менин кыягымды уулума берелексиң. Уулум энди келсе колуна тапшыргын. Үйрөнсүн кыяк ойношту – дей берген кыякчы ордунан жеңил турду. Турду да, кемпирин колунан тартты. – Карыпсың, андан көрө аркы дүйнөгө жүр. Тынч жатабыз!»

Кемпир үн катпады. Таң сөгүлө баштап, күйөөсүнүн купкуу жүзү, оту өчкөн көздөрү дапдаана көрүндү. Шонтсе да, жаш бойдон калыптыр. Унчукпай ойго батып турушту бир саамга. Асмандагы булуттардын чыгыш тарабы кызгылтым-ак тартып, жылдыздар бириндей сөңүп атты.

– «Кой, Карачач. Мен энди кабырыма кетейин. Эх кантсе да жарык дүйнө не жакшы, азабы, мүшкүлү болгону менен, – муңкана күңүрөндү атарабына көзү тойбой карай берген Сулайман кыякчынын сөлөкөтү. Анан көздөн кайым болду, көрүстөн тарапка калгый уча берип...

* * *

Чочуп ойгонду эне. Көргөн түшү көз алдынан кетпей, денеси титиреп, манжалары калтырайт. Эки көзүнөн сызылып чыккан эки тамчы жаш эрдине куюлуп, кермек даам. Колдоруна таяна оор ордунан туруп, колуна алды

бурчтагы таягын. Эшиги «кыйч» ачылып, таңкы жымжырттыкты бузду. Босогодо ити жатыптыр. Куйругун булталдатты, эненин бут алдына жыгыла:

– Тур оякка! Путтарыма оролошпой! – итин нукумуш этти таягы менен. Эзилип бышкан өрүккө окшоп, сөңүп бараткан суйдаң жылдыздар бүл-бүл, жерге күбүлгөнү турат. Караңгыда секин таягына сүйөнө бүкчүйө басып, коргонунун четиндеги дарыя кашатына келди. Жээкте кургай жаздаган карт талдын чоң шактары арбаят. Төмөндө кыйла тартыла түшкөн дарыя. Талдын түбүнө отурду кемпир. Таңкы салкын жел көкүрөгүн аймалап, ныксыраган денесин сергитти. Анан түшүн агын сууга айта баштады:

– О, жарыктык суу! Шу тапта бир ажайып түш көрдүм! Түшүмдүн жакшысын өзүмө калтырып, жаманын агызып кет!

– Суу агып атты таң алдында шау-шуу. Көргөн түшүн агын сууга бүт айтып берди, кусалыкка толгон көкүрөк жүгүн жеңилдете. – Шундай түш көрдүм, жарыктык агын суу! Сен сайга батпай күркүрөп агып турган кезде шу эшикке келин болуп келген элем. Мен карыдым. Дайыма эле күрүлдөп-шарылдап турбайт экен адам баласы да, агын суу менен бүт макулуктар, жер бооруна бүткөндүн баары шундай. Өтмүш дүйнө дегени шул экен...

Жер жарып, айыл тегиз ойгонду. Иттер жарыша абалап, короздор кыйкырып кирди биринен сала бири. Эски талдын суюк жалбырактары шуу-шуу. «Шуулдаса жаш дарак шуулдасын. Карт дарактын шуулдаганы жүрөктү эзет экен...» – ичинен күңгүрөнүп койду эне үшкүрүнө.

* * *

Бир айча өтүп, уулу келди бала-чакасы менен. Бечара эне жан-алы калбай сүйүнүп, тегиз чакырды айыл-апаны. Кой сойдуртуп, казанга салдыртты. Нообат менен өпкүлөй берди неберелерин. Шол күнү кызын да чакыртып алды.

Ушул саатта Сулайман кыякчы кырк жыл илгери курган жапыс там бакытка маарып, ырыска көлкүдү. Жаңы бүтүрүлгөн чагында уулу менен кызы эрте уктап, жубайлар тар төшөктө кыткылыкташа ойноп, таң атырышчу. Үй ичи Карачач келиндин күлкүсүнө толуп-ташып, учу кыска өзөндөй экөөнүн бактысы көпкө узабады. Күйөөсү беймаал каза таап, жесир калды. Карачач шодон бери көңүлү өксүк. Эки баламды жер каратпайын деп башка күйөө күтпөдү. Уулу менен кызы үйдөн чыгып кеткенден бери үй да, кемпирдин кабагы да түнөрүп, суздук уя салып алды эски тамдын шыбына. Эшиги кыйчылдап ачылса эненин заманасы куурулуп, жүрөгү эңшерилет. А, бүгүн эшиги кечке тынбай кыйчылдады, жүрөгү эзилген жок. Шунун баарын көңүлүнөн өткөрүп отурган кемпир «Кана энди, уулум үйдө калса...» – деп койду ичинде, уулун карай берип. А, уулу айыл аксакалдарынын ортосунда отурат, анчалык эле кеп-сөзгө аралаша бербей. Атасына окшоп кара тору, узун бой. Кабактуу келип, чап жаак. Тек, атасынын маңдайы жазы болчу, мунуку куушурак. Атасындай ачык көңүл болбой, тырс этме пейли бар. Кичинесинен ушундай пейил күтүп келатат. Өз билгенин жасап көнгөн. Мүмкүн мунусу эне бечара урушуп-нетпей, маңдайынан сылап чоңойткондондур. Же нургунунда барбы, ким билет, нак шул пейили келип-келип өзүнө эмес, карыган энесине мүшкүл болду. Аскерге кеткен бойдон шоякта үйлөнүп-жайланып алды.

– Энди, Саматбек, кыркка кирип калдың, ата сакалың оозуңа пүтүп. Айылга кел. Энең болсо таза карыды. Кокус Кудаанын бир күнүндө лап деп кулап берсе, кабырына бир ууч топурак салышка үлгүрбөй, эл алдында жер карайсың. Анан элге окшоп манавы атаңдын тамын жаңыла. Шуйерде деле бир күнүң өтөт, балам. – Шашпай салмак менен сүйлөдү айыл аксакалдарынын бири Саматка тике карап.

– Шундай кыл, Саматбек. Айылда кал. Заман кичине оордоп, жашоо азыраак кыйындаса эле шаарга качмайды адат кылып алдыңар бүгүнкү жаштар. Ачпы-токпу миң жылдап ушул тоо айылдарын байырлап келатат кыргыз баласы. Баарыбызды шаар бакпайт. Аталар сактап келген тоо айылдарынын түтүнүн өчүрсөңөр кусур урат, Саматбек. Көп эле шаарга кача бербегиле, аягы жаман болуп жүрбөсүн... Арбактар наапразы болбосун бу жоругуңарга,– деди айылдын экинчи аксакалы.

Баятадан берки бака-шака тып басылды. Отургандардын баарынын көздөрү Саматта. «Кана, оозунан не деген сууккан чыгар экен?» – дегендей күтүп калышты кайтараар жообун. А, Саматтын башы шылк эте, жер карады, килемди сөөмөйү менен чукулай берип.

«Неге башын шылкыйтат!» Эненин тынчы кетти. Бир маалда уулу бурк этти жер караган күйүндө:

– Туугандар, насаатыңарга, жакшы тилегиңерге чоң ырахмат! Каерде жашасам да, өз нанымды өзүм таап жеп жүрөм. Ар кимдин насип-тагдыры ар жерде... – Сөзүнүн аягына чыкпай жер карады.

Ичтеринен тынып кала беришти отургандар.

– Андай болсо оягын өзүң бил... – деп койду жана биринчи сөз сүйлөгөн аксакал.

Уланбады андан ары сөз учугу. Не дээрин билбей отуруп калды эне. Бир саамга уулу экөөнүн көздөрү чагылыша түштү. «А, уулум десе. Сөзгө ушунчалык чоркок болосуңбу!» – дегендей уулун аяп, алем, арман менен карады. Отургандар дасторконго дуба кылышып, орундарынан турушту тегиз.

– Уулумдун жообу саңа оор тийди окшойт. Көңүлүңө алба. – деди Карачач эне азыр эле Саматка насаат айткан аксакалга.

– Несине капа болоюн, Карачач. Журтта бир эле сенин уулуң ата конушунан качты беде. Карыганда саңа эле кыйын, бовосо... – башын чайкап чыгып кетти аксакал.

Өздөрү гана калышты үйдө. Эне бир жерде отурат, ичинен ыйлап. Бала бир жерде отурат башын жерге салып. Кызы менен келини эне-баланын көңүлдөрүн кантип жылытаарды билишпей маң. Кызы тапты айласын акыры.

– Эне, атамдын Самат авама калтырган мурасын көрсөтсөңүз, кандай мурас экен!

Нак шуну күтүп тургандай, кемпирдин көңүлүнө кичине жылуулук аралап, кабагы жазыла түштү. Билинер-билинбес күлкүнүн эпкини жүгүрдү ууртуна. Самат да килем чукуганын койду. «Атам кандай мурас калтырды экен?» – дегендей түр менен.

– Балдарым, адам болуш шундай кыйын нерсе. Көңүл онон бетер назик. Энди жаштыгыңар калган жок. Оюңарга, тил учуңарга келген сөздү лам эткизе сүйлөп салаардан мурун, угуп аткан адамдын көңүлүнө да карагыла. Сөз менен кишинин көңүлүнө азар бериштен осол нерсе жок киши баласы үчүн. Жанагы аксакал аваң тууру эле насаатын айтса, сакалынан алгандай оройлондуң балам! Будан ары сен деле карыйсың. Ойлонуп сүйлөп жүргүн – деди Карачач эне.

Уул өзүн күнөөлүү сездиби же угуп аткан сөздөрү кулагынын сыртынан кетип аттыбы, айтор, лам дебей отурду. Эне ордунан тура, төрдө илинип турган эски кыякты колуна алды.Кош колдоп кармай, оболу эрдине, анан маңдайына тийгизди.

– Атаңар ырааматылык кыякты сыбызгыта ойночу. Айыл-апанын эрмеги эле эртели-кеч. «Кыяк чертсем черим жазылат. Кыяктын сыбызгы авазынан ата-бабамдын эски-эски элес үнү жаңырыктайт. Кыргызымдын кылымдык кыйыр-кыйыр жолдору көз алдыма келет!...» – дечү, жаткан жериң жайлуу болгур, Мынобу кыяк ошо атаңар көп жыл ойногон керемет мурас. Саңа шуну ыйык мурас катары калтырган, балам. Үйрөнүп алып атаңды сагын-

ган-сагынганыңда ойноп жүргүн. Ме, садага болоюнум, өз колуң менен кабыл ал!

Самат козголо бербеди ордунан, кабагы кайра түнөрүп, жер карады. Ордунан лым тура калган келин, кайын энесинин маңдайына келип чөгөлөй берди:

– Ана, кыякты маган берсеңиз. Осы казыр Саматтын көңүли ненендир шөгүп тур! – жалооруй өтүнө сүйлөдү келин казакча.

– Кой келиним, өнтпөгүн, ата мурасын каалаcа баласы өз колу менен алсын. Атасынын аманат керээзи шундай. Сен алгыдай онун көзү жок эмес, отурбайвы маңдайымда. – Үнү каргылдана чыгып, бир чети өз перзентинин мынчалык түркөйлүгүнө ичи күйдү.

– Кыргыз ата-салтында мурастан ашкан дөвлат, ыйык нерсе бовойт. Атаң сен үмүт кылгандай артында түрүлгөн дүнүйө калтырвады. Бар өмүрү кыягын ойноп, журтун курсант кылыш менен өтүп кеткен ырааматылыктын. Кавыл авасаң өзүң бил, мен бир өмүрлүк карызымдан кутулдум. – Эне кыякты төрдөгү мыкка кайра илип койду.

– Ойлосоң эне, кырк үйлүү айылда кантип оокат кылам? А, атамдын эски кыягын мектеп музейине тапшыр. Мен урунгудай жаңы болсо экен.

– Эл окат кылып атпайвы. Бу айылга көнбөсөң районго кел. Же Айдаркен, Кызыкыяда тур. Эл шунтип оокат кылып атпайбы.

Эртеси Самат жолго чыкты бала-чакасы менен. Эне неберелерин өпкүлөп, келининин жүзүнөн сүйдү. Көз жашы кылды, уулунун маңдайынан жыттап.

– Тез-тез келип тур, уулум. Энең түгөп баратат. Кабырыма топурак салвасаң, өмүрбакы арманда каласың...

* * *

Карачач кемпир уулунун айылга көчүп келишинен биротоло үмүтүн үзүп, кыйла чөгүн кетти. Үшкүрүнө берди үйүнө кирип-чыгып. Эки күндөн соң кызы да үйүнө жөнөп, эки там, ити – үчөө калышты. Жарыкчылыкта үйдүн томсоргонунан жаман нерсе жок. Эшик «кыйч» деп ачылса, кемпирдин заманасы куурулат.

А, эски тамчы!? Эми бир жолу кайтпай турган болду мураскор. Очогуна от жагылбай, моорусунан түтүн булабай калабы? Кемпир болсо күнүгө кеч шамды күтүп, чырак коет. Сандыктагы өлүмтүгүн күн алыс колдон өткөрүп, Кудайдан тилегени эле жеңил жан таслим болуу. Бирок, жалгыз уулун каргаган жок. Каргыштын жети кылы – пушту урпагы алмашса да кетпесин билет.

Эне эски кыякты мектеп музейине тапшырды. Музей башчысы окуучуларды жыйып, кыякты энениин колунан салтанат менен кабыл алды. Ийиниңдеги жүгү кыйла жеңилдеи, көңүлү көтөрүлүп кайтты үйүнө.

Шодон бир жыл өткөндөн кийин Карачач кемпир о дүйнө сапар чекти. Уулуна болгон капачылыгы жазылбай, сөөгү менен кошо кетти о дүйнөгө. Аттиң, перзент үчүн мындан осол, мындан ашкан күнөө болбос! Энесинин кабырына бир ууч топурак салышка үлгүрбөдү уулу, алыс жолдун айынан. Энеси өлгөндөн он күндөн кийин бир келип, шодон бери кабары жок.

Тек, эски кыяктын муңканган авазы Кыякчы айылында түн ичи кез-кез жаңырат. Өткөндөрдүн арвагы айылга түн ичи келип Сулайман кыякчы таң атканча кыяк тартат. Алардын арасында Карачач кемпирдин арбагы да бар. Күйөөсү экөө дубалы урап, чалдыбары калган эски тамды айланчыктап чыгышат таң атканча. Муңкана жаңырыктаган аваз бирде наристенин үнүндөй ширин, бир туруп жаш келиндин күлкүсүндөй кумардуу, анан эле карт адамдын каңырыгындай онтоп жиберет. Өтмүштүн эски-эски авазы, жаңырыгы урпактардын дилине куш уя салып

алгысы бар. Бүгүнкү урпактар үйлөрүнө уя салган карлыгачтарды кууп, уясын бузгандай, эски авазга да жүрөктөрүнөн түнөк бергилери жок. Шондуктан, кыяк үнү ыйлуу чыгат. Ал эмес, урпактары Саматка окшоп кыяк тартышты намыс көрүп жүрүшөт. Аттиң ай, өздүгүн тануу түбү жакшылыкка алып келбес!...

Аталардын эски күүлөрүнүн сыйкыр авазы жан сезимдерине сиңбей аткандыктанбы көп жаштар өз жерин таштап, бөтөн жерге кызыгы артып барат. А, аталар кут келеби, жут келеби Ата конуштарын, мынобу ыйык тоолорду жеришкен эмес, комуз менен кыякты колдорунан түшүрбөй.

## ЫЙЫК ЖАНДАР

2002-жылдын июль айы. Кичик иним бөйрөгүнөн катуу жарат алып, Бишкектеги ооруканалардын бирине жатты. Мен бир жумадан кийин артынан кабар алганы бардым. Дарыгерлер операция жасашып, бир бөйрөгүн алып салышыптыр. Иним наркозу тарап, эми өзүнө келген экен. Ыраңы кер сары, көздөрү алайыңкы. Ууртунан жылмайып, анысы жүзүнө тараган жок. Караган дарыгери он-он беш күндүн аралыгында айыгып чыгат деп көңүлүмдү көтөрүп койду.

Иним менен бир палатада сексенге жакындап калган кары киши жатат. Абалы оор, бөйрөк астына шланга тыгып, шланганын учунда шише. Заарасы тынбай шишеге тамчылайт. Кары кишини кырк жаштарга барган ыймансыз аял карап жатат экен. Ар сапар палатага кирсем, ысык ырай менен тосуп алат. Тынбай кары кишинин төшөгүн кымтылап, башына бийиктете жаздык жөлөй суу ичирип, тамагын берет. Кары кишини баладай көтөрө төшөккө отургузат. Асты булганса тазалап, кургатат. Ал

түгүл «Ата!...» деп ушунчалык назик мээрим менен жүзүнөн сүйүп, көз жашы да кылып алат. А, кары киши онтой араң сүйлөп, эки сөзүнүн биринде: «Ылайым көп жаша кызым, жакшылык көр» деп дуба кылат, алсыз алакандарын бетине тийгизе. Аял кез-кез кары кишини желкесине көтөрүп, фоеге шамалдатканы алып чыгат. Ошондой учурлардын биринде палатада экөөбүз калсак иним минтти:

– Ава, бул келин аксакалдын өз кызы эмес, асырап алган уулунун аялы экен. Аксакал өзү бала көрбөптүр.

– Шондойбу?.. – ишене бербей таң кала сурадым.

– Ы-ы, шондой.

– Уулу каякта?

– Уулу тышта, буларга кем-карчын, тамак-ашын алып келип турат.

– Келиндин ордуна уулу аксакал менен жатса болбойбу, эркек адам да?

Аңгыча келин аксакалды көтөрүп кирип келди да, этияттап ордуна жаткызды. Төшөгүн кымтылай жаап, жүзүнөн өөп койду.Төшөктүн тышына чыгып турган аксакалдын ичке манжаларын сылады.

– Атам эки айдан бери ушерде жатат. Азыр тышта отуруп алып, тоолорду көргөнүнөнбү «Жумгалды сагындым, кызым...» дейт. Карыганда ушул мээнетке калып кыйналды бечара. – Келиндин жоодураган көздөрүнөн жашы сызылып чыгып, көйнөгүнө тамды. Ого бетер ыйманы ысык болуп көрүндү көзүмө. Кантип сыпаттасам келинди? Анча толмоч да эмес, анча чибек да эмес. Тегерек бет, көздөрү кыргыз көз, оттуу. Көкүрөгү толо, тиштери кашкая аппак, бүтүн. Кыймылы чапчаң, илбериңки, ийилчек. (Оо, ар кандай жигиттин кучагы толот).

– Мейман, кымыз ичиңиз,– келин кымыз куя мага чыныны сунду. Кымызы жаңы, салкын экен. Шашпай шимирип ичип аттым. Келиндин колунан алган кымыз, мүрөк

суусундай касиеттүү сезилди. «Шундай баасы жок келиндер да бар журт арасында» деген ой кылт этти.

Кайын атасынын төшөгүн көтөрө тышка жөнөдү келин.

– Кызым, көчөгө чыгып кичине шамалдан кел. Эртеден бери үп жерде кысылдың го,– деди аксакал. Мейли дегендей башын ийкеди келин кайын атасына жылуу жылмая. Эки ууртуна күлкү толуп, а түгүл көздөрү да күлүп турат.

– Тез эле келем, ата,– келин шыпылдап чыгып кетти тышка. Аксакалдын кер-сары жүзүнө кичине кызыл жүгүрүп, нурдана түштү. Жаш келди көздөрүнө.

– Ээ, мейман уулум. Бактым бар экен. Кемпирим экообүз 56 жыл ысык жашадык. Перзент көрбөдүк, бирок бири-бирибизди кыя да албадык. Ушул келин асырап алган баланын аялы. Баасы жок келин. Үч-төрт жыл илгери кемпирим ааламдан өтүп кетти. Келинимдин колундамын... – Аксакал демиге сөзүн токтотту. Бир жакшына маанай менен сөзүн дагы улантты. – Уулум кичине алаңгазар. Менин кызым да, келиним да Айша. Айшам болбосо башыма кандай түн түшөөрүн келтире албаймын. Кудайга миң мертебе шүгүр. Кудайым сүйүп перзент бербесе да, минтип сүйүп келин бергенине. – Анан бошошо түшүп, экчип-экчип ыйлагысы келди. Бирок ага дарманы жетпей, көз жашына күч берди.

– Аксакал, Сиз бактылуу экенсиз,– дедим, чын көңүлүмдөн,– өз перзентиңиз, өз кызыңыз караса да ушунчалык караар. Мүмкүн мынчалык да карабас.

– Ушу чакта Айша келин кирип келди да, кайын атасынын ыйлап жатканын көрүп үстүнө үйрүлө калды:

– Ата, Сизге не болду, неге ыйладыңыз?

– Жок эле, кызым, кичине бошошуп алдым да.

– Ушинтип жашый берет атам. Эми көбү өтүп, азы

калды, жакшы болосуз. Жумгалга кетебиз, – деген келин кайын атасынын жүзүн сылады. Аксакал алсыз колдору менен келининин колун эрдине тийгизди. Ич-ичтерине сүйүнүчтөрү батпаган кайын ата менен келиндин көздөрүнөн ысык жаш тамып жатты.

Пенделик бакыт деген ушул болсо керек?...

# МАЗМУНУ

Көкдайрам менин көкдайрам
(Баш сөз ордуна) ........................................................ 3
Студенттик күн-түндөр
(Поэтикалык повест-эссе) ........................................... 7
Устатым менен сүйлөшүү (*Баш сөз ордуна*) ................... 8
Айылым – арча бешигим! .............................................. 10
Сагыныч кушу ............................................................... 21
Ыр башаттын булак көзү ............................................... 32
Акын Жолондун сабагы .................................................. 35
Пушту көйнөкчөнүм! ..................................................... 41
Ашыглык – ыр дүйнөгө бүл-бүл чырак ............................ 46
Махабатсыз өткөн күндөн из калбайт ............................. 62
Ош – акындар калаасы .................................................. 71
Мурзакемдин сырдуу дүйнөсү ......................................... 80
Сагындын «айлуу дөңдөрү» ............................................ 89
Керме-тоодо, султан бабур жана экөөбүз ........................ 94
Сүйүү – кайып ............................................................... 98
Автобусдагы жүздөшүү ................................................... 102
Ичимдик сезимге канат байлайбы? ................................. 104
Тагдыр, тагдырлар... ..................................................... 109
Кыргыз поэзиясынын жети жылдызы .............................. 132
Ой бүтүм ....................................................................... 138
Көпөлөк өрөөн (*Повесть*) .............................................. 143
Куру кайткан жуучу (*Аңгеме*) ......................................... 173
Жыландын көз жашы (*Новелла*) .................................... 180
Өлүмтүк (*Аңгеме*) ........................................................ 184

«Чү-рү-лү-ү-үй!» (*Новелла*) ... 193
Кызыңды көрүп, сени эстеп... 201
Айдын кызы ... 213
Ай түшкө кирет ... 225
Жаңы келин ... 242
Эненин жаңы түйшүгү ... 243
Эски кыяк муңканат ... 247
Ыйык жандар ... 258

*Көркөм-адабий басылма*

РАЖАБАЛИЕВ АСКАРАЛЫ

**КӨПӨЛӨК ӨРӨӨН**

Редактору *Жумадин Кадыров*
Корректору *Фатима Абдалова*
Компьютерде терип, калыпка салган *Рая Терибаева*

Кагаздын форматы 60x84$^{1}/_{13}$.
Көлөму 16,5 басма табак.
Заказ № 156. Нускасы 1000.

«Бийиктик» басмасы

Бишкек шаары, Ю. Абдрахманов көчөсү, 170 «А»
Тел.: 66-17-25, 66-19-18